**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 23.20.611 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда

УДК: 316. 344.8

**Камчибекова Саипжамал Молдошовна**

# ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ: СОЦИОЛОГИЯЛЫК ӨҢҮТТӨ

22.00.04 – Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору,

социология профессору,

**Кусеин ИСАЕВ**

**Ош - 2021**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ** ………………………………………………………….………… 3

**I. ИДЕНТТҮҮЛҮК ЖАНА ИДЕНТТЕШҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**

§ 1.1. Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү социалдык билимдердин алкагында ............................................................................................ 10

§ 1.2. Иденттүүлүккө болгон теориялык көз караштар ................................ 23

§ 1.3. Социалдык жана жарандык иденттешүү маселелеринин социологияда каралышы........................................................................................... 34

**II. ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ: ИЗИЛДӨӨ УСУЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ**

§2.1. Адамдагы инсандык, социомаданий жана жарандык иденттүүлүктөр ........................................................................................ 45

§2.2. Жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттери: тил, баалуулуктар, мекенчилдик салты …............................................................ 62

§ 2.3. Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн каралышынын методологиясы................................................................................................ 84

**III. КЫРГЫЗСТАНДЫКТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТҮҮЛҮГҮНҮН АБАЛЫ ЖАНА ӨЗГӨРҮҮ БАГЫТТАРЫ**

3.1. Кыргызстандагы негизги этностук топтордун динамикасы жана жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү................. 99

**§**3.2. Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктөгү этностук айырмачылыктар.......................................................................................... 115

§3.3. Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жалпы жарандык иденттүүлүгү: абалы жана өзгөрүү багыттары ........................................... 133

**КОРУТУНДУ**……………………………………………………..…... 158

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР ЖАНА АДАБИЯТТАР**…........………..... 165

**ТИРКЕМЕЛЕР**……………………………………………......…..….... 175

# КИРИШҮҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Көп улуттуу Совет өлкөсүнүн кыйрашы менен жана XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси советтик иденттүүлүк менен бириккен ар бир улут үчүн өзүнүн этностук, жарандык, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгын пайда кылды. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди, окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жасап жатышат.

Азаттыкта жашоо жана аламдашуу процесстери адамдардын турмуштагы пайдубалдык баалуулуктарынын, жашоодогу максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди. Мындай коомдун өнүгүү багытынын өзгөрүшү, өз кезегинде, анда «эски» жана «жаңы» түшүнүктөрүнүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүүлүк эски катары жоюлуп, “Кыргыз жараны” иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады.

Кыргызстан азаттыкка жетишкенинден бери 30 жылдык мезгил өттү. Өлкөбүздүн ушул түрдүү тарыхый окуяларга бай өнүгүү жолунда таасири ондогон жылдарга мамлекеттин өнүгүү векторун аныктоочу, позитивдик жана негативдик мүнөздөгү, терең социалдык-саясий, экономикалык, маданий процесстер жүрүп, алардын кээ бирлеринин аягы көрүнбөй, бүгүн да уланып жатат. Алардын бири иденттүүлүк маселеси менен байланышта, б.а. калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук ж.б. иденттүүлүктөр. А түгүл, бир эле коомдо жашагандыгына карабастан, улуу жана жаш муундун ортосунда иденттүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмалануу келип чыкты. Кыргызстанда улуттук идеологиянын иштелип чыкпагандыгы менен тургундардын аң-сезиминдеги жарандардын иденттешүүнүн төмөнкү деңгээли байланышта десек жаңылышпайбыз. Жогоруда белгиленгендей, азыркы учурда совет доорунда күчтүү коммунисттик идеология, жогорку

деңгээлге турган эски «советтик иденттүүлүк» бүгүнкү күндө өз күчүн жоготту. Натыйжада Кыргызстанда да, эркиндикке жеткен башка советтик республикалардагыдай, «идеологиялык вакуум» пайда болду. Мындай кабыл алынган бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугунан калктын, айрыкча жаштардын, арасында түрдүү иденттүүлүктөр калыптанууда. Анткени, идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинин таасири менен кирген, элдин табиятына жат батыштык, диний жана башка түрдүү көз караштар толтурууда. Бул абал этникалык чөйрөдө мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана элдин биримдигин бекемдөө максатында 2020-жылдын ноябрь айында жаңы расмий документтин – КРда 2021-2026 жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү Концепциясынын [119] кабыл алынышына алып келди.

Иденттүүлүк түшүнүгү 1960-жылдардан тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган болсо, ааламдашуу шартында бүтүндөй адамзат коому социалдык, саясий, экономикалык, маданий жактан зор өзгөрүүлөргө дуушар болуп, бул маселени кайрадан карап, аны теориялык жана эмпирикалык жактан изилдөөнүн актуалдуулугу жогорулатты. Иденттүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдигин, мамлекеттүүлүктү сактоо маселеси менен тыгыз байланыштуу. Инсандын жарандык иденттүүлүк маселеси илимдер аралык мүнөздө болгондуктан бул темага социалдык жана гуманитардык илимдер багыттарында изденген атактуу окумуштуулар кайрылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Алардын катарында социологдор Дж.Мид, Р.Тернер, Ч.Кули, Т.Лукман, Р.Лэйнг, И.Гофман ж.б. иденттүүлүк проблемасын инсандын «мен» түшүнүгүнүн негизинде, философтор - Г.Л.Тульчинский, Ф.Кессиди, В.Хесле аны ааламдашуу процессинин бир жагдайы, тарабы катары карашкан.

Кыргыздардын жана кыргызстандыктардын иденттүүлүктүн философиялык, социологиялык, саясий, тарыхый, диний, этностук, педагогикалык, маданий, социолингвистикалык маселелерин биздин

окумуштуулар – К.Исаев, С.Нурова, А.Асанканов, Ж.Ж.Жоробеков, Ж.Жунушалиев, Р.Б. Салморбекова, Н.А.Омуралиев, Ж.Урманбетова, С.Абдрасулов, А.Токтосунова, Н. Меңдибаев, А.Бугазов, М.Амердинова, Т.Шаршембиева, А.Жусубалиев, Б.Малтабаров, С.Сыргабаев, С.Жунушова, А.Б.Алдашева, Г.Горборукова, А.Аалиева, А.Үнал ж.б. иликтешкен.

Иденттүүлүк маселеси, жогоруда айтылгандай, дүйнө окумуштууларынын илимий эмгектеринде ар тараптуу изилдегендигине карабастан кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн азыркы учурга чейин жетиштүү деңгээлде иликтенбегендиги, айрыкча этностук кесилиште салыштырып талданбагандыгы диссертациялык изилдөө темасынын «**Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө**» деп аталышына негиз болду.

Кыргызстандын тургундарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, иденттешүүсү эски советтик иденттүүлүктөн өзгөрүп, жаңыдан “Кыргыз жараны” иденттүүлүгүнүн калыптанышы; ага таасир кылган факторлор жана шарттар, азыркы калыптанган ортолуктагы иденттүүлүк натыйжалары илимий негизде талданып, изилдениш керек. Жарандык иденттүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин ж.б. бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздагы абалын аныктоо чоң мааниге ээ.

Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний иденттүүлүктөр маселелеринин чечмелениши диссертациялык теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш автордун демилгелик изилдөө иши. Бирок, автор бир катар изилдөө проекттердин чегинде социологиялык иликтөөлөргө катышкан. Атап айтсак, КРнын БжИМ Илим департаментинин грантык каржылоосу менен жүргүзүлгөн: 1) «Цивилизация процессинде түрк

дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоордун негизиндеги социологиялык изилдөө, жалпы Кыргызстан боюнча 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр; 2) “Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери” 2014-2015-жылдары; 3) Диссертациянын темасы боюнча автордун жүргүзгөн социологиялык изилдөөсү “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында”, 2016-жыл.

Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** туруктуу кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат.

Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй **милдеттер** аныкталды:

1. иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында каралышын талдоо;

2. жарандык иденттүүлүк маселеси, анын теориялык негиздери чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;

3. азаттык мезгилинде коомдогу жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттерин, алардын калыптанышын жана абалын иликтөө;

4. ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;

5. кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;

6. Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

Кыргызстанда жашаган негизги этностордун **кыргыз жараны** иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык

топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты биринчи жолу изилденди.

Диссертацияда жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары изилденип, кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тактап айтканда, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү.

Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынган.

**Коргоого чыгарылган негизги жоболор:**

1. Жалпы жарандык иденттүүлүк (бирдейлик) жарандык улуттун калыптанышынын өзөгүн түзгөн негизги категория.

2. Кайсы бир иденттүүлүктүн бошоңдошу зарыл түрдө экинчи бир иденттүүлүктүн жаралышына, жанданышына өбөлгө болот. Кыргызстанда советтик иденттүүлүктүн бошоңдошу менен улуттук иденттүүлүк күчтөндү.

3. Кыргыз коомунда, муундардын кесилишинде караганда, улуу муундарда жарандык кош иденттүүлүк, тактап айтканда, «советтик» жана «улуттук» иденттүүлүк, сакталса, ал эми жаштарда жарандык бир иденттүүлүккө тартылуу орун алып, кыргыз жараны иденттүүлүгү калыптанууда.

4. Кыргыз улутунда иденттүүлүктүн аскриптивдик абалы, тубаса иденттүүлүк, басымдуулук кылат, башкача айтканда, жарандык иденттүүлүккө караганда уруулук аң-сезимге негизделген уруулук иденттүүлүк үстөмдүү.

5. Кыргызстандын башка негизги этностук топторунда жарандык иденттүүлүктүн деңгээли төмөн болуп, кош иденттүүлүк сакталууда. Тактап айтканда, чет жакта мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтордо, белгилүү деңгээлде, ошол мамлекеттер менен да өздөрүн жарандык идентештирүү калыптанган. Бул аларда кош жарандык иденттүүлүктүн сакталышына шарт

түзүүдө. Демек, Кыргызстанда калктын жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн деңгээли төмөн, бул жарандык улут андагы бардык этносторду камтый электигинен байкалууда.

6. Кыргыздардын азыркы учурда жарандык иденттүүлүктүн орчундуу көрсөткүчтөрү болуп саналган мекенчилдик салттарында жана тилде, совет мамлекетинин кыйрашы менен жаралган, кризисттик абал сакталууда.

7. Кыргызстанда жалпы жарандык иденттүүлүктүн деңгээли төмөн болгондугу мамлекеттин туруктуулугуна түздөн-түз залакасын тийгизип жатат. Жарандык иденттүүлүктү, демек, жарандык улутту калыптандыруу боюнча практикалык иштер (мамлекеттик саясат) анын идеологиялык (теориялык) негизин түзүү менен коштолуш керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн «Цивилизация шартында түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоорго Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча изилдөөлөргө катышып, социологиялык изилдөөнүн бардык баскычтарын, процедураларын сапаттуу ишке ашырууда көмөктөшкөн. Алган тажырыйбасын колдонуу менен 2016-жылы диссертациялык илимий изилдөө темасы боюнча массалык сурамжылоо түрүндө өзүнүн социологиялык изилдөөсүн өткөрдү. Сурамжылоодон топтолгон материалдар компьютердик статистикалык программанын жардамы менен кайрадан иштетилип, андан алынган алгачкы сандык маалыматтар эмпирикалык, теориялык деңгээлдерде талданып, натыйжалары бир нече илимий конференцияларда апробацияланган. Кыргызстандагы жалпы жарандык иденттүүлүк боюнча этностор аралык теориялык маалыматтарды жыйнап, аларды талдап чыгып, диссертант өзүнүн илимий-практикалык сунуштарын берген.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы жана жайылтуу**. Диссертациянын изилдөө ишинин жыйынтыгы коргоого алып чыгып жаткан жоболор менен автор эл аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий конференцияларда чыгып сүйлөгөн: «Сулайман-Тоо – символ мира и согласия» (Ош ш., 1-3-октябрь, 2014); Эл аралык илимий-практикалык

конференция “Коомдун социалдык биримдиги өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн платформасы катары” «(Бишкек, К. Карасаева атындагы БГУ, 23-24-апрель 2015-жыл)**;** IV Евразия коомдук илимдер форуму (Бишкек ш., 21-22-апрель, 2016); Сибирский социологический форум (с международным участием) «Социальные практики и управление: проблемное поле социологии» (Новосибирск, НГУЭУ, 24 ноября 2017 года); Кыргызстан социологдорунун VIII республикалык конгресси “Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүү жолу жана социология” (Ысык-Көл облусу, Бостери а., 19-август 2017-ж.); Эл аралык Борбордук Азия симпозиуму “Миграция, Жакырчылык жана иденттүүлүк” (Бишкек, 17-20 Апрель 2018 -жыл**) ж.б..**

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы жана колдонулушу.** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жалпы 10 макала жарык көргөн. Алардан 8 илимий макала республикалык, 2 макала чет элдик басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, тогуз бөлүктү камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турду, диссертациянын толук көлөмү -197 бет.

# I. ИДЕНТТҮҮЛҮК ЖАНА ИДЕНТТЕШҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ.

## 1.1. Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү социалдык билимдердин алкагында.

Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, социалдык илимдерде иденттүүлүк, иденттешүү, атуулдук түшүнүктөрүнүн негизинде мааниге ээ болгон. Андыктан, жарандык иденттүүлүк түшүнүгүн кароодон мурда, иденттүүлүк терминининин илимий маанисин аныктап алышыбыз максатка ылайык.

Социалдык илимдер индивиддин "иденттүүлүгүнүн" калыптанышы социалдашуу процесси менен тыгыз байланышта экендигин тастыкталган. Психоаналитик Эрик Эриксон "социалдашуу" процессин терең изилдөө менен, "иденттүүлүк" түшүнүгүн илимий термин катары колдонгон [караңыз: 115;116]. Ролдук диффузия – адамдык өнүгүүнүн бешинчи баскычын иденттүүлүк түшүнүгүнүн жардамы аркылуу ачуу менен индивидуалдуулуктун калыптанышын көрсөтүүгө болот. Мында негизги эки окуя орун алат. Адам баласы өзүнүн физикалык өсүшү менен бойго жетет, ал учурга жашоодогу өз ордун тандап алышы керек. Бул максаттар каалагандай ишке ашпай калса, анда кийин талантына, жөндөмдүүлүктөрүнө ылайыктуу иштерди, өнөктөштөрдү, досторду тандоодо терс таасир бериши мүмкүн.

Окумуштуу Л.Сильверстайн психоаналитик Э.Эриксон сыяктуу эле, иденттүүлүктү ата-энелик мамиленин, жүрүш-туруштардын, энелик мээримдин, көрүнүштөрдүн жана баалуулуктардын индивид тарабынан өзүнүн жеке инсандык сапаты катары өздөштүрүү жөндөмү деп сыпаттайт. Индивид ата-энелердин, мындан сырткары жакын адамдардын инсандык өзгөчөлүктөрүн өзүнө кабыл алат. Иденттүүлүк – белгилүү жүрүш-туруштун калыптанышын жөнгө салуучу күчкө ээ болгондуктан, аны позитивдүү механизм деп айтууга болот.

Э.Эриксон окшоштук түшүнүгүн "жеке - Мендеги жашоо тажрыйбасын уюштуруу" жол-жобосу катары мүнөздөгөн. Бул адамдын жалпы өмүр жолунун аралыгындагы кыймылын болжолдойт [караңыз: 116]. Америкалык

окумуштуунун пикири боюнча, инсандык түзүмдүн негизги кызматы – ыңгайлашуу жана адамдардын жеке тажрыйбасын жана бүтүндүгүн сактоочу, тышкы жана ички коркунучтардын алдын алуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү, коом тарабынан ыйгарылган социалдык мүмкүнчүлүктөрдү өз жөндөмүнө жараша өлчөөчү иденттүүлүктүн калыптануу жана өнүгүү процесси болуп саналат.

Бүгүнкү күндө иденттүүлүк (латын тилинен алынган *identicus* – окшош, бирдей) түшүнүгү социалдык ролдордун алкагында инсандын бул же тигил социалдык жеке орунга өзүнүн таандык экендигин таанышы катары аныкталат. Социалдык тажрыйба жана инсандык ассимиляция индивиддин жөндөмдүүлүгүн, сырткы дүйнөнүн өзгөрүшүнөн таасирденүү субъективдүүлүгүн жана өзүнүн багыттуулугун иденттүүлүк аркылуу негиздейт.

Иденттүүлүк татаал жана көп кырдуу түзүлүшкө ээ болгон, инсан катары калыптануучу баалуулук болуп саналат. Бул адамдын табиятын талдоодогу үч негизги деңгээл менен байланыштуу:

1. Индивидуалдык иденттүүлүк деңгээли – адамга таандык болгон өткөнүн жана келечекке умтулушун шарттаган, адамдын өзүнүн убактылуулугун таанышынын жыйынтыгы, өзүнүн өзгөрбөгөн жактарын аңдап билиши, өзүн физикалык зат катары таанышы, сезимдүүлүгү жана шыгы катары аныкталат.
2. Инсандык иденттүүлүк деңгээли – айрым жеке окшоштуктары менен бирге, адам өзүнүн кайталангыстыгын таанышынын жана өзүнүн жашоо тажрыйбасынын өзгөчөлүгүн сезе билишинин натыйжасында аныкталат.
3. Социалдык иденттүүлүк деңгээли – социалдык, топтук, таптык, тууралык, калыптар жана эрежелер менен адамдын ички тилектештигин чагылдырган, “Мен” категориясын өнүктүрүүгө түрткү болгон, адамдын дүйнөнү өзүнө окшош же окшош эмес деп бөлгөн мүнөздөмөлөрдүн негизинде аныкталат.

Окумуштуулар В.А.Ядов жана В.С. Агеев иденттүүлүк концепциясынын негизинде иденттүүлүктү түзгөн *жеке* (персональная) жана

*социалдык* эки негизги көрсөткүчтү сунуштаган. Ошондой эле, социалдык иденттүүлүк топтор аралык айырмачылыктардан гана эмес, топ ичиндеги бир тектүүлүктөн дагы көз каранды экендигин баса белгилеп кетүү зарыл. Мында топтун өзү гана башка топтордон айырмаланбастан, топтун мүчөлөрү дагы олуттуу түрдө өз ара окшоштукка ээ болушу башкы мааниге ээ.

Изилдөөчүлөр көпчүлүк учурда өздүк жана социалдык иденттүүлүктү бири-бирине карама-каршы коюу менен, инсандын бир топко эмес, эрежеге ылайык көп учурда микро- жана макротопторго таандык экендигин көмүскөдө калтырышат. Мында бул топтордогу кабыл алынган жүрүш- туруш эрежелеринин, калыптарынын, баалуулуктар системасынын өз ара таасири жана аракеттениши негизги ролду ойнойт.

Социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процесси – адамдардын өзүнүн социалдык топторунун стереотиптерин жана эрежелерин өздөштүрүшүнүн натыйжасында социалдык жүрүш-турушунун ички көзөмөлдөөчүсү болуу менен аяктайт. Андан кийин адам өз жамаатын активдүү түрдө баалоого жана башка топтор менен салыштырууга өтөт.

*Социалдык билимдеги иденттүүлүктүн жана иденттешүүнүн илимий концепциялары*. Ондогон жылдар бою көрсөтүлгөн салыштармалуу кайдыгерликтен кийин, “иденттүүлүк” термини акыркы жылдары социалдык илимдердегидей эле, журналистикада жана саясий лексикада кайрадан кеңири колдонула баштады. Иденттүүлүк инсанга, топко, этноско жана башка ушул сыяктууларга карата колдонулуучу мурдатан кеңири жайылып калган “өзүн-өзү аңдап билүү”, “өзүн-өзү таануу” сөздөрүнүн ордун ээледи [77,87-б.]. Бирок ар кайсы теориялык контексттерде иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул социологияда, антропологияда жана психологияда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын салыштырууда жана жалпылоодо кыйынчылыктарды туудурат. Ошол эле учурда, ар түрдүү илимдердин өкүлдөрүнүн өз ара шилтемелеринен, иденттүүлүк түшүнүгү бардык көп маанилүүлүгү менен бирге эле, терминдин ар бир колдонулушунда негизги мааниси сакталган мазмундуу бир өзөккө ээ экендигин байкоого болот.

Мындан улам эпистемологиялык көз караш менен караганда, эч болбосо төмөнкү суроолорго жооп алуу башкы мааниге ээ:

- Колдонууда иденттүүлүк түшүнүгүнүн кайсы мазмундуу аспекттери ар дайым өз күчүндө турат;
- Иденттүүлүктүн маанилеринин айырмачылыктарын кантип түшүндүрүүгө болот;
- Бүгүнкү күндөгү социалдык-илимий билимдин кайсы теориялык контекстинде, иденттүүлүктүн колдонулуусу кеңири жайылган.

*Иденттүүлүктүн социалдык билимдердеги каралышы*

Иденттүүлүк, адам баласын изилдөөдө ар башка багыттан карагандыктан социалдык билимдер: психологияда, социологияда жана антропологияда ар түрдүү чечмеленген. Бирок, бул ар биринин изилдөө алкагында алынган маалыматтар жана жыйынтыктар арасында толук дал келбестик бар дегенди билдирбейт. Зарылдык туулган учурда, изилдөөчүлөр башкаларда болгон билимдерди каалашынча колдонуп келишет. Мында суроо, иштелип жаткан теориялык моделде алар логикалык жактан негиздүү көчүрүлгөндүгүн тактоодо жатат. Андыктан, “иденттүүлүк” түшүнүгүнүн ар түрдүү социалдык илимдерде чечмеленүүсүн кароо талапка ылайык.

**Психологиялык түшүндүрүү.** Иденттүүлүк концептин эң алгач З.Фрейд, инсандын өзүнөн жашыруун болгон, психоанализдин жардамы менен ачыктоого мүмкүн боло турган маанисинде колдоно баштаган деп белгиленет. Психоаналитикалык, бирок абдан текшерилген негиздерде иденттүүлүктү өзгөчө социалдык- маданий кубулуш катары америкалык психолог Э.Эриксон изилдеп баштаган. Адегенде анын эмгектери негизинен профессионалдык психологдор арасында белгилүү болгон. 1950-жылдардын соңунда, ушул кезге чейин уланып келген социологдордун жана антропологдордун кызыгуусун арттырган. 1970-1980-жылдары Эриксондун пикиринин аркасында, иденттүүлүк дисциплиналар аралык билим категориясы макамына ээ болот [караңыз:116].

Мында индивидуалдык иденттүүлүк маанилүү орунду ээлеген. Эриксонго ылайык, түшүнүктүн жеке жана жамааттык аспекттерин да эске алуу зарыл болсо да, иденттүүлүк түшүнүгү алгинчө индивид-борбордук бойдон калууда (социалдык Мен). Мындан улам, “эго-иденттүүлүк” жана “иденттүүлүк кризиси” терминдери, позитивдүү жана негативдүү иденттүүлүк болуп түшүндүрүлөт. Бул иш-чаралардан баштап, изилдөөлөр үч негизги багытка бөлүнөт:

- иденттүүлүк сезими;
- иденттүүлүктүн калыптануу процесси;
- бул процесстин жыйынтыгы катары иденттүүлүктүн конфигурациясы.

Инсандык өнүгүү теориясынын алкагында иденттүүлүктүн калыптануусу, инсандын ички жан дүйнөсү менен анын маданий нормаларды, социалдык макамдарды жана ролдорду таанып билүү, ээ болушунун негизинде коомдук жашоого катышуусунун ортосундагы өз ара аракеттешүүнү билдирет. Инсандын түзүлүшү фрейддик психодинамикалык моделдин рухунда түшүнүлөт: “Мен-иденттүүлүк” (эго-иденттүүлүк) жана “инсандык иденттүүлүк” түшүнүктөрү бири-биринен айырмаланат. Биринчи түшүнүк, инсандын бүтүндүгүнүн социомаданий мейкиндиктеги жана мезгилдеги үзгүлтүксүздүгүн камсыздаган, инсандын терең өзөгүн көрсөтөт. Экинчиси, Мен аркылуу ээ болгон социомаданий билимдерди жана тажрыйбаларды көрсөтөт. Эриксон инсандын өнүгүшү теориясынын көз карашын кармангандыктан, ал иденттүүлүктү индивидуалдык илгерилөөнүн, алдыга умтулуунун, социомаданий чөйрөдө жакшыруунун, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн жыйынтыгы катары түшүнгөн. Бул жыйынтыкка алып келүүчү процесс иденттешүү деп аталып, ал адамдын бүткүл жашоо айлампасында иденттүүлүктүн үзгүлтүксүз кыймылын камсыздап турат.

Эриксон иденттешүүнү бир нече этаптарга бөлүп караган: наристенин физикалык жана социомаданий мамиледе курчап турган чөйрөсүнөн өзүн ажыратуусу менен өлчөнгөн наристе доордун эки баскычы; башкалар менен өз ара аракеттешүүдө жана мамиледеги индивидуалдык жетишкендиктерди

жана ийгиликсиздиктерди баштан өткөрүү аркылуу тажрыйба топтоо менен мүнөздөлгөн балалыктын эки баскычы; өспүрүм курак жана жаштык, мында “эго-иденттүүлүк” калыптанат жана башкалардан өзүнүн өзгөчөлүктөрүн аңдап түшүнүү зарылчылыгы келип чыгат; бойго жеткен курактын үч баскычы: социомаданий өзүн-өзү таанууга байланышкан биринчи баскыч; өз алдынча социомаданий макам менен мүнөздөлгөн ортоңку баскыч; инсандык өзүн-өзү өнүктүрүү процессинин өнүгүшү же артка кетүүсү “ортоңку курактын кризисинин” жүрүшүнөн көз каранды болгон акыркы баскыч. Эриксонго ылайык, иденттүүлүктүн кризисинин ийгиликтүү чечилүүсү, инсандардын жаңы, социалдык жана маданий негиздерге шартталган талаптар менен буга чейинки ээ болгон жана эффективдүү актуалдашкан жашоо тажрыйбаларын ийгиликтүү интеграциялап алууга жетишкендигин билдирет [караңыз: 115].

Акыркы өзүн-өзү окшоштуруунун калыптанып калган жана кооптуу баскычтары, психиатриялык трактовкадан айырмаланып, патологиялык болуп эсептелген эмес. Алар антропологиялык жалпылык катарында кабыл алынган жана инсандын статусунун жаш курактык өзгөрүүлөрүнө таасир эткен биологиялык, психологиялык жана социомаданий факторлордун бирдиктүү аракети менен байланыштуу деп табылган. Ар бир мындай кризисти бир туруктуу абалдан экинчи абалга өтүү катары кароо мүмкүн. Бул индивиддин курчап турган чөйрөгө болгон мамилесиндеги жана өзүн-өзү таануудагы кээ бир аныксыздыктар менен мүнөздөлөт. Эриксон, жашоо айлампасынын ар бир баскычындагы мындай аныксыздыктарды жеңүү, инсандын өнүгүшүн, анын инфантилдүүлүктөн социалдык жетилгендикке карай кыймылын билдирет деп эсептеген. Бул пикирлер менен индивидуалдуулук жөнүндө көз караштардын калыптануусу жана кыймылы, курактык кризистерди жеңүүнүн ыкмалары, улуттук кулк-мүнөз жана башкалар түшүндүрүлгөн маселелер чечмеленет.

**Социологиялык түшүндүрүү.** Иденттешүү процессин заманбап түшүнүүнүн негизин, Дж.Г. Миддин символикалык интеракционизминин алкагында белгиленген “Мен – башкалар” мамилесинин концептуализациясы

түзөт. Мид иденттүүлүк терминин колдонбосо дагы, ал колдонгон “өздүк” термини учурда башка тилдерге иденттүүлүк катары которулууда. Анткени, анын эмгектеринде “өздүк” (Self) термини мазмуну жагынан иденттүүлүк түшүнүгү менен дал келет. Мид иденттүүлүктү алгач социалдык түзүлүш катары чечмелеген: иденттүүлүк жана интеракция, когнитивдик мааниден караганда, ар дайым бири-бирине өтүп турат. Иденттүүлүктүн коммуникативдик табияты: башканын ролун аткаруу менен, индивид өзүн башканын көз карашы менен баалагандыгында, тактап айтканда ар бир адам өзүн башкалар аны кандай кабылдаса, дал ошондой кабыл ала баштагандыгында жатат.

Символикалык интеракционизмдин сөздүгүндө “иденттүүлүк” термини эң алгач 1960-жылдары И. Гофмандын жана П. Бергердин эмгектеринин аркасында орун алган. Гофман “Стигма” аттуу эмгегинде “өздүк” терминининин ордуна “иденттүүлүк” терминин колдонгон [33]. Ошол эле учурда П. Бергер “Приглашение в социологию” аттуу китебинде иденттүүлүк түшүнүгүнүн ролдук теориялардын, референттик топтордун теорияларынын, социалдык драматургиянын жана феноменологиялык социологиянын контексттериндеги маалыматчылдык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн [26].

Н. Лумандын эмгектеринен да социалдык системалардын өзүн-өзү уюштуруусуна арналган, системалардын өзүнө өзү окшоштукка ээ болуу механизмдери жөнүндө жалпыланган пикирлерди табууга болот. Ал, алардын ар биринин типологиялык таандыктыгынан көз карандысыз эле, жашоого жөндөмдүүлүгүн сактоо үчүн, курчап турган чөйрө менен дал келүүчүлүгү жана өзүн-өзү рефлексиялоосу абдан зарыл экендигин баса белгилеген [9]. Мындай механизмдин аракети  өзүн-өзү окшоштуруу катарында чөйрөгө болгон мамилесин айырмалоону камсыздайт. Дал ушундай эле, Мен-иденттүүлүк да ар бир  өзүн-өзү сунуштоодо өздүк ички түрткүнүн негизинде сыртка чагылдырылат.

Дал ушундай маселелерди чечүү бүгүнкү күндө социологиянын алкагында, айырмалар жана окшоштуктар жөнүндө көз караштарды колдонуу менен байланышкан.

Социологиялык жана психологиялык чечмелеништердин ортосундагы айырмалар. Иденттүүлүк түшүнүгүнүн социологиялык трактовкасы психологиялык чечмелеништен бир топ айырмаланган. Мында айырма анын, инсан жөнүндө теориялык көз караштар тармагындагы локалдашуусу менен байланышкан. Психоаналитикалык салтты карманган Эриксонго ылайык, иденттүүлүк психикалык түзүмдүн терең катмарларында орун алган. Иденттүүлүк, индивиддин башкалар менен болгон өз ара аркеттешүүсүндө калыптанып жана алмашууга дуушар болсо дагы, кризистер жана аларды жеңип чыгуу дал ошол ички жан дүйнөдө ишке ашат жана үзгүлтүксүз процессти көрсөтүп турат.

Социологдор башка пикирди карманышкан. Алар, иденттүүлүктү социалдык өз ара аракеттешүүнүн негизинде калыптанган нерсе катары карашкан. Бул негизинен аныкталган жүрүш-туруш менен байланышкан бир белги (стигма – Гофмандын терминологиясында). Бергерге ылайык, иденттүүлүк келип чыгышы боюнча гана эмес, улануусу, жашоо жөндөмү боюнча да толук социалдык мааниге ээ. Буга ылайык, иденттүүлүктү туруктуу булактан берилген түзүлүш катары кароого болбойт.

**Антропологиялык түшүндүрүү.** “Иденттүүлүк” терминин антропологиялык чечмелениши психологиялык жана социологиялык негиздерге таянган. Психологиялык антропологиянын тарапташтары, өнүгүү психологиясынын пикирин кармануу менен, адамдын ички жандүйнөсүн түзгөн Мен-иденттүүлүк чөйрөнүн өзгөрүүсүнөн көз карандысыз эле аны карап чыгууга да жөндөмдүү деп эсептешкен. “Башкалар үчүн иденттүүлүктүн” динамикасы өздөрүнө ылайык стандарттуу социомаданий абалдардын контекстиндеги, жашоо айлампасынын кезектеги этаптарын баштан өткөрүүгө шартталган. Буга ылайык, символикалык интеракционизмдин алкагындагы сыяктуу эле, ар түрдүү нормативдик

талаптарга жооп катары иденттүүлүктүн туруксуздугу жөнүндө талкуулар жүргөн.

Антропологдор үчүн иденттүүлүк, адамдын айырмалоого жана окшоштурууга, анын ичинде курчап турган чөйрөсү менен болгон мамилесинин контекстинде өзүнө өзү окшошууга болгон өндүрүштүк пайдубалдык жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Ал терең ички жалпы субстанция эмес, сырткы, маданий шартталган, инсандын болжолдуу репрезентацияларынын өзгөрмөлүү конгломераты болуп саналат. Түшүнүк постколониалдык изилдөөлөрдө, ошондой эле маданий шок темасында, этностук, гендердик, субмаданияттык, конфессиялык иденттүүлүктөрдү изилдөөдө кеңири колдонулат. Иденттүүлүк түшүнүгүндө башкы орунду, өзгөчө маданияттык туруктуу түзүлүштөрдүн – адеп-ахлак, үрп-адаттар, ырым-жырымдардын изилдөөчүлөр тарабынан чечмелениши, ошондой эле жергиликтүү маалымат берүүчүлөрдөн алынган билдирүүлөрдүн аныктыгына, ишенимдүүлүгүнө арналган суроолорду чечүү ээлейт.

*Иденттүүлүктү чечмелөөдөгү негизги теориялык багыттар:*

Бүгүнкү күндө, бардык жогоруда саналган илимдерде иденттүүлүк, дээрлик бул үч: *эссенциализм, примордиализм* жана *конструктивизм* теориялык багыттарынын негизинде чечмеленип келүүдө.

***Эссенциализм.*** Бул классикалык философияга мүнөздүү болгон, мисалы: тагдыр, бешенеге жазылгандык, чындык, адамдын табияты жана башка конкреттүү иденттүүлүктү аныктаган башталгыч бардыкка (эссенция) негизделген. Булар өзгөргүс, түбөлүк жана туруктуу (аял, эркек, европалык, кытайлык жана башка ушул сыяктуу). Кээ бирөөлөр эссенциализмди, мында классикалык мурас катарында сакталып калган модерндиктин философиясынын негизи катары карашат. Постмодернизм Дүйнөнү бирдиктүү жалпылык катарында кабылдоону сактоого чечүүчү бурулуш болуп калды.

Бирок, Кэлхоунга ылайык, эссенциализмди XVIII-XIX кылымдагы тарыхый жаңылыш дүйнөтааным катары кароого болбойт, анткени анын

негизинде бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн эвристикалык маанисин жоготпогон философиялык системалар куралган [караңыз:7]. Буга ылайык, иденттүүлүктүн мурунку эссенциалисттик түшүндүрүүнүн үстөмдүгүн жеңүү, жөнөкөй басымдардын ичкиден сырткыга, тубасадан туундуга кайра жасалышы менен жетишилбейт. Эссенциалисттик талкуулоо, заманбап антропологиялык вариантта (адам баласынын түрдүк бирдиги) мүмкүнчүлүктөрдү деконструкция катары, ошондой эле иденттүүлүктөрдү сактоо катары да кароого жол берген конструктивисттик ыкмаларда максаттуу толуктайт. Кэлхоун иденттүүлүктүн жана айырмалардын маселелерин заманга ылайык чечүү үчүн инструментарийдин жеткиликтүү болушун абдан маанилүү деп эсептейт. Башкача айтканда, кеп классикалык жана постмодернисттик позициялардын жөнөкөй оппозициясы жөнүндө эмес, иденттешүү трактовкаларынын мүмкүн болгон стратегияларынын өз ара аркеттенишүүчү теориялык мейкиндиги жөнүндө болушу абзел.

***Примордиализм***. Бул агымдын өкүлдөрү, иденттүүлүк белгиси (эң башкысы, этностук же улуттук) белгилүү бир калктын тобуна тубаса берилген, бул өзгөргүс жана салттуу деген түшүнүктү четке кагышкан. Мында көйгөй, ар бир жаңы муун өзүнүн социалдык жана маданий ачылышында өзүнүн пайдубалдык милдетине карама-каршы туруугa аракет кылбагандыгында жатат. Примордиализмдин негизин квази-биологиялык элес (кан байланышы боюнча туугандык социалдык бирдиктин биримдигинин негизи катары) түзөт. Алардын арасынан анын маданий, анын ичинде диний өзгөчөлүгү келип чыгат (мисалы, “тандалган эл” концепциясы). Дал ушул негизге бүгүнкү күнгө чейин улутчулдук жана расизм - этностук жана расалык иденттүүлүгү, алардын субстанционалдык мүнөздөмөлөрү менен кармалып турат. Бир караганда иденттүүлүктүн эссенциалисттик жана примордиалисттик концепциялары бирдей көрүнөт. Бирок, андай эмес. Биринчисинде, адамзаттын түрдүк биримдиги онтологиялык болуп саналат, ал эми иденттүүлүктөрдүн ар түрдүүлүгү маданий факторлор менен түшүндүрүлөт. Экинчисинде болсо, бул

айырмачылыктар адамдардын белгилүү тобунан жаралган жана өзгөргүс болуп саналат.

***Конструктивизм***. Иденттүүлүк түшүнүгү бирдиктин тубаса мүнөздөмөсү менен түздөн-түз байланышта чечмеленген эссенциализмден жана примордиализмден айырмаланып, конструктивизм башка тыянактарга негизделет. Бул теориялык багыт социологиянын жана антропологиянын алкагында онтологиялык эмес, феноменологиялык негиздерге таянат. Мындан улам эки маанилүү жыйынтык келип чыгат. Биринчиден, изилдөөчүлөр чечмелеген категориялар – бул, чындыктын түз чагылышы эмес, бирок, белгилүү тапшырмаларды элдин чөйрөсүнө болгон байланышын баяндоо жана түшүндүрүү менен чечүүгө мүмкүндүк берген эпистемологиялык конструкттар, инструменттер болуп саналат. Экинчиден, социомаданий түзүлүштөр – функционалдык жана символикалык бирдиктер, алардын ортосундагы түзүмдүк байланыштар, - алардын туруктуулугу жана өзгөрүлмөлүүлүгү туунду социалдык өз ара аракеттешүүнүн жана коммуникациянын маңызы.

Алардын жашоосу прагматикалык жана интеракциондук зарылдыкка шартталган (П. Бергер жана Т.Лукман – социологияда, Дж. Брунер, М. Коул – антропологияда, Р. Рорти – философияда). Буга ылайык басым субстанционалдык өзүнө өзү окшош “нерселерден” агенттердин жана акторлордун социомаданий практикасына өтөт, мунун жүрүшүндө ушундай бир түзүлүш жаралат.

Иденттүүлүк темасы, анын конструктивисттик ой-жүгүртүүсүнүн калыптанышы социалдык ролдордун түзүлүштүк-функционалдык чечмеленишке ылайык жүргөн. Бирок, бул теориялык алкакта, негизги көңүл эң биринчиден акторлордун идеалдык-катардагы мааниде түшүнүлгөн, социалдык системанын алкагындагы кыймылынын институционалдык-нормативдик аспектилерине бурулган. Окшош маселелерди чечүү үчүн ошол эле нормативдик алдын ала жазылган кыймылдардын жалпылыгы колдонулган, мунун вариациясы “чектен чыгуу” катары түшүндүрүлгөн.

Ошондой болсо да, түшүнүк априордук түрдө тапшырылгандарды эмес, социалдык интеракциялардын контекстинде жаралган кызматтарды аткарууга байланышкандыктан эссенциалисттик коннотациялар ролун ойнобой калган.

Бергер жана Лукман тарабынан сунушталган пикирге ылайык, А. Шюцтун идеяларына таянуу менен, ролдор бир топ башкача аспектиде каралган: бир гана функционалдык жигердүүлүктүн эмес, ага жекече түс берген актордун жүрүш-турушунун да типтешүүсүнүн жыйынтыгы катары каралган. Бул иденттүүлүк түшүнүгүнүн конструктивисттик чечмеленишине карай алгачкы кадам болгон. Бул көз караштан улам ал сырткы жана ички типтештирүүнүн натыйжасы боло баштаган. Биринчисинде, индивиддин “башка” белгилүү маданий категорияларга тиешелүүлүгү жөнүндө айтылса, экинчисинде, дээрлик кеңири маданий контексттеги категориялардын индивидуалдык тандамасы жана интериоризациясы жөнүндө айтылат. Буга ылайык Мен-иденттүүлүк алдын-ала жазылгандар менен дал келиши да, ошол эле учурда андан айырмаланып калышы да мүмкүн. Башкача айтканда, социалдык иденттүүлүк (антропологияда - публикалык) менен Мен-концепциянын ортосунда, бир тараптан, индивиддин өзүнүн башкалардын көз карашындагы образы тууралуу билимине, экинчи жагынан, өзүнүн жеке интерпретациясына шартталган кандайдыр бир өтмөк (зазор) болушу мүмкүн.

Конструктивизмдин алкагындагы аныктама боюнча инсан топко таандыктыгы боюнча эле эмес, функционалдык автономиясынын белгилүү даражасына жараша да мүнөздөлөт. Э. Гоулднердин белгилөөсүнө караганда, киши ар кандай нормативдик эрежелердин жана башкалардын көзөмөлдөрүнүн таасиринен чыгып кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Бул, бир иденттүүлүктөн коомдо кездешкен башка иденттүүлүккө өтүү мүмкүнчүлүгүн билдирген [караңыз:32] .

Кийинчерээк, конструктивисттик теориялык пикир социомаданий чындыктын виртуалдык компоненттеринин (постмодернисттерге чейин булар социологияда жана антропологияда эсептелчү эмес) иштөөсү жөнүндө көз караштардын эсебинен кеңейтилген. К. Гиртцтин эмгектеринин арты менен

социомаданий чындык элдердин өз ара жигердүүлүгүндө эле эмес, анын процесстеринин жана жыйынтыктарынын чечмеленишинде детерминацияланган катары карала баштаган. Буга ылайык, анын түзүлүш принциптери катарында “кескин аңдап түшүнүү” (К. Касториадис) жана “аңдап түшүнүү ишин” (А. Аппадураи) көрсөтө башташкан. К. Джерджен “конструкционисттик көз караштан алганда эч нерсе чындык жөнүндө негизги тастыктоолорду актай албайт; биз канчалык мазмундуу санасак да, ал социалдык өз ара алмашуунун жыйынтыгы болуп саналат” деп эсептеген [39, 49-б.].

## § 1.2. Иденттүүлүккө болгон теориялык көз караштар

Бүгүнкү күндө «иденттүүлүк» түшүнүгү коомдогу тезинен өзгөрүлүп жаткан материалдык жана материалдык эмес баалуулуктардын алмашып, өзгөрүп, жекеликтен жалпылыкка өтүп, улуттуктан интернационалдык абалга өтүп жатканынан улам актуалдуулугу артып, илимий чөйрөдө кызыгууну туудурду. Иденттүүлүккө карата муктаждык ааламдашуу процессинин күч алышы менен коштолду.

«Иденттүүлүк» түшүнүгү латын тилинин «*Identity*» сөзүнөн алынып «бирдейлик», «окшоштук» дегенди туюндурса, «иденттешүү» термини латын тилинин «*identifico*» сөзүнөн алынып «окшошуу» деген маанини билдирет [караңыз:8]. Иденттүүлүк түшүнүгүнө француз философу Поль Рикер төмөнкүдөй аныктама берет: «Бирдейлик же окшоштук сөзү өздүк түшүнүгү менен тыгыз байланышат. Бирдейлик же окшоштук түшүнүгүнүн карама-каршылыгы ар түрдүүлүктү билдирет. Иденттешүү процесси ар түрдүүлүктөн бөлүнүп, окшош процесстердин топтолушу менен түшүндүрүлөт. Ар түрдүүлүктүн ичинен бирдейликти ажыратуу аркылуу иденттүүлүк аныкталат» [караңыз:88].

Иденттүүлүк концептин илим чөйрөсүндө алгач социалдык психологияда колдонулса, кийинчерээк мааниси кеңейип, көп кырдуу түшүнүк катары изилдене баштады. Өзгөчө философия, антропология, социология ж.б. социалдык илимдерде кеңири изилденип, түрдүү аспектиден каралды.

*Иденттүүлүк* түшүнүгүн алгач *кубулуш* катары карап, ага алгачкылардан болуп көңүл бургандардын бири америкалык социолог Дж.Г. Мид болгон. Ал балдардын эрте жаш курагындагы социалдашуу стадиясында аң-сезимдин өнүгүшүн изилдеп жатып, иденттүүлүк тууралуу төмөнкүлөрдү айткан: Биринчиси, тууроо стадиясы. Бул учурда бала башкаларды туурайт. Экинчиси, оюн стадиясы. Бул мезгилде бала оюнда белгилүү бир ролду жаратат, мисалы, куурчагына эне, же ата, же врачтын ролун аткарат. Үчүнчүсү, топтогу оюн стадиясы. Өзү куракту балдардын

тобунда белгилүү бир роль алып ойной баштайт [караңыз:12]. Демек, иденттешүү бала курактагы социалдашуудан башталат.

Дж.Г.Мид жана Ч.Кули, ошондой эле Уильям Джеймс дагы иденттүүлүк терминин колдонушкан эмес, бирок «өздүк» же англис тилиндеги self түшүнүгүнө таянышкан. Алар адамдын инсан катары татаал түзүлүш экенине карап, адамдын өздүгүн эки аспектиде караган:

1) Өздүк же жеке (англис тилиндеги I – мен түшүнүгүндө) аспектиде – индивид спонтандык, ички сезимдердин таасирлеринен улам өзүн-өзү субъективдүү элестетиши;

2) социалдык аспектте индивиддер тарабынан өздөштүрүлгөн, тактап айтканда, башкалардан өзү жөнүндөгү жалпылап элестетиши.

Дж.Г.Мид инсандын калыптануусунда социалдык шарттарга, талаптарга басым жасаган. Ал «инсандын» калыптануусунда (индивид өзүн таандыкмын деп эсептебеген бир дагы социалдык топ болбостугун) жалпылыктын негизинде калыптанарын далилдеген. Инсандын жекелик катары өнүгүшү үчүн айланасындагы адамдардын мамилеси, адамдын социалдык алакасындагы процесстер жана ошол социалдык мамилелер аркылуу өздүктүн кайсы социалдык топко, ким катары таандык экендиги билинет жана ошол коомго тиешелүү жүрүш-туруштардын негизинде башкарылат. Ушуну менен Дж.Г.Мид алгачкылардан болуп социалдык иденттүүлүк инсандын социалдашуусу аркылуу, топтук көрсөтмөлөрдүн, баалуулуктардын жана стереотиптердин таасири астында калыптанарын киргизген [71, 221-б.].

Америкалык социолог Ирвинг Гофман иденттүүлүк кубулушунун белгилери - стигмалар тууралуу жазган [караңыз:34]. Референттүү топ жана анын баалуулуктары боюнча америкалык социолог Роберт Мертон өз эмгектеринде белгилеген [караңыз:70], Алвин Уорд Гоулднер «ачык жана көмүскөдөгү иденттешүү» [караңыз:32], ал эми Тэджфел Генри «позитивдүү иденттүүлүк» боюнча эмгектеринде жазышкан [караңыз:16].

Иденттүүлүк түшүнүгүн терең изилдеген сайын анын көп кырдуулугун психологдор таба башташкан. Алар инсандын өнүгүү процессиндеги

иденттешүүнүн түрдүү жолдорун көрүшкөн. Акырындык менен бул термин психология илиминен тышкары коомдук илимдерде да колдонулуп, изилдөөнүн кеңири объектисине айланып, универсалдуулугу арткан. Бүгүнкү күндө иденттүүлүктү анализдөөдө алгач психологиялык ыкмаларды, изилдөөлөрдү жараткан окумуштуулардын эмгектерин пайдаланышат.

Белгилүү окумуштуу-психологдордун бири Зигмунд Фрейд бир катар эмгектеринде иденттешүү кубулушу жөнүндө жазган. З. Фрейд иденттешүү түшүнүгүнө кеңири маани берген жана аны бир гана кичинекей баланын ата-энеси менен эмоционалдуу байланыш катары карабай, инсан менен социалдык топтун карым-катнашынын маанилүү механизми катары караган. З.Фрейддин айтуусу боюнча инсандын өсүү мезгилинин тарыхында бала алгачкы иденттешүү процессин өзүн атасына аңдоосуз окшоштуруу аркылуу баштайт [караңыз:102].

Иденттүүлүк термини илимий чөйрөгө америкалык психолог Эрик Эриксондун 1940-1950-жылдардагы социалдык психология изилдөөлөрүнө байланыштуу кирген. Ал 1940-жылдары «аскердик неврездор» изилдөөсүн АКШнын аскердик кызматкерлердин кызматына байланыштуу изилдеп баштаган. Э.Эриксонго чейин иденттүүлүк кубулушу жөнүндө маалыматтар жазылып келген, бирок термин катары илимий чөйрөдө биринчи жолу Э.Эриксондун адамдын иденттүүлүгүнүн өнүгүүсүндөгү 8 стадиясы жөнүндө жазган. Инсандын бүтүндүгүнүн эң маанилүү мүнөздөмөсү катары адамдын өзүнүн белгилүү социалдык топтор менен интеграцияланышы катары белгилеген [караңыз:115;116].

Э.Эриксондун иденттүүлүк концепциясын теориялык жактан улантуучулардын ичинен немец философу К.Ясперс экзистенциялык-багытталгандык философиялык-антропологиялык изилдөөлөрүндө «Мен» жана «Сендин» өз ара карым-катнашы тууралуу ой жүгүртүшүн чагылдырган. Карл Ясперс 1913-жылы жакталган «Жалпы психопатология» аттуу докторлук диссертациясында иденттүүлүктү аң-сезимдин формалдуу төрт аспектисинин бири катары аныктаган жана аңдоо же түшүнүү аркылуу мен ким болсом ошол

бойдон калам, менин жашоомдогу бардык окуялар мен аркылуу өтөт деген идеясын илимий эмгегинде жазган [караңыз:72].

Иденттүүлүк ар кыл тармакта ар түрдүүчө аныктамага ээ болгон кеңири түшүнүк. Адабияттарда эң кеңири колдонулган аныктамасы инсандын «мен киммин, кимге, кайсы топко таандыкмын, кимге окшош жана кимге жакындыгым бар?» сыяктуу суроолорго берген жообу болуп эсептелет. Иденттүүлүк – индивиддин физикалык, руханий, социалдык жана психологиялык жактан бири-бирине шайкеш өнүгүүсүнүн натыйжасында калыптанып, индивиддин жөндөм-шыктарын, руханий дүйнөсүн, диний ишенимдерин, негизи эле бүтүндөй жашоосун камтыган татаал түзүлүш. Бул түзүлүш канчалык деңгээлде жакшы түзүлгөн болсо, индивид өзүнүн өзгөчөлүктөрүн жана уникалдуулугун ошончолук жакшы тааный алат [115;116; 11, 551-558-б.].

Иденттүүлүк – жүрүш-туруштук биримдүүлүк катары, өзү тууралуу билимдердин суммасы, башкача айтканда, татаал интегративдик кубулуш. Иденттүүлүк адамдын бардык мүнөздөмөлөрүн бир түзүлүшкө келтирген синтези жана ал өзгөрүлүп турган дүйнөдө субъективдүү прагматикалык багыттын натыйжасында аныкталып өзгөртүлөт. Иденттүүлүк түшүнүгү жакынкы убакытка чейин колдонулган эмес, анын ордуна өзүн-өзү таануу жана башка түшүнүктөр колдонулган. Акыркы жылдары гана кеңири колдонула баштады, мунун себеби катары ааламдашуу процессинин дүйнөгө кулач алышы, ошондой эле руханий жана материалдык баалуулуктардын өзгөрүшү негиз болду.

Канадалык окумуштуулар Тони Серафини менен Гералд Р.Адамстын айтуусунда иденттүүлүктүн калыптанышы индивиддин чөйрөгө ыңгайлашуусун, келечек тууралуу ой-толгоо, максатка умтулгандык жана өздүк контролго ээ болушун шарттайт. Булар өздөрүнүн бир канча изилдөөсүнө таянып, иденттүүлүктүн функцияларын аныкташкан. Иденттүүлүктүн функциялары катары: «мен» сезими, өзүн болгондой кабылдоо, өзү тууралуу позитивдүү пикирге ээ болушу; индивиддин максат

коюшу, тактап айтканда, инсандын алдына максат коё билиши жана ага карай умтула билиши; өздүк көзөмөлдү камсыздоо, индивиддин өзүн-өзү контролдой билиши, чөйрөгө ылайыкташууда коомдук басымдарга туруштук бере алышы жана өзүн эркин алып жүрө алышы; индивиддин социалдык жана илимий чөйрөгө адаптацияланышы; келечекке карай умтулуу сезимин даярдоо [караңыз:13].

Түркиялык педагог Илкай Демир дагы Серафини менен Адамстын изилдөөлөрүнүн натыйжасында ортого келип чыккан иденттүүлүктүн функцияларын колдоорун билдирген [караңыз:10].

Немец социологу Ю.Хабермас иденттүүлүк адамдын интер-субъективдүү таанууну кабыл алган өздүк иденттешүүсү аркылуу калыптанат дейт. Адамдын символдук биримдиги топко таандык символдук чындыгына негизделген, тактап айтканда, өзүн башкалардан айырмалоодо башкалар тарабынан таанылышы керек. Мисалы, Хабермас адамдын жетилишиндеги этаптарды төмөнкүчө белгилейт: «бала «табигый иденттүүлүккө» ээ (чөйрөдөн өзүнүн тулку боюн бөлүүдө), ал өсүп жатып үй-бүлөдөн символикалык жалпылыктын ролдорун жана анын социалдык чөйрөсүн өздөштүрөт жана кийинчерээк социалдык топтордон кененирээк жүрүш-туруштун нормаларын үйрөнөт. Бул учурда «табигый иденттүүлүк» иденттүүлүктүн символикалык «ролдоруна» таянган абалга өтөт. Чоң кишиде күтүлгөн жүрүш-туруштардын туруктуулугу жана өзүн-өзү түшүнүү максатында өзүнө карата рефлекстүү мамиле: «мен» жеке өзгөчөлүк катары жалпы башка жекеликтер менен бирдей, бирок инсан катары башка индивидуумдардан абсолюттуу түрдө жогору болот. Мендик абсолюттуу жалпылык, ошол эле учурда түздөн-түз абсолюттуу жекелик» [105, 14-б.]. Чындыгында, иденттүүлүк иденттешкен процесстин жыйынтыгы, өзүнүн жекелик мендигин сактоо аркылуу белгилүү бир топко тиешелүү «мендиктер» же болбосо жекеликтердин окшоштугу иденттүүлүктүн жалпылыгын түзөт. Ошондой эле, иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрү индивиддин эң көп кайталанган жүрүш-туруштары жана ошол гана жекеликке тиешелүү, ал ар бир индивидди

башкалардан айырмалоодо башкы курал, аны менен катар иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнүн дагы бир мааниси индивидди изилдөө учурунда анын башкалардан кайсы мүнөздөрдө айырмалангандыгын аныктоодо жакшы көрсөткүч болуп берет.

Окумуштуулар дайыма иденттештирүү жана иденттүүлүк терминдеринин ортосундагы айырмачылыкты белгилешет. Э.Эриксондун айтуусунда, иденттештирүү же иденттешүү бул иденттүүлүккө жетүүчү процесс жана психологиялык механизмдердин жыйындысы. Инсандын иденттүүлүгү өзүнө табигый муктаждык жана жөндөмдүүлүктөрдөн тышкары, маанилүү иденттешүүлөрдү жана туруктуу социалдык ролдорду бириктирет дейт иденттүүлүк түшүнүгүн негиздеген окумуштуу [115, 10-б.].

Иденттешүү – бул өзүн башкаларга окшоштуруучу, жакындаштыруучу психологиялык коргогуч механизм. Иденттешүүдө инсан башкаларга эмоционалдык жактан окшоштуктары аркылуу байланышат [37, 64-б.].

Иденттүүлүк – бул адамдын жашоосу боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болгон динамикалык түзүлүш. Ал өткөн чак менен келечекти байланыштырып жана аларды азыркы мезгилге бириктирип, жашоонун өзгөрүүлөрүнө адаптациялап, өз жашоосун үзгүлтүксүз аспектиде көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Иденттүүлүккө ээ болуу – бул инсандын айлана-чөйрөгө болгон мамилелеринин бардык түрүндө өзүнүн образын, өзүн жеке кабыл алуусу, инсандын өзүнүн «Мен» деген статусуна ээ болуусунун адекваттуулук жана стабилдүүлүк сезими.

Иденттүүлүк – адамга негизги талаптарын жана өзүнүн социалдык ордун табууга жардам берет. Немец социологу Э.Фромм иденттүүлүктүн конкреттүү тарыхый шарттар менен жана эркиндик менен жалгыздык сезимдердин ортосундагы татаал байланыш болгондугун белгилейт. Алардын ортосундагы баланс иденттештирүү процессинде бекемделет.

Азыркы убакта иденттүүлүктү изилдөөдө эң негизги проблемалардын бири анын динамикасын, адамдын оң иденттүүлүгүнө жетүү жана аны сактоо мыйзам-ченемдүүлүктөрү тууралуу көйгөйлөр маанилүү болуп саналат. Ар

бир адам өзүнүн «оң» образдарын жаратууга карай умтулат, ошондуктан иденттүүлүктүн негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрүнүн бири адамдын позитивдүү иденттүүлүккө умтулуусу эсептелет. Иденттүүлүк проблемасына багытталган эмгектерди алып карасак, анда иденттешүү процесси боюнча тенденцияларды төмөнкүчө бөлүп кароого туура болот:

1) Жеке багытталгандан – социалдык багытталгандарга;

2) Баяндоодон эксперименталдык изилдөөгө;

3) Психологиялык жана социалдык дисциплинардык аралыкка.

Иденттүүлүк түшүнүгү инсандын өзүн башкалар менен салыштыруусунан башталып, бул салыштыруу «башка» бирөө ал инсанга «чоочун» же «душман» эмес, жакын тааныганы да болушу мүмкүн. Бирок инсан өзүнүн андан өзгөчө жагын табууга умтулуусу менен өзүн-өзү таанып, башкалар менен окшош, жакындык жагын табуусу ага иденттүүлүк, таандыктык сезимин пайда кылат.

Америкалык социолог С. Хантингтон иденттүүлүктүн булагында чек жок экендигин айткан. Алардын ичинен жашоодогу эң маанилүү деп саналгандарын төмөнкүчө классификациялаган: аскриптивдик, маданияттык, аймактык, саясий, экономикалык, социалдык ж.б. бөлүп караган [108, 58-59-б.]. Автор иденттүүлүктүн булактары катары адамдын курчап турган биологиялык, маданий, социалдык, экономикалык ж.б. факторлордун баары эсептелерин белгилейт.

Жогорудагы изилдөөлөрдүн негизинде иденттүүлүктү ***тубаса (табигый)*** жана ***туунду*** болуп экиге бөлүп кароого болот. Тубаса (табигый) иденттүүлүккө аскриптивдик жана маданий иденттүүлүктүн айрым элементтери кирет. Тубаса (табигый) иденттүүлүк адам баласы төрөлгөндө эле Жараткан тарабынан берилген биологиялык, антропологиялык, физиологиялык белгилери. Мисалы, жаш курагы, жынысы, туугандыгы, улуту, расасы ж.б., ал эми туунду иденттүүлүккө инсан төрөлгөндөн баштап коомдогу өз ара аракеттешүүсүнөн улам ортого келип чыккан иденттүүлүктөр

кирет. Жогоруда аты аталган иденттүүлүктүн түрлөрүнүн ичинен аскриптивдик иденттүүлүктөн башкасы туунду иденттүүлүккө таандык.

Туунду иденттүүлүк инсандын жашоосундагы ар кандай себептерге, окуяларга, муктаждыктарга жана кырдаалдарга жараша өмүр бою өзгөрүп туруучу динамикалык процесстин жыйындысы. Социумдагы белгилүү бир мезгилдин ичинде өзгөрүп туруучу саясий, маданий, экономикалык, социалдык баалуулуктардын системасы инсандардын иденттүүлүгүнүн өзгөрүүсүнө себепкер болот. Ошол эле учурда, иденттүүлүк адамдардын психологиялык, экономикалык жана социалдык абалдарынан көз каранды. Кээ бир инсан үчүн кичи мекендик иденттүүлүк күчтүү болсо, кээ бири үчүн жалпы эле мекен түшүнүгүндөгү иденттүүлүк үстөмдүк кылат, ал эми кай бири үчүн мекендик иденттүүлүк башка иденттүүлүктөргө аралашып, түрдүү процесстерден улам ал иденттүүлүк сиңип жок болгон болот.

XX кылымдын экинчи жарымында орус окумуштуусу Б.Ф.Поршнев иденттешүү феноменинин анализи укмуштуудай экенин далилдеген. Автор адамдын жан дүйнөсүнүн тереңинде жаткан социалдык реакция коомдук тарыхый чөйрөгө шартталгандыгын аныктаган. «Биз» түшүнүгүн «башкалардан» айырмалоодо алардын реалдуу жашаган алгачкы жалпылыктары, индивиддердин өз ара аракеттешүүсүндөгү түрдүү үрп-адаттардын, каада-салттардын жана ошол жалпылыкка тиешелүүлүктү ар бири сезет, таандык сезими менен бири-бирине жакындыгы аркылуу башкалардан өздөрүн айырмалашат деген пикирди айткан [83, 82-б.].

Бул изилдөөдөгү негизги максат инсандын жарандык иденттүүлүгү болгондуктан, изилдөөдө социалдык жана жарандык иденттүүлүккө басым жасалды.

Социалдык иденттүүлүктү изилдөө XX кылымдын 1950-1960-жылдарында психологиялык теориянын жалпы системасындагы когнитивдик ыкманын таасири астында башталган.

Иденттүүлүк когнитивдүү психологияда негизги психологиялык түзүлүш катары каралат. Мындагы башкы маселе – социалдык жүрүш-

туруштардын регулятору катары идеялардын, стереотиптердин, жоболордун бири-бири менен тыгыз байланышы менен чечмелениши маанилүү.

Социалдык иденттүүлүктүн теориясы (СИТ) – бул бир жагынан Европалык социалдык психологиянын эксперименталдык кыймылы болсо, экинчи жагынан ачык-айкындыкты көрсөткөн теория. Бул теориянын негиздөөчүсү Г.Тэджфел 1970-жылдары социалдык иденттүүлүккө тиешелүү негизги талашсыз жоболорду жана принциптерди конкреттүү түрдө аныктаган [караңыз:16].

Социалдык иденттүүлүк теориясы социалдык топторду изилдөөчү бирден-бир ыкма болуп саналат, ошол эле учурда «Мен» түшүнүгүнүн негизги түзүлүшү катары берилет. «Мен» түшүнүгү татаал жана бай контексттүү болуп, социалдык иденттүүлүк менен инсандык иденттүүлүктү тыгыз байланыштырып турат. Социалдык иденттүүлүк теориясында Мен түшүнүгү мендик көрүнүштүн негизинде түзүлүп, өмүр бою татаал жана бай контекстте уланат. Мында жеке мендик мүнөз менен (жекелик уюл) социалдык мүнөздөр (социалдык уюл) айкалышуу менен СИТтин пайдубалы куралат.

Г.Тэджфел жана анын окуучусу Дж.С.Тернердин изилдөөлөрүндө топтор аралык мамилелер адамдын аң-сезимине тийгизген таасири социалдык мамилелерди түзөрүн белгилеген. Ал түрдүү социалдык коомдо жашаган адамдардын жүрүш-турушундагы өзгөчөлүктөрдү изилдеп жатып, «инсан аралык жана топтор аралык континуум» адамдын жүрүш-турушунун негизинде ишке ашарын аныктаган.

Бул окумуштуулар окуучулардын иденттүүлүгүн аныктоодо лабораториялык эксперимент кылышкан. Анда жашоо-тиричиликте мүнөздөөчү таандык критерийлерди сунушташат. Мисалы, коомдук жана экономикалык мамиле, катышуучулардын ортосундагы өз ара аракеттешүү, топтун чегинде башка ролго ээ болуу үчүн түзүлүштүк бөлүнүү ж.б.у.с. Бул критерийлер аркылуу алардын максаты инсан өзүн кайсы бир топко окшоштуруу же иденттештирүү менен башка топтун жүрүш-турушуна, айрым бир сөздөрүнө топтун мүчөсү катары таасир бере алабы деген суроого жооп

алуу болгон. Эксперименттин жыйынтыгында топтун мүчөлөрү калыстык жана кызыкчылык стратегиясынын бирин тандоо керек болгондо топтун ички кызыкчылыгы жогорку көрсөткүчкө ээ болгон. Бул жерде топтун ар бир мүчөсү өздөрүнө жакындыкты, окшоштукту тандашканы белгилүү болду, демек социалдык иденттүүлүк ортого келип чыкты [караңыз:15].

Социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процесси – инсандар өзүнүн коомдук топтордун стереотиптерин, эрежелерин өздөштүрүүсүнүн натыйжасында социалдык жүрүш-турушунун ички көзөмөлдөөчүсү болушат жана ушул эрежелердин негизинде социалдык иденттүүлүктү калыптандырат. Мындан соң инсан өз жамаатын активдүү түрдө баалоого жана башка топтор менен салыштырууга өтөт.

Окумуштуулар социалдык иденттүүлүктө жекелик менен жамааттыктын ортосундагы тыгыз байланыш бар экендигин белгилешет. Жеке иденттүүлүк менен жамааттык иденттүүлүк бири-бирине карама-каршы келген, ошондой эле тыгыз байланыштагы процесстин жыйынтыгы. Социалдык иденттүүлүктө ар бир инсан өзүнүн кимдигин, топтук мүчөлүгүн аныктаган белгилүү бир социалдык мүнөзгө ээ. Демек социалдык иденттүүлүк түшүнүгү инсан менен топтун ортосундагы дифференциациясы.

«Социалдык иденттүүлүк» түшүнүгү инсандар башка бир инсанды жаш курагы, кесип, жыныс же этностук өзгөчөлүк деген жалпы социалдык категориялардын негизинде кантип аныктагандыгын түшүндүрөт. Бул - адамдын тигил же бул топко тиешелүүлүгүн түшүнүү деңгээлине жараша аныкталат.

Социомаданий мейкиндиктин ичинде социалдык иденттүүлүк менен жарандык иденттүүлүк бирге жүрөт. Маданият белгилүү бир коомдун ичинде улуттук негизде өсөт, өнүгөт, айрым учурда жок болот. Коом тынымсыз кыймылда болгон түрдүү кубулуштарды башынан өткөрүп турат. Коомдогу социалдык динамиканын таасири улуттук маданиятка түздөн-түз тиешелүү. Андыктан социалдык иденттүүлүк маселеси көтөрүлгөндө жарандык иденттүүлүктө дагы терс жана оң кубулуштардын орун алары чындык.

Корутунду:

1. Ааламдашуу процессинин күч алышы иденттешүү, иденттүүлүк түшүнүктөрүнүн терең изилденишине түрткү болду. Өзгөчө кийинки мезгилдерде социологдордун иденттүүлүктү социологиялык өңүттөн изилдеп жатканы аныкталды.
2. Адам социалдашкан сайын жергиликтүү, улуттук жана ааламдык иденттүүлүгү күчөйт, бекемделет, же тескерисинче начарлайт. Мунун себеби адамдын бала чагындагы иденттешүүсүнүн күчтүүлүк даражасына жараша өзгөрөт.
3. Иденттүүлүк түшүнүгү адамдын социалдашуусунда өмүр бою коштолгон социалдык жана маданий процесстердин жыйындысы.
4. Социалдык жана маданий иденттүүлүк адамдардын баалуулуктарын аныктоого түздөн-түз таасир берет.

## §1.3. Социалдык жана жарандык иденттешүү маселелеринин социологияда каралышы.

Иденттешүү түшүнүгү (лат. Identificare - окшоштуруу, теңөө) З.Фрейддин «Эго анализи жана топтук психологиясы» эмгегинде киргизилген, ал эмгегинде идентешүү индивид менен социалдык топтун ортосундагы карым-катнаштын механизмдери жана маанилүү өңүттөрүнүн бири катары каралган [101].

Социалдык иденттешүүнүн түшүндүрмөсүндө психоаналитикалык салттын (Э.Фромм) алкагында иденттүүлүктөгү талаптар адамдардын маанилүү, универсалдуу талаптарынын катарына кирет деп божомолдонот. Фроммдун ою боюнча, иденттүүлүккө умтулуу, бир жактан алып караганда, тирүү калуу зарылчылыгы менен шартталган жүрүш-турушдун психобиологиялык зарылчылыгы, башка жактан караганда, социалдык статуска ээ болуу талабы [103]. Символикалык интеракционизмдин интерпретацияларында (Дж. Мид ж.б.) иденттешүү, биринчи кезекте, социалдык коммуникация, ошону менен катар башка адамдар менен маектешүү процессинде социалдык карым-катнаштын (интеракция) натыйжасы катары каралат, адам өзүн башка адамдар арасында көрө баштайт. Бул учурда адам өзүнө белгилүү сапаттарга ээ социалдык объект катары карайт [71].

Социалдык психологиянын күчү менен, негизинен Э.Эриксондун эмгектери себептүү идентүүлүктү изилдөө азыркы социалдык илимдердин ичинде маанилүү орундардын бирин ээлейт [116]. Белгилүү деңгээлде «иденттүүлүк» жана «иденттешүү» түшүнүктөрү менен да чектелет. Эриксон инсанда эки деңгээлди бөлүп карайт –персоналдык жана социалдык, социалдык иденттүүлүктү инсандын жана коомдун карым-катнашынын продукту деп эсептейт. Ошондуктан, идентүүлүк эки аспектиде каралат: 1) эго-иденттүүлүк жана 2) социалдык иденттүүлүк. Социалдык идентүүлүктүн калыптануусун үч этаптан турат деп көрсөтүүгө болот. Биринчи этапта

индивид кээ бир социалдык топтун мүчөсү катары аныкталат, экинчи этапта Мен-концепциясын өзүнүн группаларынын жалпы мүнөздөмөлөрүнүн концепцияларына кошот жана алар үчүн мүнөздүү болгон жүрүш-туруш стереотиптерин, нормаларын өздөштүрөт, үчүнчү этапта болсо социалдык топтун өздөштүрүлгөн стереотиптери жана нормалары инсандын ички регуляторлоруна айланат [116].

Эриксондун түшүндүрмөсүндө, социалдык идентүүлүктүн калыптануусу үчүн инсандын калыптануусу салыштырмалуу аяктаган өспүрүм убагы эң чоң мааниге ээ, бирок идентүүлүктүн калыптануусу аягына чыгышы эч мүмкүн эмес. Ошого байланыштуу адамдын бүт өмүрүндө иденттүүлүктүн кризистин убак-убагы менен кээ бир пайда болуу тоскоолдугу бар. Эгерде идентүүлүк социалдык интеракциянын процессинде калыптанса, анда интеракция бирдей ишке ашат, ал окшоштурууну туудурат. Ошол себептүү идентүүлүктүн кризиси пайда болот. Идентүүлүк кризисинин трактовкасы иденттешүү проблемасы аркылуу Т.Парсонс тарабынан ишке ашырылат. Анын ою боюнча, практикалык тоскоолдук ролдорду (а түгүл, гендердик жана куррактык) сырткы жана ички баалоонун жана аларды аткаруу сапатындаэң чоң мааниге ээ болот. Мындай баалоолордун басымы идентүүлүк кризисин провакациялоо болушу ыктымал.

Азыркы социологияда социалдык идентүүлүктүн түрдүү трактовкалары көрсөтүлгөн: маданият контекстинде – ар түрдүү маданий тезаурустардын маанилери жана белгилерин окшоштуруу аркылуу (В.Луков); иденттешүүнүн функционалдык анализи аркылуу (В.Чупров); социалдык структураны окуп-үйрөнүү жана анын өнүгүүсүнүн персективасы социалдык «тилектештиктин» иденттешүүсүн түшүнүү аркылуу (В.Ядов); социалдык иденттүүлүктүн интерпретациясын социалдашуу процессиндеги нормаларды жана баалуулуктарды интероризациялоо аркылуу (А.Ковалёва).

Жалпылап айтканда, социалдык иденттешүү – социалдык иденттүүлүктү социалдык үлгүлөр, группалар, типтер, сапаттар, касиеттер менен окшоштуруу жана тендөө жардамында калыптануу процесси.

Социалдык идентүүлүк – социалдык иденттешүүнүн жыйынтыгы. Бул түшүнүктөрдүн бөлүнүүсү белгилүү бир кыйынчылыктар менен байланышкан, анткени алар карым-катнашта жана бири экинчисиз болушу мүмкүн эмес: иденттүүлүк иденттешүүнүн сапаты менен аныкталат, иденттешүү өз кезегинде иденттүүлүктүн касиеттеринен жана абалыны көз каранды.

**Инсандын социалдык иденттешүүсү жана социалдык иденттүүлүгү.** Инсандын социалдык иденттешүүсү жана социалдык иденттүүлүгү – индивиддин өзүн өзүнүн группасы (үй-бүлө, дин, этнос, кесип ж.б.) же коомчулуктары менен теңөөсү. Мындай коомчулуктарда адамдардын негизги талаптары ишке ашырылат (эң жөнөкөйүнөн чыгармачылыкка чейин). Өзүн кимдир бирөө менен же бир нерсе менен теңештирүү жалпы сыпаттарды классификациялоо жана жалпылаштыруу аркылуу ишке ашышы мүмкүн. Бирок, идентификация башка бирөөнүн жүрүш-турушун көчүрүп алуу, башка адамга өтө окшогусу келүү катары каралышы мүмкүн.

XXI к. татаал коомчулукта көптөгөн жеткиликтүү идентификациялар бар. Буга жынысты өзгөртүү мисал боло алат.«Өздөрүнүн» группасынын жана коомчулуктарынын иденттешүүсү «башкалардан» же «чоочундардан» алыстоону, өздөрүнө туура келген жүрүш-турушдарды жана карым-катнаш түзүүнү туура көрүшөт. Социалдык иденттүүлүк топтор аралык айырмадан гана эмес топтун өзүнүн гомогендигинен да көз каранды. Инсандын социалдык иденттүүлүгү ар түрдүү социалдык абалдардын иерархиялык жыйындысын өз ичине камтыйт, алардын ичинде негизги жана экинчи даражадагы, борбордук жана перифериялык абалдар бар. Инсандын социалдык иденттүүлүгү бүтүндүккө жана позитивдүүлүккө умтулат жана коомдун социомаданий контекстине негизделет.

Инсандын социалдык иденттүүлүк процессинде топту жана анын сыпаттарын өзүнчө квалификациялоо жүргүзүлөт. Индивид өзүн-өзү идентификациялаган «өздүк» группа позитивдүү өзүн-өзү реализация кылуу үчүн мүмкүндүк берүү керек, анткени индивид стабилдүү иденттүүлүктү

колдоого умтулат. Мындай идентификация интоптук фавортизмдин мүнөзүн алып жүрүшү мүмкүн. Эгер башка топтор менен салыштыруу натыйжалуу болбосо «өздүк» топту баалоо негативдүү болот, позитивдүү идентификация бул жерде көрсөтүлбөйт. Мындай учурда позитивдүү социалдык иденттүүлүккө жетүүгө багытталган индивиддин социалдык жүрүш-турушунун түрдүү стратегиялары колдонулат: 1) социалдык мобилдүүлүк, мында адам өзүнүн группасын таштап, статусу жогорураак группа өтүүгө умтулат; 2) социалдык чыгармачылык; 3) социалдык конкуренция, мында көпчүлүк менен түздөн-түз конфликт өсүшү мүмкүн. Бардык стратегиялар белгилүү социалдык тобокел менен байланышкан, иденттүүлүк кризиси жана четке кагылган иденттенттешүүнүн калыптанышы менен коштолушу мүмкүн [45].

**Адамдын социалдык иденттүүлүгү жана аны изилдөө мүмкүнчүлүктөрү.** Социалдык иденттүүлүк түшүнүгү эки илимге кирет, психологияга жана социологияга. Психология жактан алып караганда, социалдык иденттүүлүк – инсандын иденттүүлүгүнүн же «Мен-концепциясынын» бөлүгү, адамдын структурасынын элементтеринин бири. Мында түшүнүк жалпы психологиялык теориялык билим системасына кирет (Э.Эриксон, Дж.Марсиа, М.Заваллони ж.б.) Ошол эле учурда суроо пайда болот: идентификация структураны сүрөттөп жазуунун бир формасы катары түшүнүлөбү же жүрүш-турушдун түрдүү аспектилерин түшүндүргөн механизмдин, принциптин рангына көтөрүлөбү?

Көптөгөн изилдөөчүлөр социалдык иденттүүлүктү Мен-салыштырмалуулугунун деңгээлдеринин бири катары карашат. Негизинен, социалдык иденттүүлүк бул мааниде өзүн-өзү сүрөттөө, презентациялоо, адам өзүн сырткы дүйнө менен салыштырып өзүнө кам көрүү ярлыгы. Социалдык иденттүүлүктүн түрлөрүнүн арасында социалдык группалар, социумдагы жыныстык иденттүүлүк, этникалык, кесиптик баалуулуктары бар.

Башка жактан алып караганда, иденттүүлүктүн ар бир түрү адам ишмердүүлүгүнүн регуляторундай «ички рубрикат» боло албайт. Адамдын

иденттүүлүгү кандай экенине жараша баалуулуктарды жана нормаларды, кызыгууларды жана принциптерди, стереотиптерди жана багыттарды кабыл алган жана четке каккан жүрүш-турушдун прогноздоо мүмкүн. Социалдык иденттүүлүк социалдык топко кошулгандыгын түшүнгөндө, анын баалуулуктарын, нормаларын, багыттарын кошо кабыл алгандыгын билдирет.

Өзүн белгилүү бир социалдык топко таандык экендиги ошол топтун мүчөсү катары өзүн аныктоону билдирет жана ошол топтун бүт мүчөлөрүн мүнөздөгөн өзгөчөлүктөрдү өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен айкалыштыруу керек. Бул өзүн-өзү аныктоо иденттүүлүктүн түрдүү моделдерине алып келиши ыктымал, топтук өзгөчөлүктөрдү толук түрдө кабыл алуудан же чечкиндүү түрдө четке кагууга чейин; өз учурунда жаңы социалдык иденттүүлүктү издөө катарында провакицияланышы мүмкүн.

Социалдык иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрү интегративдик мамилени теортикалык карап чыгууга жана аны изилдөө үчүн ыкмаларды интегративдик тандоого колдонуу зарылчылыгын бышыктайт.

Мындай интеграция, биздин көз караштa, төмөндөгүдөй негизги багыттар боюнча ишке ашат. Инсандык жана социалдык иденттүүлүктү интегративдик карап чыгуу социалдык реалдуулукта инсандын өзүн-өзу аныктоонун бири-бирине таасир этүүчү жана бири-бирин толуктап туруучу өз ара байланышкан эки аспектиси болуп саналат. Ошол эле учурда инсандык иденттүүлүк индивидуалдык-спецификалык өзгөчүктөрдү камтыйт. Социалдык иденттүүлүк – белгилүү бир социалдык топко таандык болгондугунун натыйжасында бөлүнгөн өзгөчөлүктөр. Ошол эле учурда индивидуалдык өзгөчөлүктөр белгилүү бир социалдык контекстте индивидуалдык жашоо тажрыйбасынын өнүгүүсүнүн негизинде жана социалдашуунун жүрүшүндө өздөштүрүлгөн аппараттын жардамында өзүн-өзү иденттештирүүнүн субъекти тарабынан концепцияланат. Башкача айтканда, инсандык иденттүүлүк социалдык болуп саналат,иденттүүлүктүн бир эле элементи же инсандык өзгөчөлүк катары, же болбосо социалдык өзүн-өзү таандык деп эсептөө болуп саналат. Бул, айрыкча, топтун алкагынан чыгуу

кыйын экендигинде ачык байкалат. Социалдык жана инсандык иденттүүлүктүн чектелиши иденттүүлүктүн феноменин толук карап чыгуу үчүн зарыл болуп саналат.

Мындан ары, конкреттүү индивидге ар дайым актуалдуу иденттүүлүк керек деп айтууга болот. Демек, бул учурда индивид өзүнүн нормаларын, баалуулуктарын сезип-туюу менен актуалдашат. Башкача айтканда, баалуулуктардын иерархиясы константа болуп саналбайт, ал актуалдуу иденттүүлүккө жана жүрүш-туруш моделдерине жараша кайра түзүлөт.

Социалдык иденттүүлүк – бүткүл дүйнөдөгү жана бир өлкөдөгү атуулдардын ишмердүүлүгүнүн социалдык, экономикалык жана саясий шарттарынан көз каранды болгон инсандын аң-сезиминин элементи. Экономикалык, саясий, маданий жана азыркы динамикалык шарттарын башка проблемалары идентүүлүктүн суроолору деп айтууга болот. Мындан сырткары, көп конфликттер иденттүүлүк, маданияттардын жана баалуулуктардын айырмалары менен байланышкан. Социалдык иденттүүлүк топтор аралык мамилелердин негизи катары гана каралбастан, адам өзүнө кабыл алган коомдогу ишмердүүлүктүн индивидуалык өздөштүрүүнүн, тарыхтын жана маданияттын белгилүү критерийи катары да каралат.

Социалдык иденттүүлүктүн эмпирикалык изилдөөлөрүнүн салты баарынан мурда А.Тэджфелдин эмгектеринде каралган, анда адам өзүн кандайдыр бир социалдык топко кошуу механизми изилденген. Бул багыт согуштан кийинки убактагы жаны социалдык коомчулуктардын түзүлүүсүнүн проблемалары менен байланышкан. А.Тэджфелдин аныктамасы боюнча социалдык иденттүүлүк индивиддин социалдык топко жекече таандыгы жөнүндөгү билимдеринен болуп жаткан индивидуалдык Мен-концепциясынын бөлүгү катары каралат [16]. Иденттешүүнүн негизги мотивациясы катары максат-тилектин башка түрлөрү менен толукталган өзүн-өзү сыйлоону белгилеп өтүү маанилүү.

Социалдык иденттүүлүк инсандын социалдык конструктарынын системасы болгон бирдиктүү динамикалык билим берүү катары турат. Ал

социалдык салыштыруунун, өз ара карым-катнаштын жүрүшүндө, социалдык чөйрөдөгү өзүнүн ордун кайра карап чыгуу жагдайларына дуушар болгон субъект тарабынан конструкцияланат. Бул системанын жарамдуулук фокусу социалдык шарттарга адаптациясын камсыздоого багытталган. Психологияда социалдык иденттүүлүк изилдөөлөрдүн жаш областы болуп саналат. Кеңири таралган көз караштарга ылайык социалдык иденттүүлүктүн структурасына идентификациялык мүнөздөмөлөрдүн көп түрлөрү кирет: үй-бүлөлүк, жыныстык, куралык, кесиптик ж.б. Алардын арасында атуулдук иденттүүлүк маанилүү орунду ээлейт [36].

Коомдун социалдык-саясий жана экономикалык структурасынын трансформациясы инсандар аралык жана топтор аралык байланыштардын үзүлүшү, конфликттер жана башка проблемалуу көрүнүштөр менен коштолот. Мындай шарттарда, атуулдук иденттүүлүк индивид өзүн мамлекеттин, ресурстарга аң-сезимдүү мамиле кылуунун жана социалдык байланыштарды орнотуудагы активдүүлүктү өнүктүрүүнүн ишмердүүлүгүнө позитивдүү кошуусунун фактору болуп эсептелет.

Жарандык иденттүүлүк көптөгөн изилдөөлөрдө этникалык иденттүүлүк менен бирдей каралат. Бул түшүнүккө көбүнчө коомдук өзгөрүүлөрдүн инсандын аң-сезимине таасир этиши жөнүндөгү суроолорду изилдегенде кайрылышат, себеби социалдык иденттүүлүктүн бул элементтери өлкөдөгү же бүткүл дүйнөдөгү саясий абалдардан жогорку деңгээлде көз каранды.

Иденттүүлүктүн  бул түрлөрүн талдоого арналган иштерди салыштыра турган болсок, этникалык иденттүүлүккө салыштырмалуу жарандык иденттүүлүк изилдөөлөрдө көбүрөөк учурайт. Жарандык иденттүүлүк психологияда татаал жана белгисиз түшүнүк болуп саналат, себеби азыркы илимдин талаш-тартыштуу түшүнүктөрүнүн бири болгон улут түшүнүгү менен айкалышат. Жалпы түрдө улут деп аймагынын, экономикалык байланыштарынын, адабий тилинин, маданиятынын этникалык өзгөчөлүктөрүнүн жана мүнөзүнүн калыптануусундагы чогулган адамдардын жалпылыгы деп түшүнүшөт [91].

Англис тилиндеги адабиятта улут – мамлекеттин жана анын жарандарынын синоними деп айтылат. «Encyclopedia Americana» аны төмөндөгүдөй түшүндүрөт. Улут – топко лоялдуулуктун башка чыр-чатактуу формаларынан бийик турган лоялдуулукту койгон, өзүн-өзү топ же жалпылык деп эсептеген адамдардын чоң тобу. Адатта улутка төмөнкү өзгөчөлүктөрдүн бири же бир нечеси таандык: тил, маданият, дин, саясий жана башка институттар, тарых. Улут негизинен ыңгайлуу аймакты тандайт.

Түшүнүктөрдү салыштырып: этнос жана улут, алардын жакындыгына маани беребиз. Этнос (этникалык жалпылык, грек. ethnos – эл) топтук иденттүүлүккө жана этникалык аң-сезимге ээ жана маданий фонддун уникалдуу мүнөздөмөлөрү менен айырмаланган тарыхый калыптанган социалдык жалпылык.

Мамлекет курамына көп улуттарды камтышы мүмкүн. Улуттун курамын түзүп турган адамдарда көбүнчө улутчулдук сезими калыптанат. Эгерде улут мамлекеттик деңгээлде улут статусуна жетсе, анда саясий түзүлүш калыптанат, иденттештирүү улутту коргойт жана улуттук институттардын калыптанышына түрткү берет. Эгерде адамдардын тобу улуттун бардык сапаттарына ээ болуп, бирок эркиндиги жок болсо, анда алар чоң мамлекеттин курамындагы канааттанбаган азчылык катары жүрө берет.

Жарандык иденттүүлүк өзүн улут деп айта алган жалпылыкка топтук мүчө болуу сезиминен келип чыгат. Бул иденттүүлүк себептүү адамдар физикалык контакттардын жетишсиздигине карабастан өздөрүн бирдиктүү деп эсептешет. Анткени, алар бир тилде сүйлөшөт, бир аймакта жашашат, ошол жердеги экосистемага көнүп калышкан. Аларды көптөгөн салттар, өздөрүнүн тарыхындагы азыркы учурда сыймыктана турган улуттун жетишкендиктери же тескерисинче ийгиликсиз окуялары бириктирип турат.

Жарандык иденттүүлүктүн психологиялык жаратылышы жөнүндөгү суроо татаал болуп саналат. Эмне үчүн жарандык мүнөздөмө келип чыгат? Мамлекет башкарууда индивиддин катышуусу менен байланышкан деп логикага ылайык бомолдойбуз. Бирок, бардык эле жарандар мындай

талаптарды баштан өткөрө бербейт. Жарандыкты тарых жана жаратылышпайда кылбайт, аны социалдык келишим пайда кылат. Жарандык иденттүүлүк адам коомунун бөтөнчө «ойлоп табуусу» болуп саналат, анын саясий маанилүүлүгү «үйдө болуу» («быть у себя дома») сезимин колдоо менен, жеке мүлк, ишеним, максатка умтулуу сезимдери менен байланышкан.

«Мамлекеттерсиз глобалдык коомду түзүүгө мүмкүнбү?»- деген суроо психологдор үчүн эмес. Жарандык иденттүүлүк канчалык деңгээлде терең тамыр жайылта алышы – психологиялык изилдөөлөрдүн предмети болуп саналат. Мамлекеттер арасындагы реалдуу чек аралардан сырткарысубъекттердин социалдык иденттүүлүгүнүн структурасы менен байланышкан психологиялык чек аралар да бар.

Социалдык иденттүүлүк интеграция жана дифференциация процесстерине негизделген. Аларда өздөрүн жалпылыкка таандыгын жана ошол эле учурда башкалардан айырмаланып тургандыгы тууралуу сунуштар чагылдырылат. Ошондуктан, иденттүүлүктүн тигил же бул түрлөрүндө камтылган интеграциялоочу же дифференциациялоочу кандай сапаттар бар экендигин түшүнүп алуу маанилүү.

Этникалык жана жарандык иденттүүлүктөр социалдык иденттүүлүктүн түрлөрү катары этноско же мамлекетке тиешелүү индивид экендигин түшүнүү деген гана маанини билдирбестен, «биз» деген жалпылыктын биримдигин жана бүтүндүгүн «алар» деген башка жалпылыктар аркылуу да билдирет [73]. Багыт алуу, стереотиптердин деңгээлиндеги улуттук аң-сезимибизде элдердин жашоо түрү, стили, алардын нормалары, баалуулуктары чагылдырылат.

Иденттүүлүктү реалдаштыруу каражаты катары этникалык жана жарандык иденттүүлүккө ылайык салттуу изилденген консолидациялоочу жана ажырымдоочу белгилер боло алат. Этноконсолидациялоочу белгилери катары келип чыгышы, тили, салттары, жалпы тарых, мүнөздөрүнүн жана жүрүш-турушунун өзгөчөлүктөрү, сырткы көрүнүшү жана дини боло алат. Этнодифференциялоочу белгилери: расалык белгилери, маданиятынын мүнөзү (тил, дин, искусство, ырым-жырымдар, үрп-адаттар ж.б.)

Жарандык иденттүүлүк көп изилденсе да, көптөгөн суроолорго эмпирикалык текшерүү керек. Социалдык капиталдын көйгөйлөрүнүн контекстинде жарандык иденттүүлүк адамдардын аң-сезиминде кандай сиңирилерин жана иденттүүлүктүн башка мүнөздөмөлөрү менен кандай айкалышарын түшүнүп алуу маанилүү.

Социалдык иденттүүлүктүн түрдүү компоненттеринин айкалышуу көйгөйү жана алардын жарандык жана этникалык категориялардагы орду эмпирикалык планда начар илиденген бойдон калууда.

Коюлган суроолордун эмпирикалык текшерүүсүндөгү кээ бир мисалдар:

А) Азыркы адамдардын аң-сезиминде жарандык иденттүүлүк кандай орунду ээлейт жана акыркы жылдары ал кандай өзгөрүп жатат?

Б) Социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөнүн кандай элементтери жарандык иденттүүлүгүн консолидациялагандардын санына таандык?

Жарандык иденттүүлүктүн экономикалык жана кесиптик мейкиндикти бирдиктүү ишке кошуу жолу менен коомдун интеграциясынын принциптерин түшүнүүгө байланышкан мааниси болушу ыктымал. Ошондуктан, өзү жашап жаткан мамлекеттин шарттарында индивиддин профессионалдык, экономикалык жана социалдык өнүгүүгө жетиши жарандык иденттүүлүктүн натыйжасы болот. Жарандардын коомго өзүнүн таандык экенин позитивдүү моюнга алганда индивиддер ресурстардан пайдалана алышат, мамиле курушат, соиалдык структурага кошула алышат, жана дагы өз ара жардамдашуунун жана бири-бирине ишенимдин потенциалы күчөйт.

Жаштардын социалдык иденттүүлүгү. Жаштардын социалдык иденттүүлүгү топтун социалдык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланышкан белгилүү бир специфика менен дайыма белгиленет. Жаштар социологиясында индивид өзүн социалдашууга мүнөздүү группа же адам менен теңөө процесси катары идентификация түшүнүгү калыптанган. Социалдашуу процессинде социалдык иденттүүлүктүн сапатын аныктоочу үзгүлтүксүз идентификация жүрөт. Ошондуктан, социалдык иденттүүлүк белгилүү деңгээлде социалдашуунун жыйынтыгы, эң активдүү фазасы социомаданий системага тиешелүү базалык нормалар жана баалуулуктарды өздөштүрүү мезгилине туура келет. Идентификация болсо бул жерде

инсандын социалдашуусундагы механизмдеринин бири катары каралат. Жаштар социалдашуу жана иденттешүү процессинде түрдүү жүрүш-туруш моделдерин, типтерин, стандарттарын, социалдык ролдорду сынап көрөт, коомдун социомаданий контекстиндеги иденттешүүнүн кеңири спектрлеринен тандап алат. Эреже катары, социалдашуу процессиндеги калыптанып жаткан идентификациялар институтташтырылган (үй-бүлө, билим берүү, экономика) мүнөздү алып жүрөт жана жүрүш-туруш институтуна дал келүүчү стандарттар аркылуу жүзөгө ашырылат.

Коомдун институттук түзүлүшүндөгү кескин өзгөрүүлөр жана бузулуулар иденттүүлүктүн кризисине жана иденттешүүнүн жоголушуна алып келет. Биринчи кезекте бул жаштарга таасирин тийгизет. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн түзүлүшүтатаал жана карама-каршы. Бүгүнкү күндөгү «жаңы» социалдык группалардын (кедейлер жана бизнес-элита, бомждор жана саясий лидерлер, криминалдык группалар, салттуу эмес динди тутунган топтор ж.б.у.с.) көпчүлүгү жаштар өзүнө бат сиңирип алуучу жүрүш-туруш үлгүлөрүн, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн жана айырмачылыктарын социалдык иденттешүүнүн мейкиндигине алып киришет. Ошондуктан, жаштардын социалдык иденттүүлүгүн окуп-үйрөнүү проблемасы жана коомдогу социоидентификация процессинин динамикасын толугу менен изилдөө анык социалдык прогноз үчүн абдан керек.

# II. ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ: ИЗИЛДӨӨ УСУЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## §2.1. Адамдагы инсандык, социомаданий жана жарандык иденттүүлүктөр

Диссертациялык изилдөөнүн **объектиси** жалпы жарандык иденттүүлүк, ал эми **предмети** – Кыргызстандагы түрдүү этностук топтордогу жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн абалы.

**Диссертациянын методологиялык негизи** катары түзүлүштүк-кызматтык парадигма, иденттүүлүк теориясы, ал эми эмпирикалык социологиялык изилдөө усулу катары массалык *сурамжылоо* колдонулган. Ошондой эле *документтерди талдоо* жана *байкоо* жүргүзүү ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн алгачкы сандык маалыматтары компьютердик SPSS программасында (22 версиясы) кайрадан иштетилип, эсептелген. Тандап алуу квоталык ыкма менен түзүлүп, тандалган жалпылык өзүнө 1200 адамды камтыды.

Изилдөө иштин заты болгон иденттүүлүк маселеси XX кылымда коомдук илимдердин көңүл чордонунда туруп, алардын негизги изилдөө маселелеринин бирине айланган. Бүгүнкү күндө социологияда илиминде иденттүүлүк борбордук орунду ээлеп, ал инсандын дүйнө таанымын мүнөздөгөн категорияга айланды. Бул түшүнүк аркылуу социогуманитардык илимдердеги терминологиялык вакуум толукталып, а бирок, концептуалдык жактан иденттүүлүк маани-мазмундук тактыкка жетишүүдөн алыс.

Инсандагы иденттүүлүктөрдү талдай турган болсок, биринчи кезекте иденттүүлүккө байланыштуу теориялык жана методологиялык көз караштарда орун алган өзгөрүлмө пайдубалга саресеп салалы. Иденттүүлүк категориясы универсалдуу мүнөздө болгондугуна карабастан, анын маанисиде тактык жок. Натыйжада көптөгөн теориялык талаш-тартыштарды жаратып, окумуштуулардын көңүл борборунан орун алды. Кайсы бир

мааниде анын татыктуу өз баасын алышы түрдүү коомдордо иденттүүлүктүн өзгөчө актуалдуу көйгөйгө айланышы менен байланыштуу.

Иденттүүлүк менен байланышкан маселелер инсандын өздүгүн аныктоо, коомдун консолидация маселеси болуп саналат, демек бул илимий-практикалык маселе. Ошондуктан, учурда иденттүүлүктүн маани-маңызын аныктоо илимдер аралык мамилени талап кылып, анын чегинде социалдык, саясий, экономикалык, маданий жана психологиялык факторлордун иденттүүлүккө тийгизген таасирлерин комплекстүү кароо мүмкүндүгү түзүлөт. Бул концепт инсандагы өздүгүн аныктаган түшүнүктөрдүн чектерин белгилеген ары татаал, ары чиеленген илимий категория. Ошондуктан иденттүүлүк түшүнүгүн талдоодо социологдордун эмгектерине таянган менен, алар аркылуу чектелип калуу туура эмес. Аны иликтеген башка коомдук илимдердин өкүлдөрүнүн эмгектерине да кайрылуу мыйзам ченемдүү жана изилденип жаткан маселени терең, ар тараптуу ачып берүүнүн зарыл шарты десек жаңылышпайбыз.

Заттарды аныктоодо илимде кеңири практикаланган нерсе бул анын жекече, өзгөчө белгилерин таап чыгуу. Аныкталуучу буюмдун же заттын жекече өзгөчөлүгү аны башка заттар менен алмаштырууга болбой турган белгилерин камтыйт. Аларды белгилүү окумуштуу А.И. Улемов «заттын чек арасын» [99, 7-б.] түзгөн түшүнүк катары сыпаттап, бир затты экинчиси менен чаташтырбаганга мүмкүндүк берүүчү айырмачылыктар деп белгилеген. Анын көз карашында, нерселерди айырмалоого шарт түзгөн негизги өзгөчөлүк мейкиндиктеги чек арасы болуп, ал нерселердин мейкиндикте кошулуп кетүүдөн сактап, биз сезүү органдарыбыз аркылуу бул чектин негизинде нерселерди айырмалап кабыл алып, аң-сезимибизде аралышып кетпей кабылдоого мүмкүндүк алабыз. А. Улемов дагы бир өзгөчөлүккө көңүл бөлгөн: нерсенин мейкиндиктеги үзгүлтүксүздүгү же нерсенин бир калыпта сакталышы үчүн, андагы ички өзгөрүүлөрү үзгүлтүксүз мүнөздө болуш керек. Тактап айтканда, анын пикири боюнча, нерсенин мейкиндиктеги (чек ара)

жана убакыттагы (үзгүлтүксүздүк) туруктуулугу ар кандай нерсенин бирдейлигин, бирдиктүүлүгүн камсыз кылуучу шарт. [99, 5-б.]

Нерселердин мындай бирдейлиги, иденттиги инсандагы иденттүүлүккө туура келбейт. Анткени инсандын иденттүүлүгү татаалдыгы боюнча да, масштабы боюнча да заттардын иденттүүлүгүнөн көп эсеге ашып түшөт. Так илим болгон математикада, логикада бири-бирине изоморфдук маанилеш болгон нерселерди социалдык-гуманитардык илимдерде иденттүүлүк түшүнүктөрдү катары кароо туура болбойт. Анткени бирдейлик түшүнүгү иденттүүлүк түшүнүгүнө дал келбейт. Коомдук илимдерде иденттүүлүктүн өзгөчөлүгү катары анын диллемма түрүндө жашашын айтууга болот. Башкача айтканда, иденттүүлүк статикалык жана динамикалык мүнөздөргө ээ. Ал, бир жагынан, өзгөрүлбөгөн, тубаса берилген, экинчи жагынан, динамикалык, зарыл талапка жараша өзгөрүлүүчү сапат.

Белгилей кетүүчү нерсе, иденттүүлүк муктаждыгы адамзатка гана таандык өзгөчө сапат. Иденттүүлүктүн мындай адамзаттын шыбагасына гана таандык мүнөздүк белги экендигин белгилүү психолог Э.Фромм жакшы ачып берген. Ал инсан тууралуу “өзүн өз алдынча чоң катары сезген жана “Мен” деп айта алган жандык” деп мүнөздөп кеткен. Жаратылышынан өзгөрбөгөн, өзүн аңдап баамдай албаган жаныбарлар жаратылышка жуурулушуп, аларга иденттүүлүк зарылдыгы жок. Адам жаныбарлардан өзгөчөлөнүп аң-сезимге, өзү жөнүндө эс-тутумга ээ. Ал “Мен деген бул Менмин” деп айтып, сезе билген [104, 477-б.] табияты менен жаныбарлардан обочолонуп айырмаланган жандык.

Инсандын иденттүүлүк жана окшоштук (жалпылык) маселелери классикалык философияда да байкалат. Философиянын башатында бурган байыркы грек философфтору Платон, Аристотельден тартып Жаңы доордогу немецтик классикалык философиянын негиздөөчүлөрү И.Кант, Г.Гегелге чейин инсандын аң-сезим маселесине кайрылышкан. Алар аң-сезимди адамдын өзүн аныктоочу, өз өзгөчөлүгүн таанып билүүчү куралы катары

карашып, иденттүүлүк терминин колдонушпаса да, иденттүүлүк кубулушуна кайрылышкан.

Бул маселеге кайрылган көптөгөн ойчулдар үчүн адамдын өзүн-өзү аңдап билиши, аң-сезимдүү таанышы индивиддин өз иденттигин түшүндүрүүнүн жалгыз эмпирикалык каражаты болгон. Инсан эс-акылы менен өзүнүн "Мен" иденттигин субъективдүү тажырыйбанын негизинде тааныйт. Инсандын аң-сезими бардык образдарды синтездөөчү күч болуп, анын ичинде индивиддин "өздүгүн" да кабылдап, аны башка индивиддерден бөлүп айырмалап турат. Адамдын аң-сезими анын дүйнө таанымын калыптандырып, жашоо активдүүлүгүн аныктоо менен инсан катары мүнөздөөчү жөндөмдүүлүк экендигин философтор белгилешкан. Аң-сезим адамга өзүн субъект катары ички жан дүйнөсүн, жашоодогу ээлеген ордун аныктоого негиз болот. Адамдын аң-сезимдүү түрдө өздүгүн аныкташына байланыштуу пайдубалдык негиздерди, анын "мен" жана "алар" (мен эмес, башкалар) түшүнүктөрүнүн чек араларын аныктоого байланышкан көйгөйлөр Д.Юм, Дж.Локк, Дж.Беркли сыяктуу эмпириктердин эмгектеринде жана ошондой эле, рационалисттер деп аталган И.Кант, Г.В.Гегель сыяктуу немецтик классикалык философия өкүлдөрүнүн чыгармаларында терең изилденген.

Жыйынтыктап айтканда, индивиддин иденттүүлүгүнүн туруктуу чен-өлчөмүн түзгөн онтологиялык мүнөздөмөлөрү катары жан, абсолют, идея категориялары көрсөтүлүп, алар инсанга тиешелүү деп белгиленген. Бул иденттүүлүктүн маңыздык негиздери инсандын салыштырмалуу сапаты катары эмес, анын абсолюттук мүнөздүк сапаттары деп аныкталган. Р.Лэйнгдин пикири боюнча, инсан үчүн иденттүүлүк онтологиялык ишенимдүүлүктү башынан өткөрүү аркылуу, «өзүн-өзү талашсыз негиздөөчү белгилүүлүктү» шарттайт [66, 33-б.].

Иденттүүлүк маселесин, жогоруда айтылгандай классикалык көз караштан айырмаланган, жаңыча мамиледе карап, андан айырмаланган көз караштa өнүктүргөн философтор да болгон. Мисалы, англис философу

Дж.Локк индивиддин өздүгүн таанышынын маанилүү шарты катары эс тутумду көрсөтүп, иденттүүлүк маселесинде убакыттагы үзгүлтүк/үзгүлтүксүздүк көйгөйүн алып чыккан. Анын пикири боюнча, инсандын субстанциялык негиз менен кошо үзгүлтүксүз жараян коштойт [63]. Алгач Аристотелде башат түшүнүгү менен берилген субстанцияга байланыштуу мындай көз караштардын нугунда Дж.Локктун окуусу айырмаланып турат. Анткени, аларда адамдагы инсандык бирдейлик анын өздүгүнүн өзгөрүлбөй сакталуучу субстанциясы катары каралган. Ал эми Дж.Локк иииндивиддин иденттигинин  сакталышы андагы материалдык жана материалдык эмес субстанциялардын бирдейлигинде эмес, аң-сезимдин (эс-тутумдун) бирдейлигинде деген тезисин айткан, башкача айтканда, инсандын бирдиктүүлүгү, өздүгү анын өзүнүн башынан кечиргендерин, кылык-жоруктарын эстегендигинде. Анын бул тезиси көптөгөн жолун жолдоочу окуучуларын тарткан. Акыйкаттык үчүн айта кетсек, Дж.Локктун эс-тутум жөнүндөгү теориясы замандаштары болгон Т.Рейд жана Д.Батлердин курс сынына кабылган. Алар экөө убакыттагы индивиддин иденттүүлүгүнүн туруктуу өзөгү жөнүндөгү субстанция түшүнүгүнөн Дж.Локк четтеп кеткен деп белгилешкен [караңыз: 63].

Адамдын жеке өзгөчөлүгүн аныктоочу индивиддин аң-сезиминин кайталангыс, өзгөрүлбөс, өз алдынчалык сапаттары аркылуу инсандын иденттүүлүгү анын негизги сапаты катары чыгат. Индивиддин иденттүүлүгүнүн камсыз кылган негизи катары аң-сезим жөнүндөгү классикалык философиянын түшүнүктөрү азыр да өз маанисин жоготкон эмес. Адам өсүп-өнүгүшүндө өзүнө өзүнүн дал келиши, окшоштугу болгон иденттүүлүк инсандын айлана чөйрө, курчап турган дүйнө менен бардык байланыштарынын туруктуу мүнөзү. Бирок бул анын иденттүүлүгүнүн бир жагдайы болуп, иденттүүлүк категориясынын маани-маңызынын бир тарабын жетиштүү ачып бере алат.

Илимде иденттүүлүк маселеси өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, XX кылымдын экинчи жарымында социалдык-гуманитардык илимдердин

борбордук изилдөө темалардын бирине айланган. Адам, инсан, индивид темасын изилдеген бардык эле багыттар, мектептер бул илимий маселе кайрылышкан,, кээ бир багыттар үчүн иденттүүлүк ой толгоолордун, изденүүлөрдүн негизги предмети болуп калган. Мисалы, психоанализде З.Фрейд жана К.Г.Юнг, франкфурт мектединде Т.Адорно, экзистенциализмде М.Хайдеггер жана Ж.-П.Сартр, феноменологияда Э.Гуссерль жана Л. Шюц үчүн, ошондой эле Э.Эриксон, П.Рикердин чыгармачылыгында иденттүүлүк өзөктүк маселе болуп эсептелет.

Орус изилдөөчүсү В.С.Малахов илимде иденттүүлүк маселесинин коюлушу “айырмалоо философиясынын” өрчүп-өнүгүшүнөн тышкары “бирдейлик философиясынын” басаңдап өчүшү менен байланыштуу деп белгилеген. Көп түрдүүлүктү аныктоо зарылдыгы адам жана дүйнө жөнүндөгү субстанциялык түшүнүктөрдөн баш тартууга алып келген [67]. Постклассикалык философияга таандык жаңы парадигмага ылайык инсандык туруктуулук жана анын ишмердиги бүтүндөй рефлекцияланат. Иденттүүлүк рефлекцияланган (чагылдырылган) тартиптештирилген философиялык багыт экзистенциализм десек жаңылышпайбыз. Бул багыттын негизги идеясы бүтүндүктү издөө, чыныгы өздүктү аныктап, табуу болуп саналган. Индивиддин өздүгү аң-сезимдин абалына жараша рефлекцияланып, иденттүүлүк аркылуу инсан бүтүндүккө, терендикке ээ болот. Экзистенциалисттик философия өздүк түшүнүгүн эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнө жайгаштыруу менен индивиддин иденттүүлүгүн инсандын аутенттүүлүгүнө айландырган. Адамдын өздүгүн аныктоого (аутенттүүлүккө карай) жолу түрдүү кризистик абалдарды баштан кечирүү аркылуу жүрүп, эркин тандоо мейкиндигиндеги чындык менен жалгандын өз ара күрөшү инсандык иденттүүлүктөгү чыңалууну жаратат. Маселенин мындай тараптан коюлушу иденттүүлүктү табууда, аныктоодо классикалыктан айырмаланган жаңы мүмкүнчүлүктөрдү пайда кылган. Бирок экзистенциализм классикалык “бирдейлик философиясынан” толук бошоно алган эмес. Постмодернизм гана андан толук кол үзүп, аутенттүүлүктү издебей, иденттүүлүктү жаңы илимий

категориялардын (“айырма”, “башка”, “өзүнө окшогондук/окшобогондук”) жардамы менен талдаган [113, 55-б.]. Постмодернисттик илимий талаш-тартыштарда басымдуу көпчүлүктүн пикири боюнча иденттүүлүк түшүнүгү өзүнө түрдүү ролдорду камтыйт. Бул мааниде иденттүүлүк адам басып өткөн өмүр жолундагы түрдүү окуяларды, анын жашоосундагы баалуулуктардын иерархиясы менен байланышта изилденет. Анда иденттүүлүк кризисинин ээлеген орду каралбай калган, а түгүл, иденттүүлүктүн өзү созулган “кризис” катары каралган. Жыйынтыктап айтканда, индивиддин иденттүүлүгү коомдун өнүгүшүнүн ар башка мезгилдеринде түрдүү бааларды алган. Айтсак, постмодернизмдин өкүлдөрүнүн пикири боюнча адамдын аракети, ишмердүүлүгү телегейи тегиз, бүтүндүккө умтулуу. Демек, индивиддин иденттүүлүгү бүткөн туруктуулук эмес, кыймылдагы, өнүгүүдөгү процесс экендиги кабыл алынган. Иденттүүлүк, ошондуктан, бир эле учурда инсандын калыптануу процесси, ал процесстин маңызы, натыйжасы, анын жашоосу десек болот.

Индивиддин иденттүүлүгүнүн түзүлүшүндө эки учурду белгилей кетишибиз шарт. Биринчиси, idem – мында иденттүүлүк инсандын өздүгүнүн негизги мүнөздүк белгиси же өзүнүн мейкиндиктеги жана мезгилдеги өзгөрүлгүс нерсе катары түшүнүшү. Бул иденттүүлүктүн  менталдык жана соматикалык өңүтү, башкача айтканда, адамдын эс-тутуму, аң-сезими аркылуу башкалардын өзүнө берген баасын аңдап билиши, өзүнүн дене-боюн бүтүндүк түзүлүш катары кабыл алышы. Экинчиден, ipse - мында иденттүүлүк инсандын өзгөчө мүнөздүк белгилери же анын жекече кайталангыс сапаттарынын жыйындысы. Бул өңүттө иденттүүлүк инсандын өзүн башкалардан айырмалашы, өзүн таанып билиши, ой-максаттарына жетүү үчүн социалдык мамилелердин нугундагы ишмердүүлүгүнүн негизинде калыптанат. Бул эки өңүттүн тогосунда инсандын иденттүүлүгү жаралып, анын өздүгү, бүтүндүгү калыптанат. Изилдөөчүлөр иденттүүлүктүн маани-маңызын ачып берүүдө, индивиддин өздүгүн социалдык мамилелердеги иш-аракеттери аркылуу иликтешкен. Бул мамилелердин чегинде адам өзүн түрдүү

топторго кошуп, бир катар социалдык топтор менен өзүн иденттештирүү менен жашоо ишмердүүлүгүндө туруктуу, тең салмактуу ордун тапкандыгын белгилешкен.

Ошол эле учурда инсандын коомдук турмушунда өздүгүн аныктаган чектердин шарттуу мүнөзүн унутпаш керек. Иденттүүлүктүн туруктуулук маселесине кайрылган изилдөөчүлөр анын психологиялык жактан индивиддин бүтүндүгү аныкталгандыгы адамга туруктуу иденттикти калыптандыра тургандыгын айтышкан береты [караңыз:111]. Л.Б. Шнейдердин бул көз карашына советтик окумуштуу И.Кондун пикири да окшош. Ал инсандын өздүгү анын ички биримдигиин көрсөтсө да, индивид жашоосундагы ар башка мамилелердин, көз караштардын чегинде бир катар иденттүүлүктөргө ээ экендигин айткан [53, 64-б.]. Адамдын ички дүйнөсүнө түрдүү факторлор, жашоо шарты, коомдогу мамилелер үзгүлтүксүз таасир кылып, натыйжада инсандын өздүгү да туруктуу аныкталбай, салыштырмалуу өзгөрүлмө мүнөздө.

Иденттүүлүк түрдүү элементтердин биримдигинен куралган. Аны түзгөн компоненттердин биримдиги инсандын жашоосунун маңызын аныктап, турмушунда туруктуулукту камсыздайт. Г.Л. Тулчинскийдин пикири боюнча бул компоненттерге окшоштук, өздүк элестердин, образдардын системасы кирет [98, 201-б.]. Немец окумуштуусу В.Хесле болсо иденттүүлүктү түзгөн элементтерге адамдын дене бою, эс-тутуму рефлекция, жашоо турмушун өзүнүкү катары аңдап билүү жөндөмдүүлүгү кирет [107, 112-123-б.].

Адам оош-кыйыш өзгөрүлмө дүйнөдө жашоо менен, өзү да үзгүлтүксүз иш-аракети аркылуу тынымсыз өзгөрүү процессинде болот. Бирок индивиддин жеке өзгөчөлүгүнүн туруктуу өзөктүк сапаттары аркылуу инсандын иденттүүлүгүн аныктоо мүмкүн. Адамдын көптөгөн өзүн аныктоо элементтеринин биримдигин андагы “инсандык” түшүнүк камсыз кылат.

Адамды инсан катары калыптандыруу ага билим берүү, тил жана баалуулуктарды үйрөтүү менен чектелбейт. Инсан болуу коомдун турмушка,

социалдык мамилелерге жигердүү кошулуу менен байланыштуу. Демек, индивиддин өздүгү анын социалдашуусу, инсандыгы социалдык мамилелерге жигердүү катышып анын акторуна айланышы менен байланышта каралат. Бул учурга иденттүүлүктү иликтеген психологдор да көңүл бурушуп, Э.В. Ильенков инсандын кайталангыс өзгөчөлүгү анын коомдук мамилелер системасындагы орду менен аныкталат [46] десе, ишмердүүлүк концепциясынын түптөөчүсү болгон белгилүү советтик психолог Л.С. Выготский инсандык адамдын “ичиндеги социалдуулук” деп белгилеген [86, 154-б.].

Адамдын “Мен” иденттүүлүгү алдыңкы орунду ээлеп, талашсыз чындык сыяктуу чыкканы менен ал ар дайым мамилелер нугунда сезилет. Мисалы, “өзүм – сен”, “өзүм – биз”, “өзүм – башкалар, мен эместер” карым-катнаштар, мамилелеринин чегинде байкалып, алар адамга төрөлгөндөн эле берилген мамилелердей туюлат. Ошондуктан индивид өзүн башкалар менен салыштырып, чоочун бироолордон айырмалоо менен жеке кимдигин “өзүн” аыктайт. Бирок инсандын иденттүүлүгүн аныктоодо, бүтүн биримдигин түшүнүүдө анын жеке өзгөчөлүгүн көрсөткөн социалдык байланыштардын мамилелердин, шарттардын жыйындысын көрсөтүү жетиштүү болбойт. Себеби, иденттүүлүк эң оболу адамдын ички дүйнөсүнөн, өзү жана жеке өзгөчөлүктөрү тууралуу билгендеринен, баалуулук багыттарынан, максаттарынан, аларга жараша аң-сезимдүү ишмердүүлүгүнөн турат.

Адам дүйнөдөгү өзүнүн ордун туюп, андан өзүн бөлүп кароо үчүн өзүнүн өмүрүнүн өзгөчөлүгүн, убакыттагы үзгүлтүксүз биримдигин көрсөткөн рефлекция жараяны аркылуу “өзүнүн” чектерин аныктайт. Ушул убакыттагы үзгүлтүксүздүк индивиддин өзгөчө өмүр баянын калыптандырып, аны өткөн, азыркы жана келечек учурлардын (максаттардын) биримдиги катары көрсөтөт [караңыз:116]. Ушул өмүр жолу тууралуу эс-тутум, аны менен бүгүнкү күндү, келечекти байланыштыруу аркылуу инсан өзүнүн иденттүүлүгүн аңдап туят [38, 20-21-б.].

Демек, адамдын индивидуалдуулугу анын баштан кечирген тажырыйбаларын өзүнүкү деп кабыл алууну, өзүнүн өзгөчө өмүр жолу катары түшүнүшүн камтыйт. Бул иденттүүлүктү калыптандырууга зарыл шартты түзөт. Ошондуктан, инсандын иденттүүлүктү психологиялык жана социалдык деңгээлдерин кароого болот. Биринчиси аң-сезим, эс-тутум, рефлекция аркылуу өзү жөнүндөгү карама-каршылыксыз, ички айкалыштагы ой-пикирлердин топтомунун деңгээли болсо, социалдык деңгээл – албетте, социалдык мамилелер, карым-катнаштар чегиндеги өзү жөнүндө айлана чөйрөсүндөгүлөрдүн ой-пикирлерин, көз караштарын топтомун камтыйт. Иденттүүлүктүн зарыл шарты бул эки деңгээлдин инсандын жан дүйнөсүндөгү тең салмактуулугу болот.

Адамдын социомаданий иденттүүлүгү аркылуу инсандын маданий жан дүйнөсү жана социалдык мамилелер чегиндеги иш-аракеттери иреттелет. Бул чиеленишкен татаал маселе. Анткени, “социалдык” жана “маданият” түшүнүктөрү өзү илимде так аныкталбаган, азырга чейин талаш-тартыштарды жаратып келе жаткан илимий категориялар. Аларга социалдык-гуманитардык илимдердин чегинде берилген аныктамалар, түшүндүрмөлөр ондоп саналат. Социомаданий иденттүүлүктү түшүнүү, аны түзгөн эки сөздүн – социалдык жана маданий терминдеринин чечмелениши аркылуу ишке ашат. Айтсак, философия маданиятты “адам тарабынан жасалган жашоо чөйрөсү” катары аныктап, ал конкреттүү буюм (символдор) же идеалдуу калыптарда (эмоциялар, сезимдер) болуп, эрк эркиндиги социалдык мамилелердин жөнгө салуучусу болгон моралды калыптандырат [20, 112-б.]. Ал эми социология илими болсо, маданиятты адамдар ортосунда социалдык өз ара аракеттешүүнүн натыйжасында мыйзам ченемдүү негизде коомдун конкреттүү бир тарыхый өнүгүү баскычында калыптанган система деп аныктайт. Ал коомдогу жалпы жашоо эрежелерин, нормаларын, адаттарын жана жүрүш-туруш стандарттарын иштеп чыгуу боюнча социалдык тажырыйбанын башаты жана ошол эле учурда анын натыйжасы да болуп калат. Бул иштелип чыккан эрежелердин, нормалардын стереотиптердин

биригип, система катары уюшулушу коомдогу нарк-насил дөөлөттөрдүн системасын жаратат жана коомдун өзүнө тиешелүү өзгөчө социомаданий мейкиндигин түзөт. Жыйынтыктап айтканда, социология маданиятты талдоодо коомдогу конкреттүү социомаданий системаны калыптандырган элементтерге, түзүлүштөргө көңүл бурган.

Мадания маселесин негизги изилдөө предмети катары санаган антропология илими XX кылымдын 60-80-жылдарындагы иликтөөлөрүнүн натыйжасында маданиятты татаал, өз ара чиеленген эреже-нормалардын, символдордун, стереотиптердин системасы деген жыйынтыкка ээ болгон. Антропология жана психология илимдеринин кесилишинде калыптанган, бүгүнкү күндө дүркүрөгөн өнүгүү жолундагы психологиялык антропология илимий тармагы да маданият маселесине кайрылган. Анын аныктоосунда "маданият – бардык ички компоненттери бири-бирине көз каранды жана өз ара тыгыз байланыштагы, ааламда кабыл алынган материалдык, идеалдык маданий алкакта жаткан психикалык өңүттөгү менталдык, акыл-эс белгилерин камтыган система" [65, 10-б.].

Социомаданий иденттикти талдоодо маданият кубулушун аныктоо анын коомдун социалдык түзүлүшү менен байланышын изилдөө маселеси менен кошо жүрөт. Мында көйгөйдүн илимий чечмеленишинде эки түрдүү көз караш калыптанган: биринчиси. маданият жана социалдык түзүлүш ар кандай эрежелерге негизделген, өнүгүшүндө өзгөчө логикалык айырмачылыктары болгон Өз алдынча (автономиялуу) чөйрөлөр катары кароо. Бул илимий көз караштты немец социологу Альфред Вебер жана америкалык социолог Даниел Белл карманышкан. Экинчи көз караш К.Маркс жана анын жолун жолдоочуларга таандык болуп, маданият "жогорку түзүлүш" болгон экономикага негизделген. Ошондуктан маданият экономикага карата экинчи (баш ийген) даражада орношкон. Ушуга окшош көз караштты немец-англис социологу Карл Маннгеймден жолуктурабыз, ал маданиятты социалдык жагдайга байланыштырган, башкача айтканда, маданий кубулуштар социалдык шарттардын функциясы катары аныкталган.

Социалдык түзүлүш тарабынан жөнгө салынуучу адамдардын, социалдык топтордун ортосундагы социалдык аракеттешүү жараяны баарлашуу, символдор менен алмашууну камтып, маданияттын маңыздык белгилер майкандигинде жатат. Социалдык аракеттешүүнүн ар бир акты, ал жөнөкөй кол берип саламдашуу болобу же өзүн иденттештирген социалдык топтун өкүлү катары башкалар менен татаал аракеттешүүлөр болобу, өзүнчө маданий маңыздык өңүткө ээ болот жана коомдо калыптанган маданий символдорду камтыйт. Бул пикирге социолог К.Касьянова да кошулуп, инсан “...кандайдыр бир жүрүш-туруш эрежесин же мамилелер системасын социалдык зарылдык катары тааныганда, алар адамдын аң-сезиминдеги мааниге карата мамиле менен негизделген болуш керек” деп жазган [50, 38-б.]. Социалдык түзүлүштүн негиздерин түзгөн символдордун топтомунун айланасындагы баалуулуктарга түптөлүп социалдык уюмдар калыптанат.

Социалдуулук инсан өзүн иденттештирген жалпылыктар аркылуу ишке ашат. Адам өзүн кошуп, таандык деп эсептеген үй-бүлөлүк, студенттик, кесиптик, этностук, демографиялык жана башка топтордун өзүнө тиешелүү нормалары, баалуулуктары, каада-салттары, адаттары, тарых, уламыштары бар [113, 79-б.]. Инсан ал социалдык жалпылыктардын өкүлү сыпатта аларга тиешелүү жогоруда айтылган маданий негиздерди кабыл алып, социалдык мамилелерге катышат. Ушул мааниде маданият бир өңчөй бүтүндүк эмес, түрдүү деңгээлдүү, көп катмардык бирикме сапатында социалдык чындыкты алып жүрүүчү маңыздык мазмун катары чыгат. Нормативдик баалуулук түшүнүктөрүндө камтылган, социалдык аракеттешүүдө айкындалган социалдык ишмердиктин бардык түрдөрү маданий мазмунда топтолгон. Ошондуктан социалдык жана маданий мейкиндиктерди бири-бирин шарттап турган мүнөзү, алардын бири-бири менен айкалышып биригиши иденттүүлүктү талдоодо кармана турган “социомаданий моделдин” [79, 84-б.] жаралышына мүмкүндүк берет.

Социомаданий мейкиндик адамды социалдык жана маданий мамилелердин, материалдык жана руханий баалуулуктардын бirимдигинде

бүтүндүк катары кароого шарт түзөт. Профессор Людмила Осьмук дүйнөлүк социомаданий мейкиндикке түшүндүрмө берүүдө, ал адамдар карманган чындыкты интерсубъективдүү конструкциялоо боюнча калыптанган конвенциялардын маңызы менен толтурулганын жана бул мейкиндик аркылуу түрдүү социалдык дүйнөлөрдүн интеграциясы мүмкүн болушун белгилеген [караңыз:79]. Адамдын коомду таануу, ага кошулуу процесси бул өзү жашаган социомаданий мейкиндик менен аракеттешүүнүн жүрүшү десек жаңылышпайбыз. Анткени бул процесс үч нерсени камтыйт: өзү жашап жаткан дүйнөнү түшүнүүнү, аны кабыл алууну жана ага көнүүнү. Натыйжада инсандын субъективдүү дүйнөсү калыптанат. Ал дүйнө адамдын жан дүйнөсүндөгү реалдуу дүйнөнүн образы, аны баалашы, ага мамилеси болуп саналат. Эң негизгиси, индивиддин ушул дүйнөсүндө анын социомаданий мейкиндик менен өзүн иденттештириши камтылган. Адамдын турмуштук тажрыйбасынын аркасында социомаданий реалдуулуктун субъективдүү өздөштүрүлгөн образы түбөлүктүү эмес, ал дайыма өзгөрүү процессинде болуп, коррекциялоого дуушар болот. Себеби, адам менен социомаданий мейкиндиктин байланышы, мамилеси, өз ара аракеттениши анын өмүрү өткөнчө уланып, үзгүлтүксүз мүнөздө жүрөт. Демек, адамдын социомаданий иденттүүлүгү динамикалык процесс болуп, "...маданий номаларды, жүрүш-туруш үлгүлөрдү, баалуулук багыттарды, тилди түшүнүүнү жана аны кабыл алууну, "өздүгүн" коомдогу маданий үлгүлөрдүн негизинде аныктоону, аларга өзүн окшоштурууну" [35, 54-б.]  камтып, бүтпөгөн мүнөздө болот. Инсан социомаданий иденттүүлүгү аркылуу өзүн ошол мейкиндиктин ажырагыс бөлүгү катары кабыл алат.

Адам объективдүү дүйнөнү таанып билүү, аны түшүнүп кабыл алуу жараянында социомаданий мейкиндиктин элементтерин субъективдүү дүйнөсүнө символдор аркылуу которот. Алардын негизинде социомаданий мейкиндикте иденттешип, өзүн тааныйт. Натыйжада инсан социомаданий чөйрөнүн субъектине айланып, ошол мейкиндикте калыптанган баалуулуктар, стереотиптер,  каада-салттар, дин жана диний жөрөлгөлөр, тил

ж.б. маданий элементтерди аң-сезиминде чагылдыруу менен ал өзүн иденттештирген социомаданий мейкиндикке ээ болот. Бул абал индивид үчүн өзүн иденттештирген жана өзүнө “жат” деп эсептеген социомаданий мейкиндиктердин чектерин аныктоо маселесин жаратат. Бул суроо иденттүүлүктүн негизги маселеси болуп саналат. Айрыкча жаңы муун үчүн актуалдуу. Анткени аларды кызыктырып, өзүнө тарткан Батыш европалык жат маданий баалуулуктар “өзүнүкү” катары кабыл алынышы мүмкүн. Бул келечекте улуттук маданий баалуулуктардын кризисин жаратып, социомаданий, инсандык жана этностук иденттүүлүктөрдө маселелерди пайда кылат. Маданияттын субъекти сапатта ар бир адам бүтүндөй баалуулуктардын, каада-салттардын түшүнүктөрдүн системасын алып жүрүүчүсү жана өзүнүн аракеттеринин натыйжасында татаал мамилелердин объекти жана субъекти болуп эсептелет. Ошондуктан ал социомаданий мейкиндиктин бир бөлүгү сыпатта социалдык реалдуулукка көз каранды.

Инсан социомаданий реалдуулукта калыптанган объективдүү дүйнөнү чагылдыруучу даяр түшүнүктөрдү, символдорду, категорияларды, нормаларды, салттарды колдонуп, аларга таянып ой жүгүртөт, аларга негизделип социалдык-практикалык аракеттерди жасайт. Инсан ушул өзүүн иденттештирген социалдык реалдуулуктун чегинде жашап, өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Эгерде ал бул өзүнүн социомаданий мейкиндигинин чегинен чыкса, анда өзүнүн иденттүүлүк ориентирин жоготуп, дүйнө таануу түшүнүктөрүндө кризистик абал жаралышы мүмкүн. Буга байланыштуу дүйнө таануу маселелери боюнча адис, философ В.Н.Порус: “маданият – бул коомдук жана жеке жүрүш-туруштун, инсандын дүйнөгө, адамдарга, өзүнө жасаган мамилелерин аныктоочу универсалдуу баалуулуктардын горизонту, ошондой эле адам өзү менен өзү күчтүү конфликтке бара албаган чек болуп эсептелет” [82, 411-б.] деп жазган.

Ушул эле маселеге америкалык окумуштуу, маданият таануу боюнча адис М.Херскович кайрылып, социомаданий мейкиндикте калыптанган баалуулуктар, стереотиптер, салттар, жүрүш-туруш эрежелерин өздөштүрүү

менен адам маданияттaшат. Бул процесс социалдашуу менен бирге жүрөт деп белгилеген жана маданияттaшуусуз инсан коомдун мүчөсү катары жашай албайт. Анын пикири боюнча, маданияттaшуу жана социалдашуу мазмундук жактан бири-биринен айырмаланат. Социалдашуу адамдын коомго интеграция болушун, андагы социалдык ролдорду аткарууга зарыл болгон социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүшү менен байланыштуу. Ал эми маданияттaшуу болсо, инсандын коомдогу маданий мейкиндикте калыптанган дүйнө таануу жана жүрүш-туруш эрежелерин өздөштүрүшү менен байланышта. Маданияттaшуунун натыйжасында инсан өзүн иденттештирген маданиятка таандык адамдар менен когнитивдик (таанып билүүчүлүк), коннотативдик (эмоциялык-баалоочу), аксиологиялык (баалуулук-багыттык) жана ишмердик (жүрүш-туруштук) жактардан окшоштугун, ошондой эле, башка маданияттын өкүлдөрүнөн айырмаланып турушун аңдап билет. Маданияттaшуу адам жаралып, алгачкы көндүмдөрдү өздөштүрүп, сүйлөгөндөн тартып, өмүрү өткөнчө жүрөт. Индивиддин социалдашуусунда анын социалдык мейкиндикке адаптация процесси жүрүп, инсандын социалдык иденттүүлүгү калыптанса, ал эми маданияттaшууда адамдын маданиятты өздөштүрүшү жана маданий системага көнүшү ишке ашып, иисандын маданий иденттүүлүгү калыптанат.

Ар кандай маданий иденттүүлүктүн үч баскычы болот [110, 138-б.]:

Биринчиси, когнитивдик (таанып билүүчүлүк) компоненттерди түзгөн баскычы. Бул деңгээл өз маданияты, өлкөсү, анын жаратылышы, улут тарыхы тууралуу билимдердин базасын өздөштүрүү, өзүнүн ал маданий мейкиндикке таандыгын аңдап билүү стадиясы. Бул билимдер топтомун өздөштүрүү инсанда эмоциялык сезимдерди козгобойт, өздөштүргөн билимдерге кайдыгер (индифференттүү) мамиледе кала берет.

Маданий иденттүүлүктүн экинчи – коннотативдик (эмоциялык-баалоочу) баскычында гана индивидде туруктуу эмоциялык сезимдер жаралып, инсан өзүн таандык деп эсептеген маданият менен ажырагыс

байланышын аңдап билип, ага карата өзүнүн мамилесине, өз маданиятынын жетишкендиктерин баалоого байланыштуу туруктуу сезимдери калыптанат.

Маданий иденттүүлүктүн кийинки – үчүнчү, ишмердик (жүрүш-туруштук) баскычы когнитивдик жана коннотативдик компоненттердин инсандын жүрүш-турушун жөнгө салуу стадиясы болуп, мында адам өз улуту жана маданияты менен ажырагыс байланышты жөн гана туйбастан, аңдап түшүнбөстөн, анда маданий иденттүүлүккө байланыштуу туруктуу эрк, сезимдер, аксиологиялык (баалуулук-багыттык) компоненттер калыптанат. Бул инсан өздөштүргөн билимдер жана анда пайда болгон эмоциялар аркылуу, анын түзүлгөн түрдүү жагдайлардагы конкреттүү аракеттери, жүрүш-турушу аныкталат.

Маданият өзү калыптандырган көптөгөн татаал маанилер системасын жаратып, аларда топтолуп, сакталып турат жана аларда уюшулуп, жашайт. Бул маанилер системасы, биринчиден, адамга өздөштүргөн турмуштук тажрыйбасынын, башынан кечирген сезимдеринин негизинде айлана чөйрөсүндө болуп жаткан кубулуштарга карата аралыкты сактоого мүмкүндүк берет, башкача айтканда, инсан аларга карата мамилесин аныктоого, аракеттерин иштеп чыгууга шарт түзөт. Экинчиден, инсан социалдык жандык катары өз мүдөөлөрүн ишке ашырууда маданий талаптарга, башка адамдардын кызыкчылыктарына жараша ыңгайлаштырат. Маанилер системасы инсандын иш-аракетин ушундайча жөнгө салат. Үчүнчүдөн, маанилер системасында өзөктүк тажрыйбалар жалпы коом үчүн маанилүү болгон символдордо бекитилип, бирдиктүү системага салынат. Бул маанилер системасы келечек муундарга өткөрүп берүү менен коомдо өтүүчүлүк (преемственность) сакталат.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, бул бөлүк боюнча төмөндөгүдөй корутундуларды чыгарууга болот:

1. Иденттүүлүк инсандын негизги сапаттарынын бири жана бул кубулуш аркылуу анын өзгөчөлүгү, кайталангыстыгы аныкталат. Ал окшош

сапаттары аркылуу өзүн топ менен иденттештирет жана жеке өзгөчөлүктөрү менен топтон өзүн айырмалаган “Мен” түшүнүгүн сактайт.

2. Адам социомаданий мейкиндикти өздөштүрүү аркылуу өзүн курчап турган дүйнөнү таанып билет, инсан катары иденттешүүсү ишке ашат. Идентешүү процессинде индивид өзүн кайсы топко таандык экендигин, анын себебин аңдап түшүнөт.

3. Адамдын социомаданий иденттүүлүгү динамикалык мүнөздө. Ошондуктан коомдогу үзгүлтүксүз социалдык, маданий өзгөрүүлөр аны дайыма илимий деңгээлде талдап, иликтөөгө негиз болот.

## § 2.2. Жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттери: тил, баалуулуктар, мекенчилдик салты

Жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн инсандын өзү жашап жаткан коом калыптанган социалдык-саясий нормаларды, үлгүлөрдү, жүрүш-туруш эрежелерин, баалуулуктарды өздөштүрүшү, коомдогу инсандарга өзүн окшоштуруп, алар менен биригиши, мамлекеттин тургуну катары өзүнүн өлкөсүнө жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышы түзөт.

Жалпы жарандык иденттүүлүк «өз» жана «бөтөн» мамлекет түшүнүктөрүнө, ошондой эле, аларга таандык сезимдерине карата бөлүнөт. Бөтөн баалуулуктарды инсан ал алгачкы жолу кездешкенде эле ажыратат жана аны өзүнүн жеке баалуулук тутуму, өзү өздөштүргөн жүрүш-туруштардын эрежеси аркылуу карап, баа берет. Инсандын өздүк жарандык баалуулуктар тутумунда мурда ага жолукпаган, анын жарандык баалуулуктарына окшошпогон башка жарандуулук элементтери же кубулуштары дароо байкалып, «жат» экендиги актуалдашат. [113, 111-б.] Башка жарандык менен туш келгенде инсандарда жаңы, мурда болбогон сезимдер жаралат. Анткени жаңы түшүнүктөр, жаңылыктар адам үчүн алгач белгисиздик жана түшүнүксүздүк сезимдерин калыптандырат.

Азыркы бүт дүйнөнү каптаган ааламдашуу процесси иденттүүлүктүн бардык түрлөрүн: топтук, этностук, диний, маданий, саясий, жарандык ж.б. актуалдаштырып, натыйжада адам өзүнүн кайсы маданий, диний, жарандык ж.б. топко таандыгын жана анын себептерин өзү үчүн тактап, аныктоо аракетинде. Иденттүүлүк маселесин иликтеген окумуштуулардын концепцияларын талдоо жарандык иденттешүүнүн төмөндөгүдөй типтерин ажыратууга мүмкүндүк берди. Алар: универсалдык, этностук (улуттук), топтук жана жекече жарандык иденттүүлүктөр.

Булардын биринчисине токтолсок, *универсалдык* жарандык иденттүүлүк БУУ тарабынан кабыл алынган туруктуу өнүктүрүү максаттарында (4.7) берилген ааламдык жарандык духунда билим берүү багыты киргизилип, туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүүнүн бир каражаты катары “ааламдык

жарандыкты” калыптандыруу берилген. Ага ылайык инсан жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктарды, нормалардын, эрежелерди, идеалдарды ж.б. кабыл алып, өзүн Жер шарынын жараны, өзүн адамзат коомчулугуна таандык катары, аны менен биримдигин аныкташы каралган [121]. Мында инсан бардык адамзатты бир бүтүндүк деп, өзүн аны менен биримдикте аныктайт [93].

Жарандык иденттүүлүктүн экинчи тиби *улуттук* иденттүүлүк деңгээли болуп саналат. Анда инсан өздөштүргөн салттык жана азыркы коомдорго тиешелүү баалуулуктары, идеалдары, символдору, социомаданий руханий корунун негизинде өзүнүн этноско, улутка, улуттук мамлекетке таандыгын аныктайт. Бул деңгээлде иденттешүүнүн натыйжасында адам ааламдык баалуулуктардан айырмаланган өзүнүн этностук, улуттук баалуулуктар тутумун:  өзүнүн этностук тегине гана тиешелүү сапаттарды (баатырдык, тайманбастык), символдорду (калпак, түндүк, боз үй), баалуулуктарды (мекенчилдик, эл-жерин сүйүү), ыкмаларды ж.б. кабыл алып, өздөштүрөт.

Кийинки тип *топтук* иденттүүлүк болуп, ал инсандын өзүн кайсы бир коомдук топко окшоштуруу аркылуу ага таандыгын, аны менен биримдигин, өзүнүн ттиешелүүлүгүн аң-сезимдүү таанышы. Айта кетүүчү нерсе, индивид коомдо өзүн түрдүү белгилери боюнча бир катар топторго кошушу мүмкүн. Мисалы, демографиялык белгилери боюнча жаштарга, жарандык боюнча Кыргызстандын мекенчил жарандарына ж.б. [караңыз:116].

Ошондой эле инсандын өзүн *жекече* таанып, билиши. Бул деңгээлде индивиддин “Өзүм” түшүнүгүнүн негизинде башкалардан өзгөчөлүгү, аларга окшобогон сапаттарынын биримдиги сыпатта өздүгүн билиши айкындалат [75 ]. Жалпы жарандык иденттүүлүктүн калыптанышында бир деңгээлден экинчи деңгээлге өтүү менен инсандын иденттүүлүк чөйрөсү кеңейе берет. Ошондуктан жарандык иденттүүлүк адамдын инсан катары жетилишинин көрсөткүчү десек болот. Эгерде инсан өзү таандык болгон коомдун социомаданий жана саясий, башка баалуулуктарын, түшүнүктөрүн, стереотиптерин жакшы өздөштүрсө, анда анын айлана чөйрөсү, социалдык

институттар, жалпы эле дүйнө менен мамилеси да ireттүү жүрөт. Адамдагы бардык иденттүүлүктөр социалдык шартка жараша өзгөрөт. Ага М.Амердинова көңүл бөлүп, адамдын "мен" түшүнүгү анын "билиминин жогорулашы", маданий сезимдеринин өнүгүшү жана тарбиясынын эркиндиги ошону менен катар физикалык абалынын өзгөрүшү менен олуттуу өзгөрөт" деп, ошол эле учурда, бул өзгөрүүлөр канчалык терең жана олуттуу болсо да, кээ бир өзөктүк түшүнүктөр "аздыр-көптүр өзүнүн туруктуулугун сактап калаарын" белгилеген [21, 75-б.].

Адамда жарандык иденттешүү кайсы бир себептер менен ишке ашпай калса, анда өзүнүн өлкөсүнө таандыгын аныктабай, ошондуктан өзү атуулу болгон мамлекети жана өз улуту менен тыгыз байланышта болбогон, индифференттүү адамдын социалдык тиби калыптанат. Мындай адам өзүнүн тегерегиндеги социалдык чөйрөдөн, жалпы эле коомдон алыстап, маргиналдашып, ролдук чыр-чатактарга батып, деперсоналдашуусу жана чектен чыккан жүрүш-туруштары аркылуу жарандык иденттүүлүгү бошоңдоп, аны жоготуу процесси башталат.

Жарандык иденттүүлүктүн татаалдыгы, анын комплекстүү мүнөзү ал калыптанган социалдык-саясий мейкиндиктин татаалдыгы, андагы мамилелердин чиеленген мүнөздөгү айкалыштыктар, мамилелер аркылуу түшүндүрүлөт. Ошондуктан кээ бир суроолордун пайда болушу мыйзам ченемдүү: социалдык-саясий мейкиндик татаал система катары таасирлери менен жарандык иденттиктин калыптанышын камсыз кылса, анда жарандык тленттүүлүктүн "өзөктүк" жана "чет жакта" жайгашкан компоненттерин аныктоого мүмкүнбү? Социалдык-саясий мейкиндиктин кайсы деңгээлдеринде жарандык иденттиктин өзгөрүлбөс, туруктуу компоненттери, кайсы деңгээлдеринде туруксуз, динамикалык компоненттерин калыптанат? Бул суроолорго жоопторду жарандык иденттиктин аталган компонентерин салыштырмалуу терең талдоо менен аныктоо болот. Социалдык-саясий мейкиндиктин өзгөчө кайталангыс жарандык семантикасы, анын баалуулук маңыздык өзөгү, борбордук, пайдубалдык маанилери менен ширелген. Алар

өзөктүк болгондуктан эч кандай тарыхый, түзүлүштүк-кызматтык, композициялык өзгөрүүлөргө кириптер болбойт, өзүнө тиешелүү конститутивдүү айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү, белгилер тутуму улуттук менталитеттинин нормаларын түзөт.

Улуттук маданияттын борбордук бөлүгүн түзгөн жарандык маанилер топтому (этностук каада-салттар, адаттар, баалуулуктар, туруктуу стереотиптер) аркылуу инсан өзү жашаган чөйрөгө, анын иш-аракеттеринин, жүрүш-турушунун мазмунун аныктайт. Алардын негизинде адам айлана-чөйрөсүндө курчап турган нерселерди тартиптештирип, коом жана жаратылыштын образын кабылдайт. Жарандык маанилер турмуш тажрыйбасын жөнгө салып, аны рационалдаштырган каражат катары өздөштүрүүдө таанып-билүүчүлүк, мотивдик схемаларды аныктайт. Жарандык иденттикти түзгөн маанилердин негизинде инсандын аң-сезиминде жаралган дүйнөнүн образына түрдүү көз караштын пайда болушу мүмкүн. Жарандык маанилер өзүн алып жүрүүчүлөрүнүн аң-сезиминде кандайдыр бир белгилүү проблемалар же объекттер боюнча түшүнүк түрүндө сакталат.

Философ С.В.Лурье «маданий константалар» деп белгилеген социомаданий иденттиктин маанилерин маданият маселелерин изилдөөчүсү В.С.Стёпин «дүйнөгө болгон көз караштык универсалдар» деп белгилейт. Бул категорияларда адамзат тарыхынын процессинде чогулган социалдык тажрыйбанын негизинде адамдын жан дүйнөсүн калыптанып, аны өздөштүрүү менен жарандык инсан жаралат [94, 65-б.]. Анын пикири боюнча ушул «дүйнөгө болгон көз караштык универсалдары» инсандын турмуш-тиричилигинде өз ара байланышкан 3 кызматты аткарат:

- Тарыхтын жүрүшүндө өзгөрүлүүчү социалдык тажрыйбалардын өзгөчө иреттелишин жана квантификациясын камсыз кылуу кызматы. Бул тажрыйбалар бааланып,, маданияттын маанисине, маңызына жараша классификацияланып жана өзүнчө “текчелерге” жыйыштырылат. Жарандык

идентиктин ушундай туруктуу компоненттери муундан-муунга өткөрүлүп берилет;

- Конкреттүү тарыхый доорлордо адамдын аң-сезиминин базистик түзүлүшү катары кызматы;
- Универсалдардын бири-бири менен байланышы доордогу дүйнөгө көз караш моделин түзүп, дүйнөнүн жалпылашкан көрүнүшүн камсыз кылуу кызматы. Бул дүйнө модели жарандык баалуулуктардын да белгилүү шкаласында өлчөнөт [94, 67-б.].

Ушол «өзөктүк» туруктуу компонеттер жарандык коомчулуктун айырмачылыгын, улуттун менталитетин көрсөтүп, аларда ошол идентиктин өкүлдөрүнүн ой жүгүртүшү, өзгөчө турмуш-тиричилигинин, иш-аракеттеринин жүрүш-турушунун мүнөзү чагылдырылат. Ар бир этностун өздүк менталитетинин, кулк-мүнөзүнүн айырмачылыктары жөнүндө айтылганда, анын этностук менталитетинде топтолгон тирикчиликтик тажрыйбанын, каада-салттардын, руханий баалуулуктардын өзгөчөлүгүн көрсөткөн, анын тарыхый басып өткөн жолу баяндалат. Психоанализ багытынын негиздөөчүлөрүнүн бири болгон К.Г.Юнг белгилендей, элдин кулк-мүнөзүнүн (менталитетинин) негизинде архетиптик түшүнүктөр жатат. Бул улуттун руханий уңгусун түзгөн өзөктүк баалулуктарда кылымдар бою өзгөрүлбөгөн убакытка баш ийбеген этностук мейкиндикти түзгөн көркөм өнөр, экономика, дин, саясат, каада-салт, адат жатат. Ушул этностук менталитет аны башкалардан айырмалаган көрүнүктүү өкүлүн, идеалдуу тибин, акыл түзүлүшүн жана өзгөчөлүктөрүн абдан так, даана кылып көрсөтөт. [118, 79-б.]

Иденттүүлүктүн баалуулук-маанилик жактан аныкталган компоненттеринин жана маанилик элементтеринин өзөктүк ядродон четтеген сайын бошоңдоп, азаят, анын эми калыптанып жаткан же бузулуп бара жаткан элементтери, анын эң аморфтуу жана динамикалык компонеттери, ошондой эле баалуулуктар тез алмашып жаткан шарттардагы убактылуу социомаданий маанилер, белгилер алмашып, жоголушу мүмкүн. Жат

идентүүлүк таасирлерине улуттук маданияттын дал ошол чет жакадагы, борбордон алыс жайгашкан, ядрого тартылбаган өкүлдөрү кабылышат. Дал ошол жарандык иденттиктиги бошоң, иденттиктин социалдык мейкиндигинде чет жакада орун алган жат иденттүүлүк баалуулуктары менен бат таасирленип, баштапкы анык эместиги жана жарандык иденттигинин бошоңдугу менен айырмаланат. Ал эми жарандык идентүүлүктүн менталдык өзөгү ошол иденттиктин социалдык-саясий системасын анын динамикасына, коомдогу өзгөрүүлөргө карабастан сактап турат.

Ар бир улуттук баалуулуктардын тутумунда ядро менен чет жактын аракеттешүүсү туруктуу болбойт; ар кандай иденттикте «өзөктүк» жана «чет жакалык» процесстерди байланыштыруунун түрдүү ыкмалары, формалары кездешет. Жарандык иденттиктин процесстеринин циклдик кайталанышы анын өзөктүк баалуулуктарынын салыштырмалуу туруктуулугу менен камсыз болот. Ал эми анын туруксуз компоненттери түрдүү маданият жана цивилизациялардын татаал диалогдук өз ара аракеттешүүсүндө, узак мөөнөттүү маданий-тарыхый жана цивилизациялык өнүгүү шарттарында «өзөк» менен «чет жака» ортосундагы байланышы толугу менен өзгөрүлүп турат.

Өткөөл мезгилдерде баалуулуктарда «борбор» менен «чет жактарынын» ортосундагы нормативдиктин кыйроо, күрөш курчуганда, улуттук менталитеттин аң-сезиминдеги мезгилдердин байланышы үзүлүп, бул тилде, каада-салттарда, баалуулуктарда да байкалып, инсандын жарандык иденттүүлүгүнө дароо таасирин тийгизет.

Социалдык өнүгүүнүн башкы максаты – коомдун өзүнүн бөтөнчөлүгүн, иденттүүлүгүн сактоо, аны кийинки муундарга өткөрүп берүү. Ал жогорку туруктуулукка жана эң төмөнкү өзгөрүүчүлүккө ээ. Иденттиктин өзөгүнүн туруктуулугу, бышыктыгы жөнүндө кеп кылып жатып, тарыхый таразасынан өткөн, улуттук баалуулуктардын өзөгү маалыматтык түзүлүш катары коомдун социалдык-технологиялык тармагына караганда жай өзгөрүп, акырындап трансформацияланат. Ар бир улуттук маданиятта «өзөктүк» жана

«чет жакта» жайгашкан компоненттери тең болгону сыяктуу эле, инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн туруктуулугу иденттиктин борбордук бөлүгүн түзгөн элементтердин туруктуулугу менен, ал эми анын туруксуздугу жана көп түрдүүлүгү иденттик чет жактары менен шартталган.

Улуттук баалуулуктардан башкаларга анын элементтерине салыштырмалуу тилдин универсалдуулугун өзгөчөп турат. Тил коомдун интеграциясын камсыз кылган «өзөктүк» баалуулуктардан эң маанилүү жана орчундуу. Жарандык иденттүүлүктү маданияттын «өзөктүк» бөлүгүнө кирген тил менен тыгыз байланышта караш керек. Тил маданияттан сыртта, башкача айтканда, элдин жашоо жолун мүнөздөгөн, тарыхый жактан мураска калган символдор жана ой-пикирлер системасынын сырткары жашай албайт. Ошондуктан социалдык жана жарандык иденттүүлүктү сактоонун, өнүктүрүүнүн негизги механизмдеринин бири – бул элдин тили.

Тил жана маданият ортосундагы байланыш маселесин талдоодо лингвосоциа багытындагы изилдөөлөргө таянууга туура келет. Бул багыттын көз караштары бардыгынан мурун тил жана маданиятты биримдигинин жыйындысы системалуу түрдө изилдеши мене мүнөздөлөт. Жөн гана тил, этномаданий жана этнопсихологиялык факторлорунун аракеттешүү маселесин изилдөө же маданияттын предметтик-түшүнүк чөйрөсүнө таянуу эмес, объектилерди тилде чагылдырылган жана иштеген жарандык баалуулуктар системасы катары теориялык-практикалык изилддөө зарыл.

Мындай лингвосоциалдык изилдөө этностун тилинин таануу чөйрөлөрүнүн контрасттык талдоосу «лингвистикалык салыштырмалуулук» теориясына негизделет (Э.Сепир–Б.Уорфтардын теориясы). Бул концепцияга ылайык тилдин түзүлүшү жана анын бирдиктеринин системалык мазмундук тигил же бул бир элдин ой жүгүртүү жана тышкы дүйнөнү таануу жолдору менен жөнгө салынат.

Сепир – Уорфтун теориясы далилдегендей, тилдин семантикасы маданияттын кызматын аткарган, маданиятты мыкты чагылдырган улуттук

компонент. «Эгер маданият адамдар ойлогон жана жасаган нерсе болсо, тил алар кантип ойлогонун билдирет» [90, 193-б.].

Адамдардын бардык ишмердигинде баарлашуунун, мамилешүүнүн, ар түрдүү когнитивдик жана коммуникативдик маселелерди чечүүнүн каражаты катары тил кызмат кылат, ал жарандык иденттикте да өзгөчөлүккө да ээ. Тил жарандык иденттүүлүктү түзүүдө жана сактоодо маанилүү ролду ойнойт. Ал өз таасири менен тигил же бул коомчулуктун руханий болмушун камтуу менен индивиддерде өз ара байланыш сезимин жаратып, башка улут жана этностордон айырмалануусун да камсыз кылат. Тилди колдонуу, тилдин өзүнөн мурун жарандык иденттүүлүктүн толук кандуу компоненти катары кабыл алуу эске алуу маанилүү экендигин Л.И.Гришаева баса белгилеген [караңыз:35]. Тилди билүү, сөздүн, сөз айкаштын, бүтүн сүйлөмдүн же айтылган ой-пикирди туура баамдоо маданиятты түшүнүүнүн ачкычы.

Тил социалдашуунун күчтүү негшизги фактору болуп саналат. Тилсиз социалдык аракеттешүү мүмкүн болбостугу талашсыз. Кеп ошол тилде сүйлөгөндөрдүн бардыгынын социалдык тилектештигинин бөтөнчө бир потенциалдуу символу катары келип чыкканы божомолдонот. «Ал биздин тилде сүйлөйт экен» деген ой пикири демек «ал өзүбүздөн экен» дегенге барабар.

Тил социалдаштыруучу жана унификациялоочу күч, ал ошол эле учурда жекеликти өнүктүрүүчү эң күчтүү фактору болуп эсептелет. Мүнөздүү үндөр, кептин фонетикалык уюштурулушу, сүйлөмдөрдүн түзүлүшү, илимий мүнөздөгү сөздөрдү колдонуу, маектештердин тил адаттарына кепти багыттоо, стилистикалык ыкмаларды колдонуу – булардын бардыгы инсандыкты мүнөздөгөн көптөгөн комплекстик көрсөткүчтөр болуп саналат. Башкача айтканда, тил адамдын коомдогу макамы, кандай психологиялык ролду ээлегендиги тууралуу дайыма белги берип турат.

Коомдогу тилдин орду түздөн-түз субъективдүү тажрыйбаны идеалдаштырууга негизделип, когнитивдүү схемаларды типтештирүүнү билдирет. Бул схемалар субъективдүүлүк сапаттан ажырап, объективдүү

сапатына ээ болот жана ар бир субъект үчүн өзүнчө социалдык априордук билимге айланат. Ар бир инсандын типтештирүү системасы тил менен тыгыз байланышкан. Өзүнөн мурдагы социалдык тажрыйба, релеванттуу болгон нерселер тилде типтүү схемасы катары катмарланып калган. [113, 94-б.] Ар бир адам үчүн турмуш дүйнөсү инсандык концепттер аркылуу тил менен бир кыйла өлчөмдө түзүлгөн. Тилде объективдештирүү процесси жүрүп, белгилүү социалдык жана жарандык тартип түзүлөт, ал да тил аркылуу трансформацияланат жана трансляцияланат.

Сөздөн, сөз айкаштарынан же сүйлөмдөн адамдын тилдик жана жарандык деңгээлин кабыл алуу, кайра ага карата каршылык көрсөтүү процесстери адамдын ошол тилди канчалык деңгээлде билгендиги, ошол маданиятты канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгү менен аныкталат. Адамдардын тилдин жардамы менен баарлашуусунун негизинде алардын тажрыйбасы жалпыланып, ортолоштурулат. Маданияттын тил призмасы аркылуу кароодон өзөктүк жана четки лингвосоциалдык мейкиндик түшүнүгү келип чыгат. Лингвосоциалдык мейкиндик тилди алып жүрүүчүлөр үчүн тигил же бул жарандык тармакты мүнөздөгөн жалпы маани-мазмундук мейкиндикти жаратат. Мындай лингвосоциалдык мейкиндик жекече тил бирдиктеринин жарандык нормаларын ортоктоштуруу, жалпылаштыруу жыйынтыгы катары түзүлөт.

Этностун тилинин семантикалык сферасы жана семантикалык сфералардын жыйындысы өз ара байланышып, белгилүү бир мейкиндикте «концептосфералардын» [30, 100-б.] пайда болушуна шарт түзөт. Концептосфера бир жагынан семантикалык сфералар аркылуу тил менен байланышат, түшүнүктөргө ат берет, экинчи жагынан семиосфералар аркылуу дүйнөнү түшүнүүнүн жана өздөштүрүүнүн жетишерлик даражада туруктуу моделдери менен байланышат. [113, 95-б.] Концептосфера түшүнүгү тилдин баарлашуу каражаты экендиги, улуттун маданиятынын, калктын ар кандай катмарларындагы, ар бир инсандагы улуттук маданияттын кандайдыр бир концентраты экенин түшүнүүгө жардам бергени үчүн өзгөчө маанилүү.

Бул түшүнүк «концептосфера» терминине чейин илимде колдонулуп келген «семиосфера» деген түшүнүктү киргизген окумуштуу Ю.М.Лотмандын семиотикалык көз карашы менен бышыкталат: «...ар бир өз алдынча тил кандайдыр бир семиотикалык мейкиндикке камтылган болот, андыктан ошол мейкиндик менен аракеттешүүнүн негизинде гана ал иштөөгө жөндөмдүү. Семиозистин бирдиги, ажыратылгыс иштеген механизми катары айрым бир тилди эмес, ошол маданиятка таандык семиотикалык мейкиндикти бүтүндөй эсептеш керек. Мына ушул мейкиндикти семиосфера катары аныктайбыз». [64, 165-б.]

Бул «концептосфера» жана «семиосфера» түшүнүктөрүнүн категориялык маанилерин жалпылаштырып жатып, концептосфера – концепттерден түзүлгөн ой жүгүртүү чөйрөсү болсо, ал эми тилдин семантикалык мейкиндиги – тил белгилеринин жардамы менен туюнтулган, концептосферанын бир бөлүгү гана болуп калат. Концепттер – бул инсандын ишмердигинин ар кандай сфераларын чагылдырган абстракттык менталдык түзүмдөр.

Коом өзүнүн эли үчүн маанилүү болгон, чындыктын фрагменттеринин концепттерин жаратат. Алар башка этностор үчүн маанилүү болушу милдеттүү эмес. Бир эле концепт ар кайсы элде ар башкача белгилер боюнча маани бериши мүмкүн. Инсандын жарандык тажрыйбасы канчалык көп жана бай болсо, концепттин маанилик тереңдиги да ошончолук кеңири жана бай болот. Тескерисинче, инсандын жарандык тажрыйбасы канчалык жарды болсо, анын тили гана эмес, активдүү жана пассивдүү сөз байлыгынын концептосферасы да ошончолук төмөн болот. Эмоциялык тажрыйбанын байлыгы жана өз улутунун мимикалык эс-тутумтары дагы ошол элдин, улуттун социалдык-саясий тажрыйбасынын байлыгынан көрсөтүп, турмуш-тиричилигинде ассоциацияларды ыкчам табуу жөндөмдүүлүгүн жаратат.

Инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда тил механизминин ролун өзгөчө. Бул маселеге байланыштуу лингвосоциалдык көз караш «тил жана маданият» маселесинде инсандыкка дайыма тилдин алып

жүрүүчүсү катары карайт жана «тил инсандыгы» деген түшүнүктү киргизет (Ю.Н. Караулов). Маданият өзгөчө координаталар системасы катары тил инсандыгын түзөт. Мындай көрүнүш бир жагынан алып караганда тилде аны колдонгон, маданияттын алып жүрүүчүлөрү үчүн релеванттуу болгон тилден тышкары чындыктын өзгөчөлүктөрү чагылдырылат. Экинчи жактан, тилди, сөздөрдү өздөштүрүп, ошол тилдин өкүлү дүйнөнү ага эне тили айткан көз караш аркылуу көрүп баштайт жана тийиштүү маданиятка мүнөздүү дүйнөнүн концепттери аркылуу социалдашат.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде жыйынтык чыгарсак, тил инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн түзүлүштүк компоненти катары эсептелүүгө толук укугу бар. Тил дүйнөгө болгон көз караштары жаратат, аны социалдык-саясий мейкиндикте сактап турат, жөнгө салынган социалдык тажрыйбаны сактайт жана трансляциялайт. Тилдин концептосферасы маданияттын терең индивидуалдуу жана уникалдуу «жүзүн» түзөт дагы ошол тилди алып жүрүүчүнүн иденттүүлүгүндө чагылдырылат.

Маданият, белгилүү болгондой татаал жана көп түрдүү белгилер системасын түзөт. Ал аркылуу тарыхый тажрыйба топтолот, сакталат жана иреттелет. Инсандардын буюмдары, кыймыл-аракеттери, психологиялык процесстер өз алдынча маданиятты түзө албайт. Булар маданияттын курулуш материалы гана. Адар кандайдыр бир социалдык мамилеге байланышкандан кийин маданиятка тартылып, системаларга уюшушат, социалдык институттардын иштешине жана айрым бир инсандын, коомдун, улуттун жашоосуна катышышат.

Жарандык коомдун түпкү социалдык түшүнүктөрү дүйнөгө болгон көз караштык баалуулуктардан түзүлөт. Алар айрым бир индивид үчүн да, кичи же чоң социалдык топ үчүн да интегративдүү негиз болуп берет, жаратылыш жана коом менен болгон мамилелерди аныкташат.

Философ Г.Риккерттин пикири боюнча баалуулуктар теориясы үчүн символдук маанилүүлүгү жогору болгон баалуулуктар гана кызыгууну жаратат. Ошондуктан, маданият тармагында гана ушул сыяктуу маанилүү

баалуулуктарга байланыштуу чындык менен тикеден-тике жолукса болот. [89, 27-б.] Орус окумуштуусу Н.М.Смирнова белгилегендей, бул багытта кээ бирлерде «баалуулуктар объективдүү социалдык түшүнүктөрдү «өздөштүрүп алуу», интериоризация жана аларды эмоциялык-сезимдик жактан баштан өткөрүүдө гана ортого келип чыгат. Ал эми айрым бир индивиддин аң-сезиминде баалуулук белгилүү жарандык коомчулуктун объективдүү социалдык түшүнүктөрүнүн «руханий менчиктештирүүсүнүн» жыйынтыгы болуп саналат». [90, 20-б.]

Эч бир нерсе, эч бир буюм, жадагалса абстрактуу түшүнүк дагы өзүнөн өзү эч кандай баага, мааниге ээ эмес. Инсан маани берген нерсе гана баалана баштайт. Башкача айтканда, баалуулук – бул инсандын дайыма бир нерсеге өзгөчө мамилеси болуп эсептелет. Маданияттагы баалуулук жалпы таанылган норма болуп, жүрүш-туруш үлгүлөрүн жана стандарттарын белгилеп, жүрүш-туруштук тандоолордун арасында тандоо кылууга таасир этет.

Иденттиктин универсалдары менен көрсөтүлгөн базистик баалуулуктар жана аларга таянган үлгүлөрдүн, социалдык ролдордун, билимдердин жана нормалардын көпчүлүгү инсан тарабынан өздөштүрүлгөндө анын өзүнүн иденттүүлүгүн, кандайдыр бир социалдык жалпылыкка таандык болгон өзүнө берген баасын белгилейт. Базистик баалуулуктардын туруктуулугу узакка созулган адамзат тарыхына таянат. Көптөгөн убакыттар бою индивиддер үй-бүлөнүн жана белгилүү социалдык топтун конкреттүү диний жана башка жарандык артыкчылыктары болгон мүчөлөрү катары, белгилүү бир улуттун өкүлдөрү катары калыптанып келишкен. Инсан баалуулуктарды эрте өздөштүрөт, алар көпчүлүк учурда аңдан тыш болуп калышат да өздөрү үчүн ошол сапаттары билинбей жүрө берет, качан гана психологиялык курч кырдаал жаралганда баалуулукка болгон мамиле ортого чыгат. Кыргыз маданиятынын негизги баалуулуктарынын катарына кыргыздын жамаатчылыгын, тарыхый чыдамкайлыгын, кең пейилдигин, кечиримдүүлүгүн, меймандостугун, кичи пейилдигин, тайманбастыгын, эр жүрөктүүлүгүн айтууга болот.

Иденттиктин «өзөгүнүн» өзгөчөлүгү аны түзгөн баалуулуктардын иерархиясынан көз каранды. Маданияттын туруктуулугу көпчүлүк учурда баалуулуктар иерархиясы тарабынан аныкталат, ал эми иерархиядагы өзгөрүүлөр, баалуулуктардын динамикасы жарандык системанын өзгөрүшүнө алып келет. Социомаданий мейкиндиктин баалуулуктар «өзөгүнүн» мутациясы атайын күчтүү таасир эткенде да салыштырмалуу түрдө жай өзгөрөт.

Маданият баалуулуктарынын иерархиясын түзүүдө, «өзөктүк» системада үстөмдүк кылган бинардык оппозиция принциби (К.Леви-Стросс) жатат. Алгачкы коомдук мезгилдерден бери кадыресе деңгээлде эле инсандын аң-сезиминин жуптугу дүйнөнүн ар түрдүүлүгүн маанилүү мүнөздөмөсү катары обочолонуп турган: асман-жер, ай-күн, жарык-караңгы, күн-түн, эркек-аял, өйдө-төмөн, ысык-суук, өзүмдүкү-өзгөнүкү, касиеттүү-кадыресе деген сыяктуу. Бул карама-каршы башталыштар жана жаратылыштагы буюмдар менен процесстердин мүнөздөмөлөрү дүйнөдө тең салмактуулукту, келишкендикти камсыз кылуу үчүн колдонулган. Баалуулук принциптеринин таасиринен улам градация вертикалдык – иерархиялык же полярдык типтеги структурага өтөт дагы тигил же бул элементтерге ар кандай даражада кадыр-барк жана маани берет. Буга ылайык бардык бийик же жакшы нерселер кадыр-барктуураак болот. Ушул сыяктуу баалуулуктар карама-каршылыгы маданиятта чыңалыш майданын жаратып, анда субъекттин багыты түзүлөт.

Коомдогу баалуулуктар тутуму көбүнчө иерархияны түшүндүрөт, мында баалуулуктардын мааниси төмөндөн жогоруга карай, универсалдуулук даражасы боюнча иреттелген болот. Социомаданий мейкиндиктеги баалуулуктардын дал ушул иерархия принциби инсанды маданиятка тартып алуунун эң күчтүү куралы. Бала дүйнөнү анын иерархиялык түзүмдөрүн өздөштүрүү аркылуу тааныйт, алардын бир бөлүгү жалпы, бир бөлүгү локалдык (субкультуралык) мүнөзгө ээ.

Индивид бир эле учурда ар кыл чоңдуктагы социалдык коомчулуктардын курамына кирген болот. ал үй-бүлөнүн, улуттун,

маданияттын, кызыкчылык топторунун мүчөсү. Бул топтордун бардыгын баалуулуктар системалары бири-бирине дал келбейт. Бири-бирине башкы маселелер боюнча карама-каршы болушпаса да, мындай келишпестиктер ички баалуулуктардын келише албастыгына айланат. Муну чечүү ыктымалдуулугу бардыгынан мурун индивиддин социалдык иденттүүлүгүнө – өзүн кайсы коомдоштуктун мүчөсү катары сезгендигине көз каранды. [62, 21-б.] Социалдашуу процессинде ар бир киши коомдогу үстөмдүк кылган ой-пикирлерге ыңгайлашып, өз муктаждыктарын канааттандырууга үйрөнөт.

Өз маданиятынын баалуулуктарын түшүнүү башка маданияттын өкүлдөрү менен жолукканда гана мүмкүн болот, анткени ар кандай маданияттар бири-бири менен өз ара аракеттешип, алардагы баалуулук багыттарындагы айырмачылыктар белгилүү болот.

Өз маданиятын, улуттук баалуулуктарын инсандын жогору баалашы ошол коомдун мүчөсү экендигин далилдеп турат. Инсан дайыма өз көзү менен көрүп, колдонулуп келген баалуулуктарга байланып калат. Кандай гана кырдаал болбосун инсан үчүн ички туюмдук иденттүүлүк баалуулуктарга байлап, өзүнүн кимдигин, кайсы коомго, кайсы топко эмне себептен таандык экендигин айгинелеген сапаттарын алдыга алып чыгат.

Бир маданиятка таандык болуу инсандын социалдашуу процессинде улам кайталанган базалык стереотиптүү билим өзөгүнүн болушу менен аныкталат, ошондуктан стереотиптер маданиятта үлгүлүү болуп саналат. Стереотиптердин пайда болушунун тамырлары инсандардын объективдүү жашоо шарттарына тыгыз байланышып, бир түрдүү жашоо образынын көп жолу кайталанышына мүнөздүү. Бул бир түрдүүлүк адамдын аң-сезиминде стандарттык ой-жүгүртүү схемалары жана моделдери түрүндө бекип калат жана бир түрдүү объектилер берилген бааларда, элестерде, эс-тутумдарда сакталат.

Иденттик жактан жат адамдарды аңдоо жана кабылдоо өзгөчөлүктөрү белгилүү стереотиптердин пайда болушуна шарт жаратат. Бул өзгөчөлүктөрдү кыскача түрдө төмөндөгүдөй мүнөздөсө болот: *«өзүбүзгө»*

*таандык бардык процесстер нормалдуу, ал эми башка маданияттардагы түрдүү процесстер жана кубулуштар зыяндуу*. «Өзүбүздүн» нормаларыбыз жана баалуулуктарыбыз аларга универсалттуулук жана абсолюттук тууралык макамы берилгенге чейин гипертрофияланып кетет, буга байланыштуу түрдө «чоочун» нормалар жана баалуулуктар четтетилип, кодулангандыктан өздүк иденттүүлүктүн корголушуна шарт түзүлөт.

Маданияттуу коомдо стереотиптердин (көндүм-адаттардын) түзүлүшүндө туруктуу элестердин сакталышында, берилишинде жана актуалдашуусунда башкы ролду жарандык салттар түзөт, ушул жарандык салттардын жашоодо ишке ашуусуна карай маанилүүлүгү жогорулайт. Демек бул улуттук маданияттын сакталышында, коргоолушунда иш жүзүндө конкреттүү салттардын аткарылуусу улуттук жүздү таанытуунун дагы бир маанилүү механизми.

Жарандык салт маселеси азыркы батыш маданият таануучулардында, антропологияда жана социологияда актуалдуу мааниге ээ. Жарандык салттын илим чөйрөсүндөгү актуалдуу темага айландыгынын себеби талаш-тартышты жараткандыгында. Окумуштуулардын ортосунда улуттук жарандык салт боюнча бирдиктүү орток ой пикир жок. Айрым окумуштуулар жарандык салт – бул өткөндөн калган, биздин күнгө чейин сакталган ар нерсе деп айтышса, башка окумуштуулар жарандык салт түшүнүгүн бөтөнчөлүк, мурас, өзгөчөлүк, жарандык өзөк, динамика  кубулуштарга жакындаштырышат.

Улуттук жарандык салт доордун алмашышы менен, коомдун өнүгүшү менен баалуулук чен-өлчөмдөрүн өзгөртүп, өнүгүүгө карай ыңгайлаштырылат. Ар бир улуттук жарандык салтта улуттук коддорду камтыган символдор сакталган. Бир караганда улуттук жарандык салттардын турмуш-тиричиликте аткарылышы убаракерчиликти жаратышы мүмкүн, бирок кийинки муундарга сакталып, өткөрүлүп берилишинде иш жүзүндө аткарылып, көрсөтмөлүк фону элдин эс-тутумунда жакшы сакталып калат.

Адатта «салт» түшүнүгү конкреттүү жана абстрактуу кубулуштар, ар бир улуттун салттында жазылган жана жазылбаган мыйзам-ченемдүүлүктөрд,

нормалар, эрежелер, жоболор камтылган. Абстрактуу түрдө сакталып калган салттар ошол коомдун мүчөлөрүнүн баарлашуу институттары жана аң-сезим формалары, жүрүш-туруш нормаларында кандайдыр бир баркка ээ болгон бүтүндөй бир комплекс менен аныкталат. Азыркы учур менен өткөн мезгилдин байланышын, тагыраак айтканда азыркы муундун өткөн мезгилге көз карандылыгы же аны кармангануу деңгээлин мүнөздөйт. Баалуулугу, мазмуну боюнча салт өзүндө нормалардын, ырым-жырымдардын жана дүйнөгө болгон көз караштардын нускамаларынын кандайдыр бир системасын камтып, коомдун ой жүгүртүү багытынын «классикалык» мурасын түзөт. Кызматтык пландан караганда, салт азыркы учур менен өткөн мезгилдин ортосунда ортомчулук кылат, маданиятта сакталгандыгын жана түп-тамыры менен бекигендигин белгилөөдөн тышкары өзгөчө бир негизделүүгө жана таанылууга муктаж болбогон, адамдардын чыныгы жашоосунда орун алган ишмердиктердин (технологиялардын) үлгүлөрүн, ыкмаларын жана жөндөмдөрүн сактоо жана кийинки муунга өткөрүп берүү механизми болуп берет. [98, 87-б.]

Бардык эле улуттук маданият өзүндө салтта ордун басуучулук мүмкүнчүлүгү «синхрондук-диахрондук маалыматтык байланыштар» менен шартталат. [23, 20-б.] Башкача айтканда, кандайдыр бир маалымат социалдык-саясий мейкиндикте бир муундан экинчи муунга тууроо, көрсөтүү, күнүмдүк иш жүзүндө аткаруу аркылуу өткөрүлөт – *синхрондук (горизонталдык) байланышта*, маалымат сөз менен (оозеки же адабий жазуу түрүндө), ошондой эле материалдык-көркөм түрдө өткөрүлөт – *диахрондук (вертикалдык) байланышта*.

Коом таануу илимдериндеги изилдөөлөр көрсөткөндөй, салт маданияттын «борбордук аймагында» пайда ьолуп, калыптанат. Бул чөйрө ошол элдин, улуттун материалдык жана руханий байлыгы байытылып, жарандык салтка «жөнгө салуучу» жана «маңыз берүүчү» кызматтарды аткарат Салттардын түрлөрү коомдун ар кыл системаларынан,

стратификацияланган топторунан жана катмарларынан биригип келип, туруктуу бир улуттук жарандык салттык баалуулукту көрсөтөт.

Азыркы дүйнөдө орун алган ааламдашуу шартында кыргыз коомунун улуттук жүзүн ааламдашуудан, демократиялашуудан, универсалдашуудан жана ыплас маалымат айдыңан сактап, коргоп калуучу факторлордун бири жогорудагы чечмеленгендей салт механизми. Кыргыз коому басымдуу жамааттык (уруучулук салты) иденттүүлүккө негизделген коом. Жамааттык пикир, жамааттык колдоо, жамааттын жазасы абдан маанилүү. Дүйнөдөгү экономикалык жактан өткөөл кризисти жашап жаткан үчүнчү топтогу өлкө катары Кыргызстан ааламдашуу шартына жакшы туруштук берүүдө. Кыргызстан мамлекет катары өнүгүү жолунда, аны менен катары улуттук баалуулуктарды өнүктүрүү жагынан КМШ өлкөлөрүнүн ичинде алдыңкы сапта турат. Буга далил катары «Манас» эпосунун ЮНЕСКО аркылуу дүйнөлүк материалдык эмес мурастар тизмесине киргизилишин айтсак болот. Бул тууралуу чечим Абу-Даби шаарында 2-октябрда өз ишин аяктаган ЮНЕСКОнун материалдык эмес мурастарды коргоо боюнча өкмөт аралык комитетинин 4-сессиясында кабыл алындыгын [51] айтсак болот.

Белгилүү социолог П.Штомпка айткандай, жарандык салт идеалдык механизм катары адамдын эси жана баарлашууга жөндөмдүүлүгү аркылуу иштейт. Өткөн мезгил адамдар анын үзүндүлөрүн, фрагменттерин эстеп жүргөнү үчүн сакталып жүрөт. Алар азыркы учурда эрип, жаңынын ичине сиңип болуп, ал менен синтезделген болушат. Адамдар ошондуктан өткөн учурдун бул үзүндүлөрүн көрө да алышпайт, эстей да алышпайт. Салт – бул өткөн мезгилдин азыркы учурдагы үзүндүсү эмес, өткөн мезгил менен байланышуунун жана азыркы учурду жаратуунун механизми болуп эсептелет. [112, 96-б.] Атактуу социолог П.Штомпканын бул пикирине тилектеш болуу менен бирге «салт өзүнө жамааттык иденттүүлүктүн символдорун камтыйт, жалпы тектик сезимин күчөтөт, улутка, коомго, топко таандык жана берилген болот. Баарынан мурда гимндер, туулар, гербдер, эмблемалар, мифологиялар, жалпы элдик ырым-жырымдар болгон улуттук

каада-салттар эс-тутумдук улуттук сезимди ойготушат, козгошот. Алар түп-тамыры менен байыркы тарыхка чейин созулушат жана өткөн мезгилди азыркы учурда кишилердин башын бириктирүү үчүн колдонушат». [112, 96-б.]

Улуттук каада-салттын динамикасы – социалдык жактан уюштурулган стереотиптеринин айрым түрлөрүн жеңип чыгуу жана жаңы адаттардын пайда болушу боюнча туруктуу процесси, социалдык уюмдун өзөгү катары караса болот.

Жарандык иденттүүлүктүн «өзөктүк» түзүүчүлөрү катары тил, мекенчилдик баалуулуктарын жана салттарын атоого болот.

Бул түшүнүктөр улуттук жарандык иденттүүлүктү түзүүчү, калыптандыруучу, өнүктүрүүчү негизги элементтер болуп саналат. Кайсы гана коом болбосун анын өзүнө тиешелүү мыйзам-ченемдүүлүктөрү болот. Ошол мыйзам-ченемдүүлүктүн рамкасында коом өнүгөт, башка коомчулуктарга сиңип кетүүдө өздүк жоболор, нормалар, эрежелер жол бербейт, ал кубулуш түздөн-түз улуттук жарандык иденттүүлүк менен тыгыз байланышат.

Маданиятта сөзсүз милдеттендирүү жана тыюу салуу системасы түзүлөт, алар адамдын тигил же бул абалда эмне кылыш керектигине нускама болот. Мунун бардыгы инсандардын ортосундагы баарлашуу ар кандай калыптарга салынганын, тигил же бул шарттуу адаттарга жана мыйзамдарга баш ийдирилгенин түшүндүрөт. Жаш курагы же ээлеген кызмат орду боюнча улуу менен кичүүлөр, аялдар менен эркектер, кылмышкерлер менен мыйзамды сыйлаган жарандар, жергиликтүүлөр менен чет элдиктер, ж.б. адамдардын баарлашуусунун ар кандай ыкмалары да маданий нормалар менен жөнгө салынат. Улуттук баалуулуктар жаралышы менен бир эле маалда адамдын жүрүш-турушуна коюлган талаптар да түзүлө баштайт.

Коомдогу нормалар индивиддин жашоосун толук бойдон камтыбайт, бул абал жүрүш-туруштун ар түрдүүлүгүнүн белгилүү бир өлчөмүн жана анын татаалдашуусун түзөт. Норманын кызматы кокустан келип чыккан,

субъективдүү мотивдердин таасирине жол бербөөнү, жүрүш-туруштун ишенимдүүлүгүн, алдын ала белгилүүлүгүн, стандарттуулугун жана жалпыга түшүнүктүүлүгүн камсыз кылууга багыттылат. Салыштырмалуу туруктуу нормалар көптөгөн муундарда сакталат, адеп-ахлактык жүйөгө ээ болот, беделдүү диний ишмерлер тарабынан эл арасында жайылып, мыйзам тарабынан да колдоого алынганы көп кездешет. Нормалар эффективдүүлүгүн жоготуп, курулай ырым-жырымдарга айлангандан кийин дагы узак убакыт бою сакталат.

Инсандын коомдогу бедели, аброю менен шартталган ролдук кызматтары дал ушул нормативдүүлүк менен байланышкан. Ар бир норманын бышыкталышы жана корголушу үчүн ырастоо, дем берүү, айыптоо же тыюу критерийлери түзүлгөн. Коом канчалык татаал болгон сайын, анда кабыл алынган эрежелер тутуму да ошончолук көп түрдүү болот.

Коомдогу норманын ыкмасы, мүнөзү, максаты, колдонуу аймагы, жайылуу чек аралары, ишке ашыруунун оң-терстигине жараша жүрүш-туруш нормаларын: *үрп-адаттар, ырым-жырымдар, жүрүш-туруш эрежелери (жосундар), нравалар* деп бөлүп кароого болот.

Үрп-адаттар – маданияттын өкүлдөрү үчүн улуттук мүнөзгө ээ стереотиптердин жыйындысы. Үрп-адатта каада-салт дагы, жүрүш-туруш эрежелери дагы, жазылган-жазылбаган улуттук жоболор дагы белгилеген, жалпы кабыл алынган кыймыл-аракет үлгүлөрү маданий нормалардын арасында эң таасирдүү жана кеңири жайылганы болуп саналат. Үрп-адаттардын таасири көбүнчө инсандардын жеке жашоосуна байланышат, бирок, алар кишинин жарандык жүрүш-турушуна да таасир этет. Алар өз ара мамилелерди жана тышкы мүнөздөгү коммуникацияларды жөнгө салууга белгиленген. Башкача айтканда, жакын жана алыс туугандар, тааныштар, коңушу-колоңдор менен болгон мамилелерди, адамдын үйүнөн тышкары жерлерде, эл арасындагы жүрүш-турушун, тааныш жана бейтааныш кишилердин жанында өзүн алып жүрүшүн жөнгө салууга арналган.

Ырым-жырым салттын бир түрү болуп саналат. Ал диндеги же турмуш-тиричиликтеги каадалардын массалык түрдө аткарылышын туюндурат. Эреже катары ырым-жырымдар, каадалар инсандын турмушундагы төрөлүү, үйлөнүү, жаңы иш баштоо, башка жаш курагына өтүү, өлүм сыяктуу маанилүү окуяларды коштоп жүрүшөт. Буга мисал катары кыргыз коомундагы бир катар ырым-жырымдарды айтууга болот. Баланы бешикке бөлөөдөгү; үйлөнүү үлпөт тойлорундагы; аялдын төрөт учурундагы ж.б.у.с. Улуттук маданияттын бул компонентинин жарандык иденттикке таасири чектелүү.

Улуттук маданияттын кийинки элементи – жосундар адамдык жүрүш-турушту жөнгө салуучу коомдун ички мыйзамы, тартиби. Кыргыз коомунда «ак сакалдар соту», «айылдык сот» сыяктуу коом ичинде баркталган, тартиптүүлүккө улуттук баалуулуктардын негизинде чакырган эреже. Анын жарандык иденттикке да таасири жогору. Жосундар адамдардын күнүмдүк турмушундагы кылык-жоруктарынан тарта улуттук баалуулуктарга шек келтирген абалдарды териштирүү, айыптоо, жазага тартуу сыяктуу иш чаралар менен аракеттенет. Бул тартипти бузгандар «сөз» жазасын, тактап айтканда сөгүш алышат. Коомдун ички тартиби ошол улутка же коомго гана тиешелүү тартипти бузгандар алган жазаларына каршы чыгышпайт, каршы чыккан учурда коомдон четтетилет дагы, коомдук иденттүүлүктөн ажырайт. Кыргыз коомундагы азыркы учурда кездешпейт, бирок мурда өлүм жазасы катары «таш бараңга» алуу жазасы эң оор жаза болуп саналган. Жосундар – адамдын өзүнүн жана башка адамдардын жүрүш-турушунун тигил же бул формаларынын кабыл алынганына берилген моралдык баалуулуктар системасы болуп саналат.

Ал эми улуттук маданияттын адеп-ахлак тутуму айрым бир кишинин жүрүш-турушунун жана кишилер арасындагы мамилелердин өзгөчө маанилүү жөнгө салгыч жазылбаган эреже болуп саналат. Ал адамдардын күнүмдүк алакаларын, баалуулук багыттарын, мадаиняттын ар кыл кубулуштарын, адамдык жүрүш-туруш эрежелерин жана башкаларды жөнгө салууга арналган. Анын жарандык жүрүш-турушка таасири олуттуу. Жүрүш-турушту

жөнгө салган адепке болгон муктаждык ар бир киши кандайдыр бир кылык-жоруктарды, айлана-чөйрөгө, бардыгынан мурун башка кишилерге карата кылган кыймыл-аракеттери менен шартталган.

Жогоруда аталган улуттук маданий эрежелердин ар кандай түрлөрү адамдын турмушунун дээрлик бүт бардык тармактарында болот. Алар абдан көп – катардагы тыюулардан социалдык институттардын татаал системаларына чейин түрлөрү болот, бирок берилген маданий нормалардын бардык түрлөрү инсандын жарандык иденттүүлүгүн аныктоодо жана колдоодо башкы ролду ойнойт.

Бүгүнкү коомдун улуттук маданий «жүзү» анын мүчөлөрүнүн социалдык жана жарандык иденттүүлүгүн сактоодо аткарган иш аракеттеринен толук көз каранды. Улуттун конкретүү жана абстрактуу маданий мурастары коомдо канчалык мыкты деңгээлде иш жүзүнө ашып, аткарылса муундардын биримдиги да ошончолук бекем болуп, маданияттын «борбордук өзөгүн» түзгөн түпкү баалуулуктар кеңири жана терең жайылып, бекем сакталат. Социалдык-маданий мейкиндиктин «өзөктүк» компоненттери (тил, баалуулуктар, маданий салт) менен болгон байланыш инсанга болмуштун туруктуулук жана бузулбастык сезимин берет, муну менен жарандык иденттүүлүктүн туруктуу түзүлүшүн бышыктайт. Салтта сакталган, тилде чагылдырылган маданий тажрыйбаны өткөрүп берүүдө пайда болгон мүчүлүштүктөр, келишпестиктер ар бири жарандык иденттүүлүктүн чагылдырылышында чачыраган, муундар аралык түшүнбөстүктөрдүн санынын өсүшүн жана муундар арасындагы келишпестиктин күчөшүнө алып келет.

*Жыйынтыктап айтсак*, жарандык иденттүүлүктү инсандын дүйнөлүк образ-идеалдардан тарта жекелик, этностук, топтук маданий нормаларды, эрежелерди, каада-салттарды карманган эмоциялык-психикалык процесстердин бүтүндүгү катары баалоого болот.

Жарандык иденттик мезгил-мезгили менен коомдун маданий эрежелериндеги кээ бир элементтерди заманга жараша өзгөртүп, алмаштырып

туруучу динамикалуу процесстин б.а. инсандардын талап-муктаждыктарына карата өзгөртүлгөн социалдык-маданий туундулардын жыйынтыгы. Жарандык иденттүүлүккө түпкүлүк сакталуу менен бирге заманбап процесстердин компоненттери да кошо кирет.

Инсандын жарандык иденттүүлүгү, демек, коомдо кыймылдуу жашоо башталгандан тарта күчүнө кирген процесстин бүтүндүгү, жыйынтыгы катары кароого болот.

1. Жарандык иденттүүлүк коом тарабынан түзүлүп, колдоп, өнүктүрүлүп турган социалдык, маданий баалуулук муктаждыктары, керектөөлөрү болуп саналат.

2. Жарандык иденттүүлүк – инсан өзүнө социалдык жана атуулдук жактан кандайдыр бир деңгээлде тигил же бул аспектисинен жагымдуу жана жагымсыз жакындыкты, окшоштукту туйган эмоциялык-психикалык процесстин жыйындысы. Жарандык иденттешүү субъективдүү жана объективдүү аң-сезимдүү жана аңдоосуз процесстин негизинде ишке ашат.

3. Бүгүнкү күндө кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн орчундуу компонеттери катары тилде, баалуулуктарда жана салттарда бир топ өзгөрүү тенденциялары ачык байкалууда.

## § 2.3. Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн каралышынын методологиясы

Кыргызстанда иденттүүлүк маселелерин иликтөө, аныктоо багытында изилдөөлөр, социологиядан сырткары, философия, тарых, антропология, педагогика, психология, маданият таануу сыяктуу илимдерде каралып, талкууланып жаткан актуалдуу маселелердин бири.

Социалдык-гуманитардык илимдердин өкүлдөрү болгон окумуштуулар жаңы кылымдын башталышындагы кыргыз коомундагы социалдык, экономикалык, саясий, маданий өзгөрүүлөрдү, өнүгүүлөрдү изилдөөдө, алардын маани-маңызын түшүндүрүүдө алгылыктуу ийгиликтерге жетишип, өз үнүн кошуп келишүүдө. Диссертациялык иште каралып жаткан иденттүүлүк маселеси ата мекендик бүгүн актуалдуулугу ашып, маанилүү тема болуп болуп турган учуру. Анткени улуттук аң-сезим, улуттук көрөңгө, улуттук тарыхый эс-тутум сыяктуу тематикалык маселелер азаттык жылдарында суверендүүлүктүн алкагында өзгөчө архимаанилүү болуп калды.

Кыргыз элинин улуттук иденттүүлүк темасына, улуттук аң-сезим, этностук аң-сезим, этностук иденттүүлүк түшүнүктөрү менен кайрылган окумуштуулардын көч башында тарыхчы-этнограф А.Асанканов [24,25], А.Джусупбеков [42], З.Курманов [58], философтор С.Абдрасулов, Ж.Урманбетова [100], А.Бугазов [29], А.Токтосунова [97], А.Элебаева [114], социологдор К.Исаев [47], С.Нурова [76], Г.Аалиева [17], М.Амердинова [21], Г.Горборукова, А.Жусубалиев [44], К.Молдобаев [74], Т.Шаршембиева [109], Б.Малтабаров [68], С.Сыргабаев [96], Б.Кошбакова [55] ж.б. турушат. Алар кыргыз элинин, кыргыз коомунун иденттүүлүгүн илимий изилдөөдө түрдүү багыттарда карашкан. Коомдун жашоосу дайыма динамикалык процесстерден тургандыктан, мезгилдин өтүшү иденттүүлүк кубулушун жаңы шарттарда, жаңыча көз караштарда талдоону, эски советтик иденттүүлүктүн жаңы иденттүүлүк менен алмашышы терең изилдөө зарылдыгын жараткан. Жаңы шарттардын социалдык-гуманитардык илимдерге болгон бул чакырыгына,

мезгилдин тамырын согушун сезе билген зирек, алдыңкы окумуштуулар өз изилдөөлөрү менен татыктуу жооп берип келе жатышат.

Диссертациялык иште кыргыздардын иденттүүлүк, анын ичинде жарандык иденттүүлүк, системасын тарых, философия, социология ж.б. илим тармактарында жазылган ата мекендик окумуштуулардын эмгектерин талдап, төмөнкүдөй негизги баскычтарды ажыратууга болот:

*Биринчи баскыч – көчмөн (номад) цивилизациясынын калыптанышындагы кыргыздардын жамааттык иденттүүлүк тепкичи.*

Кыргыздардын этностук, социалдык-маданий иденттүүлүгүндө жамааттык иденттүүлүк калыптанып, кенен орун алган жана ал бүгүнкү күнгө чейин өз ордун, маанисин толук жогото элек. Кыргыз элинин тарыхын барактасак, ал басып өткөн жолу көчмөн жашоого негизделген. Жоокерчилик замандагы көчмөндүк жашоо образы тышкы душмандардан жана жаратылыштын түрдүү кырсыктарынан биргеликте сактануу, оош-кыйыш оор турмуштук жагдайларда жакшылык-жамандыкты ынтымакта бөлүшүү ж.б.у.с. жамааттык аң-сезимдер күчтүү болгон. Ошондуктан кыргыз коомун жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом деп айтууга толук негиз бар.

Кыргыздардын жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом экендигин философ А.К.Джусупбеков өзүнүн эмгектеринде ишенимдүү далилдеп берген. Ал көчмөн кыргыз элинин жашоо образы жаратылыштын, климаттын, жайлоолордун өзгөрүп туруучу факторлорунун таасиринен улам экстенсивдүү жана динамикалуу болгонун, анда туугандык, жердештик мамилелер сыяктуу социалдык факторлор дагы өтө маанилүү ролду ойногонун белгилеген. Автор, көчмөндөрдө товар алмашуу, кооптуу учурларда бири-бирине жардамдашуу, сеньор-вассалдык саясат сыяктуу иш чаралар менен коштолуп турганын жазган. [42, 111-112-б.]

Тарыхчы Ж.Жунушалиев да кыргыз коомун жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом экендигин белгилеп, уруулук иденттүүлүктүн социалдык-психологиялык негизин өз ара аракеттешүү жана өз ара жардамдашуу, жамааттык каада-салттар, топтук баалуулуктар, жалпы үрп-адат түзөрүн

айткан. Мисалы, туугандык, журтчулук, коңшу-колоңдук, ынтымак, өз ара жардам, кошумча, ашар, саан, мингич ж.б. [41, 267-б.] Бүгүнкү күндөгү жаңы шарттарда биз аларды «социалдык иштердин салттык формалары» деп атап келе жатабыз. Байыркы замандардан эле кыргыз элинин социалдык иденттүүлүгү коомдун өнүгүү деңгээлине жараша өзгөрүп, өнүгүп келген. Бирок, Ж.Жунушалиев белгилеген, мезгил сынагынан өткөн, жогорудагы *туугандык, ашар, кошумча, журтчулук, коңшу-колоңдук* жана *ынтымактык мамилелери* сыяктуу көрүнүштөр азыркы учурдагы экономикалык кризис шарттарында да элди сактаган факторлор, оор турмуштук жагдайларга туруштук берүүгө шарт түзгөн иденттүүлүк элементтери катары актуалдуулугу жогорулап, алардын коомдо мааниси өсүп, күч алганын байкап, күбө болуп жатабыз.

Кыргыз коомунун жамааттык иденттүүлүккө негизделгендигин тастыктаган дагы бир фактор – кыргыз элинин уруулук түзүлүшү, анын бүгүнгө чейин сакталып калышы. Кыргыз эли өз тарых-таржымалын санжыра түрүндө муундан-муунга берип келген. Көчмөндөрдөгү генеологиялык жана туугандык байланыштарга алгачкылардан болуп чыгыш тарыхчысы Рашид-ад-Дин токтолгон. [116, 76-б.] Азыркы ата мекендик окумуштуулардан тарыхчы А.Асанканов бул салтты улап, генеологиялык же туугандык байланыштарга олуттуу көңүл бөлүп, талыкпай изилдеген.

А.Асанканов өз эмгегинде төмөндөгүдөй мисалды келтирген, 1990-жылдардагы демократиянын шарданы менен келеген шайлоолордо депутаттыкка талапкерлигин коё турган атуулдарыбыз туулуп-өскөн кичи мекенине, өз урууларына барышкан. Себеби «биздин (өз) бала», «ал биздин уруудан» деген жакындык, жамааттык таандык сезимдери аркылуу колдоо табышканын жазган [24, 14-б.]. Демек, кыргыздардын социалдык иденттүүлүгү жамааттык иденттешүү аркылуу ишке ашат, б.а. индивид жамаатташуу аркылуу социалдашат.

Жамааттык иденттүүлүк актуалдашуусун кыргыздардын урууларга бөлүнүп жашаган көчмөн заманда эле эмес, бүгүнкү демократиялык шайлоо

шартында да ачык көрүүгө болот. Мурдакы учурлар кыргыздардын жан дүйнөсүндө өз уруусу менен биримдик, тилектештик сезимдери алдыңкы орунда турган жана бул сезим аркылуу алар иденттешишкен.

Жогоруда айтылган ойду тарыхчы-этнограф А.Асанканов дагы баса белгилеген. 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгон кыргыздар алгачкы жолу президентти альтернативасыз шайлаган. Ал эми 1995-жылкы шайлоодо аймакка бөлүнүүчүлүк азырынча улуттук аң-сезимде бекем кармалып тургандыгын ачык-айкын көрсөттү. Бул улуттун ич ара татаал маселеси болуп саналат. [24, 19-б.] Мындан 22 жыл мурун болгон көрүнүш бүгүнкү күндө кайрадан эле кайталанып жатканын байкоого болот. 1995 [24, 19-20-б.] жана 2017-жылкы шайлоолордун жыйынтыгын [караңыз:84] төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 1.

1995- жана 2017-жылдардагы президенттик шайлоолордун жыйынтыктары.

| **Аймактар** | **А.Акаев** | **А.Масалиев** | **С.Жээнбеков** | **Ө.Бабанов** |
|---|---|---|---|---|
| | **1995-жыл** | | **2017-жыл** | |
| Ош | 51 | **45,6** | **71,85** | 18,56 |
| Жалал-Абад | 61,3 | **64,4** | **59,15** | 28,46 |
| Чүй | **87,2** | 7,3 | 37,59 | **50,48** |
| Ысык-Көл | **92,2** | 4,3 | 50,85 | 41,99 |
| Нарын | **97** | - | 55,83 | 36,97 |
| Талас | - | 2 | 12,69 | **85,64** |
| Баткен | - | - | **54,46** | 20,41 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, бүгүнкү күндө деле кыргыз коомунун урук-туугандык, жердешчилик иденттүүлүгү күчтүү экендиги дагы бир жолу айкын болду. Кыргызстандагы саясий маданият уруулук деңгээлден, жердешчилик деңгээлден толук көтөрүлө алган жок. А.Асанканов дагы өз эмгегинде бул көрүнүштү белгилеген. Учурдагы саясий этика боюнча түндүк-түштүк саясий Мисалыи көтөрбөө максатында «түндүк-түштүк» терминин колдонбоого чакырык ташталып келет, бирок атын атабоо менен маселе

чечилип калбайт. Түндүк-түштүк түшүнүгү сакталышы керек, себеби түндүк элинин маданияты, түштүк элинин маданияты бири-биринен өзгөчөлөнгөндүгү менен кыргыз элинин маданиятынын тарыхын тереңдетип, кеңейтип, байытып олтурат. Түндүк-түштүк маселесин саясий максатта терс иденттүүлүк үчүн колдонуунун ордуна маданий, социалдык алака иденттүүлүктөрүн жайылтуу үчүн пайдаланууну өнүктүрүү ааламдашуу шартына туура келет. Мындагы негизги маселе кыргыз коомунун келечекке карай түндүк-түштүк иденттүүлүктөрү менен чыгуу максаттары коюлушу зарыл. Мисалы, тамак-аш искусствосу, каада-салт искусстволору, социалдык мамилелер, жүрүш-туруш этикалары ж.б.

Философия илиминде кыргыз элинин жамааттык иденттүүлүккө тиешелүүлүгүн Г.Аалиеванын эмгегинде төмөнкүчө мүнөздөмө берилген. Кыргыз элинин мүнөзү социалдык чөйрө менен тарбиянын таасири астында калыптангандыктан, бирдей социалдык топко, кесипке ж.б. жамааттарга таандык адамдарда белгилүү бир даражада жалпылыкка ээ мүнөз байкалат. [17, 69-б.]

*Экинчи этап – бирдиктүү советтик маданият системасынын калыптанышы жана өнүгүшү.*

Советтик идеологиянын маңызындагы максатын К.Молдобаев: «(жашоодо) орун алып жаткан интернационализация процесстери элдин өз маданиятын көрсөтүүнүн айрым формаларында жана турмуш-тиричилигинде өсүп жаткан униформизмге алып келет. Азыркы доордо этносторду өздүк кимдигинен ажыратуу, унификациядан кутулуу жана мурдагы советтик республикаларда көзгө көрүнө багыт алуунун бир жолу катары 1970-жылдарда, 1980-жылдардын башында элдердин *тарыхый эсин* актуалдаштыруу болгон [74, 73-б.] - деп жазат. Маданият таануучу Д.Айтмамбетов кыргыз маданиятынын өнүгүш тарыхы тууралуу эмгегинде жалпы эле маданияттын тарыхый эволюциясын Лениндин эмгегине таянып, төмөнкүдөй маанилүү жыйынтыктарды жазган. «Марксизм-ленинизм классиктери белгилегендей эксплуататордук таптарда жашаган ар бир элде

эки элдин маданияттынын элементтери сакталат. Бул лениндик көрсөтмө кыргыз элинин маданиятында да кездешет. Чындыгында эле кыргыз маданиятынын өнүгүшүндө Ормон хан, Жантай хан, Шабдан баатыр сыяктуу бай-манаптык үстөмдүк кылуучулук маданият менен демократиялык маанайдагы элдик акындар Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы ж.б. көрүүгө болот». [18, 3-б.] Ушул эле көрүнүштү азыркы мезгилдеги кыргыз коомунун азыркы мезгилинен мисал келтирели. Эгемендүүлүккө ээ болгон кыргыз эли СССРдин бийлигинен бошонгон күндө дагы коомдун ***кош иденттүүлүгүн*** сактап келген жарандарды учуратууга болот. Кош иденттүүлүк позициясындагы жарандар советтик иденттүүлүк маселеси көтөрүлгөндө интернационалдык мамилеге өтүшөт. Ал эми улуттук иденттүүлүк маселеси көтөрүлгөндө эгемендүү улуттук иденттүүлүгүн карманышат. Кош иденттүүлүк маселеси көбүнесе совет доорунда жашап, билим алып, социалдык камсыздандырууну алып калган жарандарда, башкача айтканда, 50 жаштан жогорку курактарда көп кездешет.

*Үчүнчү этап – кыргыз коомунун эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки алгачкы 10-15 жылдык мезгил.*

Тарыхчы-этнограф А.Асанканов 80-жылдардан тарта кыргыздардын улуттук аң-сезиминин саясий, социалдык, экономикалык өзгөрүүлөрдү изилдеп, анализдеп келет. Автор кыргыз элинин улуттук аң-сезимин изилдөөдө негизинен мамлекеттик расмий документтерге, министрликтердин статистикалык маалыматтарына, өлкө башчыларынын ар түрдүү салтанаттарда сүйлөгөн сөздөрүнө, ошондой эле массалык маалымат каражаттарына жарыяланган кыргыз коомуна тиешелүү публикацияларга, андан тышкары 10-15 жылдык этнологиялык экспедициялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгына таянып мазмундуу, так баасын берген.

Советтер Союзу 80-жылдардын ортосунда экономикалык, социалдык жана саясий кризистин алдында турган. [25, 286-б.] СССРдин ушул абалынан пайдаланган башка этностор сыяктуу эле кыргыздар дагы улуттук аң-сезим үстүндө иштей башташкан. 1980-жылдардын аягы жана андан кийинки

жылдары жалпы Кыргызстан элинин саясий активдүүлүгүн жогорулагандыгы, кыргыздардын улуттук аң-сезиминин дүркүрөп өскөндүгү билинди. [24, 7-б.] 1980-жылдардын аягында кыргыз улуттук коомчулугунда өз элинин социалдык жана маданий «портретине» кызыгуу күч алды. [24, 169-б.] Себеби СССРдин идеологиялык күчү бул мезгилде солгун тартып, советтик союздун курамындагы дээрлик бардык өлкөлөр эгемендүүлүк үчүн катуу иш жүргүзүп башташкан.

Советтик идеология солгун тарткандан баштап «советтик адам» же «советтик коом» иденттүүлүгү маңызын жогото баштады. Бул абал экономикада, маданиятта, социалдык турмуш-тиричилинде, өзгөчө саясатта ачык көрүнө баштаган. СССРдин экономикалык системасы өтө татаал болгон. Анын татаалдыгы 15 республиканын бири-бирине тапшырык аркылуу байлангандыгында эле. … СССРдеги бирдиктүү эл чарба комплексин түзүү саясатынын натыйжасында, союздагы ишканалар өз ара адистештирилип, даяр продукция өндүрүү үчүн бири-бирине чийки заттарды, тетиктерди жөнөтүп турган. Келишимдик тартиптер, өндүрүш жана регион аралык байланыштар бузулуп, бартердик алмашуу башталган. Мына ушундан тартып, өнөр жай өндүрүшүнүн кризиси күч алган, көп каражат, эмгек менен курулган ишканаларды талап-тоноого жол берилген. [78, 456-б.] Ошол себептен Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли жана мүнөзү курч болуп, мунун таасири социалдык абалга, улуттук маданияттын өнүгүүсүнө түздөн-түз терс таасирин тийгизген. 1980-жылдарда башталган социалдык, экономикалык жана маданий кризис Кыргызстандын эгемендүү мезгилинин башталгыч жылдарында катуу таасир берген.

К.Молдобаев СССР элдеринин этносоциалдык аң-сезиминин ойгонушу, улуттук кыймылдар 1985-жылдардан тарта башталганын жазып, бир нече этапты басып өткөндүгүн белгилейт.

I этап – 1985-1988-жылдар. Өлкөдө, республикаларда көптөгөн улуттук маселелердин аздыр-көптүр ачык түрдө талкууланып башталышы. Талкууга улуттук маданият жана тил маселелери коюлган. [74, 80-б.]

II этап – 1988-1989-жылдар. Эң биринчи кезекте Балтика республикаларында улуттук фронттордун пайда болушуна байланыштуу түрдө улуттук кыймылдардын калыптанышы орун алат. «Фронттордун» уюштуруучулары «жогоруда» башталган революция «төмөндө» да күчтүү колдоого ээ болушу керек деген тезиске негизделишкен. Бул мезгилде улуттук кыймылдар улуттук-патриоттук талаптарды тагыраак коюп башташкан. [74, 81-82-б.] Кыргызстанда бул этап кыргыз тилинин функционалдык маанисин жогорулатуу, элдин өткөн тарыхындагы чындыкты жана адилеттүүлүктү, үрп-адаты менен каада-салтын, руханий байлыктарын калыбына келтирүү урааны астында өткөн. [25, 297-б.]

III этап – 1989-1991-жылдар. Бул жылдардын аралыгы тарыхый эс-тутум маселелеринин саясатташтырылуусу менен айырмаланат. Бул мезгилдерде бардык советтик республикада улуттук кайра жаралуу идеяларынын мыйзамдык негизде бекемдөө иштери орун алат. Республикаларда Эгемендүүлүк декларациясы кабыл алынат, улуттук тилдерге мыйзам боюнча мамлекеттик макам берилип бекитилет, улуттук символикалар кайра жаралат, калк жашаган аймактардын тарыхый аталыштары калыбына келтирилет ж.б. [74, 82-б.]

1989-жылы сентябрда республиканын титулдук улутунун тилинин функционалдык маанисин жогорулатуууга жана кыргыз элинин кайталангыс руханий байлыгын сактоого багытталган маанилүү документ – Кыргыз ССРнин мамлекеттик тили жөнүндө Мыйзам – кабыл алынган. [25, 298-б.] 1989-жылы 12-декабрда СССР Жогорку Советинин кезексиз XXII сессиясы кабыл алган «СССРдин Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор», «Эл депутаттарын шайлоо» жөнүндөгү мыйзамдары өлкөнүн мамлекеттик системасын кардиналдуу өзгөртүүгө шарт түзгөн. [78, 451-б.] Жогорудагы шайлоо жөнүндөгү мыйзам аркылуу бийлигин бекемдегиси келген Саясий бюро Эл депутаттары аркылуу бийлигин бекемдөөнү үмүттөнүшкөн. [25, 294-б.] Тилекке каршы, улуттук аң-сезимдин саясий күрөшүнө багыт алып калган

республикалык жетекчилер улуттук тарыхтын, улуттук маданияттын кайрадан жанданышы үчүн жан үрөп турушкан.

Жогорудагы улуттук иденттүүлүктү жаралышындагы ар бир этап жеңил-желпи өткөн эмес. 1990-жылы июль айында СССР акыркы мезгилде дагы өзүнүн жыйынтыктоочу съездин өткөргөнгө жетишкен. [25, 298-б.] Бирок кайра куруучулардын ички саясий көз караштарынын келишпестиги ансыз да эркиндикти эңсеп турган республикалар үчүн үмүткө жол ачкан. Ошол эле учурда улуттук идеянын жаралышы, тарыхый эс-тутумдардын ойгонушу, тилдик иденттүүлүктү калыптандыруу иштери оңойго турган эмес.

Кыргызстандын алгачкы 10-15 жылдык эгемендик мезгили кыргыз улутунун кайра жаралуусундагы кризистик кульминациялык чекит болгон. Өлкө улуттук, аймактык жана маданий өңүттөн азаттыкка чыкканы менен социалдык жана экономикалык жактан оор абалда калды. Бирок кыргыздын улуттук көрөңгөсүн козгогон, ойготкон оюн-зоок, салттык майрамдарды майрамдоо так ушул мезгилдерде күч алган. Буга мисал катары кыргыз коомунун «Нооруз» майрамына болгон мамилесинен көрүүгө болот. «Улуттук салттардын, салт-санаалардын, ырым-жырымдардын кайра жаралуусу жөнүндө, алардын керектүүлүгү жана сакталышы жөнүндө жана мындан кийинки руханий жактан баюусу жөнүндө массалык маалымат каражаттарына келип түшкөн каттардан билүүгө болот. Газета-журналдардын беттеринде, радио-телевидениеде тездик менен «Нооруз» майрамынын маңызы, кайсы элдерде бул майрамды майрамдашары, кандай механизмдери, ритуалдары бар экени жөнүндө маалыматтар көбөйдү» [24, 131-б.] деп жазат А.Асанканов. Социолог Б.Кошбакова: «Экономиканын көтөрүлүшү, билим берүү жана маданияттын өнүгүшү менен кыргыз элинин коомдун социомаданий салттары жана үрп-адаттары акырындык менен өнүгүп жатат. Кыргызстан азаттыкты алгандан кийин демократизация процессинин натыйжасында коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө кыргыз элинин улуттук аң-сезиминде өнүгүүнүн жаңы этабы башталды» [55, 170-б.] – деп белгилейт.

Г.Аалиева «Кыргыз элинин улуттук мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү» аттуу эмгегинде кыргыз элин улут катары ким, коом катары кандай экендигин изилдеп, советтер союзу таркагандан кийинки абалын анализдеп, «кыргыз» түшүнүгүнө кайрадан жаңыча илимий изилдөө керектигин айткан жана өзүнүн баасын төмөнкүдөй берген. «… постсоветтик мезгил аралыгында кыргыздардын улуттук мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн актуалдуулугу төмөнкүдөй жагдайлар менен шартталат:

- өлкөдөгү геосаясий жагдайдын кардиналдуу өзгөргөндүгүнө байланыштуу улуттун өз тарыхына, өткөнүнө, маданиятына кызыгуусунун кескин күч алышы;
- улуттун өз жүзүн, өз жолун, өзүн-өзү аныктоо, өзүнүн ким экенине кызыгуусу менен байланышкан буркан-шаркандуу процесстер;
- этникалык жамааттардын улуттук-саясий активдүүлүгүнүн өсүшү;
- этносоциалдык жамааттардын психологиялык ж.б. өзгөчөлүктөрүнө жетишерлик кайдыгер мамиле жасап, аны жерип келген илимий жоболордун баары соңку жаңы тарыхтын элегинен өтпөй, эскирип кулаган доор менен кошо кетти. Улуттук мүнөз, анын ичинде Теңир-Тоону мекендеп, байыркы даңктуу тарыхы менен сыймыктанган кыргыздардын улуттук мүнөзү тууралуу окууларды кайра карап чыгуу, же аталган маселелер менен байланышкан илимий негиздеги жаңы жоболорду түзүү зарылдыгы». [17, 32-б.]

70 жылдык Советтик державанын үстөмдүгү улуттук маанайды чагылдырган маданияттын өсүп-өнүгүшүнө түздөн-түз жана кыйыр түрдө тыюу салып келгендиги баарыбызга маалым. Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден баштап кыргыздын улуттук тарыхы жана маданияты үстүндө ар түрдүү иш чараларды өткөрүп келет. Кыргыздын маданияты, өзгөчө тарыхы СССР учурунда бурмаланып, айрым фактылар карапайым элге жеткен эмес. Бүгүнкү күнү бурмаланган жана жабык бойдон калган тарых фактыларын кайрадан жандандыруу иштери колго алынып, элге тааныштырып жатат. Кыргыздардын тарыхын кайрадан жаңы көз караштa карап чыгуу боюнча кыргыз тарыхчысы З.Курманов төмөнкүдөй оюн билдирет. «СССРдин

кыйрашынан кийин жаңы мамлекеттердин эгемендүүлүккө жетиши советтик тарых илиминен түп тамырынан айырмаланган, азыркы батыш тарых илиминин салттарына жана жетишкендиктерине негизделген өздөрүнүн өткөндөгү тарыхын кайрадан карап жана түшүнүп чыгуусу менен коштолот». [58, 22-б.]

*Төртүнчү этап – кыргыз коомунун иденттүүлүгүн калыптандыруу үчүн башатка кайрылуу мезгили.*

Англис социологу Антони Смит батыш маданиятынын дээрлик бардык жерде кеңири жайылышына карабастан, аң-сезимзсиз түрдө аздыр-көптүр өз баалуулуктарын табуу менен аларга кайтуу орун алып жатканын белгилейт. «Ааламдашкан дагы, эклектикалык дагы маданияттын ичиндеги жана сыртындагы этникалык мифтердин, эскерүүлөрдүн, салттардын кайра баштан жандануусу бүгүнкү космополиттик маданияттын түпкүрүндө аң-сезимсиз түрдө башатка кайтуу эскертип турат». [14, 66-б.] М.И.Калинин маданиятты көтөрүү үчүн маданияттын тарыхына, бардык адамзаттын маданият мурасынын тарыхына кайрылуу керек [48, 45-б.], аны менен катар «өлкөңдүн тарыхын билгенде ал ансайын жакын, өз өлкөң катары маанилүү болот [49, 199-б.] десе, ал эми келечекти алдын ала көрүү үчүн, сүйүктүү Мекениңдин атак-даңкы үчүн чыныгы улуттук маданий шедеврлерди жаратууда өз өлкөңдүн, өз элиңдин өткөн маданиятын, тарыхын үйрөнүү, билүү керек деп улуу жазуучу Ч.Айтматов айткан [19]. Жогоруда айтылган ойлорду улай кыргыз коомун түпкүрдөн карап изилдеген мударис социолог К.Исаев төмөнкүдөй пикирин билдирген. «Биз качан улуттук философияга, тарыхка, маданиятка киргенде гана идеология калыптанат. Бул үчүн улуттук баалуулуктарды «Алиппеден» баштап окутушубуз керек. Кудайга шүгүр, биз андан кур-жалак эмеспиз, төбөбүздө «Манас» турат. Дүйнөдө бир дагы элде «Манастай» рухий байлыгы жок. Демек биздин идеологиянын мазмуну менен маңызын «Манас» түзүшү керек». [47, 49-б.] К.Исаев ошону менен бирге кыргыз коомунун социалдык жана маданий иденттүүлүгүн изилдөөдө,

иденттүүлүгүн түзүү, калыптандыруу жана мамлекеттин идеологиясын жаратууда улуттук башатка кайрылуу керек экендигин баса белгилейт.

Азыркы ааламдашуу шарты кыргыз коомунун иденттүүлүгүн локалдык жана глобалдык шарттарга алып барып такайт. Ааламдашууда өздүгүңдү сактап калуу жана таанытууда абстрактуу жана конкреттүү нерселерге таянуу керек. Бул абстрактуу жана конкреттүү нерселер коомдун негизги белгилери. Мисалы, коомдун материалдык жана материалдык эмес баалуулуктары, символдору, коомдук көндүмдөр, социалдык мамилелер ж.б.

Улуттук символдор коомдун маданий баалуулугу менен да тыгыз байланышта. Улут маданиятты жаратса, маданият да улутту жаратат. Мына ушундай эриш-аркак байланыш символдорго да өз таасирин тийгизет. Советтер союзу кулагандан кийин пайда болгон постсоветтик өлкөлөрдүн улут жана мамлекетти кайрадан жаратууда маданияттарына, «өзүнө» кайтуулары бекеринен эмес болсо керек. Тарыхый, маданий баалуулуктарды жана өзгөчөлүктөрдү камтыган символдорду колдонгон өлкөлөр арасында Беларуссия, Казакстан, Кыргызстан, Түркменистан ж.б. ушул сыяктуу мамлекеттерди көрсөтүү мүмкүн. [117, 208-б.]

Социомаданий иденттүүлүк ар кыл цивилизациялар менен улуттарга таандык адамдардын мүнөзү менен жүрүш-турушунун негизинде жаткан жүрүш-турушдук, символдуу, нерселик атрибуттардын стереотиптүү жыйындысын туюнтат. [17, 80-б.] Символикалык белгилер коомдун эң майда топторунда жакшы үйрөнүлөт жана жашоо боюнча үйрөнүү процесси аркылуу иденттешүүсү өнүгүп, калыптанып отурат. Социалдык жана маданий иденттүүлүктүн калыптанышында, өнүгүшүндө жана өзгөрүшүндө таасир этүүчү факторлор: инсандын Мен иденттүүлүгү, үй-бүлө, чөйрө жана мамлекет. Алар төмөндөгүчө таасир этишет:

**Мен** идентүүлүгүндө психологиялык абал жаралат, социалдык статус такталат. Мен иденттүүлүгү инсанда ички жана «мендердин» кагылышуусунда, коом тарабынан басым көрсөтүлгөндө, өзүнө өзү баа берүүдө даана байкалат. Мисалы, улуту боюнча алганда: мен – кыргызмын

(өзбекмин, тажикмин); жыныстык жактан: мен – аялмын, мен – эркекмин; демографиялык жактан: мен – пенсионермин; ролдук-статустук жактан: мен – апасымын, мен – досумун ж.б. Мен иденттүүлүгү үй-бүлөдө калыптанат жана өмүр бою инсандын социалдык-психологиялык абалын аныктаган иденттүүлүк катары сакталат.

**Үй-бүлө:** үй-бүлөдө иденттүүлүктүн алгачкы ролдору жаралат. Мен иденттүүлүгү өзүнүн кимге жана кайсы топко таандык экенин таануу, билүү мезгили. Социомаданий иденттүүлүктүн пайда болуу мезгили үй-бүлө, тактап айтканда, улуттук, социалдык жана маданий жактан иденттешүүсүнүн башталгыч чекити. Мисалы, мен – үй-бүлөдө баламын, атамдын баласымын, апамдын кызымын, биздин үй-бүлө, менин чоң атам, менин байкем.

Инсан үй-бүлөдө кайсы гана иденттүүлүгү болбосун канчалык бекем калыптанса, жашоодо дагы алгачкы калыптанган иденттүүлүгүн өмүр бою сактайт. Бул маселе бир үй-бүлөнүн мүчөсү, топтун мүчөсү, улуттун өкүлү, диндин өкүлү, маданий чөйрөнүн өкүлү, өлкөнүн жараны катары кабыл алынууда эске сакталышы керек. Демек үй-бүлөдөгү иденттешүү процесси абдан маанилүү, себеби аң-сезимсиз түрдө «меники», «биздики» сезими күчтүү өнүгөт. Үй-бүлөлүк иденттешүүдө конкреттүү жана абстрактуу символдор инсандын иденттүүлүгүндө сактала баштайт.

**Чөйрө:** достор, кесиптештер, коңушулар, классташтар, группалаштар, тилектештер, ж.б. Чөйрөдөгү иденттешүүдө инсандын каалоосу, максаты, жашоодогу принциптери аркылуу жүрөт. Жеке экономикалык кызыкчылыктардан тарта бардык инсандын социалдашуу процесси башталат. Улам жакындык, окшоштук жактары менен адамдар бири-бирине тартылып отуруп, белгилүү бир топтук иденттүүлүктү түзүшөт. Мисалы, саясий партиялар, маданий чөйрөлөр, жаш курагы боюнча чөйрөлөр, кесиби боюнча чөйрөлөр (медиктер, мугалимдер, илимпоздор), белгилүү бир оорусу боюнча иденттешкендер (рак оруулуулар, диабетиктер) ж.б.

Инсанды курчап турган чөйрөсү аркылуу иденттешүүсүндө үй-бүлөдө калыптанган социалдык жана маданий иденттүүлүгү кайсы бир деңгээлде

өзгөрүү тенденциясына учурайт. Башкача айтканда, социалдык жана маданий иденттешүүсүнүн горизонту кеңейет жана тереңдейт.

**Мамлекет:** инсандын социалдык жана жарандык иденттүүлүгүн кайрадан түзгөн, калыптандырган же эски иденттүүлүктү жокко чыгарган субъект. Мамлекеттик деңгээлде иденттешүүдө инсандын үй-бүлөдө, чөйрөдө түзүлгөн иденттүүлүгүндө өзгөрүүлөр болот. Мамлекет мыйзамдын чегинде иш алып баргандыктан, иденттешүү процессине айрым бир жоболор, милдеттер, укуктар аркылуу чек коюлат же тескерисинче күчөтүлөт. Мисалы, мамлекеттин символикалык белгилерине, атрибуттарына карата сезимдердин ойгонуш иденттүүлүгү атайын иш-чаралар аркылуу ишке ашырылат. Символдордун маанилери түшүндүрүлөт, сүрөттөр чечмеленип, максаттуу түрдө улуттук аң-сезимге отургузулат. Албетте, бул иш-чаралар үй-бүлөдө башталат, билим берүү мекемелеринде үйрөтүлөт.

Демек, Кыргызстандагы кыргыз коомунун өзгөчөлүгүн: улуттук саясий иденттүүлүгүн, социалдык иденттүүлүгүн, улуттук жарандык иденттүүлүгүн, тарыхый, улуттук жана социалдык эс-тутумун изилдөөдө салыштырма тарыхый ыкма аркылуу советтик мезгилге чейинки кыргыз коомундагы иденттүүлүк, совет доорундагы иденттүүлүк жана учурдагы кыргыз коомунун жалпы жарандык иденттүүлүгү деп изилдөө максатуу жана пайдалуу болот деген ишенимдебиз. Себеби учурдагы кыргыз коомунун жаштарында космополиттик көз караш калыптанып келе жаткансыйт. Бул космполиттик көз караштын пайда болушу жаштардын мамлекеттик институттардан колдоо ала албай жаткандыгында. Аны менен катар мамлекетке ишенимдин жоктугу. Бул тууралуу социолог С.Сыргабаев: «Жаш кыргызстандыктар макродеңгээлде этно-улуттук жана жарандык иденттүүлүктөрдүн үстөмдүгүн жарыялаганы менен, микродеңгээлде алар үчүн жакынкы социалдык топтук чөйрө (үй-бүлө/ата-эне, дос-курдаштар, кесиптештер, айылдаштар) маанилүү ролду ойнойт. Буларга карата ишеним деңгээли өтө жогорку чекте болсо, мамлекеттик институттар (өзгөчө бийлик институттары), тескерисинче, жаштардын ишеним дефицитине кириптер болууда» [96, 176-б.] деген пикирин билдирген.

Маданиятта башатын жоготкон учурда тарых маанилүү боло баштайт. Ал эми тарых өтмүштөн учурга чейин келген түз багыт. Келечектин пайдубалын түзүүдө бүгүнкү күндүн убактысы маанилүү. [100, 51-б.] Андыктан улуттук мүнөздү жаратууда кыргыз коому оор сыноолорду баштан өткөрдү, табигый кырсыктардан тарта этностук кагылышууларды, наразычылык революцияларды жашап өттү. Тилекке каршы, тездик менен элдин башын бириктирген мамлекеттик идеология түзүлгөн жок, себеби кыргыз коомунун бирдиктүү иденттүүлүгү жок.

Корутундулап айтканда изилдөөнүн аягында төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды:

1. Кыргыз коомунун иденттүүлүгүн изилдөө иштери 1990-жылдардан баштап, бүгүнкү күнгө чейин калыптануу мезгилин жашап жатат.

2. Кыргыз коомунун аймактык, уруулук жана каада-салттык иденттүүлүгү күчтүү сакталгандыгын тарыхчылар тарыхый аспектен, философтор философиялык аспектен изидесе, социологдор эмпирикалык изилдөөнүн жыйынтыгы менен далилдеп келишти.

3. Ар бир иденттүүлүктүн жаралышында, калыптанышында коомдук таасирлер күчтүү таасир тийгизери билинди. Кыргыздардын социалдык жана маданий иденттүүлүгүнүн толук калыптанбай жаткандыгынын негизги себептери төмөнкүлөр:

- Советтик иденттүүлүктүн таасири;
- Кош иденттүүлүктүн болушу;
- Заманбап кыргыз коомунун иденттүүлүгү;
- Иденттүүлүктөрдүн кагылышы;
- Иденттүүлүктүн жоктугу: эски иденттүүлүктү жээрүү, жаңы иденттүүлүктү кабыл албоо;
- Жаштардын ааламдык иденттүүлүккө багыт алышы ж.б.

# III. КЫРГЫЗСТАНДЫКТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТҮҮЛҮГҮНҮН АБАЛЫ ЖАНА ӨЗГӨРҮҮ БАГЫТТАРЫ

## 3.1. Кыргызстандагы негизги этностук топтордун динамикасы жана жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү

Кыргыз коомунун биримдиги (единство) жана бекемдиги (консолидация) азыркы шарттарда теориялык да, практикалык да жактардан караганда актуалдашкан маселелерден экендигинде шек жок. Бул өлкөбүздүн жарандарынын көпчүлүгүнүн иденттүүлүк боштук (вакуум) же бошоң абалы менен байланыштуу. Биздин республика сыяктуу полиэтникалык мамлекет [караңыз: табл.№3.1.1] үчүн жарандык иденттүүлүктүн бошоңдугу эселеп коркунучтуу.

Таблица №3.1.1.

Көз карандысыздык жылдарында ири этностук жамааттардын санынын өзгөрүшү [81; 6; 61,С.59]

| | **Эл каттоонун маалыматы** | | | | **Жыл башына карата КР УСКнын маалыматы** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1989-ж.** | | **2009-ж.** | | **2016-ж.** | | **2021-ж.** | |
| | **саны** | **%** | **саны** | **%** | **саны** | **%** | **саны** | **%** |
| **Бардык калк** | **4257755** | **100** | **5362793** | **100** | **5 895 100** | **100** | **6 636800** | **100** |
| Кыргыздар | 2229663 | 52,4 | 3804788 | 71 | 4 393 100 | 73,0 | 4 896200 | 73,8 |
| Өзбектер | 550 096 | 12,9 | 768 405 | 14,3 | 857 000 | 14,6 | 985400 | 14,9 |
| Орустар | 916 558 | 21.5 | 419 583 | 7,8 | 360 600 | 6,0 | 341400 | 5,2 |
| Украиндер | 108 027 | 2,5 | 21 924 | 0,4 | 12 700 | 0,2 | 9200 | 0,2 |
| Дунгандар | 36 928 | 0,9 | 58 409 | 1,1 | 67 600 | 1,1 | 74500 | 1,1 |
| Уйгурлар | 36 779 | 0,9 | 48 543 | 0,9 | 54 800 | 0,9 | 60200 | 0,9 |
| Тажиктер | 33 518 | 0,8 | 46 686 | 0,9 | 52 700 | 0,9 | 58900 | 0,9 |

Жарандык жалпылык өлкөнүн каада-салты, жалпы тарыхый тагдыры, маданий баалуулуктары болгон калкын бириктирүүчү чоң топ. Мында баарлашуу каражаты жана баары бөлүшкөн барктарды жана баалуулуктарды

иштеп чыгуу шарты болгон **жалпы тилдин** зор мааниси бар. Белгилей кетсек, Кыргызстанда жарандык жалпы иденттүүлүктү калыптандыруу биздин өлкө үчүн жөнөкөй маселелерден эмес. Анткени, Кыргызстанда мамлекеттик тил болгон **кыргыз тили** жарандык иденттүүлүктү калыптанышындагы өзүнө жүктөлгөн милдеттерди азырынча жетиштүү деңгээлдерде аткарууга чамасы чектелүү.

Жалпы жарандык иденттүүлүк жарандык улуттун мамлекетте калыптанышынын түркүгү болгон өзөктүк категория. Бул Кыргызстандын *түрдүү этносторунун өкүлдөрүн бирдиктүү жарандык улутка чогулткан –* ***кыргыз жараны*** түшүнүгүн калктын аң-сезиминде чындап бекемделиши менен коштолот. Мына ошого байланыштуу жарандык улут категориясынын кыргызстандыктардын жүрөгүндө калыптанышы курамына ар кандай компоненттерди камтыйт. Мисалы, мындай компоненттерге жалпы калк колдонгон баарлашуу тилинен тышкары, жалпы руханий баалуулуктары менен сыймыктанган баатырлары, жалпы тарыхы, майрамдары, маданий мурастары ж. б. кирет. Ошондуктан кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүк сезимдерин бекемдөөдө, алардын көкүрөгүндө **Кыргыз улуту** түшүнүгүн калыптандырууда эки багытта бирдей иш-аракеттер талап кылынат. Алар теориялык багытта жана практикалык багыттагы иш-чаралар. Буга, бир (теориялык) жактан, коом таануучу окумуштуулар, экинчи (практикалык) жактан, саясатчылар жана мамлекеттик башкаруу түзүмдөрдүн кызматкерлери өз салымдарын кошуш керек.

Мамлекет башчысынын Жарлыгы менен бекиген “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында” (мындан ары Концепция), өлкөнүн жарандарынын биримдигин, Ата мекендин бүтүндүгүн чыңдоо, бардык мекендештердин мамлекеттик тилди окуп-үйрөнүп, жетиштүү деңгээлде билиши үчүн шарттарды түзүү менен мамлекеттик тилдин ушундай консолидациялык ролун бекемдөө каралган. Концепцияда, ошондой эле, “этностук жамааттардын өз эне тилдерин сакталышына кепилдикти камсыз кылуу менен

кыргызстандыктардын мамлекеттик, расмий жана дүйнөдө кеңири колдонулган тилдердин бирин билген үч тилдүү жаңы муунун калыптандыруу максаты” [караңыз: 3] коюлган. Бул “жарандардын атаандашууга жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун, өлкөнү ийгиликтүү өнүктүрүүнүн шарты катары” аныкталган жана мындай натыйжаларга жетүү үчүн 20 милдетти жүзөгө ашыруу белгиленген [3].

Көз карандысыздык жылдары ичинде өлкөнүн ар кандай этникалык топторунун өкүлдөрү өздөрүн дагы эле Кыргызстандын жараны, анын бирдиктүү калкынын курамына кирген бир бөлүгү экендигин аң-сезимдүү деңгээлде сезе электиги ачык болууда. Бул, айрыкча, акыркы 15 жылга жетпеген мезгил ичинде республикада жүз берген этностор ортосундагы чыр-чатактардан: Чүй облусунда 2006-жылы Искра айылындагы кыргыздар менен дунгандардын, 2009-жылы Петровка айылындагы кыргыздар менен күрддөрдүн, 2010-жылы Маевка айылындагы кыргыздар менен түрк-месхеттердин жана чыңалуунун чокусу болгон, ошол эле жылдагы Кыргызстандын түштүгүндөгү кайгылуу окуялардан даана көрүндү. Мисалы, 2010-жылдын 10-июнунун кечинде Ош шаарынын бир нече райондорунда өзбек этносуна таандык адамдардан турган сепаратисттик топтор бул коогаланды башташкан. Алар кыргыз улутундагы жарандарга кол салуу менен алардын өмүрүнө, мүлкүнө жана мамлекеттик мүлккө коркунуч туудуруп, баш аламандыктардын башталышына себепкер болушкан. Ал гана эмес, алар өздөрүнүн Кыргызстандын мамлекеттик жана Конституциялык түзүлүшүнө каршы куралдуу кол салуу аракеттери менен Кыргыз **мамлекеттүүлүгүнө**, анын **бүтүндүгүнө** коркунуч жаратышкан. Мисал катары айтсак:

- Кыргыз Республикасынын Гербин талкалап, Туусун өрттөгөн фактылар (Нариман ИИБнүн имаратынын жана КРнын ӨКМдин кампасынын алдында);

- аскердик бөлүктөр жайгашкан жерлерге кол салуу аракеттери (Сулайман-Тоонун батышында жайгашкан чек ара аскер бөлүгүнө);

- шаардык МАИнин, Кара-Суу району Нариман милиция бөлүмүнүн, Базар-Коргон райондук милиция бөлүмүнүн, Сузакта райондук архивдин имараттарынын талкаланып, өрттөлүшү;

- элдешүү аракетин жасаган кыргыз улутундагы мамлекеттик, милиция жана аскер кызматындагы жарандардын (Ош шаардык Кеңешинин депутатынын, Кара-Суу райондук ИИБнүн башчысынын, регулярдуу аскер бөлүктөрүнүн, ички иштер, МАИ кызматкерлеринин ж.б.) мыкаачылык менен өлтүрүлүшү;

- шаардык троллейбус паркынын, айрым ЖОЖдун окуу корпустарынын, филармониянын, Ош ПВЭСтин ж. б. имараттардын жана троллейбус, автобустардын талкаланып, өрттөлүшү ж.б.у.с.

Ошондуктан, жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу – Кыргызстандын биримдиги, бүтүндүгү, мамлекеттүүлүктү сактап калуудагы өзөктүк маселе. Концепцияда бул багытта төмөнкү иш-чаралар каралган:

“1. Мамлекеттик тилди колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү, жарандардын, алардын ичинде мамлекеттик тил эне тили болбогондордун арасында аны билгендердин санынын өсүшүнө дем берүү;

2. Ар бир жарандын өз эне тилин сакталышына жана үйрөнүшүнө шарттарды түзүү, тилдик белгилер боюнча кодулоого жол бербөө;

3. Кыргыз тилинин потенциалынын өнүктүрүү, анын коомдук-саясый, экономикалык, маданий, илимий жана башка иш-аракет тармактарында колдонулушун кеңейтүүгө шарттарды камсыз кылуу;

4. Мамлекеттик тилдин терминологиялык фондун толуктоо, лексиканы унификациялоо, жаңы муундагы китептерди басып чыгаруу;

5. Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде, анын ичинде мектепке чейинки, баштапкы, орто, кесиптик, жогорку билим берүүдө мамлекеттик тилде окутууну камсыз кылуу...

6. ... мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге карата мамлекеттик тилди билүү боюнча квалификациялык талаптардын системасын колдонууга этап менен киргизүү;

7. Мамлекеттик тилде илимий иштеп чыгууларды өнүктүрүүнү кубаттоо, тармактык терминологиялык сөздүктөрдү иштеп чыгуу” [караңыз: 3].

Ушул мааниде алып караганда Кыргызстандын элинин тилдерди билүү даражасы өзгөчө кызыктуу. Тил, белгилүү болгондой, этностун, улуттун негизги айырмалоочу белгиси жана улуттук маданияттын маанилүү элементи. Ал гана эмес, полиэтностук өлкөлөр үчүн орток тил баарлашуу каражаты да болуп саналат. Адатта, титулдук улуттун тили баарлашуунун орток тили катары кызмат кылат. Баш мыйзамдын 13-беренесине ылайык, Кыргызстанда мамлекеттик тил – кыргыз тили, ал эми орус тили болсо расмий тил катары мыйзамдуу бекитилген [60, 13-бер.]. 2009-жылдагы Эл каттоонун расмий каттоо барагына (форма 2) кыргызстандыктардын кайсы тилди өзүнүн эне тили катары эсептеши жана дагы башка кайсы тилдерди билиши жөнүндө маалымат алуу максатында атайын суроо киргизилген. Эл каттоонун жыйынтыгы боюнча, Кыргызстанда жашаган этностук топтор 97,75 % өзүн этникалык тилин эне тили катары көрсөткөн (Таблица №3.1.2). Ал эми 120 790 адам (же 2,2 %ы) эне тили катары башка этноско таандык тилди колдоно тургандыгын билдирген [81, 118-б.]. Алардын ар бир төртүнчүсү же 25,8 %ы кыргыз тилин, теңинен көбү болсо же 52,3 %ы кыргызстанда расмий статусу болгон орус тилин, дагы 12,3 %ы – өзбек тилин, калгандар же 9,6 %ы башка тилдерди көрсөтүшкөн. Мамлекеттик тилибиздин абалы орус тилине салыштырмалуу эки эсеге төмөн. А түгүл, кыргыз улутундагы 5403 адам өзүнүн эне тили катары кыргыз тилин эмес, таптакыр башка тилди көрсөткөн. Булардын 73,6 %ы, сандык көрсөткүчтө 3978 адам орус тилин, бештен бири же болсо 1124 адам (20,1 %ы) өзбек тилин, ал эми калган 5,6 %ы (301 адам) аталган тилдерден башка тилди өз эне тили деп эсептеше турганын белгилешкен [караңыз: 81, 118-б.]. Кыргызстандын башка этникалык топторунун өзүнүн этностук тилин эне тили катары эсептебегендер боюнча салыштырмалуу талдоо жүргүзгөндө Кыргызстанда жашаган украин жана немис улутунун өкүлдөрүндө бул көрсөткүч эң жогорку. Мисалы, украиндердин ар бир төртүнчүсү гана (24,5 %ы) эне тили сапатында украин

тилин көрсөтүп, басымдуу көпчүлүгү (75,1 %ы) орус тилин эне тили катары эсептей турганын көрсөтүшкөн. Мекендештерибиз болгон немис улутунун өкүлдөрүндө да ушундай жогорку көрсөткүчтү байкайбыз: 27,7 %ы немис тилин, 70,8 % орус тилин эне тили деп билишет. Бул позиция боюнча Кыргызстанда жашаган корейлер тең экиге бөлүнгөн: эне тили катары корей тилин - 49,9 %ы, орус тилин - 50,1 %ы көрсөткөн [81, 118–б.]. Башка этникалык топтордун өкүлдөрү болгон мекендештерибиздин басымдуу бөлүгү эне тилин өзүнүн этностук таандыгы боюнча аныкташкан.

Таблица №3.1.2.

Калктын тилдерди билиши боюнча бөлүнүшү [81]

| № | Этностор | Жалпы саны | Өз этносунун тилин эне тили катары көрсөткөндөр | | Кыргыз тилин эне тили катары көрсөткөндөр | | Кыргыз тилин экинчи тил катары билгендер | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | саны | % | саны | % | саны | % |
| 1 | **КР боюнча** | **5362793** | **5241903** | **97,7** | **4070572** | **75,9** | **271187** | **5,06** |
| 2 | Кыргыздар | 3804788 | 3799385 | 99,8 | - | | 1610 | 0,04 |
| 3 | Өзбектер | 768405 | 757660 | 98,6 | 6324 | 0,82 | 212063 | 27,60 |
| 4 | Орустар | 419583 | 419017 | 99,8 | 322 | 0,08 | 12764 | 3,04 |
| 5 | Дунгандар | 58409 | 56541 | 96,8 | 278 | 0,48 | 1940 | 3,32 |
| 6 | уйгурлар | 48543 | 37277 | 76,8 | 1981 | 4,08 | 7399 | 15,24 |
| 7 | Тажиктер | 46105 | 42324 | 91,8 | 1021 | 2,21 | 11498 | 24,94 |
| 8 | Түрктөр | 39133 | 25680 | 65,6 | 6207 | 15,9 | 8720 | 22,28 |
| 9 | Казахтар | 33198 | 22404 | 67,5 | 8779 | 26,4 | 4895 | 14,74 |
| 10 | татарлар | 31424 | 20907 | 66,5 | 1107 | 3,52 | 3155 | 10,04 |
| 11 | Украиндер | 21924 | 5373 | 24,5 | 64 | 0,29 | 673 | 3,07 |
| 12 | Корейлер | 17299 | 8476 | 49,0 | 120 | 0,69 | 405 | 2,34 |
| 13 | Азербайжан | 17267 | 11530 | 66,8 | 171 | 0,99 | 2644 | 15,31 |

Эгерде мамлекеттик тил статусундагы **кыргыз тилин** эне тили жана экинчи тил катары билиши боюнча маалыматка кайрылсак, анда мамлекеттик тилди эне тили жана экинчи тил катары биле тургандардын мекендештерибиздин саны 4 070 572 адамды же жалпы калктын төрттөн үч бөлүгүн түзгөн, үлүштүк көрсөткүчтө бул 75,9 % болот. Салыштыруу үчүн: Орусия Федерациясында 2002-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча,

160 тан ашуун этностордон куралган калкынын 98,7 %ы мамлекеттик статусу болгон орус тилин билишет же 100 адамдан бирөө гана мамлекеттик тилди билбейт [2, 48-52–бб.]. Ал эми Кыргызстандын калкынын ар бир төртүнчү тургуну (100 адамдан 24ү) мамлекеттик тилди билбейт. Кыргызстанда мамлекетке атын берген, титулдук улут болгон кыргыздардын өзүн кошпогондо, 1 558 005 адамды түзгөн башка этникалык топтордун ичинен 269 577 жаран гана (17,3%ы) кыргыз тилин сүйлөй алган экинчи тили катары көрсөткөн. Буларды кошпогондо, калган башка этностук топтордун 1 288 428 өкүлү же 82,9 %ы мамлекеттик тилди экинчи тил катары да билбейт жана колдонбойт. Кыргыз тилинде эркин баарлаша ала тургандыгын билдиргендердин санынан «орус тилдүү» кыргыздарды (1 610 адам) жана тили жактан кыргыздарга жакын болгон түрк тилдүү - өзбектер (212 063 адам) менен казактарды (4 895 адам) кошпогондо, кыргызстандык башка этностордон 52 619 гана адам экинчи тили катары кыргыз тилин көрсөткөн. Бул Кыргызстандын калкынын кыргыз тилин экинчи тил катары билген өзбектер менен казактардан жана кыргыздардын өзүнөн тышкары 1 345 942 адамдын 3,9 %ын (!) гана түзөт [81, 118-120–бб.].

Өкмөтүн тил саясатында отуз жылга жакын мезгил аралыгында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жаатында стагнация орун алып, алгылыктуу жылыштар болгон жок. Анын мындай натыйжасыздыгы негизинен эки себеп менен түшүндүрүлөт: биринчиси, борбордук мамлекеттик бийлик түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин басымдуу көпчүлүгүн «орус тилдүү» кыргыздар түзүп, алардын кыргыз тилинин башкаруу системасында негизги тилге айланышына пассивдүү каршылыгы болсо, экинчиси, айрыкча түрдүү этностордук өкүлдөрү болгон орус тилдүү мекендештер үчүн кыргыз тилин үйрөнүүнүн зарылдыгынын жоктугу менен түшүндүрүлөт. Дегенибиз, орус тилинин Кыргызстандагы расмий тил статусу жана аны ашкере түшүнүү белгилүү деңгээлде кыргыз тилинин коомдо мыйзамдуу өз ордун ээлешине тоскоол болууда. Акыркы жылдары гана мамлекет жетекчилеринин – президенти С.Н.Жапаровдун, экс-президенттери С.Жээнбековдун жана

А. Атамбаевдин демилгелеринин, принципиалдуу бекем позицияларынын, ыраатуу койгон талаптарынын аркасында мамлекеттик тилдин татыктуу ордун бекемдөөдө алгылыктуу жылыштар байкалууда.

Улуттук статистика кызматынын расмий маалыматтары боюнча, республиканын калкынын болжолдуу 43,3%ы экинчи тилди билсе, алардын 83 %ы экинчи тил сыпатта орус тилин колдонот. Ал эми, кыргыз тили эне тили **болуп саналбаган** адамдардан 10,7%ы үчүн гана мамлекеттик тил сүйлөшүп, пикир алмашкан тили болуп эсептелет (караңыз: таблица №3.1.3)**.** Ал эми дүйнөлүк тил болгон англис тилинде эркин баарлашкан мекендештер калктын 1,1%ын түзөт. Ошентип, эне тили жана экинчи тил катары мамлекеттик тилди көрсөткөндөр жалпы калктын 76,5%ын түзсө, калктын дээрлик жарымы же 48,3%ы – орус тилин биле тургандыгын расмий маалымат булагына таянып айта алабыз [81, 320-330–бб.].

Таблица №3.1.3.

Эне тилин жана экинчи тилди билген Кыргызстандын жарандарынын саны боюнча маалымат [81,118-122-беттер]

| | **Саны** | | **Эне тили** | | **Белгиленген экинчи тил** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **5 362 793** | 100% | 5 362 793 | 100% | 2 538 811 | 100% |
| Кыргыз | 3 804 788 | 71,0% | 3 830 556 | 71,4% | 271 187 | 10,7% |
| Өзбек | 768 405 | 14,3% | 772 561 | 14,4% | 97 753 | 3,9% |
| Орус | 419 583 | 7,8% | 482 252 | 9,0% | 2 109 393 | 83% |
| Англис | - | - | - | - | 28 408 | 1,1% |
| Башка | 776 | - | 277 424 | 5,2% | 32 070 | 1,3% |

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиялануучуларынын дээрлик үчтөн экиси (65%ы) орус тилинде, үчтөн бири (33,3%ы) – кыргыз жана азыраак бөлүгү, тактап айтканда 1,8%ы өзбек тилинде окушат [59, 11-25]. Кыргызстандагы жалпы орто мектептерди окуткан тили көрсөткүчү боюнча үлүшү жана билим алуучулардын үлүшү жагынан маалыматтарды салыштырууда катыштар төмөндөгүдөй болду: окутуу кыргыз тилинде жүргөн мектептер 64,2%, андагы окуучулардын үлүшү жалпы кыргызстандык окуучулардын 73,1% түзгөн, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин

үлүшү 9,14%, аларда билим алып жаткан окуучулардын үлүшү 17,9%ды, өзбек тилинде окуткан мектептердин үлүшү -5,5%ды, окуучулары - 8,7%ды, окутуу тажик тилиндеги мектептер 0,13%ды, окуучуларынын үлүшү 0,3%ы, ал эми окутуу аралаш тилдеги мектептердин үлүшү болсо 21,02%ды түзгөн. Ошол эле учурда, жаштарга кесиптик билим берүүчү Кыргызстандын ЖОЖдору окуу процессинде басымдуу орус тилин колдонушат. [59, 11-25]**.**

Кыргызстан коомунун биримдигинин (консолидация) көйгөйү коомубуздун кризистик абалы жана ааламдашуу таасирине байланыштуу теориялык жана практикалык өңүттөрдө актуалдашкан. Бул өлкөбүздүн жарандарынын көпчүлүгүнүн иденттүүлүк түшүнүктөрүндө бош (вакуум) абал жаралгандыгы менен байланыштуу. Полиэтностук мамлекет болгон Кыргызстан үчүн жарандык коомдун туруктуулугун камсыздоодогу маанилүү фактор болгон иденттүүлүктүн жоктугу анын коопсуздугу үчүн эселеп коркунучтуу. Кыргызстанда жалпы жарандык идентүүлүктү калыптандыруу жөнөкөй маселелерден эмес. Анткени, “Кыргыз улуту” түшүнүгү, анын адамдардын аң-сезимине таралышы жана өнүгүшү коом таануу илиминде теориялык жактан, белгилүү окумуштуу профессор К. Исаев жана ал жетектеген изилдөөчү топтун алгачкы изилдөөлөрүн эсепке албаганда, азырынча иликтенбеген маселе. Практикалык деңгээлде жүргүзүлгөн иш-чаралар болсо, 2013-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын” (мындан ары Концепция) жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга багытталган алгылыктуу кадам катары баалоого болот [караңыз:3]. Бул бөлүмдө илимдин тилинде “идентүүлүк”, Концепциянын (практиканын) тилинде “бирдейлик” түшүнүгүнүн маңызын теориялык жактан ачып берүү, кыргызстандык жалпы жарандык идентүүлүктүн калыптанышынын кээ бир өңүттөрүн социологиялык талдоо максаты коюлган.

Анда жалпы жарандык бирдейликти (идентүүлүктү) бекемдөө, этностордун маданий өнүгүшүнө шарт түзүү аркылуу өлкөнүн ар бир атуулунун өзүн “Кыргыз жараны” деп аң-сезимдүү кабыл алышы, жарандык

атуулдукту тарбиялоо багыттарында максаттар, милдеттер жана иш чаралар аныкталган. Бул мамлекеттик маанилүү документте белгиленген максаттарды турмушка ашыруу – Кыргызстандагы мамлекеттик эле эмес, бардык коомдук, өндүрүштүк, маданий, а түгүл, коммерциялык түзүмдөрүнүн ирееттүү системалыкиш-чараларын, ошондой эле жеке жарандардын үзгүлтүксүз аракетин талап кылуучу узакка созулган жараян экендиги жазылган. Концепциянын максаттарына жетүү үчүн азыркы реалдуу шарттар иликтенип, белгиленген милдеттерди үч баскычта жүзөгө ашыруу мерчемделген. Ушул жерде белгилей кетүүчү нерсе, сөз болуп жаткан документте “Кыргызстан жараны” дебестен “Кыргыз жараны” деген терминдин колдонушу, өлкөбүздөгү “жалпы жарандык бирдейлик” жөнүндө ачык айтылышынын өзү расмий бийликтен зор саясий эрктүүлүктү талап кылган учур. Маны ошондуктан да бул кабыл алынган Концепциянын өлкөнүн өнүгүшү, анын көз карандысыздыгын бекемдөөдөгү маанисин төмөндөтүүгө болбойт.

Мамлекеттеги жарандык бирдейлик, жогоруда белгиленгендей, жарандык улуттун калыптанышынын негизин түзгөн өзөктүү категория. Ал Кыргызстанда жашаган бардык этностордун өкүлдөрүн бириктирген бирдиктүү кыргыз жарандык улуту түшүнүгүнүн калктын аң-сезиминде реалдуу бекемделиши менен коштолот. Ошондуктан, жарандык улут түшүнүгүнүн калыптанышы улуттун руханий баалуулуктарынын, искусствонун, маданияттын, спорттун чеберлери сыяктуу элдин баары сыймыктанган атактуу адамдарынын, эл баатырларынын, жалпы белгиленүүчү майрамдардын, жеңиштердин, тарых жана улуу муундардын мурастарынын, атуулдардын баарлашуусунун жалпы тили, маданий жетишкендиктер сыяктуу компоненттердин негизинде ишке ашат. Өлкө тургундарынын жарандык идентүүлүк сезимдерин бекемдөө, “Кыргыз улутун” калыптандыруу иш-аракеттеринде аларды жайылтуунун, пропагандалоонун бардык каражаттарын: массалык маалымат каражаттарын, социалдык тармактарды, интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу талап кылынат.

Учурда идентүүлүк заманбап коомдук аң-сезимдеги ачкычтык маселелерден болуп калууда. Дүйнөлүк социалдык-гуманитардык илимдерде бул феноменди талдаган көптөгөн концепциялар белгилүү. Алардын баарынын иденттүүлүк маселесин изилдешинин башаты психоанализде жатат. Жогоруда “иденттүүлүк” терминин биринчи ирет психоаналитик З. Фрейд 1914-жылы чыккан “Топтук психология жана Эгону талдоо” деген чыгармасында психологиялык өңүттө колдонулгандыгы белгиленди [101].

Иденттүүлүктү түшүнүгүн тереңдеп талдоодо Э. Эриксондун ийгилиги, эмгеги зор. Ал психосоциалдык иденттүүлүктү коом менен инсандын өз ара аракеттешүүсүнүн жыйынтыгы катары иликтеп, психосоциалдык иденттүүлүк сезимдери инсан болуп калыптанган адамдарга гана мүнөздүү деп жазган. Ошондой эле, иденттүүлүктү татаал түзүлүш, көп деңгээлдүү деп мүнөздөп, Э.Эриксон “инсандык иденттүүлүктүн кризистери” жөнүндөгү түшүнүктү киргизип, аны коомдук өнүгүүнүн кризистеринен ажырагыс байланышта экендигин белгилеп кеткен [116].

Идентүүлүктүн когнитивдик багытта изилдениши, маанилүү психикалык түзүлүшү сыпатта, анын инсанга эле таандык эмес, социалдык топко да таандык кубулуш катары Г. Теджфель изилдеп, натыйжада, психоанализ концепциясынан айырмаланган, анын *социалдык иденттүүлүк теориясы* калыптаган. Бул теориянын жарандык иденттүүлүк нугундагы орчундуу жоболорун изилдөөчү Г.У. Солдатова төмөнгүчө жазган:

“1) Индивид өзүн кайсы бир социалдык топтун мүчөсү катары аныктап жатып, ал топтун макамын (статусун) жана өзүн-өзү баалашын жогорулатуу менен оң баалоого умтулат;

2) Идентүүлүктүн сапаты жана мааниси социалдык категориялаштыруунун логикалык иш-аракеттеринин жана бир топ маанилүү параметрлер боюнча өзү таандык топту сырткы топторго салыштыруунун негиздеринде аныкталат;

3) Социалдык идентүүлүктүн оң мааниси “өзүнүн пайдасына” салыштыруу аркылуу жетишилет;

4) Когнитивдик жана эмоционалдык компоненттер ажырагыс байланышта. Топко мүчөлүктүн эмоциялык маанилүүлүгү идентешүү процессинин маанилүү учуру” [91, 45-46-беттер].

Социология илиминде “*жарандык иденттүүлүк*” түшүнүгү инсандын коом жана анын бардык типтүү социомаданий мүнөздүк белгилеринде (тил, менталитет, дүйнө кабылдоо, баалуулуктар, каада-салт, жүрүш-туруш эрежелери) өзүнүн ошол коомго таандыгын аң-сезимдүү таанышы көрсөтүлөт [36].

Жарандык идентүүлүктүн аркылуу адамдын коом, мамлекет менен иденттешүүсү орундалат. Инсандын жарандык таандыгы мамлекет, ал эми жарандуулугу болсо Ата мекени, анын мекенчилдиги менен теңдештирилет. Натыйжада, адамдын жарандуулук жана мекенчилдик сезимдери жарандык идентүүлүктүн маанилүү элементтери катары чыгат. Жарандык иденттүүлүктүн өзү болсо өлкөнүн калкын бириктирүүчү, анын түрдүү катмарларын социалдык жактан жуурулушун (интеграциясын) бекемдөөчү негиз болуп саналат.

Жарандык иденттүүлүктү изилдеген орус окумуштуусу Е.А. Гришина анын түзүлүшүн карап: “Жарандык иденттик объективдик (формалдуу – мамлекет, укук тарабынан түзүлүүчү – формалдуу, коомдо үстөмдүк кылган маданий, социалдык стандарттар жана эрежелер тарабынан түзүлгөн – бейформал) жана субъективдүү (индивид өзү аныктоочу салыштырмалуу эркин) курамдардан турат” – деп белгилеген [36, 336-бет]. Жарандык иденттикти түзгөн ушул объективдүү жана субъективдүү бөлүктөрдүн катышы иденттиктин бүтүндүк деңгээлин, коомго зарыл социалдык аракеттерди ишке ашыруу менен социалдык кайра өндүрүүнү (воспроизводство) камсыз кылууга өзүнүн жарамдуулугун далилдейт. Мисалы, туруктуу өнүгүү жолундагы коомдордо жарандык иденттиктин объективдүү жагы басымдуулук кылат, тескерисинче, эгерде коомдун социомаданий баалуулуктары, жашоо эрежелери түп тамырынан бери өзгөрүү

шартында болсо, анда жарандык идентиктин субъективдүү тарабы үстөмдүк кылат.

Жарандык иденттик коомдун туруктуу мүнөздөмөлөрүнүн социомаданий, социалдык-саясый, экономикалык, улуттук, диний ж.б. өзгөчөлүктөрүнүн базасында куралган татаал тутум болот. Алардын ичинен улуттук, саясый бөлүмдөрү анын пайдубалдык негизин түзөт.

Жарандык иденттик кубулушун изилдөөдө улут түшүнүгү менен анын өз ара байланышына токтолуу зарыл. Бул маселени талдоону "жарандык улут" деген түшүнүктүн пайда болуу тарыхына кайрылуудан баштасак максатка ылайыктуу. Анын жаралуу тарыхы француз улутунун калыптанышына байланыштуу. Француз улуту таза жарандык коомдун улуту. "Жарандык улут" түшүнүгү калыптанган ошол XVIII кылымда "улут" категориясы теориялык изденүүлөрдүн объекти катары же практикалык саясаттын субъекти сыпатта болбогон. Улут бул Франция мамлекеттинин элинин жаңы "аты". Улуу Француз революциясынын учурунда (1789-ж., июнда) расмий бийлик өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө үчүнчү сословиенин делегациясы өздөрүн "француз элинин өкүлдөрү" деп атоодон баш тартышкан. Анын ордуна "улуттук жыйын" деген аталышты колдонушкан. Анда улут түшүнүгү эски тартипке каршы чыккан пикирлештердин биримдигин туюндурган.

XVIII кылымда мамлекетте жашаган түрдүү этностук топтордон бирдиктүү француз улутунун түзүлүшү тарыхый факт болуп саналат. Окумуштуулар белгилегендей, улуттун тилинин, маданиятынын, мүнөзүнүн, жашаган территориясы болгон мекенинин, рухунун биримдиктери, анын этностук, аймактык, жергиликтүү айырмачылыктарынан басымдуулук кыла баштайт. Бирок, улут мамлекеттин гана продукту катары жаралбайт. Мисалы, ошол эле Франциянын тарыхы улуттун түрдүү этностордон куралган фактысын айкындап турат. Бул улуттук рынок, жалпы чарба жүргүзүү процессинде, бирдиктүү мамлекеттик борбор жана тилдин негизинде өз ара жакындашкан баск, түндүк француз, провансал, бретон этностору бирдиктүү жарандык улуттук түзөшкөн. Албетте, фрунцуз жарандык улутунун

калыптанышына тарыхый маданий жана этностук негиздер өз салымын кошушкан. Ошол эле учурда, XIX кылымда көптөгөн башка европа өлкөлөрү Франциянын тажрыйбасына кайрылып, бирок өзүнүн өнүгүшүндө анын ийгилигин кайталай алган эмес.

Бирок, жарандык коомдун улуту катары калыптанган француз улуту да өлкөдөгү улуттук иденттиктин маселелерин толук чечүүгө жетише алган жок. Ошондуктан, XX кылым келип, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Францияда олуттуу демографиялык көйгөйлөр, калктын этностук түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр менен байланыштуу кризистик көрүнүштөр жаралган. 1946-1983-жылдар аралыгында Франциянын калкы 40,5 миллиондон 54,6 миллионго чейин өскөн. Бул өсүү басымдуу коллониялык Африка өлкөлөрүнөн келген иммиграанттардын эсебинен болуп, алардын үлүшү жалпы калктын 7% на чейин жеткен. Франция өзүнүн колонияларынан келген иммигранттардын жаңы-жаңы агымын ассимилация кыла албастан, иммигранттарга карата коомдо антипатия сезимдери  күчөгөн. Социологиялык изилдөөлөрдүн маалыматы боюнча жергиликтүү французлардын 18%ы – азиялыктарга, 21% – Африкалык караларга, 36%ы Магрибдик иммигранттардын тукумдары болгон **бер**лерге, 41%ы магритиндерге карата терс көз караштарын билдиришкен [95, 23-бет].

XXI кылымдын башында да француз иденттүүлүк маселеси көптөгөн себептерге байланыштуу теориялык жана практикалык жактан актуалдуу бойдон калууда. Мисалы, мультимаданияттуулук концепциясынын жактоочулары иммигранттардын маданий өзгөчөлүк укуктарын кабыл алуу зарылдыгын айтып, бул Мисалыи чечүүнү демократия менен байланыштырып жатышса, белгилүү социолог Дидье Лапейрони сыяктуулар мультимаданиятуулукту иммигранттардын элитасынын идеологиясы, алардын өзүнүн жеке кызыкчылыктарын ишке ашыруу аракети катары баалашкан [73, 397-бет]. Ааламдашууну улуттук иденттүүлүктүн башкы себеби катары эсептеген кабыл алган көз караштар да бар. Ошого карабастан, француз улутунун калыптанышы жана өнүгүшү жарандык коомдун улутунун

калыптанышынын үлгүсү катары бүгүнкү күндө да көп өлкөлөр үчүн мисал болуп калууда.

Албетте биздин өлкөдө тарыхый абал Франциядан айырмаланат. Биринчиден, советтик илимдин мурасы катары улутту классикалык түшүнүү сакталып калган, б.а. ата мекендик илимде улут – этноулут катары аныкталат. Улут – бул этностук (кыргыз, өзбек, орус, тажик, дунган, уйгур ж.б.) иденттик. Кыргыз коомунда "жарандык улут" болгон "кыргызстандык" улут түшүнүгүнүн калк арасында жакшы таралбай, же коомго "сиңбей" келишинин бир себеби да ушуга байланыштуу. Экинчиден, Кыргызстанда жарандык улут маданий-баалуулуктар деңгээлинде да, институттук деңгээлде да азырынча калыптана элек. Анткени анын негизи болгон кыргызстандык атуулдардын жалпы жарандык иденттүүлүгү этностук, диний, уруулук ж.б. иденттүүлүктөрүнөн туруктуу үстөмдүк кылган деңгээлге көтөрүлө элек. Мындай өнүгүүнүн багыты да түшүнүксүз болуп, вектору аныктала элек. Бул багытта Өкмөт тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясий практикалык иш-чаралар калктын массалык аң-сезимине орноп, туруктуу орун ала элек.

Азат Кыргызстанда мамлекеттик иденттүүлүктү калыптандыруунун зарылдыгында эч бир жанда шек жок. Ага жетишүүнүн жолдору каражаттарын иликтөөгө социология баш болуп, бардык коом таануу илимдери жаңыдан эле киришүүдө. Кыргызстанда полиэтностук өлкө катары бул багытта этностор аралык мамилелерди, жарандык улутту калыптандыруу, анын маңызын аныктоо, аны аң-сезимдүү кабыл алуу боюнча кыргызстандыктардын мамилесин билүү маанилүү маселе. Кыргызстандык жалпы жарандык улуттук иденттикти курууда этностордун бири-бирине карата сый, толеранттуу мамилесин калыптандыруу өзгөчө маанилүү. Жалпы постсоветтик мейкиндиктегидей эле Кыргызстанда да "биз" - "алар" деген карама-каршы коюу активдүү байкалат. Мындайча карама-каршы коюу көрүнүшү этностор ортосундагы мамилелерде эле эмес, жарандык улуттун түзүлүшүнө уютку болгон кыргыздардын өзүнүн ичинде аймактык (түндүк-түштүк), уруулук мамилелерде да бөлүнүшүнүн байкалгандыгы өкүнүчтүү. Бул бөлүнүү жактырбагандык сезимдеринин деңгээлинен өсүп, айрыкча

шайлоолор учурунда ачык эле душмандык мамиле деңгээлине чейин курчуганын байкоого болот.

Бул үстүндө айтылгандарга таянып айрым бир илимий тыянактарды чыгарсак болот:

*Биринчи тыянак*, жалпы кыргызстандык “жарандык улут” түшүнүгүнүн жана кыргызстандык иденттүүлүктүн бекемделишинде мамлекеттик тилдин ролу чоң экендигин талашсыз.

*Экинчи тыянак*, көп этностуу Кыргызстандын шартында жарандык улуттун жана жарандык иденттиктин калыптанышы кыргызстандыктардын баарынын бирдейлигине, этностордун жана алардын этностук иденттүүлүктөрүнүн жоюлушуна алып келбейт.

*Үчүнчү тыянак*, кыргызстандык жалпы иденттикти калыптандыруу Кыргызстанда мамлекеттин биримдигин сактоонун, анын келечектеги өнүгүшүнүн өбөлгөсү. Бул жарандардын мамлекеттик тилди билүү жана аны күндөлүк жашоосунда колдонуу деңгээлине жараша болот.

*Төртүнчү тыянак,* илимде окумуштуулар, саясатта саясатчылар кыргызстандык “жарандык улут” түшүнүгүнүн жана кыргызстандык иденттүүлүктүн бекемделишинин үстүнөн иштеш керек. Бул багыттагы ийгилик теория менен практиканын айкалышында эффективдүү болот.


*Бешинчи тыянак*, полиэтностук Кыргызстандын элине жарандык улутун калыптанышы жана жарандык иденттүүлүк кыргызстандыктардын баарынын бирдейлигине, этностук иденттүүлүгүнүн, демек, этностордун жоюлушуна алып келбей тургандыгын түшүндүрүү зарыл.

*Алтынчы тыянак*, жалпы кыргызстандык иденттүүлүктү калыптандыруу Кыргызстан мамлекетинин биримдигин сактоо, анын келечекте өнүгүшүнүн өбөлгөсү.

## §3.2. Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктөгү этностук айырмачылыктар

Инсандагы өзүн окшоштуруу кубулушу, кайсы бир үй-бүлөлүк, диний, маданий, саясий, экономикалык, кесиптик, этностук, жарандык же башка топко өзүнүн таандыгын аныкташы, ал топту "өзүнүкү" деп кабыл алышы социалдык иденттүүлүктүн маңызын түзөт. Алардын кээ бирлери салыштырмалуу туруктуулугу менен мүнөздөлсө, башкалары тескерисинче, салыштырмалуу туруксуздугу менен айырмаланат. Бирок **иденттүүлүк** түшүнүгү көбүнчө адам үчүн маанилүү болуп саналган салыштырмалуу туруктуу социалдык белгилердин негизинде аныкталган бирдейликке карата колдонулат. Демек, иденттүүлүк динамикалык кубулуш жана ал индивиддин өмүрүнүн жүрүшүндө өзгөрүшү мүмкүн. Советтер Союзунун таркашы менен анын бөлүнүшүнөн пайда болгон жаңы суверендүү мамлекеттерде советтик иденттүүлүктүн постсоветтик геосаясый мейкиндиктеги белгилүү бир өлкөнүн жарандык иденттүүлүгү менен алмашуудан мындай өзгөрүү айкын көрүндү. Бирок, бул жараян постсоветтик коомдордо ар түрдүү тездикте, ар түрдүү деңгээлде, ар кандай аң-сезимдик тереңдикте жүрүп жатат. Социалдык иденттүүлүктүн түрлөрүнүн ичинен **жарандык иденттүүлүктүн** үстөмдүк абалда болушу мамлекеттин биримдигинин, бүтүндүгүнүн жана коомдун туруктуулугунун зарыл шарты [3]. Эгерде коомдо мындай абал калыптанбаса, анда мамлекеттин бүтүндүгүнө доо кетип, ыдырап бузулуу коркунучу Украинанын соңку жаңы тарыхынын мисалынан көрүндү. Ушул жана акыркы мезгилдерде жакынкы чыгыш өлкөлөрүндө болуп жаткан кандуу кагылышуулар жарандык иденттүүлүктүн канчалык деңгээлде ары маанилүү, ары актуалдуу маселе экендигин такстыктаган факт. Кыргызстандын тарыхынын акыркы жылдарында болгон каргашалуу кандуу окуялар, этностор аралык мүнөздөгү кайгылуу чыр-чатактардын тажрыйбасы биздин өлкө үчүн да жарандык иденттүүлүк маселесинин канчалык орчундуу экендигин кабарлап турат.

Инсан көп кырдуу, канча референттик топто ал ролдорду аткарса, анда ошончо табигый социалдык бейнеси, кебетеси же, социологиянын парадигмасы менен айтканда, өзүнүн таандыгын аныктаган социалдык иденттүүлүгү бар. Аны төмөнкү сүрөт аркылуу ачып көрсөтүүгө болот (караңыз: 3.2.1-сүрөт).




3.2.1-сүрөт. Инсандын социалдык бейнесинин көп кырдуулугу

- үй-бүлөлүк иденттүүлүк;
- жарандык иденттүүлүк;
- кесиптик иденттүүлүк;
- диний иденттүүлүк;
- этникалык иденттүүлүк;
- саясий иденттүүлүк;
- тилдик иденттүүлүк;
- маданий иденттүүлүк ж.б.

Анда социалдык институттардын элементтери катары түрдүү референттик топтор (ар башка геометриялык фигуралар менен берилген)

аркылуу көрсөтүлгөн коомго окшоштуруган моделдин жардамы менен инсандын “көп жүздүүлүгү” сүрөттөлгөн. Анда инсандын иденттүүлүгү сегиз бурчтук менен берилген. Эгерде, иденттүүлүктө сүрөттө келтирилген референттик топтордун бешөө эле катышса, анда инсандын социалдык бейнеси “беш бурчтук”, төртөө катышса “төрт бурчтук”, үчөө болсо “үч бурчтук” жана ушул сыяктуу болушу мүмкүн.

Бул референттик топтор тарыхый айырмачылыгынан тышкары “статикалык” мезгилде да айырмаланат. Мисалы, кесиптик референттик топту түзгөн эмгек коллективи педагогикалык, өндүрүштүк ж.б., этникалык – кыргыз, дунган, уйгур же казак ж.б., диний – мусурман, христиан же буддалык ж.б., ал эми жарандык иденттүүлүк – Кыргызстандын жараны, Казахстандын жараны, Орусиянын жараны ж. б. болушу ыктымал.

Биздин Кыргызстанда жарандык иденттүүлүк канчалык деңгээлде калыптанган? Анын бекемдиги, туруктуулугу кандай? Кыргызстандын жарандарын бириктирүүчү, ширетүүчү кандай шарттар бар? Кыргызстандын шартында аймактык, этникалык, уруулук, диний иденттүүлүктөр канчалык деңгээлде жалпы жарандык иденттүүлүккө оң (терс) таасирин тийгизет? – деген сыяктуу көптөгөн жарандак иденттүүлүк менен байланышкан мыйзам ченемдүү суроолор жаралат. Кыргызстандын биримдигине тиешелүү болгон бул суроолор жалаң эле мекенчил кыргыз окумуштууларын [43] жана саясатчыларын ойлондурган маселе болбостон, Кыргызстан деп күйгөн жөнөкөй эле кыргыз жарандарын да түйшөлткөн көйгөйлөрдөн экендигинде шек жок.

Диссертациялык теманын алкагында жүргүзүлгөн биздин өздүк изилдөөбүз Кыргызстандын түштүк аймактарында өткөрүлгөн жана ал “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында” деген аталышта болуп, улуттун, мамлекеттин тагдыры менен айкалышкан, ушул жарандак иденттүүлүк менен байланыштагы маселелерди социологиялык изилдөөгө багытталган [1]. Кыргыз коомундагы иденттешүү жана жарандык иденттүүлүк маселелери менен байланыштуу суроолорго

жооп издеп, иликтөөнүн сурамасында камтылган жарандык иденттүүлүктүн компоненттеринин этникалык топтук кесилиштеги айырмачылыктарын талдап көрдүк. Башкача айтканда, жарандык иденттүүлүктүн мазмунун түзгөн көрсөткүчтөргө жарандын Кыргызстандын кайсы этникалык жамаатынын өкүлү экендиги таасирин тийгизеби? – деген суроого жооп издедик. Изилдөөдө жашаган жери боюнча массалык сурамжылоо усулу колдонулуп, тандап алуу квоталык-уялык (квотно-гнездовая), репрезентативдүүлүк болсо жынысы, жашы, жашаган жеринин тиби (шаар, айыл) белгилери боюнча камсыз кылынган (караңыз: тиркемелер 1,2,3).

Биз жүргүзгөн социологиялык изилдөөнүн негизги инструментарийи сурама (анкта) болуп, анын негизги бөлүгүндө 18 суроо жана паспорттук бөлүгүндө 9 суроо болуп, жалпы 27 суроону камтыган (караңыз: тиркемелер 2,3). Ыңгайлуулук үчүн бул суроолор үч тематикалык бөлүктөргө ажыратылган:

1) **паспорттук бөлүк (9 суроо)**: респонденттердин демографиялык көрсөткүчтөрүнө, социалдык, этникалык тегине, материалдык абалына жана дарегине байланыштуу суроолор;

2) **жарандуулук (9 суроо)**: мекенчилдик сезимдери, жарандык жигердүүлүгү, Кыргыз Республикасына карата мамилеси, Кыргызстандын жарандарынын өздүк иденттигинин (өзүн-өзү таануусунун) өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү суроолор;

3) э**тностор аралык мамилелер (9 суроо):** кыргызстандыктардын турмуштагы пландары жана социалдык-психологиялык өзүн-өзү сезүүсү (самочувствие), кыргызстандыктардын жалпы социалдык, саясий иденттүүлүгүнүн (кимдигинин) өзгөрүшү, кыргызстандыктардын түрдүү жарандык абалга байланыштуу пикирлерге болгон мамилеси ж.б. боюнча суроолор камтылган.


Ар бир бөлүк өзүнө социалдык иденттүүлүктүн, анын ичинде жарандык да, табиятын ачып көрсөтүүгө көмөк бере турган тиешелүү индикаторлорду (суроолорду) камтыйт. Изилдөөнүн жүрүшүндө 1200 респондент суралып,

1200 сурама толтурулуп жыйналган. Жараксыздыкка текшерүү процедураларынан кийин алардан 1189 сурама кайрадан иштетүүгө жарактуу деп аныкталган же - 99,08%, бул жогорку көсөткүч. Анда кыргыздардан (32%) башка түштүк Кыргызстандагы негизги этностук топтордун өкүлдөрү: өзбектер (42%), орустар (18%), тажиктер (2%) жана башка этностор (6%) кирген. Сурамжылоого катышуучулардын берген жооптору атайын статистикалык маалыматтарды эсептөөдө колдонулуучу SPSS программасы (SPSS Statistics 22 версиясы) аркылуу кайрадан иштетилип, маалымат базасы түзүлгөн. Изилденүүчү тандалган жалпылыкты түзүүдө 5%га чейинки катага жол берилген репрезентативдүүлүк таблицасынын (В.И. Паниоттонун эсеби боюнча) негизинде ишке ашырылган [80, 81-82-бб.].

Диссертациянын бул бөлүмүнүн чегинде жарандуулукка арналган экинчи тематикалык бөлүктүн кээ бир суроолоруна респонденттердин жоопторун талдап көрөлү. Биринчи, *“Кыргызстанды Сиз өзүңүздүн мекеним деп эсептейсизби?”* суроого респонденттердин жооптору төмөндөгүчө бөлүндү (караңыз: диаграмма №3.2.1).

Диаграмма №3.2.1.


*Кыргызстанды Сиз өзүңүздүн мекеним деп эсептейсизби?*



Мында, диаграммадан көрүнгөндөй, суралган респонденттердин абсолюттук көпчүлүк же 83,4% “ооба, мекеним деп эсептейм” деген позицияны тандап алышкан. Бирок, жарандар арасында кайчы пикирдегилер да жок эмес. Мисалы, “Жок, өзүмдү чоочун сезем” деген пикирди кармангандар 27 респондент болуп, алар жалпы массивдин 2,3%ын түзгөн, “кээде өзүмдү мейман сезип кетем” дегендер болсо - 12,6% же 150 кишини түзгөн. Ушул эле суроону этностук кесилиште карап көргөндө жооптор төмөндөгүдөй (караңыз: диаграмма №3.2.2):

Диаграмма №3.2.2.

*Кыргызстанды Сиз өзүңүздүн мекеним деп эсептейсизби (%)?*





Диаграммадан көрүнгөндөй, жогорку оң көрсөткүч болгон - “ооба, мекеним деп эсептейм” деген позиция абсолюттук лидер жана бул жооп бардык этникалык топтордо эң алдыңкы орунду ээлеген. Терс көрсөткүч түзгөн экинчи жана үчүнчү позициялар - “кээде өзүмдү мейман сезип кетем”, “жок, өзүмдү чоочун сезем” деген жооптордун титулдук эмес этникалык топтордо, кыргыздарга салыштырганда, талапкерлеринин көп экендиги байкалат. Мисалы, бул жоопторду тандагандар, жалпысынан, тажиктердин арасында - 23,8%, өзбектерде - 20,2%, орустардын арасында 15,4%ды түзгөн,

б.а. дээрлик ар бир төртүнчү тажик, ар бир бешинчи өзбек, ар бир алтынчы орус этносунун өкүлү Кыргызстанда өзүн оңтойсуз сезишкенин билдиришкен. "Жок, өзүмдү чоочун сезем" деген терс жоопту тандаган өзбектерге (2,6%) караганда тажиктер **4 эсеге** (9,5%) көп болгон. Мындай абалды тажиктер үчүн тилдик барьер менен байланышта түшүндүрүүгө болот. Биз үчүн бул суроонун ушул позициясы боюнча орточо көрсөткүчтөн 0,4% га гана төмөн болгон респонденттердин кыргыз когортасынын (1,9%) жооптору күтүүсүз жана таң калыштуу болду.

Респонденттерге жарандык темасы менен байланыштагы "*Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канааттандырат*?" деген суроо узатканбыз. Бул сурообузга бизди, изилдөөчү топту, бир топ түйшөлткөн натыйжаларды алдык (караңыз: диаграмма №3.2.3).

Диаграмма №3.2.3.

*Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канаатандырат?* (Жалпы көрсөткүч % менен)





Кыргызстанды "өз мекеним деп эсептейм" деп жооп берген биринчи суроонун натыйжалары менен салыштырганда, өзүнүн жарандык абалынан толук канааттангандардын үлүшү 16 пайыздык пунктка (!) төмөндөгөн. Ал

эми жарым-жартылай (25,7%) жана толук канааттанбагандардын (4,5%) үлүшү болсо, биринчи суроодогу окшош болгон позициялар менен салыштырмалуу, эки эсеге (!) өскөн. Жарандык абалынан жарым-жартылай гана канааттангандардын үлүшү, этностор аралык кесилиште карасак, 17,8%дан (кыргыздар) тартып 35%га (орустар) чейинки көрсөткүчтө болгон. А түгүл, титулдук этнос болгон кыргыздарда да, биринчи суроодогу арсар пикирдеги кыргыздарга салыштырганда, 10,6%га өсүү байкалган. Такыр канааттанбагандардын үлүшү болсо, изилденген негизги этностук топтордо, укмуштуудай дал келүүнү көрсөткөн жана төрт этникалык топто тең - 4,7-4,8% түзгөн (караңыз: диаграмма №3.2.4).

Диаграмма №3.2.4.

*Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канааттандырат?* (Этникалык кесилиште % менен)




Жарандык абалынан толук жана жарым-жартылай канааттанбагандардын үлүшү тажик (38,1%) жана орус (39,7%) этносторунун арасында кыргыздарга (22,6%) салыштырмалуу эки эсеге жакын жогору, же алардын 2/5 бөлүгү наарazычылыгын билдирген, ал эми өзбектерге салыштырганда 6-7%га жогору.

Демек, бул этникалык топтордун маанайы, өзүн сезиши (самочувствие) боюнча көйгөйлүү маселелер бар экендигин тана албайбыз. Анын себеби катары тил маселеси, тагыраак айтканда мамлекеттик тилди билүү деңгээли, деп түшүндүрүүгө болот. Анткени, тажик тили (фарси), орус тили (славян) кыргыз, өзбек тилдери сыяктуу түрк тилинин тобуна кирбейт жана бул фактор алардын кыргыздар (өзбектер) менен баарлашуусунда терс таасирин тийгизип турат. Өзбектерде жогорку эки этностун өкүлдөрүнө салыштырмалуу бул көрсөткүч бир азга төмөн экендигине карабастан, кыргыздарга салыштырмалуу 10%га жогору жана суралган өзбек респонденттердин 32,7%ын же 1/3 бөлүгү түзгөн, башкача айтканда, ар бир үчүнчү өзбек респондент ушундай басыңкы маанайды билдирген.

Респонденттердин жарандык сезимдеринин калыптанышына түрдүү факторлор өз таасирин тийгизет. Ушул факторлорду билүү, алардын таасир кылуу деңгээлин аныктоо максатында *“Сиздин өзүңүздү Кыргыз мамлекетинин жараны катары сезишиңизге эмнелер көбүрөөк таасирин кылган?”* суроо берилген (караңыз: Таблица №3.2.1).

Жооптордун арасынан “Үй-бүлөдөгү тарбия” варианты лидер болуп саналат, ал позицияны 370 респондент, же 31,4% көрсөткөн. Андан кийинки 2 жана 3 орундарда азыраак айырма менен “Маданият жана каада-салттар” (25%) жана “Идеология” (22,7%) факторлорунун ээлеген. Ошондой эле “Коомдук пикирдин” (18,6%) таасири да орчундуу экендиги көрөбүз. Калган эки позиция – “Мектеп” (8,7%) жана “ММК” (6,4%), 10%дык көрсөткүчкө да жеткен эмес. Чындыгында ушул “аутсайдер” абалда калган позициядагы социалдык институттар жарандуулуктун калыптанышында негизги ролду ойнош керек эле. Эгерде, респонденттердин жоопторуна таянсак, анда алар өзүнүн бул багыттагы кызматтарын толук кандуу аткара албай жатат деп жыйынтык чыгарууга негиз бар.

Таблица 3.2.1.

*Сиздин өзүңүздүн Кыргыз мамлекетинин жараны катары сезишиңизге (калыптанышыңызга) эмне көбүрөөк таасирин тийгизет*?

(бир нече жоопту белгилөөгө болот)

| Жооптордун варианттары | Саны | % |
|---|---|---|
| 2.1. Идеология | 268 | 22,7% |
| 2.2. Коомдук пикир | 219 | 18,6% |
| 2.3. **Үй-бүлөдөгү тарбия** | **370** | **31,4%** |
| 2.4. Маданият, каада-салттар | 295 | 25,0% |
| 2.5. Мектеп | 102 | 8,7% |
| 2.6. Массалык маалымат каражаттары | 75 | 6,4% |
| 2.7. Баары | 11 | 0,9% |
| 2.8. Башка: достор, көркөм адабият, спорттук жетишкендиктер, ийгиликтер ж.б. | 18 | 1,5% |

Бул суроону да этностук кесилиште кароого болот, башкача айтканда сураманын каралып жаткан суроосунун жоопторунда камтылган социалдык институттардын түрдүү этностук топторго таасири кандай? Этностук топтордун өкүлдөрүнүн жооптору жалпы көрсөткүчтөрдөн айырмаланабы же дал келеби? Кайсы этникалык топ эмнеден көбүрөөк таасир алат? Изилдөөнүн маалыматына таянсак, шексиз лидерлик *үй-бүлө* институтуна, анын *тарбиялык* күчүнө таандык (караңыз: таблица 3.2.2).

Ал жалпыда сыяктуу эле, үч этникалык топто (кыргыздар – 31,2%, өзбектер – 32%, башка этностун өкүлдөрүндө – 28,2%) биринчи орунда турат, тажиктер (28,6%) менен орустарда (31,8%) экинчи орунда. Бирок, орустарда экинчи экендигине карабастан жалпы көрсөткүчтөн 0,4%га жогору. Орус жана тажик этносторунда биринчи орунга “*маданият, каада-салттар*” көтөрүлгөн, турушуна жараша: 34,6% жана 42,9%(!). Ал кыргыздар жана башка этностун өкүлдөрүндө – 26,9%дык көрсөткүч менен экинчи орунда турат, ал эми өзбектерде *“идеология”* (21,8%) экинчи орунду камсыз кылган.

Таблица 3.2.2.

*Сиздин өзүңүздүн Кыргыз мамлекетинин жараны катары сезишиңизге (калыптанышыңызга) эмне көбүрөөк таасирин тийгизет*?

| Этнос-тор | Идео-логия | Коом-дук пикир | Үй-бүлөдөгү тарбия | Маданият, каада-салттар | Мек-теп | ММК (СМИ) | Баары тең эле | Башка жооп |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз** | 21,9 | 16,8 | **31,2** | 26,9 | 4,8 | 5,3 | 2,7 | 1,9 |
| **Өзбек** | 21,8 | 16,3 | **32,0** | 18,3 | 12,4 | 5,7 | 0,0 | 0,8 |
| **Орус** | 26,2 | 26,6 | 31,8 | **34,6** | 7,0 | 7,0 | 0,0 | 3,3 |
| **Тажик** | 14,3 | 9,5 | 28,6 | **42,9** | 9,5 | 14,3 | 0,0 | 0,0 |
| **Башка** | 25,6 | 21,8 | **28,2** | 26,9 | 7,7 | 11,5 | 1,3 | 0,0 |
| ***Жалпы*** | ***22,7*** | ***18,6*** | ***31,4*** | ***25,0*** | ***8,7*** | ***6,4*** | ***0,9*** | ***1,5*** |

Бул социалдык институт башка бардык этникалык топтордо, жалпы көрсөткүчтөгү сыяктуу эле, үчүнчү тепкичте жайгашкан. Орустар (“идеология” жана “коомдук пикир”) менен тажиктерде (“идеология” жана “ММК”) үчүнчү позицияны окшош көрсөткүчтөр менен экиден жооптор ээлеген.

Демек, жарандык иденттүүлүккө жана жарандык иденттешүүнүн жүрүшүнө сураманын каралып жаткан суроосунун жоопторунда камтылган социалдык институттардын түрдүү этностук топторго таасири ар башка. Муну этностук топтордун өкүлдөрүнүн жоопторунун жалпы көрсөткүчтөрдөн айырмаланышы далилдейт. Эң деидеологизациялашкан этникалык топ – тажиктер. Алардын жарандык иденттешүүсүнө таасир кылуучу негизги социалдык институт – *маданият жана каада-салттар,* андан кийин *үй-бүлө,* үй-бүлөлүк *тарбия* болуп саналат. Орус этносунун өкүлдөрүнүн жоопторунда да ушул градациялык тартип сакталгандыгына карабастан, алардын ортосундагы айырма аз эле (2,8%). Аларда 3-4 орундарды бөлүшкөн кийинки эки социалдык институт (“*идеология*” жана “*коомдук пикир*”) да алыс эмес жайгашкан. Ошондуктан, бул топтогу респонденттер үчүн булардын таасири да болжолдуу бирдей эле деп жыйынтык чыгарууга болот. Изилдөөнүн натыйжасы көрсөткөндөй, жарандык иденттешүүдө өзбектер үчүн эң таасирдүү социалдык институт – *үй-бүлө*, үй-бүлөлүк *тарбия.* Андан кийин

3,5% айырма менен *идеологиянын* (21,8%) жана *маданият, каада-салттардын* (18,3%) таасири тийет. *“Мектеп”* жалгыз ушул топто гана 10%дык көрсөткүчтөн ашкандыгын белгилөө керек. Кыргыздарда жана башка этникалык топтун өкүлдөрүн жарандык иденттештирүүдө эң таасирдүү *үй-бүлө*, үй-бүлөлүк *тарбия* болсо, турушуна жараша: 31,2% жана 28,2%, кийинки таасир этүүчү фактор *маданият* жана *каада-салттарга* таандык (бирдей 26,9%).

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын курамындагы түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин көрсөттү. Респонденттердин этникалык таандыгы Кыргызстанды мекени катары эсептешине жана өзүнүн жарандыгына канааттанышына түздөн-түз таасир тийгизишин анык болду. Анткени, бул боюнча суроолордо Кыргызстандагы титулдук эмес этникалык топтордун өкүлдөрү 15-20%дан 35-40% чейин айырмаланган позицияларды белгилешкен. Бирдиктүү жарандык коомду калыптандырууда жана түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо, бул процесстердин жигердүү агенттери болгон, социалдык институттардын да түрдүү этностук топторго таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл.

Жалпы жарандык иденттүүлүктүн этностук өзгөчөлүктөрүн респонденттердин субъективдүү пикирлерин талдоо менен иликтөөгө болот. Сураманын кийинки суроосу сурамжылануучулардын субъективдүү пикирлер жөнүндө болуп, “Кыргыз Республикасынын жараны” түшүнүгү алар үчүн эмнени билдире турганын аныктоого багытталган. Анда үч жоопко чейин белгилөөгө уруксат берилген (караңыз: таблица 3.2.3). Таблицадан көрүнгөндөй, бардык респонденттердин арасында ийгиликке ээ болгон талашсыз лидер – биринчи вариантагы “Өз мекенине ээ болуу” деген жооп. Бул позицияны респонденттердин дээрлик жарымы (47,5%) колдошкон.**Таблица 3.2.3.**

**Суроо: “Кыргыз Республикасынын жараны” деген Сиз үчүн эмнени билдирет?** *(3 вариантка чейин белгилеңиз)*

| Жооптордун варианттары | Этностук топтор | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кыргыз | Өзбек | Орус | Тажик | Башка | |
| 1.Өз мекенине ээ болуу | 49,7 | 40,0 | 64,3 | 23,8 | 52,6 | 47,5 |
| 2.Паспортко ээ болуу | 18,4 | 27,0 | 28,2 | 4,8 | 17,1 | 16,8 |
| 3.Эркин жашоо мүмкүнчүлүгү | 14,2 | 23,1 | 16,0 | 38,1 | 19,7 | 14,4 |
| 4.Шайлоолорго (референдумдарга) катышуу | 2,1 | 5,1 | 6,1 | 19,0 | 3,9 | 2,7 |
| 5.Бийликти колдоо | 2,1 | 7,3 | 14,1 | 4,8 | 14,5 | 3,3 |
| 6.Өлкөнүн тарыхын,салтын, маданиятын билүү | 13,4 | 9,3 | 30,0 | 19,0 | 23,7 | 7,3 |
| 7.Кыргыз тилин билүү | 8,3 | 9,5 | 11,7 | 9,5 | 10,5 | 5,0 |
| 8.Жогоруда саналган варианттардын баары | 3,7 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 1,3 | 1,3 |
| 9.Башка | 1,3 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,4 |

Кыргыз Республикасынын “паспортуна ээ болуу” мүмкүнчүлүгү 16,8%дык көрсөткүч менен экинчи позицияны ээлген. Бири экинчисинен бир аз гана айырмачылык көрсөтүп, үчүнчү жана төртүнчү позицияларды “эркин жашоо мүмкүнчүлүгү” жана “өлкөнүн тарыхын, салтын, маданиятын билүү” деген жооптор, турушу боюнча - 14,4% жана 13,4% маанилер менен, жайгашышкан. Бирок, жооптордун мындай тартиптеги иерархиясы кыргыздардан башка өзбек этностук тобунда жана азыраак айырмада орус жана башка этностук топтордо байкалган. Жалпы көрсөткүчтөрдөн айырмалаган өзгөчө пикир тажик этносунун өкүлдөрүнө таандык. Алардын көпчүлүгү үчүн “Кыргыз Республикасынын жараны” деген “эркин жашоо мүмкүнчүлүгүн” (38,1%) билдирсе, чейрек бөлүгүнө жакыны гана “өз мекенине ээ болуу” (23,8%) деген ойдо. Үчүнчү орунду эки позиция тең бөлүшүп, 19%дык көрсөткүч менен “шайлоолорго (референдумдарга) катышуу” жана “өлкөнүн тарыхын, салтын, маданиятын билүү” деген

варианттар ээлеген. Бул суроонун тажиктер үчүн гана саясий түспөлдөнүшү, б.а. шайлоолорго катышуунун алар үчүн мындай актуалдашкан мааниси түшүнүксүз. Анткени, бул жооп жалпы көрсөткүчтөрдө жетинчи болуп келип, бардык эле топтордо акыркы орундарды ээлеген.

Демек, “Кыргыз Республикасынын жараны” деген жооп боюнча негизги этникалык топтордун субъективдүү пикирлери дал келген. Алдыңкы төрт орунду ээлеген жооптордун варианттары, түрдүү иерархиялык абалына болсо да, этностук таандыгына карабастан бардык респонденттерде кездешкен.

Андан ары респонденттерге мамлекетке жана анда жащаган этностордун абалына байланыштуу бир катар пикирлер берилип, аларга карата өздөрүнүн позициясын аныктоо сунушталган. Алардын теңи оң, жарымы терс мааниде, б.а. биринчи, үчүнчү жана алтынчы көз караштар оң мааниде, ал эми экинчи, төртүнчү жана бешинчи – терс мааниде (караңыз: Табл.3.2.4).

Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, оң пикирлер жогоруда айтылган эки документтин негизделип алынган, б.а. “2013-2017-жылдарга КРнын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” жана “КРда этностор аралык мамилелерди жана элдин биримдигин бекемдөө концепциясы”. Алар акыркы өкмөттүк программалык документтердин идеялык негизин түзгөн деп айтууга болот.

Бул пикирлерге карата айтылган респонденттердин пикирлери бир караганда баш аламан сыяктанат. Бирок, эгерде аларды талдай турган болсок, анда белгилүү логикалык маанини байкайбыз, б.а. оң пикирлерге карата суралгандар да өздөрүнүн колдоорун билдирген оң жоопторун беришкен., ал эми терс пикирлерге болсо өздөрүнүн макул эместигин билдиришкен.

**Таблица №3.2.4.**

**Төмөнкү пикирлерге карата оюңузду билдириңиз?**

| Көз караштар | Жооптордун вариант-тары | Этностук топтор | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз | Өзбек | Орус | Тажик | Башка | |
| 1. Кыргызстандын көп улуттуу болгону-мамлекеттин артыкчылыгы | *Колдойм* | 47,6 | 53,9 | 66,8 | 42,9 | 70,9 | **55,2** |
| | *Жарым-жартылай колдойм* | 29,8 | 24,0 | 24,3 | 38,1 | 13,9 | **25,5** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Колдобойм* | 15,7 | 18,4 | 7,5 | 19,0 | 11,4 | **15,1** |
| | Жооп жок | 6,9 | 3,6 | 1,4 | | 3,8 | **4,2** |
| 2. Кыргызстанда кыргыздардын укугу жана жоопкерчилиги башка улуттарга караганда көбүрөөк болушу керек | *Колдойм* | 37,5 | 19,8 | 20,6 | 33,3 | 29,1 | **26,4** |
| | *Жарым-жартылай колдойм* | 29,8 | 29,7 | 22,4 | 57,1 | 15,2 | **27,9** |
| | *Колдобойм* | 23,7 | 46,9 | 54,2 | 9,5 | 54,4 | **40,7** |
| | Жооп жок | 9,0 | 3,6 | 2,8 | | 1,3 | **5,0** |
| 3. Кыргызстан көп улуттуу өлкө, андагы бардык этностор тең укуктуу болушу керек | *Колдойм* | 41,8 | 59,5 | 65,9 | 28,6 | 78,5 | **55,8** |
| | *Жарым-жартылай колдойм* | 35,6 | 20,6 | 23,4 | 52,4 | 11,4 | **25,8** |
| | *Колдобойм* | 13,0 | 15,0 | 10,3 | 19,0 | 10,1 | **13,3** |
| | Жооп жок | 9,6 | 4,8 | 0,5 | | | **5,1** |
| 4. Кыргызстандын кыргыздардын гана мамлекети болуш керек | *Колдойм* | 32,2 | 14,4 | 8,9 | 28,6 | 16,5 | **19,4** |
| | *Жарым-жартылай колдойм* | 29,5 | 26,5 | 15,0 | 38,1 | 6,3 | **24,2** |
| | *Колдобойм* | 29,5 | 53,3 | 72,0 | 33,3 | 73,4 | **50,1** |
| | Жооп жок | 8,8 | 5,8 | 4,2 | | 3,8 | **6,2** |
| 5. Кыргызстандын көп улуттуу өлкө болгону мамлекет үчүн көйгөйлөрдү жаратат | *Колдойм* | 29,0 | 19,2 | 6,5 | 19,0 | 22,8 | **20,3** |
| | *Жарым-жартылай колдойм* | 38,6 | 31,5 | 29,0 | 61,9 | 19,0 | **33,0** |
| | *Колдобойм* | 20,7 | 43,7 | 61,7 | 19,0 | 57,0 | **40,1** |
| | Жооп жок | 11,7 | 5,6 | 2,8 | | 1,3 | **6,6** |
| 6. Кыргызстанда кыргыздар башка этносторду өзүнүн айланасында бириктирген өзөктүк улут болушу керек | *Колдойм* | 50,8 | 28,9 | 29,4 | 23,8 | 30,4 | **35,9** |
| | *Жарым-жартылай колдойм* | 21,5 | 35,3 | 35,5 | 57,1 | 17,7 | **30,2** |
| | *Колдобойм* | 17,0 | 30,5 | 33,2 | 14,3 | 50,6 | **27,8** |
| | Жооп жок | 10,6 | 5,4 | 1,9 | 4,8 | 1,3 | **6,1** |


Биринчи “Кыргызстандын көп улуттуу болгону - мамлекеттин артыкчылыгы” жана үчүнчү Кыргызстандын көп улуттуу экендиги, андагы бардык этностордун тең укуктуулугу жөнүндөгү пикирлер этностук таандыктарына карабастан көпчүлүк респонденттердин колдоосуна ээ болгон. “КРда этностор аралык мамилелерди жана элдин биримдигин бекемдөө концепциясынын” негизинде алынган дагы бир оң маанидеги кыргыздар

Кыргызстандагы бардык этностук топторду өзүнүн айланасына бириктирип топтогон, өзөктүк улут болушу керектиги жөнүндөгү пикир да жалпысынан колдоо (35,9%) алган, жарым-жартылай колдогондор 30,2% менен экинчи орунда, айырма анчалык чоң болбосо да 27,8%дык көсөткүч менен акыркы орунда. Эми бул жалпы маанилерди этностук кесилиште талдай турган болсок, анда респонденттердин пикирлеринде дал келбөөчүлүктөрдү байкайбыз. Кыргыздардын пикирин эске албастан карап көрсөк абал өзгөрүп, бул пикирди колдоочулар – 29%ды, жарым-жартылай колдоочулар - 34,2%ды, колдобоочулар - 32,7%ды түзүшкөн. ***Демек, жогоруда айтылган программалык документте берилген кыргыз улутунун орду жана ролу жөнүндөгү өзөктүк идеяларынын бири Кыргызстанда жашаган этникалык топтор тарабынан азырынча кабыл алынган эмес. Бул багыттагы иштерди күчөтүү зарыл.***

Жарандык иденттүүлүктүн маанилүү мүнөздүк көрсөткүчү индивиддин тигил же бул жарандык коомго (жамаатка) өзүнүн **таандыгын аныктоо бекемдиги** болуп саналат. Бул көрсөткүч боюнча респонденттердин пикирин билүү үчүн сурамага респонденттин башка мамлекеттин жараны болуусуну оюу жөнүндө суроо киргизилген. Ага жооптор төмөндөгүдөй болду (караңыз: Диаграмма №3.2.5).

Диаграмма №3.2.5.

Сиз башка өлкөнүн жараны болгуңуз келеби?




Бекем позицияны ээлеп, бул суроого “жок” деп жооп бергендер (46,1%) респонденттердин жарымына жеткен эмес жана биздин көз караштa бул өтө төмөн көрсөткүч болуп саналат. Мындай натыйжа биздин коомдо жарандык мекенчилдиктин **төмөнкү деңгээлин** дагы бир жолу далилдеп, азырынча жалпы ***жарандык идентүүлүгү калыптануу баскычында*** экенин тастыктайт, же Концепцияда белгиленген “ар бир инсандын “Кыргыз жараны” катары өзүн аңдоосу” азырынча жок.

Бул көрсөткүчтөр этникалык кесилиште респонденттердин жооптору төмөндөгүдөй болду (караңыз: Табл.№3.2.5.).

**Таблица №3.2.5.**

Сиз башка мамлекеттин жараны болгунуз келеби?

| | Ооба | Айрым учурларда гана | Жок |
|---|---|---|---|
| **Кыргыздар** | 15,2 | 25,5 | 59,3 |
| **Өзбектер** | 28,3 | 31,9 | 39,8 |
| **Орустар** | 29,0 | 32,7 | 38,3 |
| **Таджиктер** | 14,3 | 52,4 | 33,3 |
| **Башкалар** | 13,9 | 39,2 | 46,8 |
| **Баары:** | **23,0** | **30,9** | **46,1** |

Кыргызстанда жашаган негизги этностордун изилдөөдө камтылган бардык топторунда бул суроого “жок” деген жооптору жалпы натыйжадан

6%дан 13%га чейин төмөн көрсөткүчү менен айырмаланган. Биринчи жана экинчи позицияларга жооптордун суммалык көрсөткүчү этностук топтун жалпы жарандык иденттүүлүктөн канчалык алыс экендигин маалымдайт. Мындай эң жогорку терс маани тажиктерде – 66,7%, алардан кийин орустарда – 61,7%, алардан 1,5% гана айырма менен өзбектерде – 60,2%, ал эми эң төмөнкү көрсөткүчтү кыргыздарда (40,7%) байкайбыз. Бирок, мындай маани мамлекеттеги бирдиктүү элдин өзөгүн түзүүчү, анын биримдик даражасынан өлкөнүн жыргалчылыгы, андагы туруктуулук, тынчтык жана биримдик маанилүү деңгээлде көз каранды болгон титулдук улут үчүн бул **кооптуу** жогорку көрсөткүч болуп саналат.

Демек, азаттык жылдарында **өлкөбүздүн жарандарынын түрдүү этностук жамааттарынын баары эле Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин бөлүгү катары өздөрүн аңдап жете электиги** изилдөөнүн натыйжаларынан айкын болду.

## §3.3. Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жалпы жарандык иденттүүлүгү: абалы жана өзгөрүү багыттары

Коомдогу ар кандай өзгөрүү, алга жылуу анын өнүгүү процессинин акырындап кечендеши менен коштолот. Мындай абал объективдүү (мамлекет ээ болгон ресурстар) жана субъективдүү (социалдык-саясий күчтөрдүн жетилгендиги) шарттарга жараша кээде кыска мезгилдик болуп, кээде көпкө чейин уланышы мүмкүн. Өнүгүүнүн башталышы коомдогу оор абалга, башкача айтканда, кризистик кырдаалга байланыштуу. Мындай абалдан чыгуу реформа, трансформациялык өзгөрүүлөр, кай бир учурда төңкөрүш аркылуу ишке ашат. Коом өнүгүшүндө кайсы жолду тандашы андагы өнүгүү маанайында болгон социалдык күчтөрдүн тандоосунан көз каранды. Албетте, ааламдашуу шартында ага ички шарттар менен кошо, тышкы шарттардын таасири да күчтүү.

Кыргыз коомунда кеңири тараган бул «кризис» деген сөздүн өзү байыркы грек тилинен алынган. Ал кыргыз тилине «чечим, бурулуш пункту» деп чечмеленет. Ошондуктан, кризис түшүнүгүн чукул өзгөрүү, өнүгүүнүн бир абалынан экинчи абалына өтүү, өнүгүү процессинин басаңдаган же таптакыр эле токтоп калган учурунан секирик жасап, жаңы багытка өтүшү катары карасак болот. [56] Адатта коомдогу кризистик абал бүтүндөй бир кризистердин тутамы менен коштолот. Мисалы, СССРдин кулашы постсоветтик мейкиндикте пайда болгон азаттыктагы жаш өлкөлөрдө бийликтин кризиси менен бирге, социалдык, экономикалык, маданий кризистерди жаратты. Анын себеби коомдун организм сыяктуу бүтүн система экендиинде.

Салыштырмалуу караганда, кризистик абалдык узакка созулушунун мисалы катары Кыргызстанды айтууга болот. Ал бир катар факторлор менен байланыштуу. Алар: советтик түзүлүштүн бузулушунун натыйжасында социалдык, саясий, маданий баалуулуктардын кыйрашы, советтик иденттүүлүктүн жок болушу менен жарандык иденттүүлүк вакуумунун пайда болушу, ушундай эле боштук идеология жаатында түзүлүп, кыргыз коомун

бириктирип, алга өнүгүүгө жетелей турган улуттук идеологиянын жоктугу, улум күчөп бараткан ааламдашуу процессинин таасири ж.б. өлкөлөр үчүн ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр ачты. Ошол эле учурда экономикалык жактан алсыз Кыргызстан сыяктуу анча чоң эмес мамлекеттер үчүн жаңы көйгөйлөрдү жаратты. Динамикалуу дүйнөлүк өнүгүү ыкчам чараларды көрүүнү, жаңы көз караштардагы чечимдерди кабыл алууну талап кылды. Кыргыз коому мындай тез өзгөрүүлөргө даяр болбогондуктан туруштук бере алган жок.

XXI кылым эл аралык байланыштардын күчөшү менен мүнөздөлөт. Бул мамлекеттер арасындагы маданий байланыштар да күчөшүнө алып келди. Батыш маданиятында пайда болгон, адам укугу баалуулугуна жамынган жынысы бир адамдардын ортосундагы нике, туура эмес сексуалдык багытагылардын легалдашуусу, гендердик теңдикти ашкере түшүнүү сыяктуу адамдын жаратылышына тескери кээ бир “баалуулуктардын” универсалдык мүнөздөгү жалпы адамзаттык баалуулуктарга, анын ичинде, кылым карыткан кыргыз улуттук маданиятына терс таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле маданий баалуулуктардын модернизацияланышы социомаданий иденттүүлүктөрдүн өзгөрүшүнө, демек, жарандык иденттүүлүк кубулушуна да өз таасирин тийгизүүдө. Бул жерде, 2015-жылы БУУнун Генералдык ассамблеясы тарабынан кабыл алынган миң жылдыктын өнүгүү максаттарында белгиленген "дүйнө жараны" концепциясын ишке ашырууда улуттук жарандык иденттүүлүк баалуулугун эске алуу шарт экендигин белгилей кетишибиз шарт.

Жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу эски иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгышы мүмкүн. Аткени, улуттук иденттүүлүк көз караштарынын өкүлдөрүнүн жоголушу, калыптанып келе жаткан иденттүүлүктү тутунган, алаамдашуу шартына ыңгайлашкан муундун түптөлүшүнө алып келет. Мындай абал мамлекеттин келечегине кайдыгер, мекенчилдик түшүнүгү бошоң, улуттук маданиятка суугарылбаган, көкүрөгү

бош муунду калыптандырат. Демек, ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө.

Кыргыз Республикасы азаттыкка жетишкенден кийинки алгачкы жылдарда ачык коом саясаты жүрүп, ааламдашуу процессинин таасирлери жаңы шарттагы кыргыз коомунун калыптанышына жана өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизди. Бул коомдун кризистик абалдан чыгышы шарттабай, тескерисинче, коомдук турмуштун бардык тармактарында анын күчөшүнө алып келген. Ошондуктан жаңыдан калыптанып жаткан кыргыз коому үчүн ааламдашуунун оң тасирине караганда терс таасири көбүрөөк болгон. Ааламдашуу ар түрдүү этностордун, улуттардын маданияттарынын өз ара байышына, жакындашуусуна көмөктөштү. Бирок Кыргызстандын шартында көзөмөлсүз динамикалуу өзгөрүүлөр улуттук маданий өзгөчөлүктү жоготуп алуу коркунучун жаратты. Психолог Н.М.Лебедева өзүнүн маданияттар ортосундагы байланыштардагы социалдык кабылдоонун бөтөнчөлүктөрү тууралуу: «Материалдык маданият жана чарбалык ыкмалар (б.а. тышкы маданияттык белгилер) тармагындагы маданий өздөштүрүүлөр эки жактан тең оң бааланат, ал эми психологиялык мүнөздөгү өздөштүрүүлөр, тактап айтканда, баалуулуктардагы, дүйнө таанымдагы, аң-сезимдеги өзгөрүүлөр (б.а. ички маданияттык белгилер), бул өзгөрүүнү башынан өткөрүп жаткан маданият тарабынан терс түрдө, өзүнүн бар болушуна коркунуч катары кабыл алынат. Бул ички маданияттык деңгээлдеги өздөштүрүүлөр, тышкы маданияттык деңгээлдегилерге караганда кыязы олуттуураак болгону менен түшүндүрүлөт» [31, 20-б.] – деп тыянак чыгарган.

Дүйнөлүк тажырыйба көрсөткөндөй, ааламдашуунун жүрүшү кээ бир коомдордо салыштырмалуу жеңил жүрсө, кээ бир коомдордо ага карата күчтүү каршы аракеттер, тоскоолдуктар аркылуу коштолот. Айрыкча, салттык коомдордо каршылык күчтүү болот. Мындай коомдордо өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн жоготуп алуу өз алдынча улут катары жоюлуп кетүү менен барабар. Улуттун тарыхый эс-тутумун маданий мурас болгон каада-салттары, үрп-адаттары, жашоо-тиричилик, чарба жүргүзүү жана дүйнө тааным (анын

ичинде иденттүүлүк) моделдери түзөт. Ааламдашуу дал ушул тарыхый эс-тутумду бузуп, Батыш европалык маданияттын негизинде калыптанган жаңы маданий моделдерди таңуулоо. Ошондуктан, маданияты ислам, буддизм ж.б. диндердин негизинде калыптанган Жакынкы жана Ыраакы Чыгыш, Океания, Африка элдери үчүн жат болуп, ааламдашуунун жаңы маданий принциптери күчтүү каршылыкка кабылууда. Бирок, эл аралык байланыштар, маданий баарлашуулар күчөгөн санариптик замандын шартында ааламдашуу бүткүл дүйнөнү кучагына алды. Бул процесстен обочолонуп, четте калуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, чоң, өнүккөн өлкөлөрдөн тартып, экономикасы алсыз, салыштырмалуу кичине  мамлекеттерге чейин ааламдашууга карата өзүнүн жооп стратегиясын иштеп чыгууга аракет кылууда.  Алардын кээ бирлери өзүнүн улуттук каада-салттарын сактап, этияттап батыш баалуулуктарын кабыл алып, батыш технологияларын кеңири кабыл алып жатса (мисалы, Япония, Кытай ж.б.), кээ бирлери улуттук маданий көрөңгөлөрдөн баш тартпай, ааламдашуунун жаңы маданий таасирлерин чектөө, обочолонуу (мисалы, Түндүк Корея, белгилүү деңгээлде Индия ж.б.) аракетин көрүүдө. Өзүнүн улуттук  маданий мурастарын коргобой, а түгүл, аларды чануу менен, батыш баалуулуктарын кабыл алып жаткан коомдор (мисалы, Украина, белгилүү деңгээлде Грузия ж.б.) да бар. Бул өлкөлөрдүн тажырыйбасына кайрылсак, Чыгыш элдери улуттук маданий каада-салттарды бекем тутунуп, өздөрүнүн баалуулуктар системасын сакташып, ошол эле учурда башка улуттарга таандык маданий түшүнүктөргө толеранттуулук менен мамиле жасап келишүүдө. Ал эми  турмуш-тиричилигинде болсо батыштык технологияларды кеңири колдонуу менен, ааламдашуу шартында улуттук маданий мурастарына доо кетирбей, өз иденттүүлүгүн жоготпостон, чыгыш жана батыш маданиятарынын өзгөчө синтезин түзө алышты.  Тескерисинче, улуттук маданий мураска өзгөчө көңүл бөлүп, реалдуу шартта эске алып, аны жаңы деңгээлге көтөрүү аракетинде.

Кыргызстанда ааламдашуунун таасирлерине карата мамлекеттик деңгээлде иштелип чыккан системалуу саясат жок. Өзүн-өзү коргоо

инстинктинин негизинде эле коомчулук батыштын баалуулук принциптерине каршы туруууда. Ошондуктан ааламдашуу шартында өнүгүү темпи басаңдап, саясий, экономикалык эле эмес, социомаданий да курч көйгөйлөр жаралды. Кыргыз коому ааламдашуу процессине советтик баалуулуктар бузулуп, жаңы баалуулуктар системасы калыптана элек шарттарда кириптер болду. Натыйжада, совет мезгилинде басмырланган, тебеленген кыргыз улуттук кадаа-салттары, үрп-адаттары, маданий мурасы бутуна туруп, күчтөнө элек жатып, ааламдашуу менен келген, экономикалык күчтүү колдоосу бар, батыштын маданий баалуулуктары менен атаандаштыкка кабылды. Бул жагдай аң-сезимдин, иденттүүлүктүн терең кризисин жаратып, девианттык жүрүш-туруштардын күчөшүнө шарт түздү.

Кыргызстанда учурда этностор аралык мамилелердин салыштырмалуу тынчтыгы өкүм сүрүүдө. Албетте, этностор ортосундагы кээ бир турмуш-тиричиликтик конфликттерди эске албаганда. Жакынкы эле жаңы тарыхыбызда жүз берген каргашалуу окуялар жалпы жарандык иденттүүлүктүн мамлекеттин коопсуздугу, анын туруктуулугу үчүн канчалык маанилүү экендигин көрсөттү. Этностук иденттүүлүк жалпы жарандык иденттүүлүктөн үстөм болбош керек.

Ааламдашуу көп кырдуу, татаал жана чиеленген кубулуш. Аны изилдеген окумуштуулар да ааламдашуунун карама-каршы багыттагы аракеттерге толгон мүнөзүн белгилешип, баарын канааттандырган универсалдуу аныктама берише элек. Алар бул процесстин өзгөчөлүгүн, мүнөздүү белгилерин көрсөтүү менен чектелишет. Мисалы, эл аралык мамилелер боюнча адис, француз окумуштуусу Б.Бади ааламдашууга тиешелүү болгон 3 мүнөздүү өзгөчөлүк тууралуу айткан: биринчиден, бул бүгүн эле пайда болуп калган кубулуш эмес, ааламдашуу адамзаттын кылымдар бою өнүгүшүнүн натыйжасы болгон тарыхый процесс; экинчиден, бул бирдиктүү жүрүш-туруш нормаларын орнотууга, аларды универсалдаштырууга жана бирдей каада-салттардын негизинде жашоого умтулуу; үчүнүчүдөн, ааламдашруу бул өлкөлөрдүн бири-биринен көз

карандылыгынын күчөшү, анын натйжасы катары улуттук мамлекеттердин эгемендүүлүгүнүн төмөндөшү [57, 14-б.]. Профессор Б. Бади, ааламдашуу процесси эл аралык мамилелерде салттуу оюнчулар болгон мамлекеттерден тышкары, аларга теңтайлашкан, жаңы таасирдүү глобалдык түзүмдөрдүн: фирмалардын, трансулуттук корпорациялардын, диний уюмдардын, топтордун эл аралык мамилелердеги жигердүү аракеттери менен жаралган деген пикирин билдирген [57, 14-б.]. Бул айтылган ааламдашуунун критерийлерине токтолсок, универсалдуу жүрүш-туруш нормаларын орнотуу, бирдиктүү каада-салттардын негизинде жашоо жана өлкөлөрдүн өз ара көз карандылыгынын күчөшү, улуттук мамлекеттердин эгемендүүлүгүнүн начарлашы түздөн-түз улуттук иденттүүлүктүн бушулушуна алып келүүчү факторлор болуп саналат. Жалпы жарандык иденттүүлүктүн жоюлушу мамлекеттин жок болушу менен барабар.

Бул жагдайга саясат таануучу С.В.Кортунов көңүл бөлүп, ааламдашуу жараяны түздөн-түз иденттиктин кризисине таасир берет деп белгилеген. Ошондой эле бул кубулуш – демократиялашуу, санариптешүү, баалуулуктардын универсалдашуусу, маданий жактан стандартташуу, ж.б. процесстерди, кубулуштарды өзүнө камтыгандыктан, сөзсүз улуттук иденттик маселесинин алдыга суурулуп, акталдашуусуна негиз болот. Натыйжада ааламдашууга жооп иретинде коомдо борбордук өзөккө тартылууну, өздүк иденттикти, кылымдарды карыткан улуттук каада-салты сактап калууга болгон умтулууну пайда кылат. Ааламдашуу - улуттук иденттикке ушундай таасирлери менен ааламдык деңгээлде кайрадан түзүүгө зарылдык жаратат. [54, 21-б.]

Ошондуктан ааламдашуу кубулушу өзүнүн басымдуу терс мүнөздөгү таасирлери менен улуттук моралдык баалуулуктарды, када-салт, эрежелерди, жашоо стратегиясын тандоо жана социалдык активдүүлүк сыяктуу улуттук салттардын көрөңгөсүн сактоо зарылдыгын жаратат. Кыргызстандыктардын да күнүмдүк турмушуна тездик менен жаңы эрежелер жана баалуулуктар, жаңы турмуштук практикалар жана жүрүш-туруш нормалары кире баштады.

Бул коомдо турмушунда социалдык, саясий, экономикалык кризистер менен бирге маданий, аң-сезимдик кризисти да жаратып, учурда Кыргызстан масштабдуу өзгөрүүлөрдүн үстүндө.

Маалыматтык төңкөрүш, санариптик технологиялар маданий процессти интенсивдештирип, ага маданияттын бардык түрлөрүн масштабдуу түрдө тартылуусун жаратып, маданий мейкиндиктин гетерогендигин ачыктады. Ааламдашуу жараяны пайда кылган өзгөрүүлөр маданияттардын түрлөрү менен биргене, аларды өздөштүрүүнүн жолдоруна да таасир кылды. Маданияты айырмаланган элдердин аракеттешүүсү алардын турмуштук тажрыйбаларынын, муктаждыктарынын, маданий баалуулуктарынын жана ойлоо стандарттарынын аралашып, бири-бирине сиңишин пайда кылат. Натыйжада, алар бир жактан байышса, экинчи тараптан, алардын аутенттүү маданий чөйрөлөрү бузулууга дуушар болот [113, 117-118-б.].

Ааламдашуу процесси иденттиктин эки деңгээлинде өзгөрүүлөрдү пайда кылган. Алар (1) коомду түзгөн түрдүү социалдык катмарлардын, топтордун деңгээлинде, (2) жалпы коомдун деңгээлдеринде. Экинчи деңгээлдеги өзгөрүүлөр ааламдашуунун жаңы шарттарында дүйнөлүк системага тартылуу, ага интеграция болушуна байланыштуу парадигмалык, маданий мүнөздөгү өзөктүк өзгөрүүлөр. Санариптик технологиялардын өнүгүшү маалыматтык коомун түптөп, бул кубулуштар маданият системасын түзгөн бардык компоненттерге таасирин тийгизди.

Ааламдашуунун башаты АКШ өлкөсү болгондуктан, ал экономикалык жетишкендиктерин, өнүккөн маалыматтык технологияларын пайдаланып өзүнүн маданиятын универсалдаштыруу, аны бүт жер бетине жайылтуу, ой-жүгүртүүнү стандартташтыруу саясатын жүргүзүү менен дүйнөгө саясий-экономикалык үстөмдүгүн орнотуп, өзүнүн лидерлик позициясын бекемдеп жатат. Ошондуктан дүйнөлүк иденттүүлүк маселесинде да негиз болуп америкалык англис тили чыгууда. Бир элде калыптанган социомаданий мамилелер, маданияттын компоненттери экинчи элге баарлашуу аркылуу өтөт. Баарлашуу тил жардамы менен жүргөнүн эске алсак, анда дүйнөлүк

негизги баарлашуу тили англис тили аркылуу тарап жаткан маданий баалуулуктардын башаты айкын болот. Башкача айтканда, тил аркылуу маалымат мейкиндиги жаралат, ал эми калган социомаданий мамилелер, баарлашуу шарттары, иденттүүлүк түшүнүктөрү ошол маалымат мейкиндигинин мыйзамдарына ылайык калыптанат.

Кыргызстандын советтик мезгилдеги тарыхына кайрылсак, өлкөдө үстөмдүк кылган коммунисттик идеологияга "улуттук" түшүнүктөгү баалуулуктар жат болуп, аларды өнүктүрүү эмес, тескерисинче, кысымга алуу, басмырлап жок кылуу аркылуу жаңы советтик маданияты, советтик иденттүүлүктү калыптандыруу саясаты жүргөн. В.Маяковскийдин ырындагы "Окугула, суктангыла, мен – Советтер союзунун жаранымын", же башка ырда ырдалгандай "менин дарегим үй эмес, көчө эмес, менин дарегим - Советтик союз" ушул саясаттын далили. Ал мезгилде улуттук маданий баалуулуктар, тарыхый мурастар ачык пропагандаланбаса да, алар элдин көкүрөгүндө сакталып келген. СССРдин кыйрагандан кийин постсоветтик мейкиндикте пайда болгон эгемендүү өлкөлөрдө улуттук уңгуга басым жасашып, эгемендүүлүк шартында улуттук маданият кайрадан өнүгүү жолуна түштү. Иденттүүлүк багытында да терең өзгөрүүлөр болду. Анын бардык түрлөрү, анын ичинде жарандык иденттүүлүк да, улуттук өзөккө кайтып, жалпы элдин улуттук тарыхый, маданий мурастарга мамилеси өзгөрүп, улуттук сөз айкалышындагы баалуулуктар өзгөчө мааниге ээ болууда. Буга ааламдашуу аркылуу сырттан келген жат маданий баалуулуктар да түрткү болууда.

Мамлекеттеги улуттук иденттүүлүк андагы титулдук этностук топтун тили аркылуу ишке ашат, б.а. коомдогу мамлекеттик тилдин орду, ролу, мааниси жарандык иденттүүлүктүн калыптануу деңгээлинин түздөн-түз көрсөткүчтөрү болуп саналат. Ошондуктан тилдик маданият, коомдогу мамлекеттик тилдин абалы, аны колдонуу деңгээли атайын социологиялык изилдөөлөрдү талап кылууда. Өлкө жарандарынын этностук таандыгына карабастан колдонгон орток тили кайсы, титулдук этностук топтун тили мамлекеттеги илим-билимдин, баарлашуунун тили, иш кагаздарын

жүргүзүүнүн каражаты болуп саналабы? Бул суроолорго жооптор тилдик иденттүүлүктүн эле эмес, жарандык иденттүүлүктүн да көрсөткүчтөрү. Анткени, өз ара баарлашууда жана бири-бирин түшүнүүдө, өзүн жана жарандыгын таанып билүүдө, коомдун биримдигин жана ынтымагын камсыз кылууда орток тилдин маанилүү фактор экендиги талашсыз. Тил иденттиги – жарандардын бири-бири менен мамилелеринде, баарлашуусунда, өз ара түшүнүшүндө, таанып билишинде ортодо колдонгон, инсан өзүн ошол тилдин колдонуучусу деп, өзүн ага таандык деп кабыл алышы [28, 257-б.]. Тилдик иденттик адамдардын ортосундагы мамилелешүүнүн, баарлашуунун каражаты. Анын калыптанышына түрдүү факторлордун өз таасирлерин тийгизет. Мисалы, индивиддин тилди колдонуу, билүү деңгээли, өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү, адамдын биринчи тили, ошондой эле өзүнүн эне тили катары кабыл алган тили (алар дал келиши же айырмаланышы мүмкүн), тилге карата калыптанган пикири ж.б. [69]. Полиэтностук мамлекеттерде түрдүү этностордун өкүлдөрүн тилдик биримдик байланыштырып турат. Тилдик иденттүүлүк жарандык иденттүүлүктүн, өлкөнүн идеологиясынын негизин түзөт, калктын консолидация маселесинде ага башкы роль таандык.

Чоң держава болгон СССРде тилдик иденттүүлүк орус тили болуп, билим берүү, башкарууда иш кагаздары, массалык маалымат каражаттарынын ишмердиги, улуттар ортосундагы баарлашуу ушул тил аркылуу ишке ашкан. Идеологиянын, илимдин, маданияттын тили да орус тили болгон. Мисалы, кыргыздын атактуу уулу, залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов да өз чыгармаларын орус тилинде жазып, кийин кыргызчалаган. Учурда кыргызстандыктарды социомаданий жактан бириктирген, жалпы жарандык иденттүүлүктү камсыз кылууда мамлекеттик тил статусуна (1989-ж.) ээ болгон кыргыз тили өз позициясын улам бекемдеп келе жатат [52]. Бирок, советтик салтты улап, расмий тил статусуна ээ болгон орус тили да кээ бир позицияларда өз ордун, маанисин сактап калууда. Ага орус тилинин илимдин, технологиянын тили болгондугу себеп болууда, ал эми кыргыз тили бул сыпатта эми калыптанып жаткан учуру. Башкарууда, иш кагаздарын

жүргүзүүдө мамлекеттик тилге өтүү расмий тилдин бул багыттагы ордун бошоңдотту. Бул мамлекеттик башкарууда толук кыргыз тили колдонулуп, баары кыргызча эркин сүйлөп, жазып калды дегенди билдирбейт. Мамлекттик башкарууда мамлекеттик тилге акырындык менен баскычтуу өтүү ишке ашырылууда. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика кызматынын маалыматы боюнча, Кыргызстанда кыргыз тилин алып жүрүүчүлөрдүн үлүшү – 76,5% түзөт [Караңыз: Таблица №3.1.3.]. Өлкөгө атын берген титулдук улут болгон кыргыздар мамлекеттин жалпы калкынын үлүшү 74,8%. Андан кийин орундарды үлүшү боюнча өзбек (14,7%), орус (5,6%) этностору ээлешет [61, 59-б.].

Кыргызстанда расмий иш-чаралар, иш кагаздары эки: мамлекеттик жана расмий тилдеринде, мамлекеттик эмес ишканаларда, уюмдарда, мекемелерде, жеке менчик компанияларда орус тилинде, ал эми эл аралык мекемелерде, уюмдарда англис жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. ЖОЖдордо жакынкы мезгилге чейин эле жогорку кесиптик билим берүү жана иш кагаздарын жүргүзүү дээрлик орус тилинде ишке ашып келген. Бул абалдын өзгөрүшү азыркы Президенттин тил саясаты чөйрөсүндөгү жаңы талаптарына байланыштуу ишке ашууда. Мамлекеттик башкаруу системасында тил маселеси боюнча иш алып барган орган кайрадан түзүлүп, анын ыйгарым укуктары, милдеттери кеңейип, жаңыча иш алып барууда. Бул маселеде Өкмөт дагы тилдик саясат программаларын туура белгилеп, учурда Кыргызстанда 2021-2025-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү багытында атайын программа кабыл алды. Анда учурда орун алган кырдаалды төмөнкүчө бааланган: «...коомдук турмуштун маанилүү чөйрөлөрүндө (башталгыч, орто жана жогорку билим берүү, мамлекеттик башкаруу, соттук-укуктук, экономика, соода-сатык, саламаттык сактоо, маданият, санарип ж.б.) кыргыз тилин кеңири жайылтуу ишке ашпай келүүдө.» [120]. Бул Программалык документтин негизги максаты болуп “Мамлекеттик тилди өз функциясын аткарган деңгээлге көтөрүү, ошондой эле мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана колдонууга багытталган маселелерди

чечүү, мамлекеттик тилди **жарандык интеграциянын жана мамлекеттик иденттүүлүктүн** негиздеринин бири катары өркүндөтүү" көрсөтүлгөн. Ал эми "Программа принциптерге негизделет:

1) кыргыз тили - мамлекеттин жана жарандык интеграциянын негизи, ошондой эле мамлекеттик иденттүүлүктүн атрибуттарынын бири;

2) мамлекеттик тил - Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоочу, өлкөнүн туруктуулугун камсыздоочу маанилүү фактор" – деп айтылган [120].

Ошондуктан Кыргызстандын түштүк аймактарында жүргүзүлгөн "Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында" деген аталыштагы социологиялык изилдөөдө улуттун, мамлекеттин тагдыры менен айкалышкан ушул бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болгон тил жана жарандык иденттүүлүк боюнча бир нече суроолор берилген. Алар диссертациянын жогорку бөлүмдөрүндө талданды. Бирок, жалпы жарандык иденттүүлүктүн абалы жана өзгөрүү багыттары боюнча изилдөөдө кыргызстандыктар кимди кыргыз деп билээрин аныктоого арналган "*Сиз кимди "КЫРГЫЗ" деп эсептейсиз?*" деген суроо кошулган [1]. Ага респонденттердин жооптору №3.3.1. таблицада келтирилген. Бул суроого жоопторду бирөө тилге байланыштуу болуп, ал жалпы 10 позициянын ичинен 6 орунду ээлеген (караңыз: таб.№3.3.1.).

**Таблица 3.3.1. Сиз кимди "КЫРГЫЗ" деп эсептейсиз?**

| **№** | **Жоопторду вариантары** | **Саны** | **%** |
|---|---|---|---|
| 1. | Улуту кыргыз болсо | 295 | 24,8 |
| 2. | Ким озун кыргызмын деп эсептесе | 199 | 16,7 |
| 3. | Кыргыз маданиятын жакшы билген, аны сыйлаган адамды | 185 | 15,6 |
| 4. | Паспортунда ким "кыргыз" болсо | 163 | 13,7 |
| 5. | Ата-энеси кыргыз болсо | 155 | 13,0 |
| 6. | Ким кыргызча сүйлөсө | 125 | 10,5 |
| 7. | Кыргызстандын паспорту болсо | 25 | 2,1 |
| 8. | Жоопторду баары | 10 | ,8 |
| 9. | Мекенчил | 5 | ,4 |
| 10. | Башка | 1 | ,1 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11. | Жооп жок | 26 | 2,2 |
| | **Баары** | **1189** | **100,0** |

Тилдин адамдын улутунун аныктоодогу ордуна, маанисине байланыштуу: “Ким кыргызча сүйлөсө, ошол кыргыз болот” деген пикирди ар бир онунчу респондент билдирген, б.а. 10,5% же 125 респондент ушундай ойду карманган.

Тилге байланыштуу ушул позицияны этностук кесилиште талдоо төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү көрсөттү: эки этностук топто бул ойду тутунган респонденттердин үлүшү орточо мааниден жогору. Алар тажиктер жана өзбектер, биринчилердин арасында тил позициясын тандагандардын үлүшү эң жогору – 19,0% же алардын бештен бири үчүн тил улутту аныктоодогу негизги болуп, орточо көрсөткүчтөн дээрлик эки эсеге жакын жогору болуп саналат (караңыз: таб.№3.3.2). Өзбек этностук тобунун өкүлдөрүнүн арасында болсо мындай пикирдегилердин үлүшү 12,8% менен экинчи тепкичте. Кыргыз жана орус этностук топтордун өкүлдөрү бири-биринен дээрлик 3%дык айырма менен кийинки орундарды ээлеген, алардын үлүштүк көрсөткүчтөрү, турушуна карай, 9,8% жана 7,0% түзгөн. Башка этностук топтордун өкүлдөрүнүн бул позицияны тандашы да акыркы көрсөткүчкө жакын, тагыраагы – 6,3% (караңыз: таб.№3.3.2). Улуттун улут катары сакталышы анын тилинин сакталышы, өнүгүшү менен байланыштуу экендигин эске алганда, бул позициянын мындай лидерлик эмес абалды ээлеши ойлонууну, тийешелүү жыйынтык чыгарып, туура чечимдерди кабыл алуу зарылдыгын айкындайт.

## Таблица 3.3.2. *Сиз кимди "КЫРГЫЗ" деп эсептейсиз?*

| *4. "Улуту"* | | *16. Сиз кимди "КЫРГЫЗ" деп эсептейсиз?* | | | | | | | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жооп жок | Ким кыргызча сүйлөсө | Ким өзүн кыргызмын деп эсептесе | Паспортун-да ким "кыргыз" болсо | Кыргызстандын паспорту болсо | Ата-энеси кыргыз болсо | Улуту кыргыз болсо | Кыргыз мадания-тын жакшы билген, аны сыйлаган адамды | Мекенчил | Жооп-тордун баары | Башка жооп | |
| **Кыргыз** | Саны | **6** | **37** | **84** | **44** | **6** | **43** | **91** | **53** | **3** | **8** | **1** | **376** |
| | Саптан % | 1,6% | 9,8% | 22,3% | 11,7% | 1,6% | 11,4% | 24,2% | 14,1% | 0,8% | 2,1% | 0,3% | 100% |
| **Өзбек** | Саны | **15** | **64** | **80** | **76** | **9** | **85** | **104** | **65** | **1** | **0** | **0** | **499** |
| | Саптан % | 3,0% | 12,8% | 16,0% | 15,2% | 1,8% | 17,0% | 20,8% | 13,0% | 0,2% | 0,0% | 0,0% | 100% |
| **Орус** | Саны | **3** | **15** | **19** | **27** | **7** | **17** | **74** | **49** | **1** | **2** | **0** | **214** |
| | Саптан % | 1,4% | 7,0% | 8,9% | 12,6% | 3,3% | 7,9% | 34,6% | 22,9% | 0,5% | 0,9% | 0,0% | 100% |
| **Тажик** | Саны | **0** | **4** | **5** | **3** | **3** | **0** | **5** | **1** | **0** | **0** | **0** | **21** |
| | Саптан % | 0,0% | 19,0% | 23,8% | 14,3% | 14,3% | 0,0% | 23,8% | 4,8% | 0,0% | 0,0% | 0,0% | 100% |
| **Башка** | Саны | **2** | **5** | **11** | **13** | **0** | **10** | **21** | **17** | **0** | **0** | **0** | **79** |
| | Саптан % | 2,5% | 6,3% | 13,9% | 16,5% | 0,0% | 12,7% | 26,6% | 21,5% | 0,0% | 0,0% | 0,0% | 100% |
| **Баары:** | Саны | **26** | **125** | **199** | **163** | **25** | **155** | **295** | **185** | **5** | **10** | **1** | **1189** |
| | Саптан % | 2,2% | 10,5% | 16,7% | 13,7% | 2,1% | 13,0% | 24,8% | 15,6% | 0,4% | 0,8% | 0,1% | 100% |

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2020-жылдын 13-ноябрындагы ПЖ №39 Жарлыгы менен бекитилген “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясынын” ишке ашыруунун зарыл шарты, кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөөнүн өбөлгөсү бул мамлекеттик тилдин коомдогу ордун, маанисин жогорулатуу экендиги талашсыз [119]. Бул Концепциянын өзүндө да баса белгиленген. Бирок, жаңы кабыл алынган жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү боюнча маанилүү документтин текстинин арадан бир нече ай убакыт өтсө да кенен жайылтылбай, калктын калың катмарларына жетпей жаткандыгы бул өзөктүк маселеге бийликтин кээ бир түзүмдөрүнүн салкын мамилесин көрсөтүп, алар “Элдин улуулугу анын тили менен маданиятында” (Ч.Айтматов) экендигине жетиштүү баа бербей жаткандыгынан кабар берет.

Бул айтылгандарга таянып кээ бир жыйынтыктарды чыгарууга болот: **биринчиден**, мамлекеттик тил – бул өлкө калкынын интеграция негизи жана ушул сапатта жарандардык иденттиктин маанилүү атрибуту, жалпы кыргызстандык “жарандык улут” түшүнүгүнүн жана кыргызстандык иденттигинин бекемделишинде мамлекеттик тилдин ролу чоң экендигин талашсыз. **Экинчиден**, көп этностуу Кыргызстандын шартында жарандык улут жана жарандык иденттиктин калыптанышы этностордун эне тилинин жоюлушуна алып келбейт. **Үчүнчүдөн**, мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана анын негизинде жалпы кыргызстандык иденттикти калыптандыруу Кыргызстан элинин биримдигин камсыз кылуунун, өлкөдө туруктуулукту жана коопсуздукту сактоонун, келечектеги өнүгүүнү камсыздоонун маанилүү фактору. Анын ийгилиги жарандардын мамлекеттик тилди билүү жана аны күндөлүк жашоосунда колдонуу деңгээлине жараша болот.

Кыргызстандын шартында жалпы жарандык иденттүүлүктүн абалын жана өзгөрүү багыттарын аныктоочу тилден башка ченем – бул **мекенчилдик** баалуулугу. Ар кандай иденттүүлүк жамааттын, мамлекеттин, коомдун баалуулуктарын жана нравалык-укуктук нормаларын адам тарабынан аң-

сезимдүү түрдө кабыл алышынын натыйжасы болуп саналат. Алардын арасында өзгөчө орунду жарандык иденттүүлүктүн руханий негиздери болгон тарых, маданият, тил, өткөн нерселерге сыймыктануу, коркунучтардын жана чакырыктардын алдында өзүнүн биримдигин аңдоо, Ата мекендин эмоциялык жактан коолдолгон образын кабылдоо ээлейт. Булардын баары коомдук аң-сезимде жарандык иденттүүлүктүн мүнөздүк өзгөчөлүгү сапатында жана, эреже катары, **мекенчилдик** баалуулуктарында көрүнөт.

Бүгүнкү күндө кыргыз коомунда да, ар кандай заманбап коомдордогудай эле, жарандуулук жана мекенчилдик менен байланышкан маселелер чоң мааниге ээ боло баштады. Дүйнөдө жүрүп жаткан ааламдашуу, миграциянын өсүшү жана суверендүү мамлекеттердин адаттагы түшүнүүдөгү чек арасынын “жоюлушу” менен байланыштуу жарандардык өзүн жаран деп таануусунун деңгээли төмөндөп, бошондой баштады. Демек, мекенчилдик сезимдери да, өлкөсүнө, элине болгон сүйүү сезимдери да өзүнүн кол тийбес бекемдигин жоготууда. Мындай шарттарда калктын жарандык иденттүүлүк маселеси, мекенчилдик менен байланыштуу суроолор өзгөчө мааниге ээ болот.

Мекенчилдикти жана жарандык иденттүүлүктү мындайча түшүнүү мурдагы жарандык-мекенчилдик баалуулуктары бошошкон, тарых сабактарын кайрадан кароо, идеологиялык вакуумдун батыштык индивидуализм, баарына жол берилгендик жана жеке баюу баалуулуктары атмосферада төрөлүп, өскөн муундун чоң жашоого кирип жаткан бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу. Так ушул муун татаал ааламдык каршылашуу шартында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн келечегин калыптандырат.

Укуктарга, милдеттерге жана суверенитетке ээ жаран азыркы демократиянын пайдубалдык фигуралардын катарына кирет. «Жаран», “мекенчилдик” жана «жарандык» түшүнүктөрүнүн өзү комлектстүү маселелерден болуп саналат. Жарандык иденттүүлүк индивиддин социалдык иденттүүлүгүнүн бөлүгү. Инсан жаран катары кепилденген мамлекеттик билим берүүгө, жарандык коом түзүлүшүнө жана тандоо ж.б. укуктарга ээ. Жарандуулук маселеси мекенчилдик (патриоттуулук), эл-жерин сүйүү менен

байланышкан. Ошол эле учурда жогоруда айтылган түшүнүктөр менен удаа эле өлкөнүн жана элдин тагдыры үчүн жоопкерчиликти сездирип жана жарандык иденттүүлүккө ээ инсанга эрк, күч-кубат берип турат. Жаш жарандарды тарбиялоонун башкы кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири жарандык иденттүүлүк категориясы болуп эсептелет. Аны саясий жана экономикалык кырдаалдарда өзгөрүүчү, татаал шарттардагы саясий реалдуулуктарга жана курчап турган дүйнөгө аң-сезимдүү көз караштардын калыптанышындагы базалык процесс катары караса болот. Ошондуктан, адам өзүнүн жарандык парзын жана милдеттерин аң-сезимдүү жана жигердүү баамдап, сабаттуулук менен аткарышы зарыл.

Кыргызстанда жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу милдети узак жылдар бою артыкчылыктуу мааниге ээ болгон эмес. Ал акыркы жылдардагы социалдык-саясий жана этностор аралык мамилелердин жарыгында актуалдуу боло баштады. Ошондуктан Кыргызстанда бир катар маанилүү документтер кабыл алынды. Атап кетсек: бир топ мамлекеттик программалык документтерге негиз болгон “2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы”, анын негизинде кабыл алынган “2021-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн программасы”, “Кыргыз Республикасында калктын биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясы” жана анын менен логикалык байланыштагы уландысы саналган “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы”. Бул документтерде жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу боюнча артыкчылыктуу багыттар жана стратегиялык милдеттердин тобу аныкталган. айтсак, “жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, ар бир инсандын өзүн “Кыргыз жараны” (Кыргызстан жараны) катары өзүн таанышы, жарандык мекенчилдикке, этностор аралык ынтымакты чыңдоо жана толеранттуулукка тарбиялоо” [3], “билим берүү, балдарды жана жаштарды тарбиялоо системасына Кыргыз

жараны - өзүн таануу түшүнүгүн киргизүү жана жарандык билим берүүнү өнүктүрүү” [119, 4-б.]. Жарандык мекенчилдик, улуттун биримдиги, Кыргызстан калкынын руханий жана маданий жалпылыгы, этностор аралык ынтымактык жана толеранттуулук идеяларын калыптандыруу, аны массанын калың катмарына кенен жайылтуу мамлекеттик үчүн маанилүү милдет болуп эсептелет. Ошондо эле концепцияда коюлган максатка жетишүү жана аныкталган милдеттерди ишке ашыруу “...Толеранттуулук жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн түшүнүү ар түрдүү социалдык топтордун жана этностук жамааттардын ортосундагы активдүү кызматташууну, өнөктөштүктү жана биргелешкен ишмердүүлүктү талап кылат” деп белгиленген [119, 4-б.].

Бул бөлүмдүн чегинде жалпы жарандык иденттүүлүктүн абалын, өзгөрүү багыттарын айкындоочу критерийлик мекенчилдик баалуулугу менен байланыштуу болгон кээ бир суроолорго респонденттердин жоопторун талдап көрөлү. Кыргыз коомунда кайчы пикирлерди жараткан жарандардын этностук таандыгын жарандык паспортто ачык көрсөтүп жазуу маселесине негизги этностук топтордун өкүлдөрүнүн көз караштары билүү максатында респонденттерге *“Жарандык паспортто улутту көрсөтүүнүн зарылдыгы барбы?”*деген суроо берилген. Сурамжылоого катышкандардын ага жооптору төмөндөгүчө бөлүндү (караңыз: Табл. №3.3.3). Иилдөөдө 14 киши (же 1,2%ы) жооп берген эмес, калган 1175 респонденттин жооптору 2:1 катышын түзүп, оң жооп бергендер (740 респондент же 62,2%), терс көз караштагыларга (435 респондент же 36,6%) караганда дээрлик 2 эсеге жакын көп болуп, алардын үлүштүк көрсөткүчтөрүнүн айырмасы 25%дан ашык. Демек, респонденттердин пикиринде жарандык паспортто адамдын улуттук таандыгын “көрсөтүш керек” деген жооптун варианты үстөмдүк кылат. Бирок, бул суроого жоопторду этностук кесилиште талдоодо кээ бир өзгөчөлүктөр чыкты. Жалпысынан оң жооптордун үстөмдүгүнө карабастан, кыргыздардан кийинки көп сандуу эки этностук топтун оң жана терс көрсөткүчтөрү пайыздык медианадан 5-7%га гана айырмаланганын байкайбыз. Башкача айтканда, орустардын жана өзбектердин арасында улуттук таандыгын

жарандык паспортто “көрсөтүш керек” дегендер бирдей – 54,7%ды түзсө, “көрсөтпөш керек” дегендер, турушуна карай, 44,9% жана 43,1% болгон. Башка этносторду бириктирген топто тескерисинче, “көрсөтпөш керек” деген терс пикирди кармангандар “көрсөтүш керек” деген оң пикирди жактагандардан дээрлик 18%дык пунктка жогору. Башкача айтканда, этностук таандыгын жарандык паспортто көрсөтүүгө макул болуп жактагандар - 40,5%, каршы болгондор - 58,2% же беш кишиден экөө гана макул, дээрлик 3/5 “көрсөтпөш керек деген позицияны кармангандар. Тажик этносунун өкүлдөрү болсо, жалпы логикадан четтеп, кыргыздар менен таң калаарлык бирдей пикирди билдиришкен: 80%дан бир аз жогору оң жана 19%дан бир аз жогору бөлүгү терс жоопту тандашкан же беш кишиден бирөө гана макул. Кыргыз улутунан башка бардык этностук топтордо терс позиция салыштырмалуу жогору, бир гана тажик этносунун өкүлдөрүнүн пикири айырмаланып, жалпы көрсөткүчтөн (36,6%) дээрлик 2 эсеге төмөн болгон (караңыз: Табл. №3.3.3).

Таблица №3.3.3. “Жарандык паспортто улутту көрсөтүүнүн зарылдыгы барбы?” / “Улуту”

| “Жарандык паспортто улуту көрсөтүүнүн зарылдыгы барбы?” | | | **Баары** | **анын ичинен улуту:** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Кыргыз** | **Өзбек** | **Орус** | **Тажик** | **Башка** |
| 1 | **Жооп жок** | Саны | **14** | **1** | **11** | **1** | **0** | **1** |
| | | мамычадан % | 1,2% | 0,3% | 2,2% | 0,5% | 0,0% | 1,3% |
| 2 | **Көрсөтүш керек** | Саны | **740** | **301** | **273** | **117** | **17** | **32** |
| | | мамычадан % | 62,2% | 80,1% | 54,7% | 54,7% | 81,0% | 40,5% |
| 3 | **Көрсөтпөш керек** | Саны | **435** | **74** | **215** | **96** | **4** | **46** |
| | | мамычадан % | 36,6% | 19,7% | 43,1% | 44,9% | 19,0% | 58,2% |

Демек, титулдук улут болгон кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү (4/5 бөлүгү) жарандык паспортто атуулдардын этностук таандыгын көрсөтүү зарыл деп эсептесе, тажиктерден башка этностук топтордун өкүлдөрү болгон кыргызстандыктар – өзбектер, орустар жана башкалар боюнча мындай пикирди айта албайбыз. Аларда паспортто улутту “*көрсөтүш керек*” дегендер көпчүлүктү түзгөндүгүнө карабастан, оң жана терс позицияларды жактагандардын үлүшү, пайыздык медианалык көрсөткүч болгон, 50%дан кескин айырмаланбайт (±5-6%).

Кийинки респонденттердин жарандык паспортто этностук таандыгын көрсөтүү боюнча оң жана терс жоопторду тандоо себептерин аныктоого багытталган: “**Эмне себептен улутун көрсөтүш керек?**” жана “**Эмне себептен улутту көрсөтпөш керек?**” деген суроолор (караңыз: Табл. №3.3.4 жана №3.3.5).

Жарандык паспортто этностук таандыгын көрсөтүү керек деген пикирди кармангандар өз оюн төмөндөгүчө себептер менен байланыштырышат. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү “*этностук таандыгын билүү үчүн*” деп жооп беришкен, алар дээрлик 48% түзгөн. Этностук кесилиште карап көрсөк, бул позицияны тандоодо эң жогорку көрсөткүч тажиктерге (81,3%) таандык, алардын бештен төртөө ушундай пикирди билдиришкен. Кийинки көрсөткүч башка этностук топтун өкүлдөрүнө жана кыргыздарга таандык болуп, алардын, турушуна карай 54,8%ы жана 52,9%ы ушундай пикирде. Орустардын арасында бул жоопту тандагандар 49,2% түзүп, жалпы көрсөткүчкө өтө жакын, б.а. андан 1,3%дык көрсөткүчкө гана жогору. Бул позиция боюнча өзбектерде, тескерисинче, этностук топтор арасындагы эң төмөнкү - 38,6%дык көрсөткүчтү байкайбыз, б.а. орточо көрсөткүчтөн 9,3%га төмөн (караңыз: Табл. №3.3.4).

Экинчи позицияны 27,1% көрсөткүч менен “*Туура улут саясатын жүргүзүү үчүн*” деген жооп ээлеген же суралгандардын 1/5 жарандык паспортто этностук таандыгын көрсөтүү өлкөдө туура улут саясатын жүргүзүүнүн бир өбөлгөсү катары карашат. Бул позиция боюнча да өзбектерде жалпы көрсөткүчтөн айырмаланган пикирди байкайбыз, алар этностук топтор арасындагы эң жогорку – 32,6%дык көрсөткүчтү байкайбыз, б.а. жалпы көрсөткүчтөн 5,5%га жогору. Калган этностук топтордо байкалган маанилер жалпы көрсөткүчтөн төмөн жана эң төмөн тажик этносунун өкүлдөрүнө тиешелүү – 12,5% же жалпы мааниден 2 эседен ашык төмөн (караңыз: Табл. №3.3.4).

Таблица 3.3.4. “Эмне себептен улутун көрсөтүш керек?” / “Улуту”

| “Эмне себептен улутун көрсөтүш керек?” | **Баары** | **Анын ичинен улуту:** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Кыргыз** | **Өзбек** | **Орус** | **Тажик** | **Башка** |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Этностук таандыгын билүү үчүн** | Саны | **359** | **162** | **103** | **58** | **13** | **23** |
| | | мамычадан % | 47,9% | 52,9% | 38,6% | 49,2% | 81,3% | 54,8% |
| 2 | **Туура улут саясатын жүргүзүү үчүн** | Саны | **203** | **74** | **87** | **30** | **2** | **10** |
| | | мамычадан % | 27,1% | 24,2% | 32,6% | 25,4% | 12,5% | 23,8% |
| 3 | **Мурунтан келе жаткан көрүнүш** | Саны | **133** | **45** | **60** | **20** | **1** | **7** |
| | | мамычадан % | 17,8% | 14,7% | 22,5% | 16,9% | 6,3% | 16,7% |
| 4 | **Туура кадр саясаты үчүн өбөлгө түзөт** | Саны | **49** | **23** | **14** | **10** | **0** | **2** |
| | | мамычадан % | 6,5% | 7,5% | 5,2% | 8,5% | 0,0% | 4,8% |
| 5 | **Башка** | Саны | **5** | **2** | **3** | **0** | **0** | **0** |
| | | мамычадан % | 0,7% | 0,7% | 1,1% | 0,0% | 0,0% | 0,0% |

Үчүнчү орунду ээлеген "*Мурунтан келе жаткан көрүнүш*" позициясын жактоочулар 17,8%ды түзгөн. Бул салттык көрүнүштү жактагандардын үлүшү башка этностук топторго салыштырганда өзбек этносунун өкүлдөрү арасында жогору жана жалпы көрсөткүчтөн 4,7%га көп. Башка этностук топтордо көрсөткүчтөр жалпыдан бир азга төмөн, бир гана тажиктерде кескин төмөн маанини байкайбыз, б.а. аларда 2,8 эсеге аз (караңыз: Табл. №3.3.4).

"*Туура кадр саясаты үчүн өбөлгө түзөт*" деген пикир респонденттер арасында 6,5% гана өз жактоочуларын тапкан. Этностук топтордун кесилишинде салыштырганда, орустар менен кыргыздар арасында бул пикирди тутунгандардын үлүшү жалпы көрсөткүчтөн бир азга жогору болгон. Респонденттер арасында аталган жооптордон "башка" вариантты тутунгандар да бар, алардын саны олуттуу эмес жана 5 эле жаран же үлүшү 0,7%ды түзгөн (караңыз: Табл. №3.3.4).

Бул жерде дагы бир белгилей кетүүчү жагдай, "*жарандык паспортто улутту көрсөтүүнүн зарылдыгы бар*" деген респонденттердин саны 740 болуп, сурамжылоого катышкан дагы 14 киши бул суроого жооп берген эмес. Ал эми "*эмне себептен улутун көрсөтүш керек?*" деген суроого жооп бергендер болсо 749 кишини түзгөн. Анткени, жооп бербегендерден 9 респондент оң позициядагыларга кошулуп, паспортто жарандардын улутун көрсөтүүнүн зарылдыгынын себептерин белгилешкен.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап айтсак, жарандык паспортко атуулдардын этностук таандыгын көрсөтүү керек деп эсептеген респонденттердин басымдуу көпчүлүгү - ¾ бөлүгү же 75%ы өздөрүнүн

мындай позициясын “*этностук таандыгын билүү*” жана “*туура улут саясатын жүргүзүү*” жооптору аркылуу тастыкташкан. Өкмөттүн өлкөдөгү жүргүзүп жаткан кадр саясаты адамдын улуттук таандыгы менен түздөн-түз байланышта эмес экендигин сурамжылоонун жыйынтыгында даана байкоого болот. Себеби респонденттер арасында жарандын этностук таандыгын билүү туура кадр саясатына өбөлгө болушуна ишенгендер өтө эле аз санда.

Жарандык паспортто этностук таандыгын көрсөтүү боюнча респонденттердин терс жоопту тандоо себептерин аныктоого багытталган жана “Эмне себептен улутту көрсөтпөш керек?” деген кийинки суроого төмөндөгүдөй жооптор алдык (караңыз: Табл. №3.3.5).

Жарандык паспортто этностук таандыгын көрсөтпөш керек деген пикирди кармангандар 435 респондент болуп, алар өз оюн төмөндөгүчө себептер менен байланыштырышкан: сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү атуулдун улутунун паспортто көрсөтүлүшү “бөлүнүп-жарылууга алып келет” (37,2%) жана “бардыгы бирдей Кыргызстандык” (35,6%) деген жоопторду белгилешкен, булар жалпы 72,8% түзгөн. Жооптордун дагы эки варианты болгону 0,7%дык гана айырма менен үчүнчү, төртүнчү орундарды бөлүшүшкөн: “*Өлкөдө ынтымакты бекемдейт*” – 13,3%, “*Жаңы мезгил талабына жооп бербейт*” – 12,6%. Бул пикирлер респонденттердин колдоосуна ээ болгон эмес. Ал эми бул жооптордон өзгөчөлөнгөн “*башка*” пикирди кармангандар да бар, алар да болгону 5 эле адам же 1,1% гана (караңыз: Табл. №3.3.5).

Бул суроого жоопторду этностук кесилиште карап көрсөк, “*Бөлүнүп-жарылууга алып келет*” деген позицияны тандоодо эң жогорку көрсөткүч кыргыздарга (46,9%) таандык, алардын дээрлик жарымына жакыны ушундай пикирди билдиришкен. Кийинки көрсөткүч орус жана тажик этностук топтордун өкүлдөрүнө таандык болуп, алардын, турушуна карай 42,3%ы жана 40%ы ушундай пикирде. Өзбектердин арасында да бул жоопту жактоочулар (75 адам 35%) көпчүлүктү түзгөндүгүнө карабастан, алар жалпы көрсөткүчтөн 2,2%га төмөн.  Кыргызстандык башка этностук топтор арасында болсо бул

позициядагы эң төмөнкү, болгону 15,8% же орточо мааниден 2,5 эсеге аз көрсөткүчтү байкайбыз. Экинчи орунду ээлеген баары эле “*бирдей кыргызстандык*” деген вариантты жактоочулар суралган өзбектердин, орустардын жана тажиктердин арасында “*бөлүнүп-жарылууга алып келет*” дегендер менен негизинен бирдей эле. Бирок кыргыздардын 28,4%ы гана бул пикир менен макул. Бул жалпы мааниден 7,2%га төмөн. Ал эми башка этностук топтордун өкүлдөрүнүн жарымына жакыны (47,4%) ушул “*Бардыгы бирдей Кыргызстандык*” деген жоопту тандашкан (караңыз: Табл. №3.3.5). Жарандык паспортто атуулдун улутун көрсөтүү “*өлкөдө ынтымакты бекемдейт*” деп ишенгендердин салыштырмалуу көпчүлүгү өзбек (16%) жана башка этностук топтордун (18,4%) өкүлдөрү. Бул пикирге карата орустар (жалпы мааниден эки эсе төмөн же 6,2% гана) менен тажиктер (0%) пессимисттик көз караштa. Кыргыздар да айырмаланган пикирде эмес, аларда да орточо көрсөткүч менен эле бирдей маанини (13,6%) көрөбүз. Респонденттердин колдоосуна ээ болбой калган - паспортто этностук таандыгын көрсөтүү “*жаңы мезгил талабына жооп бербейт*” деген дагы бир пикир, салыштырмалуу, өзбектерде, башка жана тажик этностук топтордо орточо көрсөткүчтөн жогору, турушу боюнча 13,6%, 15,8% жана 20%ды түзгөн. Кыргыздар (11,1%) менен орустарда (10,3%) орточо мааниден бир азга төмөн (караңыз: Табл. №3.3.5).

**Таблица 3.3.5. Эмне себептен улутту көрсөтпөш керек? / Улуту**

| «Эмне себептен улутту көрсөтпөш керек?» | | | Баары | анын ичинен «Улуту»: | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Кыргыз | Өзбек | Орус | Тажик | Башка |
| 1 | Бардыгы бирдей Кыргызстандык | Саны | **155** | **23** | **72** | **40** | **2** | **18** |
| | | мамычадан % | 35,6% | 28,4% | 33,6% | 41,2% | 40,0% | 47,4% |
| 2 | Бөлүнүп-жарылууга алып келет | Саны | **162** | **38** | **75** | **41** | **2** | **6** |
| | | мамычадан % | 37,2% | 46,9% | 35,0% | 42,3% | 40,0% | 15,8% |
| 3 | Жаңы мезгил талабына жооп бербейт | Саны | **55** | **9** | **29** | **10** | **1** | **6** |
| | | мамычадан % | 12,6% | 11,1% | 13,6% | 10,3% | 20,0% | 15,8% |
| 4 | Өлкөдө ынтымакты бекемдейт | Саны | **58** | **11** | **34** | **6** | **0** | **7** |
| | | мамычадан % | 13,3% | 13,6% | 15,9% | 6,2% | 0,0% | 18,4% |
| 5 | Башка | Саны | **5** | **0** | **4** | **0** | **0** | **1** |
| | | мамычадан % | 1,1% | 0,0% | 1,9% | 0,0% | 0,0% | 2,6% |
| Баары | | Саны | **435** | **81** | **214** | **97** | **5** | **38** |
| | | Жалпыдан % | 100 | 18,6% | 49,2% | 22,3% | 1,1% | 8,7% |

Демек, жарандардын паспортто этностук таандыгын көрсөтүүгө каршы пикирди кармангандардын арасында, негизинен, жооптордун эки варианты салыштырмалуу көп колдоого ээ болгон. Алар өзүнүн мындай позициясынын себеби катары “*бөлүнүп-жарылууга алып келет*” жана “*бардыгы бирдей Кыргызстандык*” деген көз караштарын билдиришкен. Респонденттерге сунушталган дагы жооптордун эки варианты сурамжылоого катышкандардын арасында жигердүү колдоого ээ болгон эмес, алар “*өлкөдө ынтымакты бекемдейт*” жана “*жаңы мезгил талабына жооп бербейт*” деген пикирлер.

Жыйынтыктап айтканда, сурамжылоого катышкандардын, этностук таандыгына карабастан, басымдуу бөлүгү “*жарандык паспортто жарандын улутун көрсөтүү зарыл*” деген пикир менен макул. Анткени, **биринчиден** бул жарандардын “*этностук таандыгын билүү*” жана “*туура улут саясатын жүргүзүү*” үчүн керек. **Экинчиден**, респонденттер жарандык паспортто атуулдун этностук таандыгын көрсөтүү “*өлкөдө ынтымакты бекемдейт*” жана улутун “*жаңы мезгил талабына жооп бербейт*” деген пикирлерге пессимисттик көз караштa. Демек, өлкөдөгү ынтымак, биримдик жарандык атуулдун паспорттогу улутунун көрсөтүлүшү менен түздөн-түз байланышы жок жана учурундагы Өкмөттүн жарандардын улутун паспортто көрсөтпөө жөнүндөгү чечими реалдуу зарылдыкка негизделбеген, таза саясий, популисттик чечим болгон. Ошондуктан акыркы учурда бул чечим кайра каралып, жарандык паспортто атуулдун улутун көрсөтүү же көрсөтпөө жарандын өз ыктыярына калтырылды.

Мекенчилдиктин дагы бир белгиси бул мамлекеттик символикаларга аяр мамиле, аларды сүйүү жана урмат-сый менен мамиле кылуу болуп саналат. Бирок, кыргызстандын жарандарынын ичинде башка өлкөлөрдүн мамлекеттик символикаларын сүйүү, идеалдаштыруу колдонуу учурлары жок эмес. Ушул багытта изилдөөнүн алкагында респонденттерге кыргызстандыктардын башка мамлекеттердин туусу, герби, гимни сыяктуу символдорун колдонушуна пикирин аныктоо багытында суроо коюлган [1]. Ага респонденттердин

жооптору төмөнкү таблицада берилген (караңыз: таблица №3.3.6). Бул сурого сурамжылоого катышкандардын 52,7% өздөрүнүн терс мамилесин билдирип, активдүү мекенчилдик позициясын белгилешкен. Респонденттердин дээрлик 1/5 бөлүгү кайдыгер гана "мага баары бир" деген жоопту беришкен же өз позициясын аныктабай жооп беришкен эмес. Ал эми 25,6% жарандар, тескерисинче, колдой тургандыгын билдиришкен. Улуттук кесилиште караганда, жет жакта өзүнүн мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтордун өкүлдөрүндө бул ченем менен алганда мекенчилдик деңгээли төмөн экендигин байкайбыз. Мисалы, сурамжылоого катышкан тажиктердин арасында бул саамалыкты колдогондор жана кайдыгер карагандар - 81,5% (!), орустардын арасында алар - 76,8% түзүшкөн. Өзбектер жана башка этностук топтордун арасында мындай позициядагылар, турушуна карай, 44,2% жана 43,1% болуп, дээрлик бирдей көрсөткүчтөрдү байкайбыз.

**Таблица 3.3.6. Сиз Кыргызстандыктардын башка өлкөлөрдүн мамлекеттик символдорун (туусун, гербин, гимнин) колдонушуна кандай карайсыз?**

| | | 4. Улуту | | | | | **Баары** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз | Өзбек | Орус | Тажик | Башка | |
| 1 | Жооп жок | 2,1% | 2,8% | 4,2% | 0,0% | 5,1% | **2,9%** |
| 2 | Өтө жаман, мен каршымын | 43,6% | 19,8% | 8,4% | 9,5% | 25,3% | **25,5%** |
| 3 | Жаман, мен колдобойм | 23,7% | 33,1% | 20,6% | 19,0% | 26,6% | **27,2%** |
| 4 | Мага баары бир | 10,9% | 24,6% | 18,2% | 28,6% | 19,0% | **18,8%** |
| 5 | Жакшы, мен колдойм | 10,1% | 14,0% | 42,5% | 33,3% | 19,0% | **18,6%** |
| 6 | Абдан жакшы, мен колдойм | 9,6% | 5,6% | 6,1% | 9,5% | 5,1% | **7,0%** |

Мындай төмөн көрсөткүчтөр жарандык иденттүүлүктүн негизин түзгөн, башкы ченемдик көрсөткүч болгон мекенчилдик баалуулугунун титулдук эмес этностук топтордогу терең кризистик абалын айгинелеп турат. Жалпы жонунан, кыргыз коомунун социалдык иденттүүлүгүндөгү, анын ичинде жалпы жарандык иденттүүлүктөгү кризистик абал тил, каада-салт, социалдык мамилелер, символдук тарыхый эстеликтер, мекенчилдиктин абалы ж.б. маданий компоненттерде айкын байкалды жана андан чыгууга белгилүү мезгил, бул багытта социалдык институттардын максаттуу иш-аракеттери

талап кылынары айдан ачык. КРнын Өкмөтү тарабынан кабыл алынган концепциялар, программалык документтер аркылуу жалпы жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына укуктук-нормативдик база, мерчемдер түзүлдү.

## КОРУТУНДУ

Иденттүүлүк – бул бүтүн, бирдиктүү, ички карама-каршылыксыз, айкалышкан абал, анда психологиялык деңгээлде эс-акыл, рефлексия, аң-сезим аркылуу өзү тууралуу ой-пикирлердин ирети, ал эми социалдык деңгээлде башка адамдар менен болгон мамилелери боюнча өзү тууралуу ой-пикирлердин иретинин ортосундагы тең салмактуулугу. Иденттүүлүк тууралуу ой жүгүртүүнүн негизги натыйжасы болуп инсандык иденттүүлүк жаралат. Бул бирдейликке, окшоштукка негизделген түшүнүктөр тутуму адамдын өмүрү өткөнчө жашап, өзүн аныктаган белгилери туруктуу эмес, алар өзгөрмөлүү мүнөзгө ээ. Инсандын ички дүйнөсүндө, иденттик түшүнүктөрүндө келишпестиктер орун алып, конфликттер болушу мыйзам ченемдүү. Заманбап Кыргызстандагы иденттүүлүктүн көйгөйлөрү жөнүндө жүргүзгөн теориялык жана методикалык изилдөө бир катар жүйөлүү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

1. Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү негизинен социалдык билимдерден төрт илимдин - психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында каралган. Алар адам баласын изилдөөдө ар башка багыттан карагандыктан: философияда, психологияда, социологияда жана антропологияда **иденттүүлүк** түшүнүгү ар түрдүү чечмеленген. Ошол эле учурда, бир илимдин чегиндеги ар кайсы теориялык концепцияларда иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул социалдык билимдерде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын салыштырууда айкын болду. Иденттүүлүк боюнча билимдерди жалпылоодо мындай көп түрдүүлүк кыйынчылыктарды туудурат.

2. Чет элдик атайын адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, иденттүүлүк түшүнүгүн XX кылымдын башында психологдор иликтеп башташкан. 1950-жылдардын соңунда бул категория социологдордун жана антропологдордун кызыгуусу артып, 1960-жылдардан тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган. 1970-1980-жылдары Э.Эриксондун эмгектери иденттүүлүктү илимдер аралык билим категориясы макамына көтөргөн жана

ал жарандык иденттүүлүк маселесин да алып чыккан. Батыш социологдору жарандык иденттүүлүк маселесин символикалык интеракционизм, түзүлүштүк-функционалдык, социалдашуу, феноменология, ролдук жана референттик топтор теорияларынын алкагында изилдешкен.

Иденттүүлүк маселеси дүйнө окумуштууларынын илимий эмгектеринде ар тараптуу изилдегендигине карабастан, кыргыз коомундагы азыркыга чейин жетиштүү иликтене элек. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүк маселесине азаттык мезгилинде кайрылышкан. Алар социалдык, диний, этностук, кесиптик, үй-бүлөлүк, саясий, маданий, тарыхый, демографиялык-топтук иденттүүлүктөрдү талдашкан. Жарандык идентүүлүктү өз алдынча изилдөө предмети катары бөлүп каралбай, жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, ал этностук кесилиште салыштыруу менен таптакыр талданган эмес.

3. Иденттүүлүк жана анын тиби, адамдын жарандык иденттүүлүгүн иликтеген окумуштуулардын концепцияларын талдоо аны түзгөн жана муундан-муунга өткөрүп берүүчү компоненттерин ажыратууга мүмкүндүк берди. Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү адамда туруктуу компоненттерде жашайт жана алар аркылуу кийинки муундарга өткөрүлүп берилет. Аларды аныктоодо окумуштуулар түрдүү аталыштарды (“константалар топтому”, «дүйнөгө болгон көз караштык универсалдары» ж.б.) колдонушкан. Бул өзөктүк мүнөздөгү жарандык иденттикти түзүүчүлөр анын деңгээлдерине жараша аныктала тургандыгын көрсөттү. “Ааламдык жарандыкты” калыптандырган компонеттер универсалдуу мүнөздө болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, идеалдарга, нормаларга негизделген. Бизди кызыктырган, диссертациянын изилдөө предмети болгон жарандык иденттүүлүк улуттук деңгээлинде адам ааламдык баалуулуктардан айырмаланган өзүнүн этностук, улуттук баалуулуктар тутумуна: өзүнүн этностук тегине гана тиешелүү сапаттарга (баатырдык, тайманбастык), символдорго (калпак, түндүк), баалуулуктарга (мекенчилдик, эл-жерин сүйүү) негизделип, мамлекеттин тургуну катары өзүнүн өлкөсүнө жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышын камсыз кылат. Иденттүүлүктүн

топтук жана жеке деңгээлдеринде инсан өзүнүн таандыгын кабыл алган топтордун жана өздөштүргөн өздүк баалуулуктар тутмундагы жарандык таандыгын бекемдөөчү негиздер анын жарандык иденттик түшүнүгүн түзөт. Ушул жарандык иденттикти алып жүрүүчү, анын муундан-муунга өтүүчүлүгүн камсыз кылуучу компонеттери катары улуттун тили, саясий жана диний баалуулуктары, мекенчилдик салты негизги кызматтарды аткарышат. Алар Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин актуалдашып, алдыңкы орунга чыгып, жумурай журтту түйшөлткөн көйгөйгө айланды. Анткени иденттик, жарандык иденттүүлүк мамлекеттин туруктуулугу, коопсуздугу менен байланышкан маселе болгондуктан ага коом таануучу окумуштуулардын да көңүлүн бурду. Азаттык учурунда кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы оор жүрүп, кыйынчылыктар, чечилбеген көйгөйлөр менен коштолууда. Жарандык иденттүүлүктүн кыргыз коомдундагы азыркы абалы жергиликтүү, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк кылган абалга жете элек.

4. ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо анда туруктуу жашаган этникалык топтордун маанайы, өзүн сезиши (самочувствие) боюнча көйгөйлүү маселелер айкындалды. Өздүк изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын курамындагы түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин көрсөттү. Анын себептеринин бири тил маселеси, тагыраак айтканда мамлекеттик тилди билүү деңгээли, деп түшүндүрүүгө болот. Анткени, тажик тили (фарси), орус тили (славян) кыргыз, өзбек тилдери сыяктуу түрк тилинин тобуна кирбейт жана бул фактор алардын кыргыздар (өзбектер) менен баарлашуусунда терс таасирин тийгизип турат.

Респонденттердин этностук таандыгы Кыргызстанды мекени катары эсептешине жана өзүнүн жарандыгына канааттанышына түздөн-түз таасир тийгизишин анык болду. Анткени, бул боюнча суроолордо Кыргызстандагы титулдук эмес этникалык топтордун өкүлдөрү 15-20%дан 35-40% чейин

айырмаланган позицияларды белгилешкен. Бирдиктүү жарандык коомду калыптандырууда жана түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо, бул процесстердин жигердүү агенттери болгон, социалдык институттардын да түрдүү этностук топторго таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл. Жалпысынан, азаттык жылдарында өлкөбүздүн жарандарынын түрдүү этностук жамааттарынын баары эле Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин бөлүгү катары өздөрүн аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжалары көрсөттү.

5. кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын иликтөө төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди: XXI кылым эл аралык, социомаданий байланыштардын күчөшү менен мүнөздөлөт. Батыш маданиятында пайда болгон, адам укугу баалуулугуна жамынган, адамдын жаратылышына тескери кээ бир “баалуулуктардын” универсалдык мүнөздөгү жалпы адамзаттык баалуулуктарга, анын ичинде, кылым карыткан кыргыз улуттук маданиятына терс таасирин тийгизүүдө. Мындай шартта улуу муун улуттук баалуулуктарды түзүү, аларды сактап калуу аракетинде, жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциялары уланып жатат. Жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгарышы мүмкүн. Анткени, улуттук иденттүүлүк көз караштарынын өкүлдөрүнүн жоголушу, калыптанып келе жаткан иденттүүлүктү тутунган, ааламдашуу шартына ыңгайлашкан муундун түптөлүшүнө алып келет. Мындай абал мамлекеттин келечегине кайдыгер, мекенчилдик түшүнүгү бошоң, улуттук маданиятка суугарылбаган, көкүрөгү бош муунду калыптандырат. Ошондуктан ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө. Ааламдашуу процесси коомдун ааламдык жана жергиликтүү баалуулуктарын, социалдык жана маданий иденттүүлүктөрүн, улуттук жана интернационалдык багыттарын аныктаганга бир жагынан шарт түзсө, экинчи жагынан дүйнөнүн

кабылдоодо универсалдык иденттүүлүк, универсалдык баалуулук көз карашын калыптандыруу аракетинде иштеп жатат.

Демек, кыргыз коомунда  тил, каада-салт, символдук тарыхый эстеликтер, мекенчилдик сыяктуу жарандык иденттиктин компоненттерде кээ бир кризистик абалдар байкалууда. Жарандык иденттүүлүктөгү мындай абалдан чыгууга белгилүү мезгил, бул багытта социалдык институттардын максаттуу иш-аракеттери талап кылынаары айдан ачык.

6. Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү – мамлекеттин идеологиясынын түпкү негизи. Ал учурда кыргыз коомунда жаңыдан гана калыптанып келе жаткан абалда. Кыргыз жараны иденттигин калыптандыруу багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы диссертациялык изилдөөнүн алкагында төмөнкүдөй тажрыйбалык сунуштар иштелип чыкты.

**СУНУШТАР:**

1. Улуттук жарандык маселелери боюнча анын ичинде улуттун тарыхы, улуттун тили, улуттун каада-салты, тутунган дини ж.б. дегеле кыргыз улутунун улуттук аң-сезимине, көрөңгөсүнө тиешелүү бардык маселелер кайрадан жаңы илимий көз караш менен каралып, изилденип салттуулук менен заманбаптык түшүнүктөрдү айкалыштырган иш-чаралардын өткөрүлүүсү, карапайым калкка жайылтылышы керек. Бул иш-чараларды аткарууда КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, КР Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча тил саясаты боюнча улуттук комиссия жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы биргеликте иш алып баруу пландары түзүлүп, кыргыз жарандыгын өнүктүрүү иш-чараларын иштеп чыгуу.

2. Кыргыз жараны түшүнүгүн коомдо кенен жайылтуу. Кыргыз коомунда жарандык иденттүүлүктү түзүү үчүн мекенчил нукта иденттештирүү саясатын иштеп чыгуу, Кыргызстандагы этностук топтордун

тилине, динине, маданиятына сый менен бирге кыргыз элинин тилин, динин жана маданиятын өздөштүрүүгө шарттарды түзүү жана талап кылуу.

3. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү социалдык мамилелерди өнүктүрүү жана улуттук маданиятты үй-бүлөдө үйрөтүү. Мында кыргыз үй-бүлөсүндөгү үй-бүлөлүк баалуулуктардын туура түшүндүрүлүшү жана иш жүзүндө аткарылышында жашоо шартка ылайыкташтырылышы, улуттук иденттүүлүктүн сакталышы.

4. Кыргыз эли жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом болгондуктан, кыргыз коомундагы жамааттык иденттүүлүктүн улуттук көрөңгөнү чагылдырган тараптарын сактоо, өнүктүрүү. Өзгөчө жаштар арасында жайылтуу. Мисалы, *ашар*, *тууганчылык, журтчулук, коңшулук, ынтымак, жардам, кошумча ж.б.*

5. Улуттук мамлекеттик иденттешүү жана иденттүүлүк: кыргызстандыктардын мекенчилдик сезимин ойготуу жана мекенчилдик сезимди жандандыруу боюнча иш алып баруу. Бул иш-чаралар үй-бүлөдө, бала-бакчада, мектепте, жогорку окуу жайында жана иш чөйрөсүндө аткарылышы. Бала-бакчаларда тарбиялар арасында, мектептерде мугалимдер арасында чыгармачылык менен мекенчилдикке тарбиялоочу түрдүү конкурстарды уюштуруу жана стимул болуучу сыйлыктарды берүү;

6. Билим алууга, иштегенге же жашаганга чет өлкөгө кеткен кыргызстандыктардын кайсы өлкөдө болбосун диаспораларын түзүп, ошол жерде дагы кыргыз улуттунун иденттүүлүгүн сактоо, көзөмөлгө алуу жана жайылтуу боюнча иш баруу. Мамлекет чет өлкөгө кеткен ар бир жарандын башка жарандык иденттүүлүктөргө биротоло кирип кетишине жол бербөөсү (мис., диний, жыныстык, криминалдык);

7. Улуттук маданий иденттешүү жана иденттүүлүк: материалдык жана материалдык эмес улуттук баалуулуктардын үстүндө иш алып баруу. Кыргызстанга тиешелүү болгон бардык материалдык жана материалдык эмес улуттук баалуулуктардын тарыхы, маани-мазмуну, функционалдуулугу тууралуу маалыматтарды ММКлар аркылуу байма-бай берүү;

8. Диний иденттүүлүк маселеси – жарандардын дагы, мамлекеттин дагы көйгөйлүү маселеси. Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктөрдүн ичинен эң опурталдуу жана эң актуалдуу иденттүүлүк. Жарандардын социалдык, психологиялык, маданий жана экономикалык маселелердин чырмалышкан чекитине жеткенде андан чыгуунун жолун диний агымдардан табууда. Мындай абалдагы жарандардын көбүнүн билим деңгээли негизги орто билим, жалпы орто билим жана «дипломдуу» билимсиз катмарга туура келет. Демек жарандардагы билимге муктаж болгон «вакуумду» толтурууда мамлекет иш алып барышы керек. Ошол себептен мамлекет диний иденттүүлүктү катуу көзөмөлгө алып, коомдун диний билим деңгээлин, социалдык, эконокалык, психологиялык абалын текшерип, диний билимди алуудагы максатын, жашоодо колдонуу жолдорун текшерүүгө алышы керек.

9. Мамлекет кыргыз коомунун идеологиясын түзүүдөн мурда кыргыз коомунун социалдык, экономикалык, саясий, маданий ж.б. иденттешүү программаларын иштеп чыгуу, аларды этап этап менен ишке ашыруу аркылуу идеологияны ишке ашыруусу керек. Кыргыз коому жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом болгондуктан капиталисттик баалуулуктар коомго сиңбей жатат. Ошол себептен жамааттык иденттүүлүктүн баалуулуктарын сактоо менен жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруучу мамлекеттик идеология болушу шарт.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. “Жарандык идентүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында” («Суть и значение гражданской идентичности: на примере основных этнических групп»). Өздүк социологиялык изилдөөнүн материалдары/Материалы собственного социологического исследования 2016 г.
2. “Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук Программасы”[электрондук каражат]. – Кирүү режими: http:// www.gov.kg. – экранда аталышы.
3. “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын”. – Бишкек, 2013. 09.04.2013.
4. «Национальной стратегии развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы». – Бишкек, 2018.
5. «Национальной стратегии устойчивого развития Кыргызской Республики на 2013-2017 годы». – Бишкек, 2012.
6. 5.01.00.03 Total population by nationality (assessment at the beginning of the year, people) - Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/statistics/naselenie/ – экранда аталышы.
7. Calhoun.Op.cit. 1995. P. 203-204.
8. English Oxford Living Dictionaries [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 12.02.2012. http://www.oxforddictionaries.com/definition/english/identity
9. http://www.soc.pu.ru /materials/golovin/reader/luhmann/r_luhmann1.htm.
10. İlkay Demir. Functions of Identity Scale: Turkish Validity and Reliability [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 05.12.2014. www.questia.com/read/1P3-2376177771/functions-of-identity-scale-turkish-validity-and

11. Marcia, J.E. Identity in adolescence [Text] / J.E. Marcia // Adelson J. (ed.) Handbook adolescent psychology. N.Y.: John Wiley. 1980
12. Mead G. - – маалыматты алуу убакыт 21.04.2017 http://www.koob.ru/mead_g/
13. Serafini, T. E. Functions of identity [Text] / T. E. Serafini, G. R. Adams // Identity: An International Journal of Theory and Research. 2002.
14. Smith A.D. National Identity and the Idea of European Unity // Oxford University Press on behalf of the Royal Institute of International Affairs // Cambridge. 1992 Vo. 1. 68. N. 1. P. 66 (pp. 55-76)
15. Tajfel, H. An Integrative Theory of Intergroup Conflict [Text] / H. Tajfel H, J.C.Turner // In W. G. Austin & S. Worchel (Eds.), *The Social Psychology of Intergroup Relations*. Monterey, CA: Brooks-Cole. 1979
16. Tajfel, H. The social identity theory of intergroup behavior [Text] / H. Tajfel, J.C.Turner // In Austin, William G.; Worchel, Stephen. *Psychology of Intergroup Relations* (2nd Ed.). Chicago: Nelson-Hall. 1986. pp. 7-24.
17. Аалиева Г.К. Кыргыздардын улуттук мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү [Текст] Монография / Г.К. Аалиева. – Бишкек, 2013. – 532 б.
18. Айтмамбетов, Д. Культура кыргызского народа [Текст]/ – Ф.: Илим, 1967. – 305 с.
19. Айтматов Ч. Жизненность и народность [Текст] // Советская Киргизия. 1964, 17 сентября.
20. Александрова, Е.Я., Быховская И.М. Культурологические опыты [Текст]/ – М.: Рос. Ин-т культурологии, 1996. – 112 с.
21. Амердинова, М. Самосознание и современность [Текст]/ . – Бишкек, 2002. – 237 с.
22. Арутюнов С.А. Билингвизм и бикультурализм [Текст] // Этнографическое обозрение. – М.: 1978 №2. – Маалымат алуу режими: 10.11.2014. http://journal.iea.ras.ru/archive/1970s/1978/1978_2
23. Арутюнов, С. А. Народы и культуры: развитие и взаимодействие [Текст] / С.А.Арутюнов. – М.: Наука, 1989. – 247 с.

24.Асанканов, А. Кыргызы: рост национальный самосознания [Текст]/ . - Бишкек, 1997. – 228 с.
25.Асанканов, А., Бедельбаев, А. ж.б. Кыргыз Республикасынын тарыхы [Текст]/ . – Б.: «Кыргызстан», 2000. - 368 б.
26.Бергер П. Приглашение в социологию: гуманистическая перспектива [Текст]/. - М., 1996.
27.Бишкектеги мечиттерде айтылган азандын үнү эми азайтылат [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 25.07.2017 http://kyrgyztimes.kg/index.php?newsid=2535-
28.Boобекова К. Тилдин иденттүүлүктүн калыптануусуна тийгизген таасири [Текст] / К.Боoбекова // китепте: Жаран кантип иденттешет? – Б.: 2016. – 251-288-бб.
29.Бугазов, А.Х. Социокультуные особенности кыргызского общества: долговременные перспективы развития [Текст] / А.Х.Бугазов // В кн.: Кыргызстан – 2025. Стратегии и сценарии развития. Сб. ст. и материалов. - Б., 2005, 434 с.
30.Воробьев, В. В. Лингвокультурология [Текст]/. – М.: Изд-во РУДН, 2008. – 340 с.
31.Гаюрова Ю. А. Культурные ценности как детерминашы межэтнической толерантности - интолеранстности [Текст] / Ю. А. Гаюрова // Идентичность и толерантность: Сб. статей. – М., 2002. - С. 18-27.
32.Гоулднер, А.У. Наступающий кризис западной социологии [Текст]/ . – СПб.: «Наука», 2003. – 577 с.
33.Гофман И. Стигма: Заметки об управлении испорченной идентичностью [Текст]/ // Русский социологический форум. 2000. № 1-4. http://www/sociology.ru/forum/og 13-4-2000.html
34.Гофман, И. Представление себя другим в повседневной жизни [Текст]/. Пер. с англ. и вступ. статья А.Д. Ковалева. – М.: «Канон-пресс-Ц», «Кучково поле», 2000. – 304 с.

35.Гришаева, Л. И. Особенности использования языка и культурная идентичность коммуникантов [Текст]/ Монография. – Воронеж: Воронежский государственный университет, 2007. – 261 с.

36.Гришина Е.А. Идентичность гражданская [Текст]/ // Социологическая энциклопедия: в 2 т. Т. 1. – М., 2003.

37.Гуревич, П. С. Проблема идентичности человека в философской антропологии [Текст]/ // Вопросы социальной теории: Научный альманах. Том IV. Человек в поисках идентичности. 2010. – С. 63-87.

38.Давыдов, Ю. Н. Память и культура [Текст]/ // Социс. – 1987. - № 6. – С. 20-21.

39.Джерджен К. Социальный конструкционизм: знание и практика [Текст]/: Сб. статей. - Мн., 2003. С. 49.

40.Джозеф, Дж. Язык и национальная идентичность [Текст] / Дж. Джозеф // Логос. №4, 2005. – с. 20-48.

41.Джунушалиев Д. Традиционный общественный строй и культура быта кыргызов [Текст]/ // Цивилизации скотоводов и земледельцев Центральной Азии. – Б., 2005. – с. 267.

42.Джусупбеков А. К. Этническая идентичность номадов [Текст]/. – Б.: Илим, 2009. – 265 с.

43.Жаран кантип иденттешет? [Текст]// Исаев К., Жусубалиев А., Исаков Б., Мурзаев М. ж.б. - Бишкек, Maxprint, - 2016. 346 б.

44.Жусубалиев А. Жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү [Текст] // Китепте: Кыргызстандыктардын иденттүүлүгүн аныктоо боюнча талдоо: Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында. – Бишкек, 2015. – 54-76-б.

45.Жусубалиев А.Р. Жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү [Текст]// Весник БГУ. 2013 г. № 6

46.Ильенков, Э. В. Философия и культура [Электрондук ресурс]- маалымат алуу режими - 22.11.2017 http://philos-ucheb.narod.ru/dialektika/lichnost.htm

47.Исаев, К. «Таза коом» - Кыргызстанды өркүндөтүүнүн келечектүү жолу [Текст]/. – Б.: «Турар», 2017. – 128 б.

48.Калинин, М. И. О задачах советской интеллигенции [Текст]/. – М.: Госполитиздат, 1939. – 68 с.
49.Калинин, М.И. Об искусстве и литературе. Статьи, речи, беседы [Текст]/. – Москва, 1957. – 300 с.
50.Касьянова, К. О русском национальном характере [Текст]/ . – М.: Академический Проект; Екатеринбург: Деловая книга, 2003. – 560 с.
51.Киргизский эпос "Манас" внесен в список культурного наследия ЮНЕСКО -https://ria.ru/culture/20131205/982050792.html-26.04.2017
52.Киргизский язык [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 02.08.2016. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%9A%D0%B8%D1%80%D
53.Кон, И.С. Открытие «Я» [Текст]/ . – М.: Политиздат, 1978. – 367 с.
54.Кортунов, С.В. Национальная идентичность: Постижение смысла [Текст] / С.В. Кортунов. – М.: «Аспект пресс», 2009. – 589 с.
55.Кошбакова Б. Развитие социокультурных традиций и обычаев кыргызского народа в современных условиях: дисс. …канд.соц. наук: 22.00.04 / Б.М. Кошбакова – Бишкек, 2011. – 150 стр.
56.Кризис [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 22.04.2018 https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%9A%D1%80%D0%B8%D0%B7%D0%B8%D1%81
57.Кузнецов, В., Что такое глобализация? [Текст] / В. Кузнецов // Мировая экономика и международные отношения. – 1998. №2. – с. 42-55.
58.Курманов, З. Об исторической самоидентификации кыргызстанцев [Текст] // В кн.: История и идентичность: Кыргызская Республика. – Б.: 2007. – с. 14-43.
59.Кыргыз Республикасынын билим берүүсүндө тилдерди колдонуу боюнча абалга байкоо жүргүзүү. Эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен тил саясатын өркүндөтүү максатында сунуштар [Текст]/. - Бишкек, 2011
60.Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]/. - Бишкек, 2021.
61.Кыргызстан цифраларда /Кыргызстан в цифрах [Текст]: стат. жыйнак . – Бишкек: Кыргыз Респ. улуттук стат. комитети, 2021. – 392 с.

62.Леонтьев, Д. А. Ценность как междисциплинарное понятие опыт многомерной реконструкции [Текст] // Вопросы философии. – 1996. - № 4. – С. 5-24.
63.Локк, Дж. Сочинение в 3-х томах [Текст]/. Т.1. – Москва «Мысль». – 583 с.
64.Лотман, Ю.М. Внутри мыслящих миров: Человек. [Текст]/ Семиосфера. История. – М.: Языки русской культуры, 1996. – 464 с.
65.Лурье, С.В. Психологическая антропология: история, современное состояние, перспективы [Текст]/ Учебное пособие для вузов. – М.: Академический проект, Альма матер, 2003. – 624 с.
66.Лэйнг, Р. Я и Другие [Текст]/. Пер. с англ. Е. Загородная. - М.: Класс, 2002. – 192 с.
67.Малахов В. Неудобства с идентичностью [Текст] // Вопросы философии. 1998, №2. [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 22.10.2017.
68.Малтабаров Б. Дин жана мамлекеттүүлүктү бекемдөө маселелери [Текст] / Б. Малтабаров // Китепте: Кыргыз Республикасынын бекемдөө жолдорун талдоо. – Б.: 2016. – 132-163-б.
69.Маркосян, А. С. Очерк теории овладения вторым языком [Текст] / А.С.Маркосян. – М.: УМК «Психология», 2004. – 384 с.
70.Мертон, Р. Социальная теория и социальная структура [Текст]/ . – Москва: Изд-во Хранитель, 2006. – 873 с.
71.Мид Дж.Г. От жеста к символу [Текст] / Дж.Г.Мид // в кн.: Американская социологическая мысль. Под ред. В. И. Добреньков. – М.: Изд-во МГУ, 1996. – стр. 213-222.
72.Микляева А. В., Румянцева П. В. Социальная идентичность личности: содержание, структура, механизмы формирования [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 22.04.2017. http://humanpsy.ru/miklyaeva/soc_ident_01
73.Мнацаканян М.О. Национализм и глобализм. Национальная жизнь в современном мире [Текст]/ . – М., 2008.

74.Молдобаев, К. К. Этносоциальная память, идентичность и глобализация. Избранные труды [Текст]/. – Б.: «Мегамедиа», 2005. – 304 с.
75.Мухина, В. С. Детская психология [Текст]/Учеб. для студентов пед. Ин-тов. Под ред. Л. А. Венгера. – М.: Просвещение, 1985. – 272 с.
76.Нурова С.С. Роль этнической идентификации в формаровании самосознания личности [Текст] / С.С. Нурова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. 2011. №2. с. 173-176.
77.Орлова Э. А. Концепции идентичности/ идентификации в социально-научном знании [Текст]/ ./ Вопросы социальной теории. - 2010. 4 Том. С. 87.
78.Осмонов, Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) [Текст]/. – Бишкек, 2012. – 596 б.
79.Осьмук, Л. А. Взаимодействие социальных миров: К проблеме конвенциональных отношений: монография [Текст]/. – М.: Наука, 2004. – 290 с.
80.Паниотто, В. И. Качество социологической информации [Текст]/. – Киев: Наукова думка, 1986. – 206 с.
81.Перепись населения и жилишного фонда Кыргызской Республики 2009 года [Текст]: Население Кыргызстана. – Бишкек: НСК КР., – 2010.– 2 кн., ч. 1 – 412 б.
82.Порус В. Н. У края культуры (Философские очерки) [Текст]/. – М.: Канон +, 2008. – 464 с.
83.Поршнев, Б. Ф. Социальная психология и история [Текст] / Б.Ф. Поршнев. – М.: Наука, 1979. – 232 с.
84.Президент 2017 - http://akipress.org/elections/president2017/results/reg:8/ - 31.11.2017
85.Протасова Е.Ю. Многоязычие в детском возрасте [Текст] / Е.Ю.Протасова, Н.М. Родина. – Москва, 2005. – 276 с.
86.Психология личности в трудах отечественных психологов [Текст]/ сост. В. Л. Куликов. – СПб: Изд-во «Питер», 2000. – 464 с.

87. Религия в СССР (1929-1942) [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 16.06.2018 https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%A0%D0%B5%D0%BB%D0%B8%D0%B3%D0%B8%D1%8F_%D0%B2_%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0_(1929%E2%80%941942)
88. Рикер П. Повествовательная идентичность [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 15.05.2015. http://royallib.com/book/riker_p/povestvovatelnaya_identichnost.html
89. Риккерт, Г. Науки о природе и науки о культуре. Пер. с нем. / общ. ред. и предисл. А. Ф. Зотова. – М.: Республика, 1998. – 413 с.
90. Смирнова, Н. М. Социальная феноменология в изучении современного общества. – М.: «Канон», «РООИ», «Реабилитация», 2009. – 400 с.
91. Солдатова Г.У. Психология межэтнической напряженности. – М., 1998.
92. Сорокин, П. Человек. Цивилизация. Общество. Общ. ред., сост. и предисл. А.Ю.Согомонов: Пер. с англ.. - М.: Политиздат, 1992. – 543 с.
93. Спирина Е.А. Культурная идентичность: сущность, структура, типология [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 21.06.2018. http://www.elcom.ru/~human/2008ns/22sea.htm#_ftnref3
94. Стёпин, В.С. Культура // Вопросы философии. – 1999. - № 8. – с. 61-71.
95. Стрельцова Я.О. О проблеме «Национальной идентичности во Франции» // Мировая экономика и международные отношения. 2006. № 7.
96. Сыргабаев, С. Жаштардын этно-улуттук жарандык иденттүүлүктөрү: өзгөчөлүктөрү, өз ара айкалыштары, карама-каршылыктары – Б.: «Maxprint», 2016. –149-180-бб.
97. Токтосунова, А.И. Этнокультурная идентичность и диалог в условиях глобализации. – Бишкек, 2007. – 307 с.
98. Тульчинский, Г.Л. Постчеловеческая персонология. Новые перспективы свободы и рациональности. – СПб.: Алетейя, 2002. – 677 с.
99. Уемов, А.И Вещь, свойства и отношения. – М.: Изд-во Академии Наук СССР, 1963. – 184 с.

100. Урманбетова, Ж.К., С.М.Абдрасулов. Истоки и тенденции развития кыргызской культуры,. – Бишкек: Илим, 2009. – 212 с.
101. Фрейд, З. Анализ Эго и психология групп . – М.: Азбука-классика, 1996. -198 с.
102. Фрейд, З. Я и Оно. – М.: Азбука-классика, 2015. – 288 с.
103. Фромм, Э. Пути из больного общества [Текст] / Э. Фромм // в кн.: Проблема человека в западной философии. – М.: Прогресс, 1988. – с. 443-483
104. Хабермас, Ю. В поисках национальной идентичности: философские и политические статьи. – Донецк: Донбасс, 1999. – 252 с.
105. Хабермас, Ю. Модерн – незавершенный проект // Политические работы. – М.: Праксис, 2005. - С. 239.
106. Хазанов, А.М. Кочевники и внешний мир. Изд. 3-е, доп. – Алматы: Дайк-Пресс, 2002. – 604 б.
107. Хесле, В. Кризис и индивидуальной идентичности. // Вопросы философии. - 1994. - №10. - С. 112-123.
108. Ценности и символы национального самосознания в условиях изменяющегося общества: / РАН. Инс-т этнологии и антропологии им. Н. Н. Миклухо-Маклая. Отв. Ред. Л.М. Дробижева. – М.: 1994. – 236 с.
109. Шаршембиева, Т. Дүйнөлүк аренадагы Кыргыз Республикасынын коопсуздугу // Китепте: Кыргыз Республикасын бекемдөө жолдорун талдоо. – Б.: 2016. – 17-40-б.
110. Шендрик, А. И. Национально – культурная идентичность как проблема современной культурологии // в кн.: Искусство и цивилизационная идентичность / (отв. ред. Н.А.Хренов); Науч. совет РАН «История мировой культуры». – М.: Наука, 2007. – 603 с.
111. Шнейдер, Л. Б. Профессиональная идентичность: теория, эксперимент, тренинг: учебное пособие. –Москва-Воронеж: МПСИ: МОДЭК, 2004. – 600 с.

112. Штомпка, П. Социология социальных изменений. Пер. с англ., под ред. В.А.Ядова [Текст] / П. Штомпка. – М.: Аспект Пресс, 1996. – 416 с.
113. Шульгина Д.Н. Глобализация и культурная идентичность: Дисс. …канд.философ. наук: 09.00.11. – Воронеж, 2010. – 163 с.
114. Элебаева, А.Б., Влияние религиозного фактора на социально-политическую ситуацию в Кыргызской Республике. – Б.: 2016. – 206 б.
115. Эриксон, Э. Молодой Лютер. Психоаналитическое историческое исследование. Пер. с англ. А. Каримский. – М.: Медиум, 1996. – 512 с.
116. Эриксон, Э. Идентичность: юность и кризис. Пер. с англ. А. Андреева, А. Прихожан, В. Ривош, Н. Толстых – М.: Флинта, МПСИ, Прогресс, 1996. – 352 с.
117. Эшенкулова, К. Улуттук иденттүүлүк жана символдор проблемасы // Китепте: Жаран кантип иденттешет? – Б.: Maxprint, 2016. – 199-226-бб.
118. Юнг К.Г. Человек и его символы . – Санкт-Петербург, 1996. – 454 с.
119. “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы”// “Эркин тоо” гезити. – Бишкек, “Эркин тоо” 2020-ж., №98 (3170) 4-5-беттер.
120. “Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн программасы”. КР Өкмөтү 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтому [электрондук каражат]. – Кирүү режими: http:// www.gov.kg. – экранда аталышы.
121. Цели в области устойчивого развития ООН. - https://www.un.org/sustainabledevelopment/ru/education/ - экранда аталышы

**Тиркеме 1**

СОЦИОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН ПРОГРАММАСЫ

***Тема: “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында”***

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Кыргызстан коомунун биримдигинин (консолидация) маселелери азыркы шарттарда теориялык жана практикалык өңүттөрдө актуалдашкан. Бул өлкөбүздүн жарандарынын көпчүлүгүнүн иденттүүлүк боштук (вакуум) абалында экендиги менен байланыштуу. Көп улуттуу биздин республика сыяктуу мамлекет үчүн жарандык иденттүүлүктүн жоктугу анын эселеп коркунучтуу болуп, ал коомдун туруктуулугунун маанилүү факторуна айланат. Ошол эле учурда, жарандык жалпы кыргызстандык идентүүлүктү калыптандыруу биздин өлкө үчүн жөнөкөй маселелерден эмес. Анткени, “кыргызстан улуту” же “кыргызстандык улут” түшүнүгү, анын калыптанышы жана өнүгүшү теориялык деңгээлде, кээ бир изилдөөлөрдү эске албаганда, азырынча ойлонуштурула элек. Практикалык жактан болсо, 2013-жылдын апрелинде жарыяланган “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын” (мындан ары Концепция) бул багыттагы жигердүү кадам катары баалоого болот [1]. Бул социологиялык изилдөөдө илимий тилде айтканда “идентүүлүк”, Концепциянын (практиканын) тили менен айтканда “бирдейлик” түшүнүгүнүн маани-мазмунун тургундардын аң-сезиминде этностук контексте аныктоо жана жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн калыптанышынын кээ бир социологиялык өңүттөрүн талдоо максаты коюлган.

Анда жалпы жарандык бирдейликти (идентүүлүктү) калыптандыруу, этномаданий өнүгүүнү камсыз кылуу менен ар бир инсандын өзүн “Кыргыз жараны” экендигин аңдап-түшүнүшү, жарандык атуулдукту тарбиялоо багыттарында максаттар, милдеттер жана иш чаралар аныкталган. Концепцияда коюлган максаттарды ишке ашыруу - өлкөнүн мамлекеттик, коомдук, жеке жана коммерциялык түзүмдөрүнөн, бардык жарандардан системалык иш аракеттерди талап кылуучу узак мөөнөттүү процесс экендиги белгиленген жана азыркы абалды талдоонун негизинде Концепцияны үч этапта жүзөгө ашыруу каралган. “Кыргызстан жараны” эмес “Кыргыз жараны” деп, Кыргызстандагы “жалпы жарандык бирдейлик” жөнүндө ачык айтылышынын өзү эле азыркы шарттарда бийликтен саясый эркти талап кылган жагдайлардан. Ошондуктан, бул документтин маанисин төмөндөтүүгө болбойт.

Жалпы жарандык бирдейлик жарандык улуттун калыптанышынын негизин түзгөн өзөктүү категория. Бул Кыргызстанда жашаган түрдүү

этностордун өкүлдөрүн бириктирген бирдиктүү жарандык улуттун – *кыргыз улутунун* алардын аң-сезиминде реалдуу бекемделиши менен коштолуш керек. Ошондуктан, жарандык улуттун калыптанышы бир топ компоненттерди камтыйт. Аларга жалпы рухий баалуулуктар, жалпы сыймыктанган баатырлар, жалпы майрамдар жана тарыхый жеңиштер, жалпы баарлашуу тили, жалпы маданий мурас ж.б. кирет. Демек, жарандык идентүүлүк сезимдерин бекемдөөдө, "кыргызстан улутун" калыптандырууда эки багыттуу: теориялык жана практикалык жактардан тең иш-аракеттер талап кылынат.

Көптөгөн кылымдар бою Кыргызстандын этностук жамааттары ынтымакта жана жанаша жашоонун, тышкы жана ички коркунучтарга бирге каршы туруунун көп кылымдык тажрыйбасын топтошту. Өлкөнүн тарыхы айгинелеп тургандай, анын өнүгүшүндөгү эң урунттуу учурлары элдин биримдиги, ар түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн достугу менен шартталган.

1991-жылы Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын жарыяланышы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндөгү жаңы этап болуп калды.

Кыргыздар өлкөнүн калкынын көпчүлүгүн түзгөн жана мамлекетке тарыхый аталыш берген Кыргызстандын көп улуттуу бирдиктүү элинин бириктирүүчү өзөгү болуп саналат.

Көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан тартып демографиялык кырдаалда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү. Алсак, кыргыздардын, өзбектердин, дунгандардын, тажиктердин, уйгурлардын санынын өскөндүгү байкалат. Ошол эле учурда орустардын, украиндердин саны жана үлүшү кыскарган. Ушулдай эле тенденция белорус, еврей, немец, татар ж.б. этностордун сандык көрсөткүчтөрүндө байкалган. (караңыз: 1-таблица).

**1-таблица. Көз карандысыздык жылдарында ири этностук жамааттардын санынын өзгөрүшү**[1]

| | **Саны (миң киши)** | | **%** | | **Жыл башына карата КР УСК маалыматы (миң киши)** | | **%** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1989-ж.** | **2009-ж.** | **1989-ж.** | **2009-ж.** | **2013-ж.** | **2018-ж.** | **2018-ж.** |
| **Бардык калк** | **4 257,7** | **5 362,8** | **100** | **100** | **5 663,1** | **6 256,7** | **100** |
| Кыргыздар | 2 229,6 | 3 804,8 | 52,4 | 71 | 4 099,4 | 4 587,4 | 73,3 |
| Өзбектер | 550,1 | 768,4 | 12,9 | 14,3 | 816,2 | 918,3 | 14,7 |
| Орустар | 916,5 | 419,6 | 21.5 | 7,8 | 353,0 | 360,6 | 5,6 |
| Украиндер | 108,0 | 21,9 | 2,5 | 0,4 | 15,5 | 11,3 | 0,2 |
| Дунгандар | 36,9 | 58,4 | 0,9 | 1,1 | 63,0 | 70,5 | 1,1 |

[1] 1989,2009-жылдардагы- калкты каттоонун маалыматы боюнча, 2013, 2018-жылдардагы Кыргыз Республикасынын УСКнын баа бериши.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Уйгурлар | 36,8 | 48,5 | 0,9 | 0,9 | 51,4 | 57,0 | 0,9 |
| Тажиктер | 33,518 | 46,686 | 0,8 | 0,9 | 49,1 | 55,0 | 0,9 |

Кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөө максаты **үчүн** өлкөнүн региондорундагы калктын ар кандай этностук курамын эске алуу жана алардын иденттүүлүк сезимдери зор мааниге ээ[2].

Бардыгы болуп 2009-жылы Кыргыз Республикасынын калкын жана турак жай фондун каттоонун маалыматтары боюнча өлкөдө 100 ашык этностордун өкүлдөрү жашаган. УСКнын маалыматы боюнча 2012-жылдын акырына карата ар кандай этностук жамааттардын өкүлдөрү калктын 27,8%ын же 1 миллион 545 миң адамды түзгөн. Ошентип, Кыргызстан **полиэтностук мамлекет болуп саналат**.

Ушуга карабастан мамлекеттик саясатта этностук курамды эске алуу жетиштүү эмес, этностор аралык мамилелерди башкаруунун так системасы түзүлгөн жок, жалпы жарандык бирдейликти (иденттүүлүктү) калыптандыруу артыкчылыктуу (приоритеттик) багыт катары каралган эмес.

Этностор аралык мамилелер жагында СССРдин таркашы менен байланышкан геосаясый жана психологиялык кесепеттери, өткөөл мезгилдин социалдык-экономикалык кыйынчылыктары таасир этти. Жумушсуздук, айрыкча эмгек ресурстары арбын аймактарда анын жогорку деңгээли, коңшу мамлекеттер ортосундагы чек ара, жер-суу жана башка жөнгө салынбаган маселелер, аймактык талаштардын орун алышы терс жагдай түздү.

Бир катар өбөлгөлөр менен шартталган 1990-жылдагы кайгылуу Ош окуяларында көптөгөн карама-каршылыктар жана көйгөйлөр ачыкка чыкты, бирок алардын себептерин, жүрүшүн жана натыйжаларын олуттуу иликтөө жана алдын алуучу адекваттуу системалуу чараларды көрүүгө аракеттер жасалган эмес.

Этностор аралык мамилелер жагындагы абалдын олуттуулугун мамлекеттик бийлик органдары тааныган эмес, этностор аралык мамилелердин оорлошуна алып келген экономикалык, саясый шарттарга баа берилген эмес. Алар адат болуп калган социалдыкчөйрөнүн бир бөлүгү катары каралган, анткени көңүл чордонунда тил маселеси, жарандардын маданий жана билим алуу керектөөлөрүн жүзөгө ашыруу маселеси турган. Шайлоолорду жана башка саясый кампанияларды өткөрүү мезгилинде этностук жамааттардын лидерлери менен оюндар жүргөн.

Соңку жылдарда саясый туруксуздук өсүп, ачык эле улутчулдук куру чечендик күч алган. Мына ушундай кырдаалда көптөгөн жамааттарда

[2] Кыргызстандын калкы XXI кылымдын башталышында. М.Б. Денисенконун редакциясы астында. Кыргыз Республикасындагы ООНдун калк Фонду. Бишкек, 2011, 313-б.

социалдык катышуу деңгээли төмөндөп, этностук жамааттардын өзүнчө обочолонуусу жүрдү.

1990-жылдардагы этностор аралык маселелердин чечилбегендиги, социалдык-экономикалык татаал кырдаал, мамлекеттин башкаруу функцияларын аткаруудагы чабалдыгы 2010-жылы июнда Кыргызстандын түштүгүндө көп сандаган курмандыктар менен коштолгон кайгылуу окуяларга алып келди.

Кайгылуу окуялардан кийин ыңгайсыздык сезими башка этностук жамааттардын өкүлдөрүнүн арасында гана эмес, ошондой эле кыргыздардын арасында да орун алган.

Мамлекеттеги бакубаттык, тынчтык жана ынтымак кыйла даражада Кыргызстандын бирдиктүү калкынын бириктирүүчү өзөгү болгон кыргыздардын баш коштуруучу даражасынан жана өлкөнүн бирдиктүү элин түзгөн бардык этностук жамааттар менен шайкеш өз ара аракеттенишине жараша болот.

Этностор, региондор аралык мамилелерге тиешелүү маселелер татаал социалдык-экономикалык жана саясый шарттарда жаңжалдарга алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда, этностор аралык мамилелерди алдын алуучу жөнгө салуу саясатын ишке ашырган, бирдиктүү жарандык улутка таандык аң-сезими калыптанган өлкөлөрдө карама-каршылыктар зордук-зомбулуксуз эле чечилээрин эл аралык тажрыйба далилдеп турат.

Кыргызстанда болуп өткөн этностор аралык жаңжалдардын тажрыйбасына карабастан, ушул кезге чейин борбордук жана жергиликтүү деңгээлдерде башкаруу органдарынын мониторинг жана алдын алуу иштерин жүргүзүү боюнча системасы түзүлө элек. Ишенип берилген аймактарда коопсуздук жана туруктуулук **үчүн** жооптуу м**амлекеттик** бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары этностор аралык мамилелерди гармонизациялоо боюнча системалуу ишти **жүргүзүшпөйт.**

Аталган терс факторлорду жана өткөн жаңжалдардын кесепеттерин жоюу этностор аралык мамилелер жагында жаңы милдеттердин жана приоритеттүү багыттардын чечилишине жана улуттун биримдигин чыңдоого байланыштуу, аларды чечүүдө атайын социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү алардын натыйжаларын эске алуу менен илимий негиздеги чечимдерди кабыл алуу зарыл.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен бул социологиялык изилдөөдө төмөндөгүдөй максаттар жана милдеттер аныкталган:

**Изилдөөнүн максаты -** жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын этностордун мисалында илимий талдоо**.**

Бул максатка жетүү үчүн бир катар милдеттер аныкталган:

**Изилдөөдө чечилген негизги милдет** - Кыргызстан калкынын жарандык иденттүүлүгүнүн абалы жана жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун объективдүү жана субъективдүү факторлорун аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси катары** Ош шаарынын жана Ош, Жалал-Абад областтарынын айылдарынын, шаарларында жашаган Кыргызстандын 16 жаштан жогорку тургундары каралган.

**Кошумча максаттар:**

1. Кыргыздардын жана башка түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн жарандык сезимдеринин калыптануу факторлору жана жарандык абалына канааттануу деңгээлдерин аныктоо.
2. Түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн жарандык абалынын жигердүүлүк деңгээлдерин аныктоо жана алардын аң сезиминдеги “кыргыз жарандыгынын” ассоциациалануу белгилерин тактоо.
3. Түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн жарандык абалынын туруктуулук деңгээлдерин жана ага таасир кылуучу факторлорду аныктоо.
4. Этностук таандыктын документалдык аныкталышына жана өзөктүк улут болгон кыргыздар менен кыргызстандыкбашка этностордун ортосундагы мамилелерге карата жарандардын баасын аныктоо.
5. Түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн ортосундагы үй-бүлө куруу, никелешүү маселелерине жарандардын мамилесин көрсөтүү.
6. Өзөктүк улут болгон кыргыз улутуна жана анын мамлекеттеги абалы, ролу жана жоопкерчилигине байланыштуу көз караштарга карата жарандардын мамилелерин аныктоо.
7. Кийинки учурда пайда болгон жаңы салттардын, майрамдардын жалпы жарандыкты калыптандыруудагы ролун, маанисин аныктоо үчүн изилденүүчү аймактардын жашоочуларынын аларга болгон мамилесин аныктоо.

**Изилдөөнүн гипотезасы:**

**Негизги жумушчу гипотеза:**

Жалпы жарандык иденттүүлүк (бирдейлик) жарандык улуттун калыптанышынын негизин түзгөн өзөктүү категория. Калкынын жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн деңгээли төмөн болгондуктан Кыргызстанда жарандык улут калыптана элек. Андагы түрдүү этностордун өкүлдөрүндө түрдүү иденттүүлүк калыптанган. Чет жакта мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтор өздөрүн ошол мамлекеттер менен иденттештиришет. Бул мамлекеттин туруктуулугуна түздө-түз залакасын тийгизет.

**Көмөктөш гипотезалар:**

1. Андагы түрдүү этностордун өкүлдөрүндө түрдүү иденттүүлүк калыптанган.
2. Чет жакта мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтор өздөрүн ошол мамлекеттер менен иденттештиришет.
3. Жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн деңгээли төмөн болгондугу мамлекеттин туруктуулугуна түздө-түз залакасын тийгизет.

***Изилдөө ыкмалары***

1. *Документтерди талдоо* – бул социалдык процесс жана кубулуштарды изилдөө учурунда изилденип жаткан белгилүү бир маселелерди чечүү максатында документалдык булактардан социологиялык маалыматтарды талдоо ыкмаларынын топтому[3]. Аймактардын социалдык жана демографиялык көрсөткүчтөрү камтылган эл каттоо, социалдык-демографиялык абал боюнча КРнын УСКнын жыйнактарынын, мурда өткөрүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын маалыматтарын талдоо изилденүүчү кубулуштарды салыштырууда баштапкы маалымат катары ийгиликтүү колдонууга жардам берет. Ошондой эле изилденүүчү тандалган жалпылыкты аныктоого негиз болот.
2. Кыргызстан калкынын жалпы жарандык иденттүүлүгү тууралуу маалымат алуу максатында жашаган жеринде респондент менен бетме-бет отуруп, анкета толтурулуп калкты *суроо* ыкмасы колдонулду. Анын *интервью* жана *сурамжылоо* түрлөрүнүн ***айкалышкан ыкмасы*** (комбинированный) аркылуу алгачкы социологиялык маалымат жыйноо каралган. *Сурамжылоо* – бул изилдөөчүнүн, калктын белгилүү бир тобуна (респонденттерге) изилденип жаткан проблеманы эмпирикалык деңгээлде чагылдыра турган суроолору менен оозеки жана жазуу түрүндөгү кайрылуулары аркылуу баштапкы социологиялык маалыматтарды жыйноо, каттоо жана алынган жоопторду статистикалык жактан талдап чыгуу жана аларды теориялык жактан интерпретациялоо[4].

***Изилдөөнүн тандоосу жана анын репрезентативдүүлүгү.***

*Тандоо жүргүзүү* – бул жалпы топтун арасынан ошол топтун ар тараптуу мүнөзүн чагылдыруу үчүн индивидуумдарды тандап алуу процесси. Тандоо ар кандай мүнөзгө ээ. *Тактык* - ченөө, көрсөткүч же маалымат топтоо ыкмасы

[3] Бабосов Е.М. Прикладная социология: Учебное пособие. Минск: Тетра-Системс, 2000. С. 307.
[4] Бабосов Е.М. Прикладная социология: Учебное пособие. Минск: Тетра-Системс, 2000. С. 362.

канчалык деңгээлде баалана турган болсо ошончолук деңгээлде так дегенди билдирет.

Булизилдөөнүн тактыгыбиринчи индивидуум ирээтсиз түрдө, андан кийинкилер тандоо процессинин так интервалында тандалып алынгандыгы менен камсыздалган.

**Ишенимдүүлүгү** – бул маалыматты топтоонун же топтолгон маалыматтардын тактыгы, ишенимдүүлүгү. Бул эмгекте ишенимдүүлүк КРнын көп этностуу үч субъектинин шаар, айылдарынан топтолгон маалыматтар менен камсыздалган.

**Репрезентативдүүлүк** – калктын чыныгы чагылдырылышы башкача айтканда, ошол эле профиль, белгилерге ээ. Мисалы, КРнын изилдөөгө кирген аймактарынын административдик бөлүнүшүнө жараша жынысы, жаш өзгөчөлүгү, этностук таандыгы, жашаган жери (шаар, айыл) боюнча атайын тандап алуунун негизинде репрезентативдүүлүктү камсыз болгон. Ошондой эле изилденген райондордун ар бир айыл аймагынын калкынын санына жараша жүргүзүлгөн тандоо аркылуу камсыз кылынган. Андан тышкары, жыйналган маалыматтарды талдоо жүргүзүүдө респонденттердин билим деңгээли, үй-бүлөлүк абалы, экономикалык абалы, эмне иш менен алектенгени сыяктуу көрсөткүчтөр колдонулган.

**Жынысы**

| | | Изилдөөнүн натыйжасында факты жүзүндө суралгандар | | Тандап алуунун көлөмү | | Айырма % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | 1189дан % | саны | % | |
| 1 | эркек | 541 | 45,5 | 575 | 48 | -2,5 |
| 2 | аял | 648 | 54,5 | 625 | 52 | +2,5 |
| 3 | Жалпы | 1189 | 100,0 | 1200 | 100 | |

**Толук жашы боюнча тандоо:**

| | | Изилдөөнүн натыйжасында факты жүзүндө суралгандар | | Тандап алуунун көлөмү | | Айырма % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | 1189дан % | саны | % | |
| 1 | 16-17 | 56 | 4,7 | 60 | 5,0 | -0,3 |
| 2 | 18-23 | 201 | 16,9 | 204 | 17,0 | -0,1 |
| 3 | 24-28 | 181 | 15,2 | 180 | 15,0 | +0,2 |
| 4 | 29-39 | 304 | 25,6 | 300 | 25,0 | +0,6 |
| 5 | 40-49 | 211 | 17,7 | 204 | 17,0 | +0,7 |
| 6 | 50-62(57) | 155 | 13,0 | 156 | 13,0 | -1,0 |
| 7 | 63(58), жогору | 81 | 6,8 | 96 | 8,0 | -1,2 |
| | Жалпы | 1189 | 100,0 | 1200 | 100,0 | |

**Улуту**

| | | Изилдөөнүн натыйжасында факты жүзүндө суралгандар | | Тандап алуунун көлөмү | | Айырма % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | 1189дан % | саны | % | |
| 1 | Кыргыз | 376 | 31,6 | 420 | 35,0 | -3,4 |
| 2 | Өзбек | 499 | 42,0 | 480 | 40,0 | +2,0 |
| 3 | Орус | 214 | 18,0 | 205 | 17,0 | +1,0 |
| 4 | Тажик | 21 | 1,8 | 25 | 2,0 | -0,2 |
| 5 | Башка | 79 | 6,6 | 70 | 6,0 | +0,6 |
| ***6*** | ***Жалпы*** | ***1189*** | ***100,0*** | ***1200*** | ***100,0*** | ***100,0*** |

**9. Область**

| | | Изилдөөнүн натыйжасында факты жүзүндө суралгандар | | Тандап алуунун көлөмү | | Айырма % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | 1189дан % | саны | % | |
| 1 | Ош ш. | 393 | 33,1 | 400 | 33,3 | -0,2 |
| 2 | Ош обл. | 494 | 41,5 | 500 | 41,6 | -0,1 |
| 3 | Ж-Абад об. | 302 | 25,3 | 300 | 25,0 | +0,3 |
| 4 | Жалпы | 1189 | 100,0 | 1200 | 100 | |

**10. Район**

| | | Изилдөөнүн натыйжасында факты жүзүндө суралгандар | | Тандап алуунун көлөмү | | Айырма % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны (шаар) | 1189дан % | саны (шаар) | % | |
| 1 | Ош ш. | 393 | 33,1 | 400 | 33,3 | -0,2 |
| 2 | К-Суу р. | 132 (26) | 11,1 | 150 (15) | 12,5 | +1,4 |
| 3 | Ноокат р. | 80 (20) | 6,7 | 85 (10) | 7,0 | -0,3 |
| 4 | Өзгөн р. | 176 (26) | 14,8 | 170 (25) | 13,3 | +1,5 |
| 5 | Араван р. | 106 | 8,9 | 95 | 8,0 | +0,9 |
| 6 | Ж-Абад ш. | 30 | 2,5 | 30 | 2,5 | 0 |
| 7 | Б-Коргон р. | 150 | 12,5 | 150 | 12,5 | 0 |
| 8 | Сузак р. | 122 | 10,3 | 120 | 10,0 | +0,3 |
| | **Жалпы:** | **1189** | **100,0** | **1200** | **100** | |

**11. Шаар, Айыл**

| | | Изилдөөнүн натыйжасында факты жүзүндө суралгандар | | Тандап алуунун көлөмү | | Айырма % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | 1189дан % | саны | % | |
| 1 | Шаар | 495 | 41,6 | 480 | 40 | +1,6 |
| 2 | Айыл | 688 | 58,4 | 720 | 60 | -1,6 |
| | **Жалпы** | **1189** | **100,0** | **1200** | **100** | |

Изилдөөгө алынган шаар-айылдар тандалып алынган негизги критерийи калкынын полиэтностук курамы каралган. Негизги критерийди эске алуу менен төмөнкү райондор тандалып алынган:

- Ош шаары (калкынын саны 258 111 киши, этностук курамы – кыргыздар – 47,9%, өзбектер – 44,2%, орустар – 2,5%, башкалар – 5,4%);
- Кара-Суу району, Ош облусу (калкынын саны 348 645 киши, этностук курамы - кыргыздар – 54,3%, өзбектер – 38,5%, орустар – 0,1%, башкалар – 7,1%);
- Ноокат району, Ош облусу (калкынын саны 236 455 киши, этностук курамы - кыргыздар – 73,6%, өзбектер – 25,9%, орустар – 0,1%, башкалар – 0,4%);
- Өзгөн району, Ош облусу (калкынын саны 228 114 киши, этностук курамы - кыргыздар – 73,8%, өзбектер – 22,2%, орустар – 0,3%, башкалар – 3,7%);
- Араван району, Ош облусу (калкынын саны 106 134 киши, этностук курамы - кыргыздар – 39,6%, өзбектер – 58,7%, башкалар – 1,7%);
- Жалал-Абад шаары, Жалал-Абад облусу (калкынын саны 97172 киши, курамы - кыргыздар – 58,3%, өзбектер – 34,9%, орустар – 3,1%, башкалар – 3,7%);
- Базар-Коргон району, Жалал-Абад облусу (калкынын саны 142 951 миң киши, этностук курамы - кыргыздар – 55,6%, өзбектер – 43,2%, орустар – 0,2%, башкалар – 2,0%);
- Сузак району, Жалал-Абад облусу (калкынын саны 241 198 миң киши, этностук курамы - кыргыздар –61,2%, өзбектер – 34,6%, орустар – 0,4%, башкалар – 3,8%);

Жогоруда айтылгандай репрезентативдүүлүктү камсыз кылуу үчүн тандоо көлөмү ар бир райондун калкынын санына жараша белгиленген. Тандоо көлөмү, башкача айтканда, социологиялык изилдөөгө катышкан адамдардын саны аймактын калкынын 0,05% түзгөн. Тандалып алынгандардын жалпы көлөмү 16 жана андан жогорку жаштагы 1200 респонденттен түзүлгөн. Ар бир сурамжылоодо этностук таандыгы, жашаган жери (шаар, айыл) өзгөчөлүгүнө жараша квоталар белгиленген. Ош облусунун тандоо көлөмү 500 респондентти түздү. Жалпы сурамжылоо саны Ош облусунун Кара-суу районунунан 150 респонденттен (анын ичинен 15и Кара-Суу шаарынан), ушул эле облустун Ноокат районунан – 85 (анын ичинен 10у Ноокат шаарынан), Өзгөн районунан – 170 (анын ичинен 25и Өзгөн шаарынан), Араван районунан – 95 респондент түзүлдү. Жалал-Абад облусу боюнча тандоо көлөмү 300 адамдан куралса, алардын 150 респонденти Базар-Коргон районунан, 120 респондент Сузак районунан, ал эми 30 респондент болсо Жалал-Абад шаарынан алынган. Ош шаарынан 400 респондент сурамжылоого алынган. Тандоо аймактык жана демографиялык өзгөчөлүктөрүнө карата репрезентативдүү. Ошондой эле жыныстык өзгөчөлүгү боюнча пропорционалдуу.

**Негизги түшүнүктөрдү чечмелениши (интерпретациялоо)**

**Этнос** –маданиятынын өзгөчөлүктөрү, каада-салты, тили, аң-сезими жана психологиялык жалпы өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлгөн адамдардын жыйындысы

**Улут** – жалпы экономикалык турмушу, маданиятынын өзгөчөлүктөрү, каада-салты, тили, аң-сезими жана психологиялык жалпы өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлгөн адамдардын жыйындысы

**Иденттүүлүк** – өзүнүн кайсы бир топко таандык экендигин аң сезимдүү аңдап билүү

**Иденттешүү** – өзүнүн кайсы бир топко таандыгын кабыл алуу процесси.

**Жарандык иденттүүлүк** – өзүн мамлекеттин жараны катары таануу, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу, өз мамлекетинин баалуулуктарын өздөштүрүү менен мекенчилдик сезимдерине ээ болууга негизделген мамлекеттин бекемдигин сактап, анын өнүгүшү үчүн өз салымын кошууга даяр болуу.

**Жарандык улут –** жалпы жарандык иденттүүлүккө негизделген адамдардын тобу

**Тиркеме 2**

***Урматтуу респондент!***

Бул социологиялык изилдөө Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында аныктоого багытталган. Изилдөө Ош Мамлекеттик университетинин аспиранты Камчибекова Саипжамал тарабынан жүргүзүлүп жатат.

Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары илимий изилдөөлөрдө колдонулат. Сиздин жоопторуңуздун жашырындуулугу (анонимдүүлүгү) толук сакталат.

Суроолорду кунт коюп окуп/угуп, Сиздин пикириңизге төп келген жоопту сурамжылоочуга билдириңиз же өзүңүздүн вариантыңызды айтыңыз.

Кызматташып жаткандыгыңыз үчүн алдын ала ыраазычылык билдиребиз!

**Респондент жөнүндө маалыматтар:**

**1. Жынысы:** 1. Эркек 2. Аял

**2. Толук жашы:** ______________ жашта.

**3. Билими**:
1. Негизги орто (9 класстык)
2. Жалпы орто (11 класстык)
3. Атайын орто
4. Бүтпөгөн жогорку
5. Жогорку

**4. Улуту** (жазыңыз)? _________________________________

**5. Үй-бүлөлүк абалы?**
1. Бойдок/Турмушка чыга элек
2. Үй-бүлөлүү
3. Башка жооп (жазыңыз**)___________________**

**6. Үй-бүлөнүн бир айлык орточо киреше**си (жазыңыз)? ______________ сом

**7. Үй-бүлө мүчөлөрүнүнүн саны** (жазыңыз)? _______________________ адам

**8. Сиз азыр эмне иш менен алектенесиз (жазыңыз)?_______________________**

______________________________________________________________________

**9. Жашаган жери?**

| **Изилдөөчү толтурат** | |
|---|---|
| **Область:** | |
| **Район:** | |
| **Айыл аймагы:** | |
| **Айыл/Шаар:** | |
| **Респонденттин тел.номери** | |

| | |
|---|---|
| **Сурамжылоочунун аты-жөнү:** | |
| **Интервью алынган күнү:** | |

**1. Кыргызстанды Сиз өзүңүздүн мекеним деп эсептейсизби?**

1. Ооба, Кыргызстан менин мекеним деп эсептейм
2. Кээде өзүмдү мейман катары сезип кетем
3. Жок, Кыргызстанда мен өзүмдү чоочун адам катары сеземин

**2. Сиздин өзүңүдүн Кыргыз мамлекетинининин жараны катары сезишиңизге (калыптанышыңызга) эмне көбүрөөк таасирин тийгизет?***(2 вариантты гана белгилеңиз)*

1. Идеология
2. Коомдук пикир
3. Үй-бүлө тарбиясы
4. Маданият, каада-салттар
5. Мектеп
6. Массалык маалымдоо каражаттары (гезит, телевидение, радио)
7. Башка жооп (жазыңыз) ______________________________________

**3. Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канаатандырат?**

1. Толук деңгээлде, канаатандырат
2. Жарым-жартылай гана канаатандырат
3. Такыр эле канаатандырбайт

**4. Сиз өзүңүз жашаган же иштеген (окуган) жердеги жамааттын (чөйрөнүн) коомдук иштерине катышасызбы?***(ар бир саптан бирден жоопту белгилеңиз)*

| | Такай катышам | Кээде гана катышам | Такыр катышпайм |
|---|---|---|---|
| Жашаган жердеги | 1 | 2 | 3 |
| Иштеген жердеги | 1 | 2 | 3 |
| Окуган жердеги | 1 | 2 | 3 |
| Дин жамаатындагы | 1 | 2 | 3 |

**5. "Кыргыз Республикасынын жараны" деген Сиз үчүн эмнени билдирет?** *(3 вариантка чейин белгилеңиз)* /№13 КАРТОЧКАНЫ КӨРСӨТҮҢҮЗ!

1. Өз мекенине ээ болуу
2. Паспортко ээ болуу
3. Эркин жашоо мүмкүнчүлүгү
4. Шайлоолорго (референдумдарга) катышуу
5. Бийликти колдоо
6. Өлкөнүн тарыхын,салтын, маданиятын билүү
7. Кыргыз тилин билүү
8. Башка жооп (жазыңыз)________

**6. Эгерде Кыргызстандык бейтааныш бирөө менен маектешип калсаңыз, анда Сиз көбүрөөк анын эмнесине көңүл бурасыз?***(2 вариантты гана белгилеңиз)*

1. Улутуна
2. Уруусуна
3. Этносуна
4. Туулуп-өскөн жерине
5. Динине
6. Адамдык сапаттарына
7. Башка жооп (жазыңыз)_____________________________________

**7. Сиз башка мамлекеттин жараны болгуңуз келеби?**

1. Ооба 2. Айрым учурларда гана 3. Жок

**8. Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?** *(1 гана вариантты белгилеңиз)*

1. АКШ 2. Түркия 3. Россия
4. Өзбекстан 5. Казакстан 6. Кыргызстан
7. Башка өлкө (жазыңыз)______________________________________

*9.* **Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?** *(1 вариантты белгилеңиз)*

1. Калктын жашоо деңгээли жогору 4. Тили, маданияты жактан жа
2. Туугандарым жашайт 5Турмуш-тиричиликти оңдоомүмкүнчүлүгү
3. Сапаттуу билим алуу мүмкүнч 6. Тынч, бейпил өлкө
7. Башка жооп (жазыңыз)____________________________________________

**Этностор аралык мамиле**

**10. Кыргыз Республикасынын жарандык паспортунда улутту көрсөтүүнүн канчалык деңгээлде зарылдыгы бар деп ойлойсуз?***(1 вариантты белгилеңиз)*

1. Ооба, көрсөтүш керек
2. Жок, көрсөтпөш керек

**11. Эмне себептен Кыргыз Республикасынын жарандык паспортунда улутту көрсөтүш /көрсөтпөш керек деп эсептейсиз?** *(1 гана жоопту белгиниз)*

| ***А. Көрсөтүш керек, себеби ...*** | ***Б. Көрсөтпөш керек, себеби ...*** |
|---|---|
| 1. Кыргызстандын жарандарынын этностук таандыгын билиш үчүн керек | 1. Кыргызстандын жарандарынын бардыгы бир “кыргызстандык” дегенди билдирет |
| 2. Туура улуттук саясатты жүргүзүүгө жардам берет | 2. Улутту көрсөтүү улуттук бөлүнүп-жарылууга алып келет |
| 3. Бул мурдатан келе жаткан көрүнүш | 3. Жаңы мезгилдин талабына жооп бербейт |
| 4. Туура кадрдык саясатты жүргүзүүгө өбөлгө түзөт | 4. Өлкөдө ынтымакты бекемдейт |
| 5. Башка жооп (жазыңыз):_ ____ | 5. Башка жооп (жазыңыз): __________ |

**12. Кыргызстанда жашаган улут жана этностордун ортосундагы мамилелерди кандай баалайсыз?** *(беш баллдык шкала аркылуу баалаңыз: 1- эң начар, 5 – эң жакшы) /*

| Жооптор | Баллдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Кыргыздар менен өзбектер : | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 2. Кыргыздар менен орустар: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 3. Кыргыздар менен дунгандар: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 4. Кыргыздар менен уйгурлар: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 5. Кыргыздар менен казактар: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 6. Кыргыздар менен тажиктер: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 7. Кыргыздар менен башка этностор (түрк-месхеттер, даргиндер, күрддөр ж.б.): | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |

**13. Биздин мекендештердин үй-бүлө курушуна (үйлөнүшүнө/турмушка чыгышына) Сиздин мамилеңиз?** *(ар бир саптан бир гана жоопту белгилеңиз)*

| | Жакшы, мен колдойм | Мага баары бир | Жаман, мен колдобойм | Жооп бере албайм |
|---|---|---|---|---|
| 1. Кыргыздардын башка кыргызстандык этнос-тордун өкүлдөрү менен | **1** | **2** | **3** | **4** |
| 2. Кыргыздардын чет өлкөлүктөр менен | **1** | **2** | **3** | **4** |
| 3. Кыргызстандыктардын чет өлкөлүктөр менен | **1** | **2** | **3** | **4** |

**14. 2013-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасында Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы” жөнүндө билесизби?**

1. Билем, толук колдойм
2. Билем, маалыматым бар
3. Билем, бирок ишке ашуусуна күмөнүм бар
4. Уккам, бирок так маалыматым жок
5. Такыр маалыматым жок

**15. Сиз Кыргызстандыктардын өлкөлөрдүн (мисалы, Россия, АКШ, Өзбекстан) мамлекеттик символдорун (туусун, гербин, гимнин) колдонушуна кандай карайсыз?**

1 Өтө жаман, мен ага каршымын
2 Мага баары бир
3 Жаман мен колдобойм
4. Жакшы, мен колдойм
5 .Абдан жакшы, мен колдой

**18. Сиз «КЫРГЫЗ» деп кимди эсептейсиз? (***1 гана жооп тандаңыз***)**

1. Ким кыргызча сүйлөсө;
2. Ким өзүн кыргызмын деп эсептесе;
3. Паспортунда ким “кыргыз” болсо;
4. Кыргызсиандын паспорту болсо;
5. Ата-энеси кыргыз болсо;
6. Улуту кыргыз болсо;

7. Кыргыз маданиятын жакшы билген8. Башка (жазыңыз) ________
жана аны сыйлаган адамды;

**19. Төмөнкү пикирлерге карата оюңузду билдириңиз?** *(ар бир саптан бир гана жоопту белгилеңиз)*/ №16 КАРТОЧКАНЫ КӨРСӨТҮҢҮЗ!/

| Пикирлер | *Колдойм* | *Жарым-жартылай колдойм* | *Колдо-бойм* |
|---|---|---|---|
| 1. Кыргызстандын көп улуттуу болгону- мамлекеттин артыкчылыгы | 1 | 2 | 3 |
| 2. Кыргызстанда кыргыздардын укугу жана жоопкерчилиги башка улуттарга караганда көбүрөөк болушу керек | 1 | 2 | 3 |
| 3. Кыргызстан көп улуттуу өлкө, андагы бардык этностор тең укуктуу болушу керек | 1 | 2 | 3 |
| 4. Кыргызстандын кыргыздардын гана мамлекети болуш керек | 1 | 2 | 3 |
| 5. Кыргызстандын көп улуттуу өлкө болгону мамлекет үчүн көйгөйлөрдү жаратат | 1 | 2 | 3 |
| 6. Кыргызстанда кыргыздар башка этносторду өзүнүн айланасында бириктирген өзөктүк улут болушу керек | 1 | 2 | 3 |

**20. Кийинки учурда биздин турмушубузда пайда болгон жаңы салттарга, майрамдарга болгон сиздин мамилеңиз?** *(ар бир саптан бирден вариантты белгилеңиз)*

№18 КАРТОЧКАНЫ КӨРСӨТҮҢҮЗ!/

| Категориялар | Жагат, колдойм | Айрым учурда жагат | Жакпайт, колдобойм | Жооп бере албайм |
|---|---|---|---|---|
| 1. Көп машиналар менен ЗАГСка чыгуу | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 2. Тойлорду ресторан/ кафелерде өткөрүү | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 3. Даватка чыгуу | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 4. Юбилейлерди өткөрүү | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5. Ресторан/кафелерде маркумга куран окутуу | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 6. Жарандык никеде жашоо | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 7. Мамлекеттик каттоодон өтпөй диний эрежелерге ылайык никеге туруу | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 8. Жаңы майрамдар | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 9. Эски салттардын жанданышы | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 10. Улуттук кийимдерди кийүү | 1 | 2 | 3 | 4 |

**Суроолорго жооп бергениңиз үчүн чоң рахмат**

**Ошский Государственный Университет**

***Уважаемый респондент!***

Данное социологическое исследование направлено на изучение гражданской идентичности у основных этнических групп. Исследование проводит соискатель Ошского государственного университета Камчыбекова Саипжамал.

Результаты социологического исследования будут использованы в научных целях и анонимность Ваших ответов гарантируется.

Пожалуйста, после внимательного ознакомления с вопросами анкеты, отмечайте или сообщите интервьюеру вариант ответа, который соответствует Вашему мнению. Вы также можете сообщить интервьюеру свой вариант ответа.

Заранее благодарим за сотрудничество!

**Информация о респонденте:**

**1. Пол:** 1. Мужской 2. Женский

**2. Полный возраст:** ______________ лет/год.

**3. Образование**:
1. Основное среднее (9 классов)
2. Общее среднее (11 классов)
3. Среднее специальное
4. Неоконченное высшее
5. Высшее

**4. Национальность**(напишите)? _________________________________

**5. Семейное положение?**
1. Неженат/Незамужем
2. Женат /Замужем
3. Другое (напишите): ___________________

**6. Среднемесячный доход семьи** (напишите)? ______________ сом

**7. Количество членов семьи**(напишите)? ________________________ человек

**8. Род занятий**
**(**напишите**)?**___________________________________________________

**9. Место жительства?**

| Заполняется интервьером | |
|---|---|
| **Область:** | |
| **Район:** | |
| **Айылаймагы:** | |
| **Село/Город:** | |
| **Тел.номер респондента** | |

| | |
|---|---|
| **ФИО интервьюера:** | |
| **Дата интервьюирования:** | |

**> ГРАЖДАНСТВЕННОСТЬ <**

**1. Считаете ли Вы Кыргызстан своей Родиной?**

1. Да, считаю Кыргызстан своей Родиной
2. Иногда я чувствую себя гостем
3. Нет, я чувствую себя в Кыргызстане чужим человеком

**2. Что больше всего влияет на формирование Ваших ощущений того, что являетесь гражданином Кыргызстана?** *(отметьте только 2 варианта)*

1. Идеология
2. Общественное мнение
3. Семейное воспитание
4. Культура, традиции
5. Школа
6. Средства массовой информации (газеты, телевидение, радио)
7. Другое (напишите) ____________________

**3. Насколько удовлетворяет Вас то, что Вы являетесь гражданином Кыргызстана?**

1. Удовлетворяет в полной мере
2. Удовлетворяет не в полной мере (наполовину)
3. Совсем не удовлетворяет

**4. Участвуете ли Вы в общественной жизни того места, где проживаете или работаете (учитесь)?** *(отметьте в каждой строке по 1 варианту)*

| | *Всегда участвую* | *Иногда участвую* | *Никогда не участвую* |
|---|---|---|---|
| Места, где проживаете | 1 | 2 | 3 |
| Места, где работаете | 1 | 2 | 3 |
| Места, где учитесь | 1 | 2 | 3 |
| Религиозной общины | 1 | 2 | 3 |

**5.Что для Вас означает «гражданин Кыргызской Республики»?** *(отметьте до 3-х вариантов)* / ПОКАЖИТЕ КАРТОЧКУ №13!

1. Иметь свою Родину
2. Иметь паспорт
3. Возможность жить свободно
4. Участие в выборах (референдумах)
5. Поддержка власти
6. Знание истории, традиций, культуры страны
7. Знание кыргызского языка
8. Другое (напишите)________

**6. Если Вам вдруг придется разговаривать с незнакомым кыргызстанцем, то больше всего на что будете обращать внимание?** *(отметьте только 2 варианта)*

1. На его национальность
2. На его род
3. На его этнос
4. На его место рождения
5. На его религию
6. На его человеческие качества
7. Другое (напишите) ____________________________

**7. Возникает ли у Вас желание стать гражданином другого государства?**

1. Да 2. Иногда 3. Нет

**8. Если бы у Вас была возможность выбора гражданства любого государства, то какую страну выбрали бы?** *(отметьте или напишите только 1вариант)*

1. США 2. Турция 3. Россия 4. Казахстан 5. Узбекистан 6. Кыргызстан
7. Другая страна (напишите)______________________________

**9. Почему выбрали бы именно эту страну?** *(отметьте только 1 вариант)*

1. Высокий уровень жизни населения
2. Там живут мои родственники
3. Возможность получения качественного образования
4. Близка по языку, культуре
5. Возможность повышения уровня жизни
6. Спокойная, стабильная страна
7. Другое (напишите)____________________________________

**> МЕЖЭТНИЧЕСКИЕ ОТНОШЕНИЯ <**

**10.Как Вы думаете, есть ли необходимость указывания национальности в гражданском паспорте Кыргызской Республики?** *(отметьте только 1 вариант)*

1. Да, нужно указыв⇨ (*переходите на 35 вопрос, столбец А*)
2. Нет, не надо указыв⇨ (*переходите на 35 вопрос, столбец Б*)

**11.Почему Вы считаете, что нужно указывать (или не указывать) национальность в гражданском паспорте Кыргызской Республики?** *(отметьте только 1 вариант)*

/ПОКАЖИТЕ КАРТОЧКУ №14!

| ***А. Нужно указывать, потому что ...*** | ***Б. Не нужно указывать, потому что...*** |
|---|---|
| 1. Необходимо знать этническую принадлежность граждан Кыргызстана | 1. Все граждане Кыргызстана считаются «кыргызстанцами» |
| 2. Поможет правильно вести этническую политику | 2. Указывание национальности приведет к этническому разделению |
| 3. Так делалось всегда, это традиционное явление | 3. Не отвечает требованиям современности |
| 4. Создаст условия для ведения правильной кадровой политики | 4. Укрепит согласие в стране |
| 5. Другое (напишите):________________ | 5. Другое (напишите): ____________ |

**12. Как вы оцениваете взаимоотношения между кыргызами и другими этносами, живущими в Кыргызстане?** *(оцените по 5-бальной шкале: 1-самое плохое, 5 – самое хорошее) /ПОКАЖИТЕ КАРТОЧКУ* №15!

| | **Баллы** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Между кыргызами и узбеками: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 2. Между кыргызами и русскими: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 3. Между кыргызами и дунганами: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 4. Между кыргызами и уйгурами: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 5. Между кыргызами и казахами: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 6. Между кыргызами и таджиками: | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |
| 7. Между кыргызами и другими этносами (тюрк-месхетами, даргинцами, курдами и др.): | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* |

**13.Как Вы относитесь к созданию семьи (женитьбе/выходу замуж)...?***(в каждой строке отметьте по 1-му варианту)*

| | Хорошо, я одобряю | Мне все равно | Плохо, я не одобряю | Затрудняюсь ответить |
|---|---|---|---|---|
| 1. Кыргызов с представителями других этносов Кыргызстана | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 2. Кыргызов с иностранцами (гражданами других стран) | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 3. Кыргызстанцев с иностранцами (гражданами других стран) | 1 | 2 | 3 | 4 |

**14. Знаете ли Вы о «Концепции укрепления единства народа и межэтнических отношений в Кыргызской Республике», принятой в 2013 году?**

1. Знаю, полностью одобряю
2. Знаю, владею информацией
3. Знаю, но сомневаюсь в ее реализации
4. Слышал, но не владею точной информацией
5. Совсем не владею информацией

**15. Как вы относитесь к использованию этносами Кыргызстана государственных символов (флаг, греб, гимн) чужих стран?**

1. Очень плохо, я против этого
2. Плохо, я не одобряю
3. Мне все равно
4. Хорошо, одобряю
5. Очень хорошо, я одобряю

***16. Кого Вы считаете «КЫРГЫЗом»? (выберите только 1 ответ)***

1. Того, что говорит на кыргызском языке
2.Того, кто считает себя кыргызом
3.Того, кто по паспорту «кыргыз»
4.Того, кто мусульманин
5.Того, у кого родители кыргызы
6.Того, кто по национальности кыргыз
7.Того, кто хорошо знает и уважает кыргызскую культуру
8.Другое (напишите)_________________

**17. Выскажите, пожалуйста, свое мнение относительно нижеследующих суждений?** *(в каждой строке отметьте 1 вариант)*/КАРТОЧКУ №16!

| Суждения | *Поддерживаю* | *Поддерживаю, но не полностью* | *Не поддерживаю* |
|---|---|---|---|
| 1. То, что Кыргызстан многонациональная страна – для государства преимущество , | 1 | 2 | 3 |
| 2. В Кыргызстане права и ответственности кыргызов должны быть больше, чем у других этносов | 1 | 2 | 3 |
| 3. Кыргызстан многонациональное государство, этносы, живущие в нем должны иметь равные права | 1 | 2 | 3 |
| 4. Кыргызстан должен быть государством только для кыргызов | 1 | 2 | 3 |
| 5. То, что Кыргызстан многонациональная страна – для государства проблема | 1 | 2 | 3 |
| 6. В Кыргызстане кыргызы должны быть титульной нацией, объединяющей вокруг себя других этносов | 1 | 2 | 3 |

**18.Как вы относитесь к новым традициям, праздникам, которые появились в нашей жизни в последнее время?***(в каждой строке отметьте только по 1 варианту)* ПОКАЖИТЕ КАРТОЧКУ №18!/

| | *Нравится, поддерживаю* | *Нравится иногда* | *Не нравится,не поддерживаю* | *Затрудн. ответить* |
|---|---|---|---|---|
| 1. Выезд в ЗАГС в сопровождении кортежа из многочисленных машин | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 2. Отметка тоев (празднеств) в ресторанах/кафе | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 3. Выход в дават (религиозную агитацию) | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 4. Проведение юбилеев | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5. Проведение поминок в ресторанах/кафе | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 6. Жить в гражданском браке | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 7. Обряд бракосочетания по религиозным правилам, без регистрации вЗАГСе | 1 | 2 | 3 | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8. Новые праздники | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 9. Возрождение старых традиций | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 10. Ношение национальной одежды | 1 | 2 | 3 | 4 |

***Выражаем благодарность за Ваши ответы!***